

# Токтогулдун замандаштарынын эскермелери

# ТОКТОГУЛДУН ЗАМАНДАШ-ТАРЫНЫН ЭСКЕРМЕЛЕРИ

Түзгөн СҮЙӨРКУЛ ТУРГУНБАЕВ

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 51157

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»,
1990

ББК 84 Ки 7
Т 51

*Өспүрүмдөр үчүн*

РЕДКОЛЛЕГИЯ
БЕКСУЛТАН ЖАКИЕВ (башкы редактор)
СҮЙӨРКУЛ ТУРГУНБАЕВ (түзүүчү)
МЕЛИС АБАКИРОВ
САПАРБЕК ЗАКИРОВ
ТУРДУБАЙ АБДРАКУНОВ
ТУУГАНБАЙ АБДИЕВ
САЛИБАЙ ШАТМАНОВ

Т $\frac{4803300100-173}{М\ 455(11)-90}$ 139.90 ББК 84 Ки 7

ISBN 5-660-00126-2 © «Адабият» басмасы, 1990-ж.

## ТОКТОГУЛДУ БИЛГЕН БАРБЫ?

Бул жыйнактын кол жазмаларын окуп отуруп, «биз деги Токтогулду билебизби?» деген күнөм ойго келдим. Кимибизден болбосун ушул суроону сураса, оозу-мурдубуз кыйшайбай туруп, «Билебиз!» демекпиз. Чынында эле телегейин тегиз билип алгандай сезебиз өзүбүздү. Анткени, бала чагыбыздан атын угуп чоңойгонбуз. Карыбы, жашпы Токтогулдун атын укпаган кыргыз жоктур арабызда? Бирок уккан бир жөн, а билген жагынан кандайбыз? Ушуга ой токтотуп көрөлүчү. Токтогул ким десе, берээр жообубуз толукпу?

Албетте, эмне айтаарыбыз даяр. Хрестоматиялык жообубуз белен: кыргыз элинин улуу ырчысы, жанда жок чебер комузчу жана композитор, акын-демократ болгон демекпиз. Бир кезде «революционер» деп да жүргөнбүз. Ошентип окутушчу. Кийин эле кимдир биреөлөр андайды ага ыраа көрбөдүбү, же илимдин мерчемдүү бир жобосуна туураланштыбы, айтор, окуу китептеринен «революционер» дегенди алдырып таштагандай болду. Бирок анын себебин ачык деле айтышкан жок. Кеп Токтогулду сөзсүз эле «революционер» дейли, же дебейли деп атканда эмес. Башкада. Эмне үчүн, кайсы далилдин негизинде ошентип атабай калдык? — мына ушунда. Же башында оозубуздан байкабай чыгып кетти беken? Канча бир жылдар бою ушундайча аталып, сезимибизге сиңип калган, ишеним болуп калган түшүнүктү бир күнү эле «андай эмес болчу» деп өчүрө салганыбыз, бу эмне, илбээриңкилигибизби, же Токтогулду изилдөө ишинин бизде начарлыгынан болдубу? Кыскасы, Токтогул ким? Революционерби, жокпу? Мындан ары арсар ой, күдүксүнүү эч кимибизди бушайман кылбагыдай ишенчиликтүү изилдөөнүн тыянагы, окумуштуулардын таасын сөзү зарыл болуп жүрбөсүн! Мурдатан китепте жазылган аныктаманы эч далилсиз эле унуткарып унчукпай коюш, адептүүлүккө сыйбаган жорук, андан окурмандарыбыз, эл-журт, коомчулук эки анжы ойдо калаары гана шексиз. Биреөнүн «Андай эмес болчу!»

дегени менен эле иш бүтпөйт, эч ким ынанбайт ага. А түгүл, бөө-дө макталып жүргөнбү деп, Токтогулдун беделине да доо кетиши мүмкүн. Билбегендер антип ойлосо, ойлоп коёру деле эп.

Айтса-айтпаса төгүнбү, андайлар бар арабызда. Болбосо, «Токтогул деле байды мактап ырдаган» деген пикир мындан жыйырма беш жыл мурун, республиканын чыгармачылык союздарынын биргелешкен юбилейлик пленумунун трибунасынан айтылбайт эле го! Кийин деле кез-кезде ушу сымал кирди-чыкты, «ооз учунан» болсо да айтылган кеп-келечти уга коюп жүрөбүз. А түгүл, өткөн жылы эле күзгө жуук «Кыргызстан маданиятына» кимдир бирөөнүн (аты-жөнү эсимде жок) Токтогулдун Сибирден качкандыгы жөнүндө түрмөнүн архивинде эч кандай маалымат жок экен, ошондуктан ал качпай эле бошонуп келген деп, күнөм санаган пикир пайда болду. Мен муну жаман ой менен айтылган пикир дегим келбейт. Бирок эч кандай илимге, логикага туура келбеген пикир. Токтогулдун Сибирден качкандыгын аныктай турган маалымат, рапорт, же башка документ Иркутскидеги түрмөнүн архивинде болушу мүмкүн да эмес, анткени, Токтогул качканда түрмөдөн качкан эмес, сүргүндө (поселениеде) жүргөн жеринен качкан. Ошондуктан анын качкан-качпагандыгы тууралуу маалыматты табам деген киши архивди Иркутск шаарынан издебей, андан алда канча алыс жактагы элет жайлардан бери аңтарып-теңтерсе гана тыянак чыгышы мүмкүн. Сүргүндөгү «ээн жүргөн» туткунга тиешелүү документтер деги эле түрмөнүн архивинде эмес, бир болсо майда-чүйдө административдик кыштактардын, шаарчалардын, мекемелердин кагаз-кугаздарынын арасында болот. Демек, ир алды Токтогулдун качканын жокко чыгара салууга шашпай, Токтогул кайсы жерден качкан? Ошону тактап туруп, анан бүтүм чыгарышыбыз керек.

Изилдөөнүн жоктугу, же чалалыгы дайыма өөдө-төмөн, өөдүр-сөөдүр, каңырыш пикирлердин чыгышына жем таштайт. Айталык, Пушкиндин аялы Наталья Гончарова жөнүндө, анын жүрүм-турумуна шек келтирген ушактар кылымдап унутулбай, а түгүл, мектептерде, окуу жайларда да айтылып келбеди беле. Көрсө, анын бардыгы баштан-аяк жалган экен, жакында гана ошол доордо жашагандардын бири-бири менен жазышкан каттарына дейре изилдеп отуруп, орус окумуштуулары Пушкиндин зайыбынын актыгын, күйөөсүнө таза экенин далилдеп чыгып, жаманаттыдан куткарышты. Токтогулдун наамына анчалык терең кеткен жалаа деле, талаш-тартыш деле жок азырынча. Бирок Токтогул жөнүндө тарыхый изилдөөнүн, фактылардын жоктугу, айтор, билимсиздигибиз бара-бара алигидей орунсуз күңк-мыңк ойлорго көбүрөөк орун бере башташы ыктымал. Анан акыры Токтогулдун бүгүнкү дөөлөтүн ашыкча көрүп калабыз. Бул бир жагы. Экинчиден, эгерде биз Токтогулду Сибирден качкан эмес десек, анда аны кашай-

тып туруп, калпычы Токтогул деп, Сибирь сүргүнүнөн кийинки чыгармаларын жокко чыгарууга тийишпиз, анткени, Токтогул барган жеринин баарында айдоодон качканын, качып элге жеткенин ырдабаган учуру болбоптур. А түгүл экинчи ирет кармалып, паранын күчү менен «башы ачылганча», алты жыл бою Кетмен-Төбөсүнө да көп жолобой, жолосо да жашырынып жолоп, башка тараптарды пааналаганы, жыйындуу жердин көркү үчүн жаралган Токоң жыйындардан жазганып, шыдыр барышка батынбай, кара ниет кастарынын жоктугун билгенде гана баргандыгы эскермелердин көбүндө айтылат. Токтогулдун ошондой бир учурда ырдаган ырын Калык ырчы минтип эске салат:

Бастырып мында келерге
Б а ш ы м  а з а т эмесмин.
Калың кыргыз элимди
Каниет кылып жүрөмүн.
Капыстан чыкса душманым
Кабынан таят жүрөгүм.
Бул коркунуч башымда,—
Бүтпөй келген с ү р ө г ү м.
Айыбым бар ошондой,
Андыктан топтон жалтанам.

Бул өңдүү мисалдар Токтогулдун ырларында толтура. Аларды кантебиз? Өзү «качкам» деп жатса, биз «качпаптыр» деп кашкайганыбыз кандай? Же Керимбайлардын жалаасы аздык кылгансып, Токоңду биз дагы бир жалаага жыксакпы? Айтор, илимпоздук иштерибизде «Боёкчу-боёкчу десе, сакалын кошо боёйт» болбойлу! Үчүнчүдөн, түрмөнүн архивин эле бетибизге кармагыбыз келип турса, Токтогулду азаттыкка чыгарган күбөлүк каттын көчүрмөсү, боштондук алгандардын тизмесинде Токтогулдун да аты катталып, сөзсүз, архивге тиркелерин неге унутабыз? Же, айталык, андай эле азаттык алып келгени ырас болсо, эмне үчүн экинчи саам камалганында, азаттык кагазын көрсөтүп, бошонуп албайт? Ошондо Токтогулду бошотуп алабыз деп, Калык баштаган карапайым эл катуу бүлүк түшкөн экен. Бошонуп чыкканча, Токтогул өзү да сары убайым тарткандыр. Ушундай-ушундайларды эске албаска акыбыз жок.

Токтогулду толугураак билиш үчүн эскерүүлөргө көбүрөөк кайрылыш керек эле. Тилекке каршы, учурунда андай иш болбоптур. Болгондору өтө аз эле.

Токтогулдун көп ырын жатка айтып, сактап калган Калык. Анын «Баскан жолу» кыргыз мемуар адабиятындагы (эгер ошондоюбуз бар деп эсептесек) мемуарлардын эң кызыктуусу жана болгонду болгондой, көргөнүн көргөндөй калыс жазган баалуусу.

Токтогулдун ырчылык, төкмөлүк, артисттик, комузчулук өнөрлөрүнө, адамгерчилигине жана устаттык кадыр-баркына кылдат баа берип, туурасын айткан да Калык. Андан кем эмес баалуу эскерүүнү Алымкул төкмө да калтырып кетти. Бирок учурунда аларды деле этектеп, бура бастырбай жүрүп, Токтогул жөнүндөгү көргөн-билгендеринин бардыгын кенен-кесири айттырып, кагазга түшүрүп калганда, жеке алар эмес, айылдагылардан, башка ырчылардан аянбай такай чогулта жүргөндө, ушу бүгүнкүдөй ахвалда отурбайт элек. Токтогулду үстүртөн чийки билгенибизди эми араң кеп кылып отурганыбыздын өзү деле кашандыгыбыз менен илээндилигибиздин күбөсү болбосун?

Токтогул энеден көз жарып, жарык дүйнөгө келгенине быйыл 125 жыл толот. Болуптур, аны го билели. Жүз жыйырма беш жылдын алтымыш тогузунда ичээр суусу, көрөөр күнү бар экен, ошончо жыл өмүр сүрүп, бүт өмүрүн азап менен үмүттө, жоготуу менен табылгада, ачуу менен таттууда, күлкү менен күйүттө өткөрүп, эски менен жаңыдан талыкпай акыйкат издеп, көзү өткөнчө чыгармачыл өнөрүн буроосунан жандырбай дайым чын кармап, өжөр күрөштө жашады, тарыхтан өчпөс болгон Т о к т о г у л деген атагын чыгарды. Мунусун да билели дейлик.

Дагы эмнелерди билебиз? Албетте, китепке чыккан ырларын, чертилип жүргөн күүлөрүн билебиз. Кайсы бир ырларын жаттап алып, ырдап да жүргөн чыгаарбыз? А балким, биз, бизден улуулар деле ошондойдур? А кийинкилерибизчи, бизден он-он беш жаш кичүүдөн төмөнкүлөрчү? Ошолор да ырдайбы? Же Токтогулдун чыгармаларын укпаган-билбеген, укса да окубаган, Токтогулдун тагдырынан кабары аз, же таптакыр кабарсыз жүргөн балдарыбыз барбы? Айрыкча кыргыз тарыхы, адабияты окулбаган мектептерде Токтогулду билишпейт, билбеген соң ал кызык да эмес. Кыргыз мектебин бүтүргөн балдар-кыздардан деле Токтогулду жөндөп айтып бере албагандарын көрүп, зээним кейиген учурларым болгон. Өткөн турмуш оорбу, жеңилби, жакшыбы жаманбы, бизге ал жагабы, жакпайбы — баары бир, өткөн турмуш, анын өкүлдөрү, тарыхыбыз, тагдырыбыз болгондон кийин аны укум-тукумга да маалимдеп, билгизе жүрүүбүз зарыл. Элдин салты, үрп-адаты, каадасы, «Манасы», ата-баба, көркөм өнөр мурастар, Токтогул, Тоголок Молдо, Барпы, Саякбай, Сагынбай, Кара Молдо, Ыбрай, Мураталылардын ырдаган ырлары, черткен күүлөрү боюбузга сиңмейин бөксөбүз толбойт. Ансыз биз улут да эмеспиз, боло да албайбыз.

Мүмкүн, Токтогулдун өмүр баянынын кыскача жылаңач сөңгөгүн (склетин) билээрбиз: айталык, Кетмен-Төбөдөгү Узун-Акмат суусунун боюнда Саз-Жийдеде (Сасык-Жийде деп башынан китепке жазылып калган экен, эмгиче оңдоп да албаппыз) 1864-

жылы Сатылгандын үйүндө туулган. Бала чагы жөнүндө эч кабарыбыз жок, бирок жок болсо деле, Токтогул «кичинесинен зээндүү чыккан» деп, эч буйдалбай жоопберебиз. А зээндүүлүгү эмнеде болгонун, кантип ойноп, кандай чөйрөдө, кимдердин таасиринде, кайсындай таасиринде чоңойгонун изилдеп, териштирип көрдүк бекен, же «зээндүү бала болгон» деп койсок эле, жаңылбачудан бетер жаныбыз жай алып, өзүбүздү жооткотуп келатабызбы? Токтогулду көрүп-билгендерден кезинде Токонду сураштыргандар болгондур? Кантип эле болбосун? Бирок кагаз бетине түшүрүлүп, түбөлүк жазылып калбаганы өкүнтөт экен адамды.

Токтогулдун бала чагын жанагыдай деген соң, биз аны жаштайынан эле, бала болуп башына жүн чыгаар замат кедей-кембагалдын мүдөөсүн түшүнгөн демекпиз. Анан бай-манаптардын акыйкатсыздыгын, теңсиздигин ашкерелетип, айтылуу «Беш каманын» ырдатмакпыз, эшен-калпаларды кошо мазактаттырмакпыз. Ал эми саясы-сатиралык, социалдык-мазак мүнөздөгү ырларын Токтогул кандай учурда, кандай кырдаалда, не деген себептерден улам ырдаганын, таптык позицияга ал кандайча келгенин иликтеп таптыкпы? Болдубу ошондой далалат бизде?

Кыргыздарда төкмө поэзия өзгөчө керемет жанр. Сыры чечилип, изилденилбей жүрөт. Жазма поэзияга эле окшоштуруп койдук көрүнөт, чамасы. Менимче, окшош эмес. Акындын оюу ырга айланып, куюлушуп турган чакта, ага анын мимикасы, кыймыл-аракет, интонациясы, обону, аткаруучулук илхамы жана дымагы кошо кошулган кезде гана/ыр толук көркүнө чыгат, ажары ачылып, уккандын моокумун кандырат. Төкмө поэзия жандуу поэзия, театр. Анын элесин, эмоциялык күчүн бузбай кагазда сактап калыш өтө кыйын. Ан үчүн ырдын тарыхын, жаралган шартын кошо жазыш керек. А түгүл бир ырчы бир ырчынын ырынын тарыхын айтып ырдабаса, укканга таасири болбойт. Мурда ырдалган өз ырын кийин өзү кайталаса деле ошентүүгө туура келет. Айтор, төкмө поэзиянын жазма поэзиядан айырмаланып турган өзгөчө сыры, драматургиясы бар. Кагазга түшүргөн кезде ошол сыры кошо ачылганда гана Токтогул жана Токтогул сыяктуу төкмө поэзиянын залкар өкүлдөрү бизге кызык да, ынак да болуп чыга келмекчи. Ансыз келечек муундарга, жазма адабияттын профессионализмине каныккан кийинки жаштарга Токтогулдун эстетикасын кабыл алуу кызыксыз болор. Тартпай туруп алат. Ал эми «Акмат, Дыйкан алдамчы» дегенде, «Токтогул эзүүчү таптын алдамчылыгын айткан», «Эгемберди, Бактыяр эл жегенге жардамчы» дегенде, «Токтогул эзүүчүлөрдүн элге салык салып, акысын жегенин айткан» деген сыяктуу баягы эле жугумсуз чалчык комментарияларыбыз «изилдөө» деп, ошону Токтогул жөнүндөгү билимибиз да, билгенибиз да катары бетибизге кармап жүрө берсек, эч кимди жыргатпайбыз.

Токтогулду көрүп калган карыялар али да болсо эл арасында бар. Ал эми Токоңдун ырлары, күүлөрү, жүрүм-туруму, кыял-жоругу жөнүндөгү сөздөр, бирде болбосо бирде дегендей, баары болбосо да чандасы атадан балага, баладан неберсге жуккандыр? Тирүү жан, эл болгондон кийин ошондой эле болуш керек. Токтогулдай даана адамдар, алардын жорук-жосундары оңойлук менен унутулбайт. Аздыр-көптүр Токтогулдан калган-каткан маалыматтар болсо, таптакыр жоголгончо жүрө бербей, «бир чымчымдап» болсо да жыйнап калганыбыз жөн эмеспи. Аракет кылсак эле берекет болгудай. Маселен, жыйнакка кирчү эскерүүлөрдү топтоо менин милдетим болсо да, азыркы төкмөлөрүбүздүн бири Тууганбай Абдиевди «Токоңду көргөн-билген көзү тирүү карыяларда кеп-сөз бардыр, районуңа барып келсең кантет? Театр ишмерлер союзунун эсебинен командировка берели» десем, андай командировка үчүн камылгасы, магнитофон сыяктуу шайманы, айылдан айылга тез жетээр алдында унаасы болбосо да Кетмен-Төбөгө барып, кур кол келбептир. Арасында мурда биз билбеген абдан кызыктары бар. Тууганбай: «Убактым тар болду, шартым жок, кол менен жазып отуруш кыйын экен, тапшырмаңарды чала бүтүрүп келдим. Дагы төрт-беш абышкага жетпей калдым. Барыш керек экен» деди.

Ооба, барбай жүрүп, Токтогулдун мурастарынан кол жууп атабыз!

Ко-ош, Токтогул жөнүндө дагы эмне билесиң десе, эмне айтаар элек? Албетте, ак жерден Сибирге айдалып, Сибирден качканын, алты жыл из жашырып жүрүп, экинчи ирет кармалганда, эл куткарып калганын айтмакпыз. Анан революция жеңгенде, жаңы турмуштун жарчысы болуп, Октябрдын ырын ырдап чыкканын, «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду?!» деп, кыргыз адабият-маданиятында Ленин темасына биринчи жолу жол салып, кыргыз совет адабиятынын башкы барагын ачканын айтсак айтып, айтпасак жок — унчукпай калмакпыз. Совет доорунда Токтогул өлөр өлгүчө жаны тынбай эл кыдырып, көп ырдаган экен. Ооруп жатып да төшөктөн туруп кетип, ырдаган күндөрү болуптур. Бирок, тилекке каршы, Совет доорундагы ырларынын миңден бирин да билбейбиз. Артынан түшүп, аларды да издебеппиз, изилдебеппиз.

Акырында 1933-жылы киндик каны тамган Саз-Жийдесинде дүйнөдөн кайткан деп, Токтогул жөнүндө билгенибизди аяктамакпыз. Кудая тобо, бөлөк элдер илгери-илгери жер заманда өткөнүн изилдеп таап алат экен, биз эле эмне кашаңбыз? Илээндилигибиз ашынып кеткенсип, кечеги болгон окуя! Токтогул жылдын кай мезгилинде кайтыш болгонун эмгиче тактабаппыз. Китепке ишенип, март айында өлгөн деп жүрчүбүз. Токтогулдун аялы Сейдимкандын, мугалим Жүкөшев Жолдоштун айтымында, кеч күздө көз жумган экен. Дагы бирөөнүн эскерүүсүндө 20-март деп,

күнүнөн бери айтылып жүрөт, менимче, бу деле, а деп китепке жазылып калгандын таасири болуш керек. Ойлонуп көрсөк, кеч күз дегендин чындыгы бардай, себеби, жаз (март айы) менен күздүн окшош жактары көп, булуттары бирдей бүркөлүп, ырай-түсү окшош, жааса жамгыры, соксо муздак шамалы окшош. Токоң дүйнөдөн кайтып жатканда, муздак шамал согуп, куураган жалбырактар учкан экен. Анча-мынча жыл өткөн соң ошондогу муздак шамалдын таасири кимдир бирөөнүн эсинде эрте жаздын элесин калтырган болуу керек. Ал эми куураган жалбырактардын учканы — жазга эч тиешеси жок, ал күздүн гана белгиси.

Айтор, ушу бүгүн колубузда Токтогулдун өмүр жолу, чыгармачылыгы жөнүндө мындан жарым кылым мурда Жоомарт түзгөн алгачкы схема гана бар. Ал схеманын тегерегинде кийин Жаки Таштемиров алынын келишинче иш тырмалап жүрүп көзү өттү. Ошолорго ыракмат. Болбогондо, азыр «Токтогул ким?» десе, эчтеме билбей отурмак окшобойбузбу кулагыбызды делдейтип, а түгүл, башка бирөөлөргө ээлетип да иймек окшобойбузбу.

Токтогулдун мурастарын издеп таап, ырларынын тарыхын тактап, ширесин чыгара элге жеткирип, пропагандалоо, өмүр баянына тиешелүү толгон-токой бөксөлөрдү толтуруу аракети ир алды окумуштуулардын милдети экени белгилүү. Бирок, тилекке каршы, Токтогул жөнүндөгү болгон-турган чарбабыз, түшүнүгүбүз окуу программасы менен гана чектелип калгандыктан, ага кызыгуу жүз жылдык юбилейинен кийин таптакыр унутулган. Натыйжада азыр Токтогулду изилдеген окумуштуу жок, аспирант бар деп да укпайбыз. Жеке, Токтогул эмес, төкмө поэзия жана анын өкүлдөрү эч кандай изилдөөгө алынбай «дың» бойдон келатат. Бул жерде мен төкмө поэзияны көкөлөткүм келбейт, өзгөчө изилдөөгө татыктуу экенине гана көңүл бурмакчымын, анткени, ал биздин элдин маданий өсүп-өнүү жолундагы тамыры кең ири жайылган, тарбиялык да, дүйнө таанытуучулук да мааниге ээ болуп, гезит-журналыбыз жок кезде гезит менен журналдын, театр жок кезде театрдын ордун баскан орчундуу өнөрүбүз. Бул өнөрдүн гүлдөгөн учуру, комуз күүсү менен кошо коштолуп, кол ойнотуп чертүү ыкмасы, артистизмге такшалуу, угуучуларга ылайык репертуар сунуш кылуу маданияты, устат атанып, шакирттер тарбиялоо Токтогулдун доорунда массалык мүнөзгө жеткенин — аны да эскерүүлөрдөн ачык баамдайбыз. Токтогулдун өмүрү, жашоосунда болуп өткөн бай окуялардан кабарыбыз өтө аз болгондугунан улам анын таптык позициясы жөнүндөгү түшүнүгүбүз да ушу күнгө чейин өтө эле тайкы, а түгүл, күлкү келерлик мажес абалда. Бай, кедей десе эле өйүз-бүйүз жаатташып, жолугушкан жерде кырчылдашып калчулардан бетер, баягы жылы бир жазуучубуз: «бай-манаптар отурган үйдү көрсө, Токтогул акырын бастырып барып, аттан түшпөй ашата ырдап жиберип, качып кетчү

экен» деп жазганындай эле вульгаризаторлук деңгээлден чыга албай келатабыз. Эскерүүлөрдү окуп отурсак, Токтогулдун мүнөзү, жүрүм-турумунда андай зөөкүрчүлүктүн кенедей да белгиси жок. Сөзмөр да, сылык да; куудул да, сыпаа да; тамашакөй да, адептүү да болуптур. Токтогулдан үлгү аларлык, биз кеп-сөз кылбай жүргөн көп жакшы сапаттары бар экен. Айталык, Токоң уруучулук, жердешчилик деген балээлердин күчөп турган учурунда жашаса да, антип бөлүнүп-жарылганды жек көрчү экен. Оң менен солго бирдей карап, калыс болгон. Ушуга бир мисал. 1928-жылы өнөрпоздордун Фрунзедеги кароосунда шаардык «атка минерлердин» бири эси жогунанбы, же атайлап кайраштыргысы келгенби, Токтогулдан «комузду силер кыйын чертет бекенсиңер, же аркалыктардын черткени өтөбү?» дегенде, Токтогул: «Алакандай кыргызды алтыга бөлгөн эски замандын каадасына кетпегиле, балдар. Бизди кармаштырып коюп, кызыгыбызга баткыңар бар. Кыргыздын кендирин кескен дал ошол жаатташуу деп, анан комуз күүлөрүнүн түрлөрүн бөлүштүргөн экен. — Күү кандай чыкса, ошо бойдон бузбай черткенди кара күү дейт. Анын мыкчегери Мурataалы экен. Кошумча кошулуп, ондоп чертилген күү — залкар күү. Аны черткен жагынан Кара Молдого жеткенибиз жок экен. Ал эми биз жакты — кол ойнотмо күү дейт, аны бизчелик эч ким черте албайт. Күүнү барктаган адам үчөөнө бирдей муктаж».

Талантуу ырчы, мыкты комузчу элдик киши экенин өз кезегиндегилердин арасында Токтогулчалык кан-жаны менен түшүнгөн болбос. Баладыр-чоңдур Токоңдун өнөрүн уккусу келгендер күн кааласа күнү талбай, түн кааласа түнү аянбай ырдап, эзели бирөөнүн көңүлүн оорутуп, жок деген учуру болбоптур. Анын ошондой асыл сапаты, өнөрүн кызганбай март жашаган шардыгы Калык менен Алымкулга да жуккан болуу керек, кийин алар аны филармонияга дейре ала келип, залкарлардын жакшы жышаанына салт кылып кийиришкен. Өткөндөрүбүзгө изилдөө жүргүзбөй, кайдыгер, кош көңүл жүргөндүгүбүздүн кесепетиби, Токтогулдан Калык, Алымкулдарга өтүп, филармонияга келген ошо керемет салттын тазалыгы, маданий этикасы карыя таланттарыбыздын башы менен кошо кетти өңдөнүп калды.

Айт-айтпа, ушу бойдон жүрө берсек, Токтогулдан ыраактагасыбыз ыраактаган, мурастарынан кол жууганыбыз кол жууган. Айталык, атасы Сатылган жөнүндөгү маалыматтарга эл эмне кызыкпайт бекен? Сөзсүз, кызыгат. Бирок биз аны билбейбиз. Билүүгө да аракет болбосо керек? Энеси Бурма сөзмөр, кошокчу киши болгон имиш. Демек, уулуна анын таасири урунттуу болууга тийиш. Бирок дүңүнөн ошентип «кошокчу экен» деп койгонубуз гана болбосо, даана кай жоругун, кандай таасирин, энелик ысык мээримин айтып бере алабызбы? Антишке бизде чама жок. Энесин да билбейбиз. Билмек түгүл, Токтогул Сибирден качып келгенде,

энеси сокур болуп калыптыр деп, бир айтсак, бир туруп — көзү бардай имиштерди угабыз. Кайсынысы туура? Бүдөмүк калууга тийиш эмес бул маселе. Ал эми уулу Топчубай менен аялы Тотуя жөнүндөгү түшүнүгүбүз деле «өлүп калыптыр, күйөөгө тийип кетиптир» деген менен гана чектелип жүрбөйбү?! Айтор, Токтогулдун айланасында али ачылбаган толгон-токой суроолор көп, табышмак болуп эле кайнап жатат. Алардын көбү эми эч качан жандырылбас? Учуктары жоголуп, табылгыс жайга житкендир? А балким, айрымдары эл арасында айтылып да жүргөндүр? Маселен, өзүнө замандаш атактуу ырчылар, комузчулардын баары менен Токтогул тыкыс мамиледе болуп, көп жолу айтышкан экен. Ал учурлардын канчасын билип, канчасын билбейбиз? Өңгөнү коё туруп, айтылуу Жеңижокту эле алалычы. Токтогул аны жогору баалагандыгы эки сап ырда жолугат. Менимче, ошол эле болбосо керек. Жеңижоктун таланты Токтогулду кайдыгер каратмак эмес. Экөөнүн бири-бирине жылдызы кандай болду экен? Бири-бирин баркташканбы, же жокпу?.. Сансыз суроолор. Кайсы биринин жообу элдин эсинде сакталып жүрүшү да ыктымал.

Деген менен, Токтогулду биз билбейбиз. Кенебестигибиз, кайдыгерчилигибиздин кесепетинен ушундай чийки жерлерибиз көп азыр. Ал кесепет өз тегибизге, кечээги турмуш, эстетикабыздын салтына, тарыхыбызга «кызыкпай» калган кийинки жылдардагы наадандылыгыбыздын натыйжасы.

Токтогул жашаган доор таптык карама-каршылыктардын, карама-каршы көз караштар менен саясы татаал түшүнүктөрдүн жана түшүнбөстүктөрдүн, социалдык акыйкатсыздыктар менен караңгычылыктын доору болгон. Ошондой доордун кыйынчылыктарында Токтогул өнөрпоз катары да, атауул катары да калыптанып, сүргүндөн кийин биротоло бышып жетилген инсан. Ал жашаган доорду кошо жашап, ал жүргөн жерлерде жүрүп, ал аралаган элди бирге аралап, ал көргөн жашоо-тирлик, турмуш-жайды бирдей көргөн зор таланттар Кетмен-Төбө, Талас, Аксы, Жалал-Абад тараптардан ошо кезде көп чыккан. Алардын арасында ырчылыгы, акындыгы жагынан Токтогулдан өткөнү да, өтө албаганы да болгон дешет. Бирок Токтогул чыккан чокуга, ал жеткен коомдук-саясы жана улуттук бийик кадыр-баркка эч бири жете алган эмес. Анын себеби, албетте, жашоо-шарт, коом түзүлүшү, теңчилик жана теңсиздик жөнүндөгү, күйүмдүүлүк жана тагдырга моюн сунуу жөнүндөгү ошол замандагы жалпы көз карашка, түшүнүктөргө байланышкан. Анын себеби, ошол доордогу адилеттик жана адилетсиздиктин абалына байланышкан. Андай экен беркилер эмне, коомдун абалын, элдин ал-жайын, турмуш-шартын Токтогул көргөнчөлүк көрбөппү да, Токтогул туйганчалык туйбаппы? Андай болушу да мүмкүн. Ата-бабадан бери каныгып, көп жылдар бою көндүм болуп калган күнүмдүк турмуштун акыйкаты кайсы, акый-

кат эмеси кайсы? Баамдай коюш оңой-олтоң жумуш эмес. Аны байкаш үчүн, ботко сымал жуурулушуп жаткан боёктордун агын ак, карасын кара — ар биринин ирениңе ылайык иргей билиш үчүн өзгөчө зээн, өзгөчө кыраакылык керектир. Өңгөлөрдөн озуп өткөн себеби, алигидей өзгөчөлүктөн табигат Токоңо өлчөөсүз эле берген сыяктанат. Ага кошуп кудай таала талантты да аябаптыр. Өзгөчө кыраакылыгы менен зээнине, талантына кошуп, дагы өлөр өлгөнчө тыным билбеген эмгекчилдикти, жан кыйноодон жалкпаган чыгармачыл изденүүнү, анан дагы кишичиликти бериптир кудай. Мына ушу сапаттар биригип, Токтогулду Токтогул деген атагына жеткирген. Токтогул даңкы канчалык бийик болгону менен барган жеринин баарында аны алаканга салгандай бапестеп тосуп алып, улуу-кичүү дебей канчалык чуу түшүп жатса да, пейил күтүп, бой көтөрбөгөн өтө эстүү адам болгондугун эскерүүлөрдөн көп жолуктурабыз. Токтогулдагы дагы бир улуу касиет — ырчылык кесибин, артисттик жана комузчулук өнөрүн ыйык баалап, өнөр баркын терең мазмун менен көтөргөндүгүндө. Жолумду жолдогондор өссө экен деп, шакирттерди көп камдаган. Алар менен чоң-чоң жыйындарда тең ата сымал шаңшып ырдап, такшалтып, уккандардын да, жаңыдан топко ырдаган шакирттеринин да жарпын жазып, ыракат тартуулаган; азыркы биздин аттуу-баштуу дегендей айрым ишмерлерибиздин түшүнө кирбеген жаш таланттарга камкор, тарбиялуу иштерге дилгир жашаптыр. Токоң карапайым караңгы калкына адалдык менен арамдык жөнүндө, бийиктик менен пастык, Жер-Суу, Күн менен Түндүн жаралышы, тазалык менен ыпластык сыяктуу философиялык баян, ой толгоолор, кыял дастандарынан, адамдык парс, өткөндүн санжыралары менен уламыштарынан кабар берип, сабаттуудай таасир эткендир. Калкка маалымат таркатып, агартуучулук (просветитель) милдетти аткарууга жакындап барганын байкаар элек, эскерүүлөрдү кунт коюп окусак. Кантсе да, Токобузга тиешелүү материалдарды супсак коментарийлөө менен эле чектелбей кылдат иликтөөгө өтсөк, кодура агартуучунун болсо да жышаандарын тапчуданбыз.

Токтогулдун ырларынын көбүн Калык, анан Алымкул бизге жеткирип, кагазага түшүрүлүп калгандыгын жогоруда айттык. Бирок алар деле өздөрү бирге жүрүп уккандарын, бирге ырдашып эстеп калгандарын гана калтырышты да. Ал эми алар жок жерде ырдалган ырлары кайда? Айрыкча, Совет доорунда ырдаган ырлары кайда? Калык Жумгалга көчүп кеткенден кийинки чыгармачылыгы таптакыр дайынсыз, туш-тушка чачырап, ырдалганы ырдалган жеринде кала бергенби, же эл арасында, Кетмен-Төбө, Аксы, Талас тараптарда дале унутулбай ырдалып келатабы?

Чачылганды чогултуп, элдеги мурастарды жыйноону кезинде академиянын Тил жана адабият институту, университет, Жазуу-

чулар союзу колго алчу эле, кийин, эмнегедир, андайды унутуп коюшкансыды. Дале болсо кол куушуруп, ышынып жүрө бербей, Токтогул жүргөн жерлердин картасын түзүп, ал жерлерге Токоңдун ыр, күүлөрүн гана эмес, жорук-жосундарын да жазып келгидей экспедицияларды кагаз-карандыш, диктофон, магнитофон менен жабдып дегендей, унаа жагын да камсыз кылып жөнөтүүгө эмне үчүн болбосун? Баягы эле «каражат жок» деген ашмалтай битирликти айтып кутулбай, издесе, изилдесе, Токтогул жөнүндө дале маалыматтар табылып, мурасына мурас кошулаарына күмөнүм жок.

Токтогулду билбесек да унутканыбыз жок. Эл унутпайт. Ал жөнүндө он чакты пьеса жазылды. Опера бар. Кино да чыгарымыш болгонбуз. Ага арналган ырлар, музыкалык чыгармалар, сүрөт, скульптура дегендер биринин артынан бири жаралып келатат. Дагыныкысы дагы болоор. Бирок Токондун өзүн, өмүрүн, башынан өткөргөн окуяларды чала билгендигибиздин салакасынан өткөн жылы «Токтогулга эстелик орнотуунун кажети жок» деген пикир чыгып кетти гезитке. Өзүбүз жарытылуу билбеген соң, башка улуттун өкүлдөрү Токтогулду кайдан баалап, баркын кайдан түшүнсүн! Токтогулдун ким экендигине көзү жакшылап жеткен адам андайды жазбас да, айтпас да эле го!

Токтогулду урматтоо, пропагандалоо жумушу бизде таптакыр жок эместир, бирок болгондорунун деңгээли өтө төмөн. Кызыксыз. Маселен, «Токтогул күндөрүн» айтсак, максаты эмне анын? Албетте, Токтогулду эскерүү дээрибиз бышык. Бирок эскерүү эле жетишсиздик кылат, акындар ага арнаган ырларын окуп, мактаган болуп коюп таркап кеткендери да аз. «Токтогул күндөрү» азырынча уюштуруу жагынан деле, этика жана эстетикасы жагынан деле жалпы элди эрдиткен майрам боло албай, анча-мынча эле акындардын «баш таңмайчылык» ыкмасында өткөрүлүп келаткансыйт. Чын-чынында ага бардык жазуучулар, ырчылар, төкмөлөр, комузчулар кенен-кесири катышуусу зарыл. Окумуштуулар да унут калбоого тийиш. Ал эми мектеп окуучулары, студенттер, эмгекчи эл, интеллигенция «Токтогул күндөрүнүн» кайда өтүп, качан жана кандай жобонун негизинде өткөрүлүп жүргөндүгүн билбей деле калабыз. Билсек да өтүп кеткенден кийин угабыз. А чынында ал күндөрдүн негизги катышуучулары ошолор болушу керек да. Токтогулдун Кетмен-Төбөдөгү күндөрү ир алды акындын белгисиз чыгармалырынын дарегин табуунун, Токтогул жөнүндөгү элде жүргөн сөздөрдү угуунун максатына көбүрөөк бурулуп, ошону менен катар эл ичиндеги жаш төкмөлөрдүн айтыштарын өткөрүп, «Токтогул күндөрүнүн» трибунасын жергиликтүү элге, Токонду көргөн-билген карыяларга, анын жорук-жосундарын уккандарга көбүрөөк бердирген туурадыр! Ошкеткенде «Токтогул күндөрү» элдик майрамга, улуттук дымак жана шыктанууга, жал-

пы кызыгууга айланып, төкмө поэзиянын жаңы «чымындары» ачылат беле, Токондун келаткан мурастарынын дайнын билүүгө өбөлгө болот беле дегеним да!

Деген менен, Токтогулду биз чала билебиз!

Бексултан ЖАКИЕВ,
*драматург, Кыргыз ССРинин искусствого эмгек сиңирген ишмери, республиканын Токтогул атындагы Мамлекеттик сыйлыгынын лауреаты.*

## *ТОГОЛОК МОЛДО*

*(Байымбет Абдыракманов)*

Токтогулдун 1940-жылда боло турган тоюн куттуктап, жолдоштук жүзүнөн Токтогул менен бирге жүргөнүмдөн мүмкүн болушунча, билгенимди кабарлайын.

Өзүм ырга зооктуу болуп жүргөнүмдө Куртка деген өзүм турган жерде 1889-жылы Токтогулдун кабарын уктум. Кетмен-Төбөгө барып келген өз тууганым Молдобай Чекирекей уулу: «Адам баласында бул Токтогулдай ырчы болбойт, өзү жаш жигит, өзүң курдуу. Өзүң көргөн, кабарын уккан эски атактуу ырчылар — чоюлган Чонду, Эсенаман, Көчүүбай — булар бала Токтогул менен ырдамак турсун, изин кечпей калды. Токтогул санаттан, тарыхтан ырдаганда адам айран калып, оозун ачып магдырап калат. Бирге жүргөндөй, бирге тургандай кылып айтат, айткан ырынын эч бир кемчилиги жок, ар кайсысын ордуна кондуруп айтат. Менин Кетмен-Төбөгө барып көргөн сонунум ушул!» — деди.

Токтогулдун атагын угуп, көңүлүм кызып, дегдеп калдым. Молдобай деген адамдан Токтогулдун өз уругу, өзүнүн турган жери кайсы болорун сурап калдым.

Молдобай: — Токтогул мага жакын киши, энемдин төркүнү, менин таякем болот. Өзү толук кези, сарттар деген элде, Арым деген жерде турат. Өзү бочогор келген сары чийкил жигит. Бирок, Ырыскулбектин балдары менен кас. Манаптын салтанат менен жүргөнүн жактырбайт — деди да, Токтогулдун манаптар жөнүндөгү ырын ырдады:

Ырыскулбектин беш каман,
Бейли бузук кайт жаман,

Көрөсүң бир күн сонунду,
Күрсүлдөгөн үй каман.

Бул тууралуу Ырыскулбектин балдары Токтогулга жамандык кылбай койбойт. Манаптардын пейли Токтогулга жакшы эмес,— деди. Бул сөздү Молдобайдан уккандан кийин баштагыдан кыйыныраак дегдеп:

— Молдобай аке, мени алып барып Токтогулду бир көрсөт? — деп асылып калдым.

— Жакшы болот, күздө өзүм дагы барам, ат-тонуңду камданып тургун,— деди.

Мен жетиммин, кашымда атам жок, колумда малым жок, мал дегенден колумда бир көк быштым бар. Күз болду. Молдобайга кошулуп Токтогулга жөнөп калдым. 1890-жылы өктөбүр айында барсам, Токтогул үйүндө жок, Таласка кеткен экен. Аны күтүп жатып калдым. Он күндөн кийин Токтогул келди. Токоң менен Арым деген жерде, сарттар деген элде көрүшүп өзүмдү тааныттырдым. Үч ай чамасында туруп ырдын түйүнүн чөчип, нускасын алып кайттым.

Кийин 1893-жылы да барып келдим.

1898-жылы Миң-Дөбө деген Кокон шаарынын жанында бир кыштактан Чыкшы[1] эшен деген бир алдамчы чыгып, бул эшендин калабасында аңдып жүргөн залимдер Токтогулду кармап алып, эшендин алааматына кошуп айдап жиберди. Алым начар, коркунучум көп болуп, кайран Токтогулга учураша албай калдым. Токтогул айдалып, колу-бутуна чынжыр, кишен салып от арабага түшкөндө Токоң жаңшап ырдаганда уккан элдин баары ыйлаган экен.

Айдалып кеттим ишим ак,
Алым карып, көөнүм чак,
Ага-ини туугандар,
Менин актыгымды ойлоп бак.
Жайкалып жүргөн Токтогул
Чынжыр түшүп башыма,
Айдалып Сибир жолуна,
Кишен түшүп бутума,
Айдалып кетип барамын.
Кайрылып келер күн барбы,
Мен калың кыргыз журтума?
Өзбек, кыргыз — калың журт,

---

[1] Чыкшы — Тарыхта анын аты Мадалы эшен, ийикчи эшен делет.

Өскөн элим, аман бол!
Өмүрүмдү жыргатып
Өткөн элим, аман бол!
Киндик кесип, кир жууган
Турган жерим, аман бол!
Кичинемден бирге өскөн
Тууган элим, аман бол!
Токоңдо айтар тил барбы,
Торгойдой добуш үн барбы?
Торгойдой сайрап Токтогул
Толгонуп келер күн барбы?!
Арманым айтар тил барбы,
Ачылып чыгар күн барбы?
Айдалып кеткен Токтогул
Айланып келер күн барбы?
Ырыскулбектин беш каман —
Бейли бузук беш жаман!
Кеттим Сибир айдалып,
Бизге келер бекен кең заман?
Залимдин түштүм торуна
Айдалып Сибир жолуна,
Элге ырдап жүргөн кезимде
Эшен чыкты шорума,—

деп ырдап турганда, калк дүргүп, ыйлабаган адам калган эмес дейт. Күзөтүп турган солдаттар Токтогулду камакка алып, ырын бастырып коюптур, мында да ыйлабаган адам калган эмес экен, губернатрдын тилмечи Жусупжан деген: «Үнүң менен курган Токтогул!» — деп боздоп ыйлап туруптур ошондо.

Бул баргандан кийин, Токтогул Сибирден качып келди, Токтогулду манаптар кайрадан каматышты. Өзүм көргөнүм жок. Аңгыча акталып, такталып Токтогул дагы жадырап-жайнап келип калды. Токтогул келди деген кабарын угуп, учурашайын деп бардым. Коңур-Өгүз деген жерде Тагай ажынын балдары Султанаалы, Сулайман дегендер бар экен: Сулайманы өлүп, Султанаалысы Сулайманга аш берип, чоң жыйын болуп жаткан экен. Аш үстүндө көтөргөн үйдө олтурганыбызда, Токтогул келип калды. Жанында өзү үйрөткөн шакирттеринен бир нечеси бар, жер жарылгандай шаңы менен комузчу, ырчылар дүңгүрөп келди. Жанындагы ырчылар: Эшмамбет, Калык, Эшенкул, Жаңыбай, Курман, Жолой, Токтогул алым-сабак айтып ырдап келди. Бул учурда тиши түшүп карып калган экен. Сакалы жайкалып—сымбаты келиш-

кен боюнча. Азыраак аштып жөнүнөн жанындагы ырчылар аңгеме айтып турду. Көпчүлүктүн ичинде мени көрө салып, өзүн кабарлап, мага ыр менен учурашты. Мен өзүм да кубанычтуу болуп көп көтөрүлүп калдым.

## ТОКТОГУЛДУН ЫРЫ

Байымбет Молдо — булбулум,
Нарындан чыккан туйгунум,
Бала-чакаң аманбы?
Асилиң саяк тууганым,
Туугандан чыккан бууданым,
Башынан өзүң билесиң,
Мени манаптар сүрүп кууганын.
Ырыскулбектин беш каман,
Мээнетке башым чырмады
Бейди бузук манаптар
Мени Үркүткө айдап кыйнады.
Үркүттө жатып үшкүрүп,
Булбул Токоң ыйлады.
Анан Токоң Маскөөдө
Акыл-эсин жыйнады.
Комузун алып колуна,
Айдалганын ырдады:
Айдалып кеткен эшенден
Адамдын баары кыйрады.
«Элиме аман кетсем» деп,
Эт жүрөгүм туйлады.
Өлбөгөн жан акталып,
Токоң келдим калкыңа.
Жамы кыргыз балдары,
Бириң эмес жалпыңа.
Жериңе келдим Токтогул,
Жетер деп тууган баркыма.

## БАЙЫМБЕТТИН ТОКТОГУЛГА АМАНДАШКАНЫ

Айдалып кеткен Сибирге
Акын Током, аманбы?
Жалпы жарды-жалчыга
Жакын Током, аманбы?
Манаптар менен басташкан
Баатыр Током, аманбы?
Кызыл тилин сайраткан

Булбул Током, аманбы?
Арыштап алыс чуркаган
Дулдул Током, аманбы?
Күмүш чалгын күүлөгөн
Туйгун Током, аманбы?

Амандыктын соңунан,
Айткым келди оңунан.
Арзып чыккан Токомдун
Учурап калдым жолунан.
Ырчынын баары шаңкылдап
Ырдап келди кашында.
Ак туйгундай күүлөнүп,
Булбул Током башында.
Аман-эсен көрүштүк,
Сулаймандын ашында.
Калыкты мурун көргөнмүн,
Бала кезде, жашында.
Сыпатын көрүп жактырып,
Сынагамын Калыкты.
Чечен бала көрүнөт:
Чеберден кыйла тарыхты.
Кара сакал Эшмамбет
Кайнап турган кези экен,
Калтырбастан санатты
Сайрап турган кези экен.
Адам уулу кемиткис,
Акындын анык өзү экен.
Жаңыбай менен Курманың —
Жандап ырдап турганын.
Жаңыбай болсо — Кулжыгач,
Өзүмдүн жакын тууганым,
Коного чапса чарчабас,
Айтылуу тулпар бууданым.
Жолой жолдон кошулган,
Жолдош болуп озунган,
Бул мырза чыкма бала экен.
Ырдаган ыры чала экен.
Эңги-деңги куу туяк,
Эрмектик ыры бар экен.
Ырчынын баары дүбүрөп
Ээрчитип, Токо, өзүңдү,
Элет кыргыз тууганың,
Эрмек кылат сөзүңдү.
Жаркырап алтын сакалың,

Жаңыдан көрдүм көзүңдү.
Токтогулдан үйрөнүп,
Ырчы болуп алсак деп,
Ылгап ырдын сарасын,
Сынчы болуп алсак деп,
Талап менен баарысы
Келген экен жаныңа.
Талабына жетишсин,
Таалим бергин баарына.

Ушул аш тараганча Токтогул менен бирге жүрүп, бирге конуп, жанашып, жармашып жүрүп, бир далай нарктуу сөздөрдөн пайдаланып калдым. Өзүм жазуучулук жөнүнө түшүп, ашта, тойдо ырдаганым жок. Мындан кийин Токтогул менен кабарлашып, ата-баладай болуп жүрдүк.

## *КАЛЫК АКИЕВ*

### *Токтогул тууралу*[1]

Токтогул менен жашымда көрүштүм. Анда биз Коңур-Өгүз деген жерде элек. Бир күнү эле: «Жанаалы тегирменчиникине Токтогул ырчы келди»,— деп элдин бардыгы дүрбөп калды. «Эл дүрбөсө, эшек кошо дарбыйт»,— дегендей, мен да кошо жөнөдүм. Мен ал кезде Каратал деген манапка малаймын. Барсак, Жанаалы деген тегирменчиникине келип конгон экен. Током ошондо кара көрпө тебетейчен, кара чепкенчен, тоголоктураак чарчы бойлуу, көгала сакалдуу киши экен. Салам айтып кирип бардым. Жанаалы:

— Кел, кел, бозонун ырчысы. Токоңдон үйрөнүп кала көр,— деди. Токтогул карап калды да:

— Балам, ырчысыңбы?— деди.

Жүрөгүм шуу дей түшүп:

— Жок, ырчы эмесмин,— дедим.

Өзүм — малай, жатканым — мал байлаган сарай. Атамда ал жок, айрандык мал жок, көтөргөнүм — суу, бутумда — чокой, аралаганым — токой, жаргак шым, жаман тон, жардылык чоң, маанай бас болуп жүргөн кезим эле. Анткеним менен, келин алган, же кемпир

---

[1] Калыктын эскерүүлөрүнүн бул экинчи варианты 1959-жылы чыккан «Токтогулдун замандаштарынын эскермелери» деген китептен алынды. — Т. С.

олгөн жерге, кыз-оюнга, бозонун тоюнда какылдап кыйын ырдачумун. Бул сапар орун жок — элдин аркасында тургамын. Током чепкенди чечип коломочтонуп түрүнүп, комузун алып ырдай баштады.

Токтогул ырдап отурганда курчаган элдин алды ыйлап, аркасы жашып отурушту. Током эми силерди күлдүрөйүн деп ойлоду окшойт, оң жеңин карысына чейин түрүнүп койду да, колун ойнотуп, кылды сайратып ар түрдүү кууланып, күлкү салып отурду. Эл талыкшып келген убакта Жанаалынын тегирменин ырдап кирди.

Током ырдап отуруп өзүнүн аты жемсиз калганы оюна түшө калганда, Жанаалыны карай ырдады. Отурган элдин баары күлүп, күлкүдөн баштарын тарта албай калды. Жанаалы ат баштыктын жарымынан жем салып келди эле, анда Током жемди кармап алып элди күлдүрүп кайтадан Жанаалыны карай минтип ырдайт:

Ээ, түгөнгөн Жанаалы,
Сенин убадаң кана жанагы?
Бир күнү келген конокко
Ушунчадан жем берсең,
Сенин өзүндө оокат калабы?

Токтогулдун ушул ырына күлбөгөн адам калган жок. Жарым баштык жем берген Жанаалы эми каптын кулагынан арпа алып берди. Токтогул жанындагы балага:

— Тур, балам, аттарыңа жем ил. «Адамдын алып учаар канаты — ат, аттан кийин жат»,— деген карылардын сөзү бар эмеспи,— деди.

Төбөсү жыртык эски кызыл тебетейим бар. Таар, чүпүрөк жамаган эски тонум бар. Өрө кийиздин өөнүнөн баса курчангамын. Башта Жанаалы «биздин бозобуздун ырчысы» деп койгонун кылдат киши Токтогул ойлонуп тургандай, Жанаалыны карай ырчы балаң менен тааныштыр деп ырдап калды.

Мурун ырдай электе: «Жанакы ырчы балаң кайда?» — дегенде эле муундарым титиреп, тердей баштагамын. Эшикке чыгып кетейин десем, жол жок, элдин аркасына, керегинин түбүнө далдааланып отура калдым. Эки жагымда элдин баары:

— Мына Калык, мында качып отурат,— деп калды.

— Тургун, жаман ырчы! Бозокор катындардын арасында болсоң, кандай чакылдап ырдаар элең!— дешип ар кимиси жаалай берип оттун жанына өткөрүштү.

Титирей баштадым. Токтогул:

— Отко жылын, балам,— деди. Мени үшүп калган экен деп ойлоду, мен билип турамын: коркуп, сүрдөгөнүмөн титиреп жатам. Бир аз отургандан кийин:

— Балам, ырдачы, угалык. Тартынчаак төөчө буйла чойдуруп отуруу жарабайт. Бут ирмесе, кыргыйдай зып эткен жакшы аттай жагалданып, ойноктоп өскөнүң жакшы. Кана, баштагын, балам!— деди Током. Анан элдин баары: «Ырда, ырда»— деп жаалап жиберди. Ошондо Токомо саламдашып ырдап бердим. Током угуп отуруп ыраазы болду.

— Баракелде бала! Адам боло турган бала турбайбы! Муну бага турган бала экен,— деп мактады да,— балам менин жаныма отуруп тамак жегин,— деди Током.

— Менин аттарым бар, ач калса же тилдеп, же уруп коёт, кетейин — дедим мен.

Токтогул:— Барсаң, баргын. Эртең менен келгин анда,— деди.

Эртең менен бардым. Бир бакталуу чапан берди. Жаман тонду жонуман түшүрүп, көйкөлгөн көк чапанды кийип калдым.

* * *

Экинчи жолу Токтогулга малайлыктан кутулуп, он тогуз жашымда комузумду көтөрүп алып айыл-үйгө, кемпир-чалдарга, теңтуш балдарга ырдап-чертип жүргөн кезимде жолуктум. Анткеним менен «Жокчулук» деген бир ырымдан башка сабак ыр менде жок. Бирок жамактатып кыйын ырдап калган убагым эле. Эл жактыра баштап калган кези.

— Токтогулду Сатар чакыртып келиптир деп уктум да, комузду ичимен байланып алып, өзүм дегдеп сүйүнүчтүү болуп бардым. Токтогулдар чай ичишип жаткан экен. Салам айтып кирдим да, Током менен көрүштүм. Жолборс деген жигити бар эле Сатардын. Ал:

— Дампаңдабай, сакалдуу кишинин алдынан мындай тур,— деди мени.

— Тим кой, отурсун. Оо, бул уулумду аман болсо көрөсүңөр, айтылуу акындын бирөө болот,— деди Токтогул. А киши ошенткенде, өзүмдүн көңүлүм көтөрүлө түштү. Токтогул — адамдын көөнүн оорутпаган, бирөөгө катуу сөз айтпаган, жибектей жумшак киши эле. Ажыдаарча оп тартып Кетмен-Төбө элинин бүтүн канын со-

руп, малдуунун малын алып, жардыга чыгым салып жаткан Акмат, Дыйкан деген чоң манаптардан Коңур-Өгүз элин ошол Сатардын атасы Сыдык деген бөлүп алып, өзү болуш болгон жана элге чыгым салбай, эч нерсе албай, «Орозо болуш» атыккан экен. Токтогул муну абдан билет, ошондуктан аларды ыр менен түшүндүрүп, «атаңча букарага боорукер болгун» деген кеңешин берип ырдап өттү.

Отурган эл таң калып, кубанып: «Баракелде, Токо! Ыракмат сизге!» — дешип отурушту.

Токтогул өз ою менен кандай ырдаймын десе, ошондой ырдай берет эле. Ал элге кадырлуу, сүйүктүү акын эле. Жалаң гана ырчы эмес, эл жомокторун бүт билет эле. Анан комузду артык чертчү. Жалаң кууланып, күлкүгө салса да адамдын боорун катырчу.

Мамыр деген бир бүркүтчү бар эле. Чоң сакалчан далдайган картаң киши болучу. Саксак кызыл көрпө тебетей, таар чепкен кийип, белине булгаары кур — кисе оттук, бычак түйүнчөк, мисбек, табылгынын уюлу, түлкүнүн тумшугу, шибеге, сакал тарак — мына ушулардын бардыгын тагынып алуучу. Токтогулду келди деп угуптур. Эшиктен кирип келди да, Током экөө кучакташып көрүштү, анан отурушту. Мамыр бүркүтчү Токтогулду башынан билет экен. Ой, кайран булбулум, аман-эсен келдиңби? Сенин жүзүңдү көрүп, сөзүңдү угар да күн бар экен го! — дей ыйлай баштады. Ошондо Током:

— Мамыр, сен күлүп көрүшүүнүн ордуна, ыйлап көрүшөсүң да! Мен сени күлдүрөйүн эми,— деп Током ырдай баштады, Мамырдын бүркүттөрүн, тайгандарын, капкандарын мактады.

Андан кийин Айчеке Балбан деген бир аксакал келип учурашты эле, Током аны менен да ырдап учурашты.

Эмки кезек мага келди. Током баштап, эл «ырдагын» деп чуулдай баштады.

Мурунку жылы катуу ачарчылык болгон, акчебич, алгы ичип жатып алдыбыз өлүп, аркабыз шишип араң оңолгонбуз. Алсыз жардылардан жыйырма түтүн жатакта калган элек. Мамырбай, Алымбай дегендер ачкадан өлгөн. Ошондо аксакалдар: «Ой, тобо! Кандай заман болду? Кырылып кетебизби?» — деп эле отурушчу. Бир күнү Сүйүмбай деген айтты:

— Өлгөнүбүз өлөрбүз, калганыбыз каларбыз. Бизди өлүп атат деп байлар мал бөлүп берет беле! Андан көрө көңүл ачып, Калыкты ырдатып олтуралык. Ырда, балам Калык! — деп калышты. Ошондо «Жокчулук» деген

ырымды чыгаргам. Бул сапар ошол ырымды Токомдун алдында ырдап бердим. Токтогул жана отурган эл ыраазы болуп калышты. Током мени мактай баштады:

— Эмитен ушундай ырдаган бала, оңой бала болбойт. Мен Жанаалыныкына конгондо көргөмүн, мага ырдап учурашкан. Андагысынан оңолуп, атайын адам болуп калыптыр. Балам, тил алсаң — мага кошулгун. Аттаптондоп, кийимиңди камдап, комузду жакшы үйрөтүп, тилиңди коосдоп сүйлөтүп жолдош кылып алайын.

— Жардылыкты, жетишпегендикти өзүңүз билесиз, Токо. Менин картаң ата, картаң энем бар. Ошолорду жан сактатып турамын. Ошолордун оокаты өтпөй калат го, болбосо барар элем,— дедим мен. Башынан жакшылык-жамандык көп өткөн киши эмеспи, бир аз ойлонду да, мурдагы өтүп кеткен кыргыз элинин атактуу акындарынан мисал келтирип, алардын баарынын жанында жүргөндөй, ар кимисинин өнөрлөрүнө баа коюп, ырдап берди, мага акыл айтты. Кыштын алдында боз кыроо убактысы эле. Узун түн таңга жакындап калды. Кемпир-чал, келген эл, дүбүрөгөн балдар туурдукту түрүп туштан шыкаалаган келин-кыздардан бир адам уктаган да жок, бирөө кеткен да жок. Калайыктын Токтогулга куштарлыгы ушунчалык зор эле!

— Эми жаталык, көздүн убалы да болот го,— деди Током. Эшей деген абышка: Токо, сиз Шыбырдан келгениңиздеги энеңиз менен көрүшүп, balаңызды кошкон ырыңызды айтып бериңизчи? Ошону менен жаталык,— деп калды. Током пейли жумшак киши эле:

— Жакшы болот,— деп келгендеги энесине учурап, баласын кошконун да айтып берди:

Токтогул энесин кучактап алып баласын кошуп ырдаганын айтканда, ыйлабаган киши калган жок, акырында Током өзү да ыйлады. Отурган эл: «Токо, сизге чоң рахмат! Кудай дагы эле берер, эми берсе, боосун бекем, өмүрүн узун берсин! Өзүң кем болбо!» — деп тарашты.

* * *

Токтогул менен үчүнчү кезигишим мындайча болду. Нусуп ажы деген киши той берди, Анжыян-Арканын алдыңкы акындары бүтүн келди. Аксыдан Жеңижок, Анжыян жактагы кыргыздан Бекназар, Кара Жолдош, Көр Жолдош, Сыдык деген акындар келди. Кетмен-Төбөнүн акындарынан: Токтогул, Эшмамбет, Курман, Жаңыбай, Жолой, мен жана комузчу-сурнайчы, майда-

барат ырчылар да көп барды. Ошол күндөгү эл акындарын манаптар өзүнчө оокат кылууга эркине койгон эмес. Мен Караталдын ырчысымын, чоң акындар менен жанаша алым-сабак ырдап, катарына аралашып калган убагым эле. Жыйырмадан ашык акындар турабыз. Карамурза Накенди карата айтышууга даярланып калды. Накен ырчы — бир көзүн ак жаап калган картаң киши эле. Карамурза акын ошо көзүнөн баштап Накенди каптап ырдай баштады.

Элдин четирээк жагына чыгып алып атынын башын чокчойтуп тартып туруп, шаңшыган үнү менен Током минтип ырдады:

Анжыяндык, аркалык
Баш кошконун айталык.
Алышкан итче кабышпай,
Аман-эсен кайталык.
Карамурза, сөзүңдүн
Калтысы чыкты байкалып.

Тойго келген көпчүлүк элдин ышкылуу шайырлары жана көпчүлүк жаштары ырчыларды ээрчип, алардын тамашасында болор эле. Акындар турган жерди курчап турган төрт жүз, беш жүзгө жакын кишинин бирөө былк этпей, Токомдун сөзүн угуп турушту. Себеби — ошол акындарды анжыяндык, аркалык болуп айтышат го, ошонун кызыгын көрөбүз деп турушкан. Токтогул ырдап басылаары менен Бекназар акын:

— Токтогулдун сөзүнө баарыбыз макулбуз. Карамурзанын оройлугуна жараша Токтогул ырас айтты. Ат үстүнөн алышып, душмандарча чабышып кетсек жакшы болобу? Накен экөөбүз эчен ашта-тойдо көрүшкөнбүз. Бирооз «сен», «мен» деген эмеспиз. Карың бар, жашың бар андай оройлукту коюу керек. Мына Токтогулдун сөзү, билсеңер — акыл — деди.

Той тарады, эл кайтты.

— Балам, Торкенде Өмүрзактын ашы болот экен. Ошол ашка ырдатып, сени элге тааныштырайын,— деди Током. «Жакшы болот»,— деп, үч чапан беш-алты матам бар эле, аларды үйгө берип жибердим да, Токтогулду ээрчип кете бердим.

Үч-Терекtин аягында сокучу деген бир урук эл бар экен. Мен билбейт элем, Током тааныйт экен.

Өйүзүнө өтө албай калдык, кеч кирип баратат, ушул айылга конуп алалык. Эртең эрте барабыз,— деди Током. Бастырып бара жатсак, беш-алты үй турат. Бир

чоң кара үйдүн жанында беш-алты кемпир отурат. Туш туштан туурдук түрүп шыкаалаган келиндер. Барып кемпирлерден сурадык:

— Байбиче, бул үй кимдики?

— Карымшактыкы.

— Мында эмне бар?

— Жоро бар. Жорокечтер бозо ичип жатышат.

Током ичпейт. Мен бозону укканда эки көзүм төрт боло түштү.

— Ырдайлыбы, Токо — дедим?

— Ырдаса ырдайлык, ушул үйгө экөөбүздөй ырчылар келип ырдады дейсиңби. Сен жакшылап баштап бергин, аркасын мен жабыштырайын,— деди Током.

Үйдүн жанына тура калып экөөбүз алым-сабакка салып ырдап кирдик. Биздин үндү укканда, чуулдаган эл жабыла эшикке чыгып, жарданып тура калышты.

— Айланайын Токо, сени кудай жеткирди бүгүн бизге. Бу туугандарыңыздын көргөнү бар, көрө элеги бар,— деп аттан түшүрүп алышты.

Карымшак өзү белдүү, айлына кадырлуу, азамат жигит экен.

— Балдар, мен коногумду күтөйүн, силер шашпай жай келгиле, Токомдун тамашасын угабыз,— деп элди таратты.

Чакырбай деген бир байы бар экен, ошол байдан Карымшак карызга бир козу сурайт:

— Коногуң бар беле?

— Ооба, конок келди эле.

— Ким эле коногуң?

— Токтогул ырчы бир киши менен келиптир, биздин жорочулар түшүрүп алып кондуруп калдык эле,— дейт Карымшак.

— Кагыраган томаяктар, ырчыны силер ырдаткыла, союшун мен берейинби?— деп Чакырбай кой бербей коёт. Дагы бир жорокердин бир козусу бар экен, Карымшак ошону алып союп, этти салып койгондон кийин:

— Токо, бу заман сүткордун, байдын, жемекейдин заманы болду го. Мен Чакырбай байдан карызга бир козу сурап барсам бербей койду,— деди.

— Сокучу Чакырбай дегенби?— деп сурай калды Токтогул.

— Ошол Чакырбай!— дешти.

— Ал болсо, сүткор деп уккамын,— деди Током.

— Ооба, бети курсун сүткордугунун! Сокучу деген элүү түтүн элбиз. Ушул элдин жилигин үзгөн — Чакыр-

бай: жаздан күзгө, күздөн жазга которуп, акчасын туудура берет,— дешти.

Тамак жеп болдук, эл келди. Током чапан, чепкенди чечти: тебетейди алып коюп, топучан. Күрмөнүн жеңин карысына чейин түрүнүп, чыкчыйып мандаш урунуп отурду да:—«Тер чыгараар терс кагыш», «Кызытаар кыз кербез», «Боз жазаар ботойлордон» баштап силерди талыкшытып алып анан ырдайын!— деп комуз чертип отурду.

— Токо, биздин Чакырбай байдын кайрымсыздыгын, сүткордугун бир айтып бергин — дешти эл. Ошондо элдин суроосу боюнча Током Чакырбайды мүнөздөп, элдин табасын кандырды. Аркасында чубуртма обонун салып, терме ырынан ырдаганда, баштагыдан да артыгыраак кубанышты.

— Токо, эми сиз мындан кийин келесизби келбейсизби. Келсеңиз дагы күтүп аларбыз. Сизден өтүнөрүбүз: Шыбырда жүргөндөгү сөздөрүңүздөн бир айтып берсеңиз. Ошону ар кимден угуп жүрдүк эле. Өз оозуңуздан бир угууга талабыбыз бар эле,— дешти отургандар. Токтогул бир чыны чайды ичип, комузун оңдоп күүлөп алып, Шыбырда жүргөндөгү «Элиме качан кетемин» деген ырын мундуу обонуна кошуп ырдады. Токтогул ушул арманын кайгылуу обон менен мундуу күүгө кошуп айтты эле, кемпир-абышкалар жана башкалардын алды ыйлап, аркасы муңайып жашып отурду. Токтогул өзүн сүйгөн элге утуру сөзүн жаңыртып, элди кызыктырып отурчу. Мисалы, карыга карыдай ырдачу, жашка жаштай, ар кимдин мүнөзүн жана кылган кесибин айтып ырдачу. Жашынан жетилип келе жаткан акын боло турган балдар болсо, анын көңүлүн көтөрүп, жүрөгүн курчутуп, кээде жол көрсөтүп мактап ырдачу эле...

Кийинки жылы Анжыян аралап бардык. Той көп экен. Чоң той болуп калды. Маман деген бир дыйкандын Акбайпак деген күлүк аты чыгып келди. Сайган байгеси эки миң сом, эки миң түп терек, бир ат арабасы менен, эки өгүз буурсуну, октотиштиркечи менен экен. Током экөөбүз Маманды Акбайпагы менен кошо мактап алымсабак ырдап кирдик.

— Түш, балам! Атыңдын ээрин ал, мына бу акындарга беремин. Мындай атты эртең эле сатып беремин,— деди Маман. Уулу түшүп ээрин алды, Током да түшүп токуна баштады да:

— Балам, Калык, аттын ээр-токум, жүгөн-куюшкасын уйкалыштырып эле, «Токтогул» дей бер, дагы бир

сыйра. элге күлкү салалык — деди. Ошондо Током айткандай кылып улам бирине ыңтайлап баштасам, Током уйкалыштырып отурду.

Током ырдап, күү чертип же башкача тамаша кылып отуруп чарчаган кезде эшикке чыгып кетсе, отургандардын бири да эшикке чыкпай Токтогулдун келишин күтүп отура беришчү.

Токтогул кыргыздын жомогун эң мыкты билчү. Өзбекче, казакча, дунганча, татарча, орусча ырдап, күүлөрүн чертип, үнүн кошсо, ошолорду туураса — эл күлкүдөн кутула албай кубанат эле. Андан башка ырчылар ыр билсе — комуз билбейт, комуз билсе — ыр билбейт, ыр, комуз, жомок билсе — шумдуктуу, күлкүлүү тамашаларды билбейт эле. Ошон үчүн Токтогулду эл абдан жакшы сүйө турган.

Током ырдап жатканда, отурган элдин баары: «Баракелде, Токо! Ырыстуу элге ылайык жаралган булбулсуң да»,— деп кубанып отурушар эле.

## АТА-БАЛА БОЛУП КАЛЫПТЫРБЫЗ

Азыркы Токтогул районундагы Ач-Чийдин базары жаңыдан ачылган. Ата-энемдин, ага-инимдин бир сыйра кийимин камдап берип, Нарынга кетейин деген ой менен Ак-Чийдин базарына бардым.

Базардан алган буюмдарды үйгө берип ийип, конуп алайын деп ошол жерден тааныш киши издедим. Кулуке уста дей турган тааныш киши бар эле. Үйү базардан алыс болсо да ошо Кулукеникине кондум.

Мени көрө элек кишилер сонуркашып, көп чогулушту. Келгендерге эрмек болуп ырдап атсам, эшиктен Токтогулдун үнү шаңк дей түштү. Мени Кулуке устага конду деп угуптур. Ышкылуу эр киши мен үйдө ырдап атсам, кулакка сиңип калган булбулдун үнүндөй үнү менен аттан түшпөй туруп, ырдап коё берди:

Калың кыргыз элиңе,
Кабарың чыкпай кетти эле.
Качып жүрсөң мейли да
Кайрылбай коюш эп беле?
Канатың сабап ырдайсың?
Кайдан келдиң жаңырып?
Боордош деген элиңе,
Болбос иштен чалынып,

Бурулбай кеттиң эмине?
Өөдөтөн келди деп уктум
Балам, өнүп-өскөн жериңе.
Балапан кезден жем берип,
Баккан Калык, дениң сак,
Аман-эсен жүрүбү?
Кулуке уста үйүндө,
Калыгыма көрүшүп
Каргадай кезде жем берген
Кол кармашар күнүмбү?
Калыгымдын үнүбү?
Кара жаның саламат,
Калыбынча жүрүбү?
Каркылдап топко ырдасаң,
Балам, калк жактырган түрүңү?!
Жамандыкка эр жигит,
Чыдагандай чыдасын.
Кадырыңа эл жетсе,
Балам, карганча кызмат кыласың.
Кабарың чыкпай кетти эле,
Балам, кайдан келип турасың?
Караңгы түндө болсо да
Кадимки Токоң кезикти,
Балам, кадырыңды сурасын?..

Кадырлуу Токомо карата ырдаганым:

Дабырты чыгат эшиктен,
Даңазалуу жоргонун.
Кайдан билдиң Токтогул,
Калыктын мында конгонун?
Барчындай үнү шаңшыган,
Булбул болуп таңшыган,
Ашка-тойго ээрчитип,
Акын кылган жашыман
Атамдай Током үнүбү?
Адамдын баарын кубанткан,
Акындын чечен тилиби?
Ай караңгы түн болсо,
Ат үстүндө эшиктен
Током, тааныдың кантип иниңди,
Атамдай Током, мен мына
Атыңдан түшүп үйгө кел,
Сайрачу булбул келди деп,
Токо, самап турат мындагы эл!

Эшикке ыргып чыгып Токомо көрүштүм.

— Токо, жүрүңүз, үйгө кирип отуруп экөөң анан датташкыла?— деп, Кулуке Токомду үйгө киргизди.

— Балам, кайда жүрүп, кайдан келдиң? Эмне эл ичинен качасың? Жамандык болсо да, жакшылык болсо да элдин ичинде болгон жакшы. Дайынсыз кетүү жарабайт. Байгазыдай залимдердин заардуу тырмагы өтпөгөн букара эл калдыбы?

Байгазы:— Абдыракманды, Кушубакты, Абылкасымды түрмөгө кестиртти. Абдыракман, Кушубак арыздашып жүрүшүп кутулушту. Абылкасым камакта — деп, эл арасындагы абалды түшүндүрдү...

Мен Жумгалга барганымдан тартып, бардык көргөн-билген окуяларымды, ар уруунун турмуш-жайын, үч дубандын тобундагы улуктардын бүтүмдөрүн, кылыктарын терип-тепчип айтып бердим.

— Манаптардын оозу оп тарткан ажыдаардын оозундай ачылып баратат. Бул залимдер малды, дүнүйөнү жеп бүтүрүп, эми кишинин этин жейби деп ойлоймун?— деп, Током башын чайкап, ошолор жөнүндөгү сөздөрдөн сүйлөп олтурду.

— Токо, эми өлбөгөн жанга эрмек болуп отур?— дешти отургандар. Токомдон башта «Кедейкан» жомогун уккан эмес элем. Ошо түнү, таң атканга чейин «Кедейканды» айтты. Эртең менен Токтогул:

— Балам, эми каякка барасың? Экөөбүз ээрчишип, ыр болсо ырдап, ыр болбосо эки комуздун боорлорун тырмап жүрө берелик? Байгазынын колунан келгенин көрүп турарбыз?— деп, бир чети күлдүрө сүйлөп ээрчитип алды.

Экөөбүз бирге жатып, бирге ырдап, кайда барсак эл курчап жүрө бердик.

Күз айлары келди. Базардын баш жагында Ак-Жар, Кайырма деген жерде, Кебекчи деген бир кедей көп коон-дарбыз айдаптыр, коондору аябагандай жакшы болгон экен.

— Жүрү, Калык, ушул жерде бир жакшы коончу бар, аныкындай коон-дарбыз Намангенден дагы табылбайт — деп ээрчитип жөнөдү.

Барсак он бешке жакын киши коон жешип атыптыр.

— Кана, балам, эми коончуну ырдайлык?— деп, өзү баштаганы:

Т о к о м:

Жакын келип, Калыгым,
Кебекчиден баштагын.

Күйүшүп ырда жаңылбай,
Балам, менден көрө жаш чагың!

Мен:

Кебекчинин коонуна,
Келдик, Токо шашпагын,
Атактуу ырчы болот деп,
Токо, алмадай көзден маштадың.

Током:

Коон, дарбызын жаңыдан,
Үзүп турган көрүнөт.
Мейман күтүп Кебекчи
Бүгүндө, түзүк турган көрүнөт.

Мен:

Дарбыз, коону кам калбай,
Бышып турган көрүнөт.
Өөдө-төмөн өткөндү,
Кебекчи кызыктырган көрүнөт.

Током:

Коон, дарбыз жемекке,
Эл келгенин карачы!
Баба-дыйкан Кекеңе
Дем бергенин карачы.

Мен:

Ой-санаасы дыйкандын
Кең келгенин карачы.
Жер байлыгы бапырап
Бергендигин карачы.

Током:

Коон менен дарбызды,
Тигилер, сагынып келген эл окшойт.
Сага бирди калтырбай,
Алар сабагы менен жеди окшойт.

Областтык китепкананын
АБОНЕМЕНТ БОЛУМУ
Инв. № 51157

Мен:

Калык менен Токтогул,
Какшанса, бербе деди окшойт.
Карачы, Токо мүнөзүн,
Буларың, кабыгы менен жеди окшойт.

Током:

Карап койбой сугунат,
Карды ачканы эп окшойт.
Карындары ач эмес.
Булар, кара мүртөс неме окшойт.

Мен:

Бул жеши менен буларың
Бизге бир коон койбойтко.
Уругун койбой жешсе да,
Кебекчи, ушуларың тойбойтко?

Током:

Кабагың ачык болбосо,
Кебекчи, кайрылып киши келеби?
Конбойбуз, кайта кетебиз,
Коонуңа келдик жегени.

Мен:

Отургандар жаңкы ырды
Ойлоруна албасын.
Көбүрөөк ырдап ийдикпи,
Көңүлүң бизден калбасын!

Токтогул экөөбүз ырдап атканда жоон топ кишилер келишти.

Алар Ыса болуш баштаган арым элинин жакшылары экен. Алар да аттан түшүп коон жей башташты.

Ыса болуш чулуйган семиз, көздөрү бакырайган, нооча бойлуу отуздар чамасындагы дулдуйган неме экен.

— Токтогул, сен биздики жакка жологуң жок, ээ? Сага сарттар менен багыштардан башка элдин кереги жокко? — деди.

Бул сөздөн Сибирден качып келген Токтогул эмес, менин да жүрөгүм түшүп кала жаздады.

— Болуш, эмнеден Сибирге айдалып кетишимди,

эмне болуп келип, эмне күндө жүргөнүмдү бул отурган элден жакшы билесиң. Жүрөк бар, бир чети коркуп, бирөөгө зыяным тиеби деген пикирди ойлоном. Кара кийген катындай, калың элге батынбай, жүргөн себебим ушу билсеңер... Бирок качуу да токтолоор.— Током тунжурап унчукпай калды.

— Ырас, кайран Токтогул өзү айткандай болуп жүрөт. Токтогул эл үчүн жаралган булбул эмеспи,— дешип отургандар жаалай сүйлөштү.

Ыса көзүнүн төбөсү менен карады:

— Токо, бул балаң кайсы бала?

— Бул Калык ырчы деген бала. Мага учурашканы келиптир?

— Калык ырчы? Баягы Байгазыны жамандап ырдап, Калык деген бала ырчы качып кетти деди эле, ошол Калык болбосун?— деп сурамжылады болуш.

— Ооба, ошол Калык ырчы ушул!— деди Током.

Алар аттанып кеткенден кийин, жанымдагыларга кайрылдым:

— Ыса болуш артыкбаш сүйлөбөгөн салмактуу киши го?

— Ой, балам, бул кылкыйма, анык желмогуз — деди Током.

Олтургандардан Ыса болуштун калыстыгын, тактыгын, чырга көп жүрбөй тургандыгын айтып макташкандар да болду.

— Ак кой, кара кой — баары бир кой да. Силер мактаганыңар менен, орун-очок алгандан кийин ач карышкырдай жулунуп, азуусун бычактай бүлөп чыгат. Манаптардан эч жакшылык болбойт. Эми, кокусунан менин башыма бир иш түшөөр болсо көпчүлүк элден айтсын. Мага элдин боору ачып толгонот...

Током мени үйүн көздөй ээрчитип жөнөдү. Күн батаарга жакындаган кез. Чолок куйрук, бооз чаар бээ минген, эски түлкү тебетейчен, жыгач үзөңгү теминген, колунда ак саптуу май жөргөм өрүлгөн камчысы бар, жапыракай бир киши жыгып алчудай ыкчамдап келди:

— Токо, амансызбы? Балдарыңыз жакшы турабы?— деп, учурашып турду.

— Токо, биздин үй жакка барып конуп кетиңиз? Жаман Жоомартыңа алдын келишинче тойчук кылдык эле. Сизди келип калар деп, биртике эт сактадым эле...

Көрсө бул Жоомарттын атасы Бөкөнбай экен. Жамаатындагы элдин баары келди. Токтогул аттан түшкөндөн

кийин, айры сакал Чынаалы деген айыл аксакалы жана жакын агалары бар экен, чакыртып алды.

— Токтогул, бул чоочун балаң кайсы бала? — деди Чынаалы.

— Бул, кээ манапты кордогон,
Жаш күнүнөн оңбогон,
Туш-тушунан ачылып,
Турар жери болбогон.
Кээ манапты мактаган,
Аш, той десе жатпаган,
Жамандыкты көп көрүп
Жай алар жерин таппаган...

Жаагы жок Калык ырчы деген ушул! — деп Током жобурап коё берди. Токомдун жамагына күлбөгөн киши калбады.

— Кана, балам бул эл менен таанышып, өзүңдүн эмне болуп жүргөн жөнүңдү түшүндүрүп ырдап бергин? — деди Током.

Комузду күүлөп, обонду кошо салып баштаганым:

Токо, бул отурган кары-жаш,
Ага-тууган элдериң.
Акын Калык бул элге,
Айтып ырдап бер дедиң.
Ата ордуна карманып,
Токо, алыстан сиз деп келгемин.
Кең Жумгалда — Кара-Ойдун
Айлында өстүм жашымдан,
Казанын асып, от жагып
Караталда чоңойдум.
Канкор болуш Байгазы
Кагылайын десе да,
Кантип ага жолоймун?
Сезимдүү чыйрак бала элем,
Сегиз жаштан ат чаптым.
Үйрөнө баштап эмгекке,
Үйгө келсем от жактым.
Жетиштирбей жардылык,
Жашымдан өттүм малайга
Жаш чемирчек кайрылып,
Жан бактым жатып сарайда.
Жетимдиктин зарпынан,
Жетишпедим далайга,

Бүгүн насип буюруп,
Бөкөнбай сизге конупмун.
Токомдон үлгү жол алып,
Торгойдун бирөө болупмун.
Токтогул ырда дегенден,
Токтой албай оолуктум.
Жазык тартып ырымдан,
Далай жамандыкка жолуктум
Жанагы эскертип Током айткандай,
Баспаган жолду баскамын.
Ат ордуна жөө жүрүп,
Далай ашпаган белди ашкамын.
Манаптан кордук көп көрүп,
Силердей дыйкандарды мактадым,
Кыдырып элди аралап,
Кызыл тилди тактадым.
Байгазыдан зар көрүп,
Балапан кезден аксадым.
Он эки ай түрмө кескенде
Ошондо Жумгал качкамын.
Таарынчы өтпөй, убайым,
Тартып жүрөт жаш жаным.
Киндик каным төгүлгөн
Жериме качып баргамын.
Оодочекти, өзөктөш
Элиме качып баргамын.
Көрүп келдим аралап
Кочкор, Жумгал жерлерин,
Канатташ жаткан элдерин.
Бурулушта кең жайлоо,
Булагы сайын кырчын тал,
Суусамырдын аймагы,
Суусу шекер, чөбү бал.
Казак, кыргыз жайлаган,
Жайыты толгон чарба мал,
Желпилдеген шиберге
Желелеп кулун байлаган.
Гүл ачылган төрлөргө,
Субайлары жайнаган.
Суктанат адам көргөндө,
Суусамырдын төрлөрүн.
Оюма түштү айтайын,
Ошол элдин өрнөгүн.
Аралап жүрүп бардыгын,
Ашта, тойдо көргөмүн.

Адамды ызат кылышкан,
Адетине кубандым,
Туз насиби буйруптур.
Турдум Жумгал бооруна,
Туш болдум кайра тарталбай,
Мырзабектин колуна.
Алып барды Мырзабек
Үч өйүздүн тобуна
Манаптардын сыязда,
Эл жегенин кордодум.
Элге теңдик — болуш, бий
Бербегенин кордодум.
Жегендерди кордойм деп,
Акыры өзүм шордодум.
Кийимдин баарын өрттөтүп,
Жигитинен тепки жеп,
Өзү ырдатып, өзү урган
Бу кордугу эппи деп,
Током, ырдап бер дедиң,
Тууганга барган жөнүмдөн.
Тең курбум Жунуш айла таап,
Куткарды суу өлүмдөн.
Залимдердин кордугу,
Кантип чыксын көңүлдөн
Байгазы менен Мырзабек,
Башыма салган кордугу
Токо, өлсөм да кетпес сөөгүмдөн...

Током ырымды күлүмсүрөп угуп олтурду.

— Токо, сени кудай куру жараткан эмес экен. Бул баланын ырга оозу эптүү, тили жүгүрүк экен. Муну ырас таап алыпсың. Качантан бери билесиң баланы? — деди Чынаалы карыя.

Токтогул:

— Чыке, бул баламдын жайын сизге түшүндүрөйүн. Мен Сибирден келгендин кийинки жылында, элди сагынган экенмин, Үч-Терек элине барып Ничке-Сайда Жанаалы теңтушумкуна барып конуп калдым. Балада ырчылык касиет бар экенин ошондо билдим. Ошол Жанаалыныкынан мага учурашып ырдаган, кийин бирге жүргөнбүз...— деп жөн-жайымды түшүндүрдү.

Ал түнү Бөкөнбайдыкына кондук. Эртеси Токтогул үйүнө ээрчитип барды. Токомдун тамы Сасык-Жийде деген мөөндөй тар коктуда экен. «Үйдүн ашы үйгө сонун» — дегендей Токомдун айлындагылар «ырчы келип-

тир»— дешип мени сонуркап тегеректешти. Мен билгендеримди аянбай ырдадым.

— Баракелде, балам, өмүрүң узун болсун! Токтогул биади тоотуп мындай ырдап бербейт. Үйүндө ырдабайт. Биз кой союп чакырып ырдатаарга алыбыз келбейт,— дешип Токомду тамашалашып отурушту.

Эртеси Током: «Экөөбүз кеңешелик? Кеңешип кескен бармак оорубайт. Эми сен, өзүңдүн оюнда, кандай туруп, кайда барсам дейсиң? Анык ата-бала болуп калдык, сырыңды айтчы?» деди мени муңая карап.

— Токо, менин бар болгон сырым: Сизге жолугуп, жообуңузду, батаңызды кошо алып, Нарынга кетмекчи элем? Жумгалга да тура албадым. Кетмен-Төбөдө да мени калкалаар киши жок. Менин жанымда сиз, асман-жердей баркы бар киши эмессизби. Сиз дагы жалтанып калтаарып турасыз. Мен тигил манаптардын колуна тиер болсом, учкундай учуруп, өз каныңды өзүмө ичирип, өпкөмө тырмагын батырышат.

— Балам, айтканың туура. Мен көпчүлүк элдин деми менен жансактап турам, болбосо соо коёр эмес. Журт аркасынан айланайын... Ырыскулбек уулдары мага карышкырдын көзүндөй көзүн кызартып, чилдеде кирген буурадай тишин кычыратып араң жүрүшөт. Керимбай бир жолу: «Токтогулду, ага байлап далайын карматам»— дептир. Букарадан тың чыккан Аалы анын бетине чыгыптыр: «Керимбай, сенин бузуктугуң качан калаар экен? Оңолуп келаткан ишти кайра иритесиң. Тынч уктай албай жүргөн ырчыга илгерки кылганың деле жетишер. Элди дагы бир дүрбөлөңгө түшүрүп, тополоң, баштаганы турасыңбы? Колуңдан келсе кыларың ырас! Бирок колуңдан келбейт! Токтогул үчүн эл сенин кардыңды жарат»— дептир. Аалынын ошол сөзүн угуп төбөм көккө тийип, чоң кубаттандым.

— Балам, өзүң билгин? Эчки тууй албай жатып койго арачы болгондой, башымда ишим туруп сага эмне айтам?— деп ымандай сырын айтты. Ошондон кийин да Токтогулга кошулуп, элге ырдап эки айча бирге жүрдүм.

## ЖӨӨ КАЛДЫМ

Бир күнү базарда бир топ кишилер менен турат элек. Бир киши:

— Токо, сизди Ыса болуш баш болуп, Тытты-сайлык эл чакырышты. Бүгүн күүгүмдөп келсин. Жанындагы

ырчы баласын ээрчите келсин дешип мени жиберишти — деди.

— Бу кандай иш болуп кетти? Сибирден келгенимден бери эстебеген Ыса ушу бүгүн эстеп калыптырбы? Эч кандай чакыртчу эмес эле? — деп Током чыны сестенди.

— Ыса чакырттыбы? Эл чакырттыбы? — Током кайталап сурады.

— Эл чакыртты...

— Анда эмесе кеттик...

Базардан күн батар алдында чыгып жылдыз толо бардык. «Бүгүн Токтогул бир бала ырчысын ээрчитип келет» — дешип эл күтүнүп, Телтай деген аксакалынын үйүнө чогулушуп, аш-тамагын даярдашып отурушкан кези экен. «Токтогул келди» дешип дүрбөлөң түшүп калышты. Үйдө толгон киши. Үйдүн тышы аялдар, балдар, кыздарга заматта толуп кетти.

— Токтогул, өзүң Тытты-Сайга келбедиң. Токтогулду бир ырдатпадык дешип калышат биздин айыл. «Мен чакыртып ырдатып берейин» деп Ыса айтып атат эле. Эмне үчүн түндөп келсин деп чакыртты деп ойлоорсуң, Токо! Анын себеби бар. Сенин дагы душманың бар, бизде дагы душман бар. Бизден жамандык жок, эл ичинде жүрө бер. Сенин качып-бозуп келгениңди биз билип-көрбөй коюппузбу? Жан багып эл арасында жүрө берсин деп койгонбуз — деп Телтай асылды.

Чай ичилгенден кийин Токтогул чапанын чечип, күрмөнүн жеңин чыканактан өткөрө түрүнүп, чыкчыйып мандаш токунуп, ырдап кирди:

Бастырып мында келерге
Башым азат эмесмин.
Көңүлүм кирден арылса,
Келбеймин мында дебесмин.
Аңдыган мерген баратса,
Аркары качат белестин.
Айла таппай ар кимге,
Акыл салып кеңештим.
Асылган оорум айыкса,
Айылга келбейм дебесмин.
Курбудан мерген баратса,
Кулжасы качат белестин.
Куулган айла кантет деп,
Курдашыма кеңештим,
Кошулбайм элге дебесмин.

Акын болуп жашымдан,
Ат жалын тартып мингенден.
Токтогул ырчы атыгып,
Торгойдой сайрап жүргөндөн.
Күкүктүн бирөө мен элем,
Күнүгө бакка теминген.
Күүлөнүп ырдап олтурса,
Көпчүлүккө берилген,
Күнөйүмдөн куткарып,
Көңүлүмдү ачат деп
Тиледим кыргыз элимден.
Булбулдун бирөө мен элем.
Буралган бакта шаңшыган.
Акын болдум Токтогул,
Араңдан өсүп жашымдан,
Кадыр-көөнүм калган жок,
Андыктан Токоң басынган.
Карың менен жашыңдан,
Ак жеринен бир душман,
Аңдоосунан асылган.
Ашыгым жара ок тийип,
Азаптын күчүн өткөрдүм,
Алмаздай азиз башымдан.
Азат кылып алат деп,
Тилегим бар элимде,
Жаманыңдан, жакшыңдан.
Айбыгамын чынында
Айлыңарга келгенден,
Эл аркасы тиер деп
Эрмегиң Токоң демденген.
Жазыктуу кылган тарапка,
Жакын барып жатпаймын.
Байкоочу чыгар бекен деп,
Бай адамга батпаймын.
Айламды элим таппаса,
Алымды кимге даттаймын?
Бир дыйканды жакшы нээт,
Миң бузукка сатпаймын.
Көк ирим дайра көлгө окшош
Ынтымактуу — көп[1] деген,
Көпкө кара санабай
Түздүк менен өт деген,
Касташкан жоосун бет алып,

[1] Көп — эл деген мааниде.

Көп каптаса өрт деген.
Ичиңерде Токтогул,
Ошо көптүн бирөөмүн.
Кайраттанып, бирерде
Капамды жазып күлөмүн.
Калың кыргыз элимди,
Канимет кылып жүрөмүн.
Капыстан чыкса душманым
Кабынан таят жүрөгүм.
Бул коркунуч башымда,
Бүтпөй келген сүрөгүм.[1]
Айыбым бар ошондой
Андыктан топтон жалтанам.
Бетиме кармап ар жерге.
Комузумду алпарам.
Түңүлөм душман көрүнсө,
Түртөбү деп чалкаман?
Ээрчите келсин депсиңер,
Ырчы Калык баланы
Ала келдим аркаман.
Мен Жерге-Тал, Тыттыга
Келе албаган себебим:
Карың менен жашыңа,
Калтырбай жооп беремин.
Ырдан башка силерге,
Тиеби менин керегим?
Башы чатак кишимин,
Токтогул келбейт дебегин.
Заархантып башынан,
Залимдик менен элди жеп,
Карматып ийсем Сибирден,
Кайра качып келди деп
Аңдып турат душманым.
Алыстан сүйлөп келжиреп
Айласын бир күн табам деп,
Аңдып турат Атакан.
Айылына билгизбей,
Аламын деп жакадан.
Аларды угуп кулагым,
Арылбайт көңүл кападан.
Кезиксе кармап алам деп,
Керимбай аңдып кекенип.
Муңумду угар элим бар.

---

[1] Сүрөгүм — (срок) мөөнөтүм.

Муну да айта кетелик.
Коркуп жүргөн кезегим,
Коргулдарга түндө чыга албай,
Калтаарыймын шекинип.
Айтаармын дагы далайды,
Ачылбаган сыр калбай,
Жылдыздуу элдин ичинде,
Жыртылбаган ак таңдай...

Током ырынын аягында мага кайрылды:

Ээ боло албай башыма,
Элимден бозуп мен кеттим.
Ээрчиди курбу-курдашым.
Эрезеге сен жеттиң.
Көптү көрсөң оолугуп,
Көңүлүмдү дегдеттиң.
Акын болду Калык деп,
Балам кабарыңды сеземин.
Тамашаңды эл уксун,
Таңшыган Калык, безегин,
Таңдайыңды таңшытып
Тааныла турган жубарымбек
Табасың ырдын эсебин.
Дабасы менен өнөрдүн,
Далай эл, жерди тааныдың,
Тобуңа сайрап жүрөсүң
Балам, Токтогулдун арымын?
Элирмелүү эси жок,
Ээнбаш эле Эшмамбет,
Тартпагын анын чылымын.
Кары-жашты таңдантып
Ырдап көрчү Калыгым.
Алды менен Калыгым,
Агаларга амандаш,
Жаш босоң да биз менен,
Катар өстүң замандаш.
Ойноктотуп колуңду
Балам, комузуңа жорголот.
Кыйрыңа сенин эл толот.
Кызыктуу болсо өнөрүң,
Отургандар кубансын,
Ойкуштаган жубарымбек,

Токтогул Сибирден келгенден бери бул эл анын өз оозунан ыр угуша элек. Ашка, тойго баргандары гана

кээ бир ырчылардын ырын угуп жүрүшкөн экен. Токтогулдун ырын, үнүн уккандан кийин, алар башта деле ыр укпаган өңдүү болуп, Токтогулга таңданышты.

— Бали!

— Узун жаша, Токо!..

Менин ырдаганым:

Током өзүң айткандай,
Учурашып алайын.
Уланды сөздү токтотуп,
Уңгулуу жолго салайын.
Кыюусун таап жол бердиң
Токо, кызматыңа жарайын,
Атак-даңкым чыга элек,
Азыркысын өзүм жаш.
Токтоно албай жүрөмүн,
Токо, сиздей эмес, өнөр аз,
Көңүлүмдө Токтогул,
Көрүнөсүң атамдай,
Өзүңдөй болор бекемин,
Мукактанып такалбай.
Эңсеп келдим быякты,
Элиме тынчып жата албай.
Азап тартып, кыдырдым,
Анжыян менен Арканы,
Аздыр көптүр көргөн эл,
Көмөкөй күчүн байкады.
Баштан өткөн турмушту,
Баяндап бир аз айталы,
Чаначтагы чалаптай,
Токо, көрбөдүм ырга балбанын.
Өнөрү күчтүү өзүңдөн,
Токомо кайта барсам деп,
Дитимди дайым арнадым.
Токо, Байгазы жаман чайкады.
Акыры өзүң билесиң,
Токо, акындыктын салмагын
Токомду издеп Жумгалдан,
Элине келдим акындын.
Эсендешип мынакей,
Эрмеги болдум баарыңдын.
Токтогул, Калык келсин деп,
Торгойлор сайрап берсин деп,
Мен, насип буюруп таанылдым.
Тобу менен чакырткан,

Топ агайын табылдың.
Аралап көрдүм аз күнү,
Калың сарттар, багышты.
Жазык тарткан ырынан,
Ырчы элем мен да алыскы.
Байгазы заарын салбаса,
Мен барат белем Жумгалга,
Пайдасы тиер бекен деп,
Пааналап бардым тууганга.
Көрүнсө кармап алам деп,
Көкүмбай уулу кууганда.
Жылкысын тийип алгансып,
Мырзабек көркоо урганда.
Качып келсем кайтара,
Калкалап алып каларга
Менде белдүү тамыр жок,
Коңур-Өгүз, Жумгалдан,
Мен көрбөгөн жабыр жок.
Бирөө кууса артыңдан,
Бирөө коргоп калышкан,
Элиң жакшы турбайбы,
Эркелетип багышкан,
Калкалап кара башымды,
Мен качып келдим алыстан.
Көптүн күчү көл болот.
Ташкындаса күрпүлдеп,
Толкуган элиң дем берет,
Токтогул ырдап жүрсүн деп.
Менин да көөнүм ачылды,
Ызат кылган калкыңа.
Кимиси болсо келгин дейт,
Жеткени ошол баркыңа.
Айлакер болот ушул эл,
Токо, ажалдан башка дартыңа
Жети-Суу менен Жерге-Тал,
Жериңди көрүп кубандым.
Жергелүү саяк, көп сарттар,
Элиңди көрүп кубандым.
Жамандык түшсө башыңа,
Жардамы болот тууганды.
Кезегинде аралап,
Келип-кетип турармын.
Келе албасам Токомдон
Эл аманын сурармын...

Мен ырдап бүткөндөн кийин Токомдун башка тамашаларына өтүштү. Токомдун элди күлдүрө турган шумдуктуу сөздөрү болот эле. Эл күлкүгө карк жыргап олтурушту.

Токтогул отургандардын суроосу боюнча айдоодо жүргөндө элди сагынып ырдаган ырларын да муңдуу үнү менен ырдап өттү. Токтогулда бир жакшы адет: көптү көргөндө, топко киргенде, күүлөнүп ырдаар эле. Ал күнкү ырдашы көзүмө башкача болуп көрүндү, адам таңкаларлык ырдады. Обону шаңкылдап, улам эргип, элди таңдантып ойкуштанып, улам күчөп, эч нерсе капарына албай жайнап ырдап атты. Мурда Токтогулдун ошол күнкүдөй ырдап, укмуштай тамаша салганын көрө элек элем.

Олуттарынан козголуп же көзү уйкуга кеткен бир киши болбоду. Эл үйдүн ичи-тышына батпайт. Токомдун тамашасы менен таңдын кандай атканын билбедик. Ал түнү мага жол тийбей калды.

— Бул ага-тууганың кетирбейбиз. Бүгүн дагы коносуңар. Калык ырдабай калбадыбы — дешти.

Эртеси дагы кондук. Эл кечөөкүдөн эки эсе көп.

— Токо, бүгүнкү кезек баланыкы!— дешти.

— Оо, бул жубарымбекти көрөсүңөр. Алды кийинин арытып, жаш башын жамандык менен карытып койгон. Жер жүзүндөгү жети тапандын жемекей тапаны эмеспи — деди Током тамашалап:

— Кечеги күндө бул эл менен учураштың эле, бүгүн кычылаш. Эриксең эшикке чыга калып, кыз-келин менен чымчылаш. Бүгүн, балам, сенин кезегиң тынчыбас?

Эл дуу күлдү.

— Эми балам камынгын, эңсеген элге таанылгын. Суусунуңду кандырдым. Бүгүн алыс чабылгын!— деп, жамактатып, элди жооткотуп бир топ убактыны өткөрдү.

Мен ал түнү мурда ырдалып жүргөн ырларымдан ырдадым...

— Ыракмат, Токо, бул балаңыз да жаакта жок экен — дешкендерине, Токомдун мага бурган көңүлүнө, ыкмасына мен да аябай кубандым.

Эртеси күн көтөрүлүп калганда Ыса болуш бастырып келди:

— Токо, мындан ары келип кетип жүргүн. Мен Керимбай эмесмин, адамдын убалынан, адамдын акысынан коркпогон. Биз дагы өзүбүзчө элбиз. Эмки сөз: сизден суранарым, эби келсе Калык балаңызды бизге берип

кетиңиз. Куугунтук жеген бала экен, биз батырып алабыз — деди.

Током көпкө унчукпай турду да:

— Мен бул баланы кантип бийлейм. Өзү менен сүйлөш...

Эмнегедир Ыса болушка имерилип, анын сөзүнө ынандым. Током: «Каалсаң кал, анан көрө жатарбыз» — дегендей ишарат кылды. Чынында болуштун тилин албай, экөөбүздүн ээрчишип бастыра бергенибиз кыйын болот эле.

Токтогулга коштоштум. Ошол Тытты-Сай айлында беш үйлүү өөдөчектин уругунан бар экен, ошолорду тууган кылып ымалалаштым. Көп убакыт өтпөй тели-теңтуш, курбу-курдаштуу болуп, эл менен жуурулушуп кеттим.

Ошол жылдын жай айларында, Таластан Сарпек деген Ыса болуштун жээни келиптир, Ыса болуш коноокторго эрмек болуп берсин деп чакыртыптыр.

Күн-түн дебей ырдап, комуз чертип, болуштун коноктору менен үч күнү бирге болдум. Төртүнчү күндө алар жөнөмөк болушту.

— Бул жээндин дагы дос, душманы бар. Биздин дагы дос, душманыбыз бар. Душмандын угарына, туугандын көрөрүнө жакшы. Сарпектин өзүнө жакшы ат мингизип, сүлөөсүн ичик кийгизип, алты кишисине алты ат мингизели — дептир Ыса болуш.

— Калыктын атын Сарпекке мингизгиле — деди, Ыса болуш коноктор аттанаарда эч сөз жок эле:

Мен сөз айта албай оозумду ачып туруп калдым.

— Калыкка атынан жакшы ат беремин — Ыса менин көңүлүмдү уламыш этти. Ээриме жөлөнүп ыйламсырап отурдум, эч кимдин иши жок. Атымды санасам ичим тызылдап күйүп кетет. Мырзабектен качканда үч күндүк жолду бир түндө баскан эле.

«Булардын билармандарынын биреөнө бир ооз айтайын да, ээр-токумумду көтөрүп кетейин» — деп ойлоп Телтайга кайрылдым:

— Бул Ыса болуштун мага эмне кылганы? Атымдан ажыратканы кандай? Жок дегенде: «Калык, сенин атың ылайык, ошону Сарпекке берели» деп бир ооз айтпайбы. Эр деп этегиңерди, нар деп буйлаңарды кармап келбедим беле? Менин силерге алдыңарга ырдагандан башка эч айыбым жок эле го, Телтай аке? Мен бетме-бет туруп кордогон Байгазы дагы алдымдан атымды жыккан эмес. Кордукту ушинтип көрмөк экенмин — дедим.

— Сенин өзүң менен сүйлөшүп алган экен десе? Болбосо баятан айтсаң болмок экен? — деди да Ысанын үйүнө кирди.

Булар эмне дешер экен деп, ыкчамдап басып барып тушунан тыңшай калдым.

— Ыса, сен Калыктын атын өзү менен макулдашпай берип ийгениң жакшы болбойтко. Өзүбүздүн тургулуктуу элден эмес, сый кишини сырт бүтүм кылып атсыз таштапсың.

— Калыкка атынан жакшы ат беремин. Капаланбай тура турсун? Азырынча ат которуп мине турар...

— Бул мүнөзүбүздүн барында тыштан келген киши эмес, ички айылдардан ажырайбыз! — деп, Телтай эшикке чыкты да, аттанып кетти.

Молдоке деген ырдай коё турган, дыйкандын баласы теңтушум бар эле. Бир топ киши менен олтурган. Жалгыз үңкүйгөн мени чакырды:

— Калык, бери кел. Сен жөө калбайсың. Теңтуштун жазыгын теңтуш тартат. Сен жөөлөгөнчө мен жөөлөйүн! — деп, сопол куйрук чаар атынын ээр-токумун шыпырып, ага менин ээримди токуду. Өзү ээр-токумун таңып: «үйгө түшүрүп кой» — деп мага учкашып алды.

Бул жерге туруктуу болоорума ишенип, ар кимден чөп, беде сурап сукулдабай өзүмчө тың оокат өткөрөйүн дегем. Там салып, беде айдап, тегерете ноолу курчап, бак тигип, оокат жайга жакшы кийлигишип калдым эле. Тору аттан ажырап калганымдан кийин оокатка көңүлүм келбеди. Ошол жылы аял алган элем.

— Беде чөп, бактарың сугарылбай турат. Өзүң үңкүйүп үйдөн чыкпайсың. Өлбөсөң бир ат табылар, башыңан садага! — деп, аялым мага кайрат берди.

Тытты-Сайга Токтогул да катташпай көңүлүм ого бетер бузулду. Сыр билгизбей жаяңдамыш этем.

«Калыктын атын Ыса болуш жыгып, бирөөгө берип ийиптир» — деген сөзгө чоң намыстанам. Кайда барам?..

## КАЙРА ЭЛЕ ТОКОМДУ ЭЭРЧИДИМ

Комузду белиме чалып, Узун-Акматты карай туура жолго салып, Токомкуна бардым. Барсам Током үйүндө жок.

«Токтогулду көрдүңбү» — деп көрүнгөн кишиден сурап жүрдүм. «Токоңду Сагызгандыдан көрдүк» — дегенди элден угуп алып:

Союл куйрук, соп желме,
Мунун баасы жүз теңге,
Бир жорголоп, бир басып,
Кыялданат мингенде.
Молдоке досум берген ат,
Таалайыма келген ат,
Басыгынан адашып,
Бирериңде желген ат.
Жалгыз атын мингизген
Молдоке досум өзү март...

деп ырдап, Узун-Акматтын узак жолуна түштүм. Жогоруда айтканымдай азыраак жерге жорголоп, андан адашып калса басып, басыктан адашса желип, локулдап азапты берип жүрүп отурду чаар ат. Сагызгандыга бардым. Току м Жээнаалыныкында экен. Аттан түшүп олтургандарга саламдаштым, ал-жай айтыштык. Жээнаалынын уруусу саяк, саяктын ичинде өөдө чектиден экен. Мага тууган чыкты.

— Иним Калык, сенин кабарыңды Токомдон угуп олтурдум эле, ырас келдиң.— Жээнаалы кубанычта болду. Ал күнү ошол Жээнаалыныкына кондук.

Током кары, мен жаш болгонум менен, теңтуш болушуп эле алым сабак айтышып, элди күлдүрүү үчүн чымчылашып, чырдашып, андан ары кычылашкансып эрмек болуп олтурдук. Биз уктабасак эл да уктабайт.

Томкомду эртең менен окчун ээрчитип чыктым да, ат жөнүндөгү иштин жайын айттым.

Током кабагын бүркөп олтуруп укту:

— Булар тукуму менен таш боор, кара ниет канкорлор эмеспи. Кайгырба бир ат башыңдан садага. Ырас кутулупсуң. Баягында мени ээрчип жөнөсөң мындан жаман болмок... Көптүн наалатына калган желмогуздардын кылыктары ошондой.— Током катуу күрсүнүп алды. Кудай көпчүлүк элди кууралдан жасап, мыкаачыларды алтындан жасаптырбы? Биз да адам баласыбыз. Залим падышанын заманы астын-үстүн болор убакты да келээр. Ырыскулбекти «Бешкаман» деп бекерге ырдапмынбы. Жалгыз эле Ырыскулбек уулу эмес — Ыса, Сапар, Кайназар өңдүү манаптардын бардыгы каман! Камандан дагы жаман! Өздөрүнүн мансаптары, максаттары үчүн мени менен сени эмес, атасын дагы аябас!.. Өмүрүң бир ат менен өтмөк беле? Өлбөсөң андай тору аттан канчаны күтөөрүңдү, канчаны минээриңди билесиңби?

Аркы-беркини көпкө сүйлөштүк.

— Чай ичиңиздер — деп, бир бала келди.

Барып үйгө кирип отурганыбызда, үй ээси Жээнаалы:

— Токо, Калык уулуңуз экөөңөр сагынышкан окшойсуңар? Көпкө сүйлөштүңөр. Качантан берки сырыңар бүгүн түгөндү окшойт? — деди каркылдап.

— Бизде түгөнбөгөндөй эмненин сөзү болсун? «Жээнаалы бизди кондурарын кондурду, эми эмне берер экен. Сен ал... мен ал» болуп талашып, сүйлөшүп олтурдук...

Токомдун сөзүнө үйдөгүлөр кыраан-каткы күлүп калышты.

Биз Жээнаалынын ыкынан аттанаарда Кушубак деген чал тизгинибизден тартты:

— Токо, биздин айыл жакка да барып, ага-инилериңизге учурашып, бул балаңызды тааныштырып кетиңиз. Сиз, манаптар качкын деп кармап берет деп Таласка, Чаткалга, Аксы жакка кетип калат экенсиз. Сизди кармай албайт манаптар! Арым болушу үч миң үйлүү эл! Манаптардын, болуш-бийлердин чыгымынан чыдай албай жүргөн жана ак жеринен күйүп жүргөн эл сиз үчүн манаптардын ташын талкан кылып ийбейби! Токтогулга кастык кылып кандай душман кол салса, ошонун кардын балыктай жарабыз! Токтогулда эмненин жазыгы бар?! Токтогул көпчүлүктүн кубанычы! Токтогулду бүткүл эл сүйөт! — деп, баарыбыз макулдашканбыз. Токо, чындыгында ошондой, эл сиз үчүн тикесинен турат!..

Кушубак жолду катар ушинтип сүйлөдү. Бөөндөй тар кокту Ултанды өрдөп үйүнө бардык. Биз барып түшөөрүбүз менен туз сураган койго окшоп чубуруп эл чогулду. Ошол топ арасындагы кишилердин Токтогулдун атын угуп, өзүн көрбөгөндөрү бар экен. Токомдун өзүн көрүп, ырын уккандан кийин: «Ой тобоо, адамдан башка экен го, ушундай дагы адам болот экен. Аман бол, Токо» — деп суктанышат.

Токомдун төмөндөгүдөй күлкүлүү аңгемелери болор эле:

Таластан ит качып, Аксыдан бит качып, экөө Кара-Бууранын белинде жолугушту дегени... Эки аккууну ата албай кала берген, апырылтып калпка көнгөн чала мерген жөнүндө...

Таластын көк ирим суусунан татып, көк токоюнда таңшыган, сары барпыны туураганы...

Жайдын күнүндө кыз-келиндердин короо кайтарып, айдын жарык түндөрүндө шарактап ойноп, шыңкылда-

шып күлгөнү менен, жылкы кайтарган теңтуштарын чакырып «ай көл оой, көйкөл оой, арам чунак беркел ой»— деп жаштардын кылыктарын туураганы...

Кырманында буудайын кызылдап коюп, бүгүн кечеси «Азырет Баба-Дыйкан берекесин берет, эртеге сузуп алабыз» деп кете берип, буудайын кыянга алдырып ийген дыйканды тууратаны...

Өзбек элинин обончу акыны Молдо Тойчу менен айтышканы...

Эки койчу жаан күнү коюн кошуп ийип« чой, чай бөлөк — чай бөлөк» дешип койлорун бөлүп ала алышпай мушташканы...

Өзү чыгарган торгой менен турумтай деген күлкүлүү аңгемеси... деги койчу, толгондору бар эле.

Өзүнүкүн гана айтпай, башка эч ким билбеген эл арасындагы куудулдардын жоруктарынан, сөздөрүнөн, Куйручуктун адамдын боорун эзген кууланууларынан, казак элинин күлкүлүү сөздөрүнөн баштап отуруп таңды атырып жиберчи, Током...

Өзү эс алуу үчүн мага кезек берип, мени машыктыруу үчүн, ар түркүн кырданткан суроолор берчү...

Ал айылда биз беш-алты күн чамасында жүрдүк. Көпчүлүк эл — толкуган жел! Токомдун шарапатынан элге толкуган кубаныч пайда болуп... баарыбыз жыргадык.

Эл бизди атказышты.

Кайра Токомдун үйүнө келдик, Током мени жөнөтүп жатып дагы акыл-насаатын айтты:

— Калык! Балам, келип-кетип жүр! Бир-бирибизге сүрөгөн аттай дем болобуз. Жакшы, таза, жаздымың чыкпай жүрсөң кимге болсо да алымдуу болосуң...

## АТТЫН АРТЫНАН

Чапан тиктирип алып, саламдашууга Токомо бардым. Током үйүндө экен.

Ал-абалды сурашып, көңүл улашып сүйлөшүп олтурдук. Айыл-апа бизди дагы курчап алды.

— Ээ, жубарымбек, эми биреөнү кордобой, жамандык көрбөй келдиңби?— дейт Током тамашалап.

Кыйыгын келтирип Токомдун эсине салдым:

Токо сиздин, мурун айткан бир кеп бар,
Түшүнсөңүз өзүңүздө милдет бар.

Үч жыл болду, унутулуп кетпесе,
Колдон кеткен Тору атты алып минмек бар.

Током:

Айттым эле Айгыр-Жалдын боюнда,
Анын ырас Арзыбайдын тоюнда.
Акын Током алып барар бекен деп
Жүргөн экен жубарымбегим оюнда.
Быйыл беле бара турган убактың,
Унутпаган укмушун көр чунактын.
Колго тийсе короз моюн Тору атты,
Минип келип көкбөрүгө чураткын.

— Машташып койгондой жамактаткан кайран эрлер — дешип Токомдун айлындагы дыйкандар карсылдап күлүштү.

— Балам, убадамдын бар экени ырас. Таласка баралык. Сарпек колу ачык, адамга жаман сөзү жок көрүндү эле. Эгер атың өзүнүн колунда болсо бербей койбос, колунан чыгып кеткен болсо биле албаймын. Сарпек Шайдылдадан кем эмес. Шайдылданын колунда экенин угуп, минтип ырдап баргам:

Мен туткунга кеткенде,
Так эки асый жылкы эле,
Жабуулап минип Токтогул,
Жаңшап жүргөн ырчы эле.
Ээсиз жетим Ак туяк,
Ээр токулуу калды эле.
Жанга өлчөлүү жалгыз ат,
Элсиз калчуу мал беле?
Жигитине Керимбай,
Жетелетип алды эле.
Кадыр кылса берет деп,
Сурап келип турамын.
Бересиңби жокпу деп,
Сынап келип турамын.

— Ээси келсе бээсин бер деген. Өлдү деген Токтогул тирүү келип бир жылкы сурасаң бербей коюш болобу? Мага Керимбай берген. Бу Ак туяк үчүн Керимбайга колко бере элекмин. Ырас болду Токтогул, Сибирден эсен келишиңе башыңды куттуктаганым болсун,— деп, атымды берди Шайдылда.

— Сенин атыңды да ошентип ырдап барып алабыз. Бел ачылып, эл катташып атат. Карылуу ат минип, капкуржунду артынып, баягы Далымбай балбаныңды ээрчитип, эртең келегой. Таластан жайлата жете турган унубузду камдап келебиз...

Током экөөбүз Таласка жөнөдүк. Сарпек Таластын Кең-Кол жайлоосунда экен. Башта эчен курдай барып, үймө-үй таанышып калган киши экен, кары, жашы дебей Токомду ат үстүнөн көтөрүп алышты. Менин атым Сарпектин өзүндө экен. Бербесе дагы көрүп, көңүл ток болуп калды. Жал-куйругун түшүрбөй жакшы минипти. Үч конуп, төртүнчү күндүн эртеси Сарпек:

— Токо, сиз болсоңуз мурда келип кетип, Талас багытына таанылган элеңиз. Калык акынды Ыса таякеникинде көрүп тааныштык. Таласка жаңы келиши, биздин ага-туугандардын ичинде экөөңдү самап аткандары бар окшойт? Ар кимисине бир-экиден конуп кетерсиз?

— Жок, андай сиздин сырт бүтүмгө көнбөйбүз. Биз сиздикинен эт жеп гана ырдаганы келген эмеспиз. Сарпек, сизде бир иш бар, ошол ишти күтөбүз? Ошол иш орундалса, эмне десең түтөбүз.

— Айтыңыз? Колдон келер иш болсо тартынбайбыз, Токо?

— Сизден бир жылкы сурап келдим. Жер тиктетпей ошону берсең болду? Бизге каркыра саясын! Ыса таякең зордук кылып, өзүнө бир ооз айтпастан, сага мингизип ийген Тору атты кайта Калыкка мингизсең каркыра сайганың ошол! — Током жалпак тил менен жайгаштырып дагы толгон сөз айтты. Сарпек Токтогулду карап турду:

— Токо, сиз мени арзан куткармак болдуңуз, бир ат менен. Менин оюм башкача эле. Мага Тору атты Ыса бергенде Калык ырчынын аты экенин, сүйлөшүп ыраазы кылбай бериптир деп ошондо эле уккамын. Калыктын биз үчүн төрт күндүк кызматы бир аттык болгон. Ошондо эле Калыкка бир ат берейин деп «андай март болсо үйүнө барганда берсин» деп, Ыса таякенин оюна кетеби деп токтогом. Калык таякенин аты жакшы ат. Өгүнчөрөөк Олуя-Атага минип барсам ар ким-ар ким көрүп, кызыгып сурашты эле, Колдон кетелекте келгениңер жакшы болду.

Сарпек Тору атты мага токутуп берди.

Эми көңүл тынды. Биз дагы эл аралап, үч-төрт конуп кайра үйүбүзгө жол тарттык.

Бешберен деген элден жалгыз атчан, жалаң тончон,

Байымбет баатыр учурап калды. Кадырлаш жана тең курбу кишиси экен, Током учурашты:

— Аа, Байымбет!

— Токтогул, ат коштоп алып кайдан келатасың?

— Аттын жайын анан айтамын. Жүрү үйүңө, эртерээк баралы. Эки кап ун керек. Бизге башкандын керети жок!

Байымбеттин айыл-апасы чогулуп, таң атканча экөөбүздү аябай ырдатышты.

Эртең менен эки атка ун жүктөтүп, Байымбет бизди узатып, коштошуп кала берди.

Ат жетелеп, ун жүктөп үйгө бардым.

Кийик аткандын белгиси баш байланган дегендей, тотукуштай Тору атка ак жабууну жаап миндим.

Телтай жолумдан учурады:

— Бул өзүңдүн атың го?

— Ооба, Телтай аксакал, Сарпек жээниңизден ырдап барып алып келдим.

— Ырас кылыпсың, Ыса аттын ээси бар экен дебестен кармата берди эле. Сен өзүңдүн кадырыңа алып келипсиң. Ыракмат Сарпекке.— Телтай да кубанды.

Ыса менен Телтайдын арасы абдан ачылган экен. Менин атымды сурабай берип ийгенден кийин Ысаныкы жакка көп барбай калган элем. Базар күндө Ыса болуш жолукту.

— Ой, Калык, бу атты кайдан минип жүрөсүң? Ууру кайындарыңа уурдатып келген экенсиң го?

— Жок, болуш, Сарпектин өзүнүкүнө барып, беш күнү конуп, Тору аттан башка ат албаймын деп, ырдап атып алып келдим.

Болуш ачуулана мага акырайды:

— Азыр жыгып алып кайта берип жиберемин!

— Ыса,— Телтай көп элдин алдында Ысаны сурдана карады: Ыса, сен бей-бечарага, айыл-апага мал күттүрүп, оокат кылдырасыңбы же жээк уйча шыпырып жеп турасыңбы?.. Жакшы ат мине албасак, өз эркибизче жүрө албасак, күйгөн эл сени менен өлүшүп калбайбы!

— Кат алып келсин. Болбосо атты алып коёмун.

— Болуптур. Ага мен милдеттүүмүн.

Телтай ошол замат кат жаздырып, өзүнүн кайнисин Сарпекке жөнөттү. «Калыкка атты өзүмдүн бергендигим ырас» деген жооп кат да келди.

## ЭКИНЧИ КАМАТУУ

Наманган үйөзү боюнча болуш шайлоо жүрүп калды. Арым элинин болушу Ыса үйөзгө көп пара берип, тилмечинин кулкунун дүйнөгө айландырып шайлоо чыгарбай коёт.

Ыса болушка каршы манаптар шайлоо чыгартабыз деп, эчен чыгым болушуп арыздашса да, үйөз шайлоо чыгартпайт. Шайлоодон түңүлгөн соң, ичи күйгөн каршылар Осмонбек датканын уулу Жуманаалыга акылдашып «Сибирден качкан Токтогулду ырдатып жүрүшөт» деп, Ыса, Төрөкелди, Ысырайылдарга байлап, Токтогулду кармоону Жуманаалыга тапшырышты.

Уюшкан манаптар эч адамга сездиришпей, Кетмен-Төбөдө билинип калат дешип, Аксыга барышып, Жуманаалынын үйүндө сөзүн бүтүрүшөт.

Ошентип түн ичинде капысынан Токомду басып калышат. «Токтогулду үйөз карматыптыр» — деген кабар эл ичине дүң эле дей түштү. Бул кабарды укканымда кулагыма бирөө темир шиш менен сайып жибергендей болду, токтоно албай ыйлап ийдим. Ичим тызылдаган бойдон Ысырайылга бардым:

— Токтогулду түндө кармап кетиптир.

— Токтогул кармалса болуш аркылуу кармалмак. Болушсуз кандай кармалат Токтогул? — Ысырайыл селдейгенсип көпкө турду. — Бул бизге кастарын тиккен душмандын кылганы.

Экөөбүз Ыса болуштукуна бардык:

— Түндө Токтогулду кармап кетиптир, ким кармаганы белгисиз...

Сураштыра келгенде Жуманаалы болуш кармап кеткендиги анык болду.

Ушуну менен Токтогулду сөз кылган, ага аракет кылган болушуң болбоду. Кабарсыз кала берди. Он күн чамасындай өттү.

Чынаалы деген набаттуу Токомдун жакын туугандары болот эле, өзү белдүү киши. Ыса болушка барды:

— Болуш, куш канаты менен учуп, куйругу менен конот деген сөз бар эмеспи. Биз дагы куштун канат, куйругунча барбыз. Биз дагы сарттар деген бир уруу элбиз, Токтогулдун комуз чертип, ыр ырдап, көңүл ачкандан башка жазыгы жок байкуш эле. Колуңдан келип турат. Мөөрүң басылып, бригабор болсо кутулат экен. Болбосо кайран булбул тутулат экен.

— Аксакал, Токтогулга менин эч кандай кастыгым

жок. Эгер мен үйөзгө же башка улуктарга каршы көрүнбөй жакын болгум келсе Токтогулду эчак кармап бермекмин. Токтогулдун азыркы кармалышы өзүндөн. Мага док кылмак үчүн кармап берсеңер «Токтогулду бошотсоң экен» деп кантип бригабор кайрылдым:

— Аке, Токтогул тууралуу бир аракет кылбайбызбы? Тыттыда Токтогул үчүн аракет кылчу ким бар?

Токтогул үчүн кеңешмекке, элге кабарлоого базарга бардык.

Кайдан жайданын, кабарды кайдан укканын ким билсин, жайнаган эл чогулду. Көпчүлүктүн мүнөзүнө караганда Токтогулду ошол эле күнү бошотуп алчудай:

— Айланайындар, эртелеткиле!

— Токтогул тууралуу убада сөздөн кайра тартканды кудай, куран урсун! Ушу батабыз урсун!

— Батада болгондорубуз эртең менен шашкеден калбай, айыл айылдарыбыздан аттуу, тондуу болуп ээрчишип келели, ушул базардан табышалык!

— Бригабор жазабыз!

— Түн боюнча үй-үйүнөн басып кирип, бий-старчылардын мөөрүн бастырабыз!

— Эгер баспайт экен ыза көрсөтөбүз!

— Жети старчы эл эки жүз сомдон миң төрт жүз сом камдайлы.

— Үйөзгө миң сом, тилмечке үч жүз сом пара берип, барган киши жүз сомун каржы кылсын!..

Ушундай дуулдаган убада менен тарадык.

Эртеси күн тие, түрүлүп-түрүлүп миңден ашык киши чогулду. Кыштактагы өзбек, орустар бул эмне тополоң деп чоочулап, анан түшүнгөндөн кийин алар да кошулду.

— Бий, болуштардын чыгымын тартып темселеп, куурап жүргүчө Токтогул үчүн мөөрүн баспагандарын өлтүрүп, Токтогул менен Сибирге кеткенибиз жакшы! — деп чоң чокойлор жулкунушса, булардын ачуусунан бийлер эмес, кошо чаап, кошо кыйкырышып жүргөн менин эсим чыкты.

Жети старчы эл — жети биргабор жазышты. «Токтогул Сатылган уулун эл ичинен биротоло актап алабыз!». Парага бере турган акчаны ошо жерден эл чогултуп жиберишти. Ошол түнү көпчүлүктүн күчү менен ыстарчын, элүү башылар мөөрлөрүн басты. Үйөзгө, тилмечке пара берип, бир болуш эл биргаборду Токтогулдун Сибирде — сүргүндө турган жериндеги улугуна жөнөттүрдүк. Көпчүлүктүн жиберген биргаборуна макулдук ко-

лу коюлуп келгиче Токтогул Наманген түрмөсүндө алты ай жатып калды...

## ТОКТОГУЛДУ ТОСУП АЛУУ

Арым элинин «Токтогул Сатылган уулу эч күнөөсүз Сибирге айдалган, аны ичибизге алабыз, актоону өтүнөбүз» деген суроосуна жооп болуп, Токтогул элине тууруга уруксат этилип, улуктун колу коюлуп, мөөр басылган актык кагаз Токондун колуна тийди.

Токтогул энеден эми туулгандай болуп, түрмөдөн биротоло бошоп келе жатканда алдынан тосуп чыккан сансыз эл бүгүнкүдөй көзүмө элестеп турат.

Током тоскон элге кол кармашып көрүшө берип чарчап суй жыгылды. Токтогул чымыр, семиз киши эле. Эми өңүнөн азып, жышылып калган экен. Кармалгандан кийин мен жетимсиреп калдым эле. Кубанычтан жүрөгүм алып учуп көңүлүм толкундайт. Тосуп барган эл курчап, менин Токомо учурашкан ырым:

Орошон оң, сол кыргыздын,
Ырдап өстүң кашында.
Падышадан куулдуң,
Күнөөсүздөн башында,
Ак жеринен кесилип,
Алмадай башың эзилип,
Айдалдың эле жашыңда.
Он жылда келдиң Токтогул.
Түндүк Чыгыш Сибирден.
Кармалып жүргөн кезинде,
Карыптыгың билинген.
Туткунда жүрүп көп жылдар,
Током, кайгыны мээге сиңирген.
Өзөктөш элдер ошондо,
Өлдү деп сенден түңүлгөн.
Аман келген жан элең,
Арылып тарткан шорунан.
Кайрылып Токо туз таттың.
Калың кыргыз тобунан.
Кутулуп келди деп жүрдүк,
Туткундун туюк торунан.
Муңайып жүрдү мындагы эл,
Булбулум Током жогунан.
Кабагың жарык ырдасаң.

Калың кыргыз жергенде
Кубанбаган адам жок,
Током, кубулжуп ырдап бергенде.
Күкүктөй үнүң муңайым,
Күндө таңшып гүл ыргап,
Аттанып ырдап турганда,
Током, айлананды эл курчап,
Булбулдай үнүң кубулжуп,
Муңун ачып элге ырдап
Тең курбуңдун бириндей,
Токо, жанында жүрдүм мен жыргап,
Санаадан башың арылып,
Саламат көрдүң элинди.
Сары ооруган көңүлүң
Санаадан бошоп семирди.
Кучакташып көрүшүп
Кубанычыңды эл билди.
Док кылды Ыса болушка,
Добулбек, Сапар тууганың.
Кайтара салды башыңа.
Каптатып кара туманын.
Тууганыңдан душмандай
Кордук көргөн убагың.
Акталдың калың эл менен,
Токо, жазасың көптүн кумарын!
Табына келген тулпардай,
Дабыртап топко чурагын!
Кутулуп эсен келгенге,
Токо, кубанычта турамын!
Байлап берген өлүмгө,
Багыштан Байзак, Тураалы,
Добулбек, Сапар кордоодон.
Көптүн күчү сынабы?
Кабарың укпай калыппыз
Калың эл кандай кылалы.
Унутпайсың Токтогул,
Урматтаган көбүңдү?
Түбү дыйкан уулунун
Түзчүлүгү көрүндү.
Күүгүм түндө аккан жаш,
Токо, күн тийип кайта кургады.
Манаптар кармап бергенде,
Калың эл карап турбады.
Эсиңден кетпес, Токтогул
Элиңдин ызат кылганы!

Токо, акталышың бекемдеп.
Келгениңди куттуктап,
Токо, балаңыз Калык ырдады!
Добулбек менен Сапарга
Ишенишиң бекер кеп,
Орнотту көптүн бирдиги,
Токо, акталышың бекемдеп.
Айыбың жокто Керимбай,
Алыска Сибир айдатты.
Ак жеринен карматып,
Аркаңа колуң байлатты.
Жамандап айтып өткүн деп,
Жалганчы күбөө, айгакты,
Мончоктоп жашың агызып,
Ботодой көзүң жайнатты.
Азап тартып он жылда,
Айланып эсен келгенде,
Адашкан булбул келди деп,
Атагың чыгып элдерге,
Көңүлүңдөн кир кетти,
Күкүктөй таңшып бергенде
Боору бурап Токтогул,
Болушаар калың эл сенде!
Өлүмгө кармап бергендей,
Кайназар, Сапар касыңбы.
Айдараалы, Ажыкан,
Алар сага кандай асылды?
Бирдиктүү элдин барынан
Биргаборуң жазылды.
Эл бирдиги бошотту,
Токо, эзилип жүргөн башыңды!
Ишенгениң Кайназар,
Имерилип келген жок.
Итике, Сапар тууганың,
Элүү тыйын берген жок.
Арам санаа Добулбек,
Ат бастырып барган жок.
Бардыгы кедей дыйкандан,
Токо, башкадан сага жардам жок!
Топ букара бошотту,
Током, сенде арман жок!

## УУЛУ УСТАТ МЕНЕН КОШТОШУУ

1914-жылдын март айында Кетмен-Төбөдөн туулган жерим Жумгалга көчүүнү ойлонуп аялыма акыл салдым:

— Сага эп болсо Жумгалга көчөлүк? Бир чети элди, жерди сагындым, бир чети бу Кетмен-Төбөдө оокат өтпөс болуп баратат. Байлар өтө эле сүткор болуп кетишти. Өзүң көрүп турасың, Кыргызбайга элүү сом карыздар болдум эле, үч жылдын ичинде тууп отуруп беш жүз сом болуптур. Мендигимден араң кутулдум. Жок жардыга күчкө-сүткө кайрылыштуу азырынча Жумгал, Кочкор жактарда аздыр-көптүр бар.

— Менин тилегим качан болсо сени менен, төркүнтөшүм бузуп атат. Алардын тилине кире койчу мен эмес. Кам санабай ишиңди бүтүрө бергин.— Аялым көөнүмдү тындырды.

— Сен кетпегин Ырысжан, жолоочуну ээрчип ит өлөт дегендей, тентиген бир ырчыны ээрчибе. Эл журтуң мында болсо сен кимди ээрчийсиң? — Аялыма бузуку-жаракы сөздү сүйлөгөндөр аз болгон жок.

— Башта Калыкка бергенде тентиген ырчы экенин көрүп-билген жок белеңер? Мен эми эрден чыгып, эшик аттап жаманатты болбоймун! — Аялым алардын тилегин таш каптырды.

— Калыкты кетпейт экен деп бергенбиз! Кетерин билгенде сенин изиңди бастырмак эмеспиз! Акыры бөлөк боордук кылып кеткени жатат!

Ырыстын агасы Сары уста келип калды. Ыраак алып чыктым:

— Саке, сиз менен жакшы тилекте, жакшы пикирде сөөк болдум эле. Сиз менен өлгөндө ажырашпасам, тирүүмдө кол үзбөймүн. Сиз жоксуз, кечээтен бери агатууганыңыз Ырысжанды бузуп атышат.

— Болбогон сөз! Ырысжанды буза алышпайт. Мен Сибирде жүргөнүмдө эле, сөөк тамырым тургай башка бирөөнүн кылына кара санабоого ант кылгам. Ырысжан экөөңдү кантип ажыратайын!

Ушинтип бузукулар калжырап кала беришти.

Токомду, айыл-апамды чакырып, ата-бабанын расми боюнча бир бээ союп, ажыраш аяк берип атат элек.

Ошондо Токомдун мени менен коштошуп, элге кайрылып ырдаганы:

Жердеп турдуң маанектеп,
Жергелүү Арым болушта.

Көчүп бара жатасың,
Тууганың Жумгал конушка.
Кош айтышып калсам деп,
Балам, обон коштум комузга.
Жан жолдошуң Ырысжан,
Жанында бирге баратат,
Жактырып алдың кыргыздан.
Ар ким сүйүп кошулса,
Ана, ошол сулуу нур кыздан.
Балам, Калык байкагын,
Баркыңды билип айтамын.
Арымдан көп эл отурат,
Агалар көөнүн жайкагын,
Эми чындап байкалды
Балам, элиңди көздөп кайтарың.
Эчен жыл турдуң Арымда.
Элиңди тапсаң эң жакшы,
Балам, дениңдин таза чачында.
Бир туз аткан жериңе,
Миң күнү салам бер деген.
Кайда жүрсөң унутпа
Канатың болот эл деген.
Дасыган жорго атандын
Балам, жаңылбаган, желбеген.
Жарданып карап турган эл
Жатындаштан жакындар.
Кайрылып келсең көргөнү,
Мында кадырлап алар калкың бар,
Өсүп-өнгөн ушерде
Өмүр кошкон жарың бар.
Биздин элге кошулуп
Балам, бир ширелген каның бар.
Албууттанып чуркагын,
Али балам жаш чагың,
Ата болуп жашыңдан
Аздыр-көптүр маштадым.
Көөнүңө түшүп эл-жериң
Көчө турган баштадың.
Аламан шашма бала элең
Ал адетти таштагын.
Өөдөсүп бирөө нытырса,
Өлөм го деп качпагын.
Алдыңда далай жол жатат,
Балам, акылыңдан шашпагын.
Ак там салып, бак тиктиң

Жерге-тал, Тытты жеринде.
Жетилгенче бир турдуң,
Санаа тарткан элиңде.
Жакын жүрүп тууганга,
Жаман экен дедирбе,
Букарага, карыпка
Бой көтөрүп керилбе.
Айта жүрөр элге деп,
Аянбай бердим демилге.
Элин таштап Ырысжан,
Эр деп кетип баратат
Балам, жаман айтпа келинге!
Балапан келип жетилдиң,
Кетмен-Төбө калкыңда.
Кадырың билээр эл менен,
Балам,кайда жүрсөң жаркылда!
Болуш, бийлер экен деп,
Боорлош болбо манапка.
Жоон бел болот түбү деп,
Жолобо эки тарапка.
Ырчылыкты унутуп,
Ырыскыңды таратпа!
Жакшы жүрүп, топ жарып,
Балам, жаш күнүндө шаракта!
Кошо жүрсөң манаптар,
Козголтпой билет сырыңды,
Андан-мындан бир сурап,
Айттырып алат чыныңды.
Акылына жеңдирип
Ала коёт ыгыңды,
Ал-жайыңды билген соң
Аябай салат чыгымды,
Басалбай башың маң болот
Бай-манаптан чырыңды.
Турган жерден көчкөндө
Туулган жерге барарсың?
Токондун айткан сөздөрүн,
Түбөлүк эске аларсың.
Тууруңан тайып баратсаң,
Балам, туз таткан элди табарсың?
Сынаакы элге коштошуп,
Сыртыңа көчүп барарсың.
Сынап айткан сөзүмдү,
Сындырбай эске аларсың.
Сыныңа толсо бу кебим.

Сырдаштыкка жараарсың!
Сындырар болсо тууганың,
Сымаптай агып олтуруп,
Сыр билги элди табаарсың?
«Элиңди тап» — деп жооп берди
Базаке, Сары кайнагаң,
Булбул болдуң жашыңда
Буралган бакта сайраган.
Ырысжан, Калык жашсыңар,
Ыргалып гүлү жайнаган.
Ырыстуу болот өлгөнчө
Ынтымактан тайбаган.
Өткөн ишке өкүнбө
Ордуна келбейт кайрадан.
Сандаалатып Сарыны,
Салты бузук манаптар,
Маа кошуп Сибир айдаган.
Адамгерчилик эмеспи
Ажыраш аяк бергениң.
Амандашып, кайтсам деп,
Балам, ат бастырып келгемин.
Ойлонгон оюң туш келип,
Орундасын тилегиң.
Кейитип бара жатасың.
Отурган элдин бирерин.
Уста Сары, Токтогул,
Унутпай эстей жүрөрүң,
От күйгөндөй жалбырттап,
Ойнор кези жүрөгүң!
Сен жаш жигит, мен кары,
Сен элең Токоң жардамы!
Сен экөөбүз ырдасак
Таңгалчу кыргыз балдары.
Томпоюп жалгыз топко ырдап,
Балам, Токоңдун ушул калганы.
Багың ачык, башың жаш
Эсиңе алсаң кат жазып,
Кабарыңды бере жүр.
Балам, деп койгон шертим бар,
Башың бошто Токоңду
Балам, бастырып келип көрө жүр.

Токтогул ырдап басылды. Мени да ырдайт деп, келгендер күтүп калды. Ата-бала болуп калган элге, Токомо коштошуп ырдаганым:

Арзып келип жашымда,
Алты жыл турдум Арымда.
Торгойдой сайрап бир жүрдүм,
Токтогул ата жанында.
Өзөктөш элге баратам,
Өзүмдүн эсен чагымда.
Бөлөктүк кылды Калык деп,
Боорлош элим таарынба.
Жети жыл турдум биргелеш,
Жерге-Тал, Тытты, Арымда.
Ашта-тойдо бир жүрдүм,
Жез тандай Током жанында.
Арзыган элди табайын.
Аман-эсен чагымда.
Башка экен турбай кетти деп
Баарыңар мага таарынба.
Жашымдан сүрөп телчиткен,
Жанашып топко ээрчиткен,
Токтогул, болдуң жетегим.
Аралатып дубандан,
Атагымды чыгарган,
Аман бол, Токо жетегим!
Өбөктөп ыйлап, өзүңдөй
Өлгөнгө бирге өкүрдүм.
Өз балаңдан кем болбой
Өкүнсөң бирге өкүндүм.
Калкым сенден суранам,
Каталык өтсө кечиргин,
Катуу тилим тийдиби,
Кары-жашың чечилгин.
Кадырлаш элим силерден
Кайтышка жооп сурайын,
Керектешпиз, өлбөсөк,
Келип-кетип турайын.
Өз каныңдан жаралган,
Ырысжан алган жубайым.
Түйшөлсө эне кубанган
Күлүп берсе кужурап
Көңүлүбүз жубанган.
Ортобузда бир кызым
Экөөбүзгө тең эрмек,
Жаркыраган жылдызым,
Уругу өскөн эл менен,
Үчөө болду бир башым,
Абдыгул, Касым, Өктөмбек,

Аман бол курбу сырдашым.
Ажырашып көчөөрдө
Акынын Калык ырдасын.
Аман бол Саке көргөнчө.
Сиз болсо бизге кадырлаш,
Бир жатындан төрөлгөн,
Ырысжан сизге карындаш.
Өткөн өмүр, чыккан жан,
Өкүнгөн менен табылбас.
Өмүрчү менен Ысмайыл,
Экөө тең биздин кайындан.
Өнүп-өсүп баратам,
Өзүңөрдүн айылдан.
Келипсиң көрүп калышка,
Көңүлдөш элим куралып,
Жүзүңөрдү көргөнгө,
Жүрөгүм турат кубанып.
Телтай аке, Өмүрчү,
Карың менен эсен бол.
Ак никелүү өмүрдүк,
Жарың менен эсен бол!
Мандайыңдан жай алган,
Багың менен эсен бол.
Аздыр-көптүр бар күткөн,
Малың менен эсен бол.
Узун-Акмат, Жети-Суу,
Жериң менен эсен бол!
Бузулбас бирдик ынтымак,
Демиң менен аман бол.
Нурукул, Сейтпек, Далымбай,
Балбандарым эсен бол.
Эл намысын кетирбей,
Алгандарым эсен бол.
Алдын торой артылта
Чалгандарым эсен бол!
Ыйлап турат далайы,
Көзүнөн жашы төгүлүп.
Көөнүмдү ачтың, Токтогул,
Акылман ата көрүнүп.
Көбүңөргө коштошуп,
Көчмөкмүн бүгүн бөлүнүп...

— Калык, Ырысжан экөөң тура калып элден бата алгыла,— деди Током.

Ырысжан экөөбүз тура калдык.

— Өмүрүңөр узун болсун! Бак-таалайлуу болгула!..

Арым өзөнүнөн көчүп жөнөп, Торкенге бардым. Кечинде Током аркамдан жете келди. Эртең менен эле коштошуп, кол кармашып сыйлашып, көз жашы кылып ыйлашып бөлүнүшкөнбүз.

— Бир иштен эки иш деп, ушул элде бир ишим бар эле. Ошол ишти бүтүргөнчө сени менен дагы бир ырдашып коштошоюн деп келдим,— деди Током.

Жардысынан малданган, сүткордукка алданган, аш-та-тойдо көп чыгып, алып жүргөн балбандан — Баракбай деген киши бар экен. Током баштадан бардык дайынын билип тамашалашып жүргөн теңтушу экен. Ошо Баракбайга кондук.

— Ал, комузуңду, ырдайбыз Баракбай сүткорду!— деп Током баштады:

| | |
|---|---|
| Током: | Аман-эсен дениң сак,<br>Турасыңбы Баракбай? |
| Мен: | Амандашса акындар,<br>Угасыңбы Баракбай? |
| Током: | Сендей сүткор кылгыча,<br>Койсочу кудай жаратпай. |
| Мен: | Аласаңды доолайсың,<br>Аттанып алып таң атпай. |
| Током: | Кесирленип калыпсың,<br>Шатманаалы манаптай. |
| Мен: | Казы алыпсың кардыңа,<br>Баке, сүзмө куйган чаначтай. |
| Током: | Башында таптың малыңы<br>Баракбай канча күч менен. |
| Мен: | Басып барып кармашсаң,<br>Байкашып балбан түтпөгөн. |
| Током: | Кызыгып алган экенсиң,<br>Кымыран чалап сүт менен. |
| Мен: | Мурдуңдун бир жак таноосун,<br>Керип кеткен мениң бар. |
| Током: | Сүткордукту Баракбай,<br>Таштай турган эбиң бар. |
| Мен: | Калпың-чының белгисиз,<br>Каймактан татты кебиң бар. |
| Током: | Сүйбөйсүң келген кишини,<br>Баракбай, сүткорлуктан пейлиң тар. |

Баракбайдын семиздиги аюудай балчайган, өңү-түсү суук, оозу жалжайган киши экен. Ачулуу-албуут аялы бизге тил тийгизе баштады:

— Баракбайдан башка сүткор жок бекен, Баракбайчалык өңү суук киши жокпу?

— Кой, кудай урган, бул элдин шайырлары күлдүрмөккө ар кимди ошентип тамашалап айта беришет,— деп Баракбай аялын араң токтотту.

Током менен кучакташып, көчүп жөнөдүм. Жолго үч конуп, төртүнчү күндө Кабактын Жампа дей турган жерине жеттим. Сары Эрмек дей турган бир чоң бай бар эле, конуп калууга ниеттендим. Мурунку түнүндө жаздын сары кары оор жаап койгон. Эрмектин малы чөптөн такылган кези экен. Малакайын баса кийип, карышкыр ичигин желбегей жамынып, аппак сакалын сеңселтип, карды койчулар жаадыргансып ачууланып бакырчаак төөдөй баркылдап турат.

Өзүмдүн төрт атым, жардамга менин жүгүмдү жүктөшүп келген төрт өгүз бар эле.

Жүдөп аткан байга салам айтсам, алик алган жок. Мени бир тиктеп, унааларымды бир тиктеп турду.

— Кайдан келе жатасың?

— Кетмен-Төбөдөн Жумгалга көчүп баратамын. Бүгүн сизге конбосок болор эмес.

— Кондура албаймын, өзүм жүдөп атамын. Кой-козулардан өлүп, конок күтмөк тургай, малымдын айласын таба албай жатамын. Үйүм тар, батыша албайсың.

Ал жерде Маасыркан деген өзү кедей-дыйкандан чыккан тың киши бар эле. Маасырканга барып учураштым.

— Маасыркан, байыңды кудай уруп, кондурбай кууду, же жер кара эмес талаага жатып алганга, кондурасыңбы, же сен дагы кууйсуңбу?

— Куубай калайын, бирок аттарыңа, өгүздөрүңө чөп-саман таба албаймын.

— Чөп-самандын милдети өзүмдө. Айылың жыйырма түтүнчө бар экен. Мен комузду алып ырга киргенимде баары келет. Чөп, саманын өзүлөрү алып келип беришет. Маасыркандыкына жүк түшүрдүк. Комузду алып ырга кирдим. Чубуруп келе баштады. Ондонуп алып, обонду салып, адегенде унааларымдын жайын ырдадым:

Аттарымдын чөбү жок,
Андан көөнүм тынбаса,
Акындын ырдаар жөну жок.
Өгүзүмө саман жок,
Ырдай турган чамам жок.
Көңүлүм тынбайт унаадан,

Ан үчүн менден жаман жок.
Кондурбай кууду Эрмегиң,
Маасыркан сага келгемин.
Бай курусун кондурбай,
Дагы эле кедейден жанды эмгегим.

Чогулуп келишкен чокойчондор: — Чөп, саман табылат, Каке. Сен табылбайсың. Аянбай ырдап, биздин купуя жаткан кумарды бир таратып кеткин,— дешип үй башына чогултуп чөп-саман, жүгөрү пая менин унааларымдын алдына үйүлүп калды. Таң атканча ырдап чокойчон досторду ыраазы кылдым... Мурдагы унааларды кайтарып жибердим. Сары-Булак деген жерде, Байсубан дей турган мерген бар эле, Маасыркан мени ошол Байсубанга чейин узатты.

Ошентип, Жумгалдын аяк жагында Кабактын Жекат деген жериндеги туугандарга көчүп келдим.

Күрөң жоргону жүк артып аялым минип, бир жакшы атты таңылчак артынып атам минип, башка эки атка жүк жүктөп, агам жана иним үчөөбүз жөө келдик.

Туугандарга үйсүз келдим. Ар кимиси үзүк, туурдук чыгарышып бир кара алачык көтөрүп беришти. Жаздын май айында, малдын тоюнган убактысы болгон кезде, мал союп Чыныке деген абаларыбыз биздин үй-бүлөнү түшүрүмдүккө чакырды:

— Калык балам, суунун аягына агып кеткен бала элең. Элиңе кайрылып аман-эсен келдиң. Кыргызга белгилүү ырчы болдуң. Кез-кезде түшкө киргендей болуп көрүнүп кетчү элең. Эми өзөктөш элди өз тууганыңды таап турасың... Кайда бардың, кандай жүрдүң? Бу аталарыңа, ага-жеңелериңе, жакшылап бир ырдап бергин.

Чогулган туугандарга ырдаганым:

Ажыдаар кууп Жумгалдан,
Атам-энем тентиген.
Айтып ырдап берейин,
Ана ошондон беркиден.
Ошондо маалына жеткен бала
экем,
Таңшып турган эмки мен.
Кара алачык үй таппай,
Жер кепе казып кыштадык.
Ал кепеден үч жылы
Күн өткөрдүк ышталып,
Жамбаштан жердин заги өтүп

Жата албайт экен тынч алып.
Кедейликтин айынан
Кейишти тарттык мынчалык.
Ошондой оор күндө өттү,
Ойноо кезде балалык.
Күүгүмдөн кийин кепеден
Чыга албайбыз камалып,
Шамал айдап шаштырып,
Кепенин ичин аралап,
Жакырдык басты ошондой.
Жаман кезде жаралап,
Катыксыз кара жарма ичип,
Кабыргабыз саналып,
Жыгач ээр жасап атабыз
Көтөрүп келет дан алып.
Жаманчылык күндөрдө,
Жан сактоону эптеген,
Откорот экен оокатын,
Өлүм алып кетпеген,
Кийик атып өксүтпөй,
Атабыз бакты эт менен.
Жетиле элек тың чыйрак:
Жети жаштан ат чаптым,
Атым чыгып мен чапкан,
Акындарга мактаттым,
Шири чокой, тери тон,
Арасында жан бактым.
Ошо күндөн бышыгып,
Отун алып, от жактым.
Алыста тентип чоңоюп,
Мына эми, ага-тууган, эл таптым,
Он үчүмдөн жалданып,
Үч жылы жүрдүм малайга.
Ушундай оор турмушка,
Капталгамын далайга,
Жаткан жерим үй эмес.
Атканада, сарайда.
Тирүү жүрүп түңүлбөй,
Туугандар, жетиштим ушу таалайга.
Ат чаап жүрүп ырчынын
Ырдаганын үйрөнүп,
Кээ бирөөлөр ырдатса,
Кээ бирөө тилдейт сүйлөнүп.
Ат чабуудан калганда,
Малчы болдум сүйрөлүп.

Жакырдыктын торунда,
Жабыгып жүрдүм ийменип,
Эл аралап ырдадым,
Бара-бара жетилип,
Байгазыны жамандап,
Башымдан көптү кечирип,
Жазык тарттам ырымдан,
Жашымдан түрмө кесилип.
Токтогулдан үлгү алып,
Тууралык менен ырдайм деп.
Түпкүлүгү пайдалуу,
Түздүктөн көңүл бурбайм деп.
Жегичсиң деп жазганбай,
Мырзабектен таяк жеп,
Башка жакка кетмекке,
Куруп калсын бул жериң
Токтогулга кезигип,
Кетким келди Нарынга.
Кайда барсам батам деп,
Өнөрүмдүн барында.
Током айтты: Калыгым,
Өз элиңе таарынба.
Бириктешип туралык,
Биздин жерде — Арымда.
Алдымды тороп Токтогул,
Акыл берди токтодум.
Оюмдан чыкпай туулган жер,
Ар убакта жоктодум.
Ага-тууган, айлыңа
Айланып келген окшодум...

### *АЛЫМКУЛ УСӨНБАЕВ*

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН БИРИНЧИ ЖОЛУГУШУУ

Менин айыл ичинде жаңыдан ырдап жүргөн кезим. Таластын баш-аягын аралаган эмесмин.Ошол кезде айлыбызда, Айдаралы, Аттокур деген ырчыларыбыз бар болучу. Алар эски ырчылар болгону менен атактуу эмес эле. Ширгелинин уулу Мыса деген киши бир күнү мага жолугуп:

— Алымкул балам, бу Таласта сен үйрөнүп үлгү алуучу ырчылар жок. Кетмен-Төбөдө Эшмамбет, Токтогул деген ырчылар бар. Токтогул деген атаң Сибирге

барып кайра келди. Ошол Токтогул атаңды көрбөй, сен ырчы болбойсуң. Токтогул Таласка келсе тааныштырып коюон,— деп жүрдү.

Бир күнү берен уруусу Жанкороз деген ге аш берет деп угуп калдык. Мыса келди да:

— Жүр, балам, беренге Токтогул жакын, келип каттап жүрүүчү. Берендер Токтогулду чакыртпай койбойт. Ушул ашка Токтогул да келет. Жүр, эми сени ошол атаңа тааныштырайын деп,— мени ээрчитип жөнөдү.

Беш-Таш деген жерге Жанкороз ажынын ашына барсак эл жыйылып, берендер үй тигип жатышыптыр. Айылдын четине барып, бир кишиден:

— Токтогул келдиби? — деп сурадык.

— Келди, Жанкороз ажынын иниси Төлөбай дегендин үйүндө,— деди.

Анда Мыса:

— Азыр сен жаш баласың, күндүз Токтогулдун үстүнө алып барсам, тердеп-тепчип эч нерсе айта албассың. Түн баатыр болот дечү эле, азыр бирөөнүкүнө түшүп, түнү алып барайын,— деп башка бир айылга барып түштүк. Күн батып, күүгүм кирип караңгы болгондо:

— Жүргүн Алымкул, эми сени Токтогул жаткан үйгө алып барайын,— деди Мыса.

Ошол кезде «Токтогулду көрсөм» — дегенде тим эле учуп бара жатам. Токтогул жаткан Төлөбайдын айылына жакындаганда бизге Токтогулдун үнү угулду. Мурун «көрсөм» — дегенде толкунданып бара жаткан жүрөгүм опкоолжуп, Токтогулдун үнүн уккандан кийин мурдумдан тер чыга баштады. Айылга жакындаган сайын мурдум эмес, бүт денемди тер каптагандай болуп кетти.

Мурун көрсөм,— деп дегдеп келе жаткан киши, эми көрбөсөм экен деп калдым. Көрө электе мурдумдан тер чыгып минтип атам. «Кантип мен мунун астында барып беш-алты ооз бир нерсе айтам?» — деп ойлодум да, түз эле кетем дегенге кирдим. Ушул өзүмдүн ырым менен эле эптеп оокат кылбайымбы деп, кетким келип калды. Ошентип айылга барып түшсөк, айылдын жанына ат батпайт. Төлөбайдын чоң ак үйү бар экен. Эл кызыл керөге кылып сыйрып таштаптыр. Үйдүн ичи да эл, сырты да эл. Биз барганда Токтогул ырдап жатыптыр. Ырдаган ыры — өзү Сибирден келгенде Кетмен-Төбөнүн бери жагында Бууракан дегендин белинде Эшмамбет ырчы экөөнүн учурашканы. Мыса атын карматып коюп Токтогулдун үстүнө кирип кетти. Кирип барып:

— Ассаломалейким, Токо! Аман-эсен жүрөсүңбү, урушчаак бөдөнөдөй чукчуйган жарыктык! Таласка кээде келет экенсиң, кээде келбейт экенсиң. Сөзүңдү сагынат экенбиз, өзүңдү сагынат экенбиз. Биздин айылдан Алымкул деген жаш бала ырчы болом деп жүрөт. Ошол баланды ээрчитип келдим. Ошол балага ырыңан, күүңөн үйрөтүп кет, Токо! Сени сагынганда ошол балага ырдатып жүрөлү,— деп Мыса ушуну айтты.

Ошол кезде Током Сибирден кайра келсе жалгыз баласы өлүп калган, кайгыга-кайгы кошулуп боорун көтөрө албай, Токомдун боздоп жүргөн кези экен. Током Мысадан жанагы сөздү уккандан кийин айтып жаткан ырын токтотуп, мага карап ырдап калды. Ырдаганда жанына чакырып үндөп ырдады. Колуна комуз алып, коңгуроодой үнү менен мени чакырып:

Аргымак келет как жарып,
Аралдын кирген дайрасын.
Азамат чыкса элинден,
Айылы көрөт пайдасын.
Ажалдан башка иш болсо,
Акылдуу табат айласын.
Атайы көрөм деп келген
Алымкул балам, кайдасың?
Бүтүн берен үй тигип,
Бүлкүлдөктүн[1] сазына.
Камакта жүрүп картайган,
Кайгырам өткөн жашыма.
Кабар берип беш берен,
Ажынын келдим ашына.
Алыстап качып жүргөнчө
Атаңдын келгин кашына.
Кайнатаңды көргөнсүп,
Качып менден жашынба.
Ала барчын айланса,
Алты ай качат Бүргөнгө[2]
Аргымак күлүк ат жарайт,
Алыска болжоп мингенге.
Ак жолборстой эр жарайт,
Айыгышкан жоого тийгенге.
Аккүрөккү тон жарайт,
Азамат эрлер кийгенге.

---

[1] Жердин аты.
[2] Жердин аты.

Ак каркыра жар жарайт,
Алышып ойноп сүйгөнгө.
Армансыз кеткен бир жан жок,
Аз күнкү жалган дүйнөдө.
Алып кал, балам, нускамды,
Айлыңа келип жүргөндө.
Атайы көрөм деп келип,
Алымкул балам, сүрдөнбө!
Карчыга көктө айланса,
Калтар качат Бүргөнгө,
Каруусу бар ат жарайт,
Качыкка болжоп мингенге.
Кайраты бар эр жарайт,
Качырып жоого тийгенге.
Каркыра сындуу жар жарайт,
Кадырлап ойноп сүйгөнгө.
Кайгысыз кеткен бир жан жок,
Капилет жалган дүйнөндө.
Каргадай балам Алымкул,
Качып менден сүрдөнбө!
Кармап кал, балам, нускамды,
Калкыңа келип жүргөндө.
Айдатып салып Сибирге,
Ак жерден башым сенделтип,
Катын-балам кайгырган,
Кармалып элден мен кетип,
Жайлоонун башы ээндейт,
Жакалай конгон эл кетип,
Учурашам деп келип,
Уялып кайда жүрөсүң.
Балам, уйча мурдуң тердетип,
Ачылар бекен көңүлүм,
Алымкул көзгө көрүнсө,
Качып кайда жүрөсүң.
Каркыралуу келинче,
Жашык болбой жаш кезде,
Жагалмайдай теминсе,
Жабдык салган жоргодой,
Жаркылдап топто элирсе,
Жашык болбой жаш кезде,
Жакшы экен бала дедирсе.
Айланып учкан алты өрдөк,
Аралап консоң көл мында,
Ажы Короз ашына,
Ат жиберип келдим да,

Атагы чоң Таласты,
Айкалышчу эр мында.
Атактуу Током келди деп,
Аял-эркек эл мында.
Ак үй болсо жылаңач,
Алыстап качпай кел мында.
Алымкул балам, кайдасың,
Атаң Тоноң мен мында.
Амансыңбы ата деп,
Ак жүзүмдү көргүн да.
Ачылсын менин көңүлүм,
Айтып салам бергин да.
«Артымда жаштар калса» — деп,
Ар убак ошол тилегим.
Атайы көрөм деп келип,
Алымкул, менден жүдөдүң.
Аш тараса кетемин,
Аз эле күнү жүрөмүн.
Эшикте жүрбөй келсеңчи,
Эмессиң менин күйөвүм.
Кылтыстап качпай кел мында,
Жубарымбек, кызымдын бербейм бирөөүн.
Ак жерден башым айдалып,
Азапта жүрүп жүдөдүм.

— деп Токтогул үндөп ырдап айтканда үйдө бир киши сүйлөп калды.

— Бар, алып келгиле, ал кандай куу тумшук бала эле. Токтогулдун кызын алат бекен, атайы көрөм деп келип каякта жүрөт,— деди.

Эки киши келип, эки колумдан сүйрөп, Токтогулдун үстүнө алып барды. Кирип бара жатканда чекемдин терин жеңим менен сүртүп алдым. Ушундай бет алдымды карасам, урушчаак бөдөнөдөй чукчуйган киши экен. Токтогул төрдүн алдында олтурган экен. Барып салам берип колун алдым. Ошондо колумду коё бербей туруп минтип ырдады:

Кыялың кызыл гүлдөйсүң,
Кыйкырып айтсам билбейсиң.
Кызымды алчу немедей,
Кысыласың, кирбейсиң.
Кыялыңда Алымкул
Бул Токоңду ким дейсиң?
Уяты болот жаштын да,
Уялып менден качтың да.

Аралап элин көрдүм да.
Ак карагай сыр найза
Уялгандан пайда жок,
Узатпай ордум баскын да.
Урматтуу Током сөзү деп,
Уруулуу элге чачкын да.
Ырчы болсоң ылдам бол!
Кашаңдан чыкпайт эчтеме.
Камчы берип теминген,
Кайран атаң жаш кезде.
Карагер элем элирген,
Суурула чыгып байгеден.
Суулугун чайнап кемирген.
Канча күн ырдап турсам да
Калк жадабай кебимден.
Каларсың таппай атаңды,
Кайрылып кетсем элимден.
Капкандуу ажал бир жүрөт,
Катуу корком өлүмдөн.

Бир кезекте, Алымкул,
Тулпарды тандап миндикпи,
Тукаба тандап кийдикпи?
Турна моюн кара көз,
Туш келгенин сүйдүкпү!
Тууганды жүрүп ичинде,
Түрмөнүн жөнүн билдикпи.
Душман болуп бай-манап,
Дубанга керек кайран баш,
Бир күнү дубанадай сүрдүктү.
Бир кезекте, Алымкул,
Карагер минип теминдим,
Күн-түнү талбай сайраган
Күкүгү болдум элимдин.
Күлпөтүн көрбөй картайдым,
Гүлдөгөн жаштык өмүрдүн.
Күчтүү экен бай-залим,
Күнөөсүз элден бөлүндүм.
Эскирип картаң болсом да,
Экинчи элге көрүндүм.
Каргадай Топчум кайгысы
Кайратын алды көңүлдүн.

Капыстан селге капталып,
Камакта жүргөн кезимде,

Каралдым жүргөн эсимде.
Кара тоодой бел көрүп
Кармалыптыр Топчубай,
Каардуу ажал кесирге.
Баладан бактым жок экен,
Байкап турсам өзүмдө.
Арка болоор киши жок,
Ак жерден башым кармалган,
Аманын сурап жалгыздын,
Айдоодо жүрүп зарлангам.
Айланып келсем балам жок.
Адашыптыр жалгандан.

Каргадай жалгыз бар болсо,
Калбайт белем кубанып,
Камакта көргөн кайгыны,
Калтырбай ичтен чыгарып
Кайтып келсем элде жок,
Калыптыр турпак, чым алып.
Бейитин бекем кучактап
Беш күн жаттым суналып,
Бекитип койгон кара жер,
Перзентимди көрсөтпөдү чыгарып.

Жүдөп турган кезегим,
Балам, жүрөктү кайгы муң алып.
Кетемин, балам жатамбы,
Кенедей болгон, Алымкул
Кетиргин ичтен капамды.
Келинче качпай таанып ал,
Керектүү булбул атаңды.
Алдымдан чыкпай бир жүрүп,
Алып кал, нуска батамды.
Колтук жагың томпоёт,
Комузуң болсо алып көр!
Кулагын бурап тегиздеп
Кол ойнотуп чалып көр!
Кайгырган жүрөк кубансын,
Кой жоргону салып көр!
Айылың Талас болсо да,
Атаң башка дебейин,
Топудай болгон Алымкул
Топчубайдай көрөйүн,
Токтогул атаң токтолуп,
Балам, сага кезек берейин,
— деп Токтогул колумду коё берди.

Ошондо мандайына олтура калып, эки көзүмдү жумуп, Токтогул ушул жакта эмей кайдасың деп ылдый карап олтуруп, комузду күүгө келтирип алып, салам берип турган жерим:

Айылда жүрүп ар убак,
Арзыдым эле өзүңдү.
Айттырып уксам дечү элем,
Аселден ширин сөзүңдү.
Атакемден кем көрбөйм,
Азыр көрдүм көзүңдү.

Элимде жүргөн кезимде,
Эселек бала өзүмдү.
Эңсеп жүргөн бала элем,
Эшиттик ширин сөзүңдү.
Ээрчитип жүрүп көрсөтчү
Эселек бала өзүмдү.
Ак бариктүү токойго,
Конгон Током, эсенби?
Алты сан журттун эрмеги,
Болгон Током, эсенби?
Алдына даңкан салбаган,
Жоргом Током, эсенби?
Ак кагаз көрбөй окуган,
Молдом Током, эсенби?
Көк бариктүү токойго,
Конгон Током эсенби?
Гүлдөгөн кыргыз күкүгү,
Болгон Током, эсенби?
Күнүгө чыгып байге алган,
Жоргом Током, эсенби?
Тула-боюн карасам,
Өкчөгөн алтын сакадай,
Көзүмө Током, көрүндүң,
Көтөрүп баккан атамдай,
Мен деле сизге Топчубай,
Көңүлдөн кетир капаңды.
Мен дагы сиздин балаңыз,
Берип кет, Током батаңды?
Ак комузга кыл таккан,
Акындарга сын таккан,
Ала салып, мойнуна,
Анда-санда бир чапкан.
Тепкенин жогор жагына

Тегерек күмүш ак колду
Тегирмендей чуркаткан,
Нээтиң адал киши экен,
Тегеренип журт тапкан.
Чертмегине кыл таккан,
Чечендерге сын таккан.
Черткенде колун чертмекке,
Чеберлик менен чуркаткан.
Өлкөдөн залим кууса да,
Өнөрү менен журт тапкан.
Кедейди сүйгөн киши экен,
Кесирлүү залим сырттаткан,
Комуз алсаң колуңа,
Күү сонуну сенде экен.
Коңгуроодой шаңкылдап,
Үн сонуну сенде экен.
Айткан сайын жаңырган.
Түр сонуну сенде экен.
Чарчабаган, талбаган.
Тил сонуну сенде экен,
Сайраган тоту, бир булбул
Таласка кайдан келди экен?
Каркыралуу келинче,
Качып жүргөн мен бекен?
Кадимки Током келди деп,
Кадыры кыргыз элде экен,
Ар бир сөзүң унуткус,
Айтылчу тарых белги экен.
Атагы кеткен алыска,
Айтылуу Талас жерибиз,
Арзып элим эңсеген
Акын Токо, келиңиз!
Ак үйү болсо жыланач,
Ардактап күтөт элибиз.
Уккандын черин таркаткан,
Ушундай ширин кебиңиз.
Керме тоо Талас жерибиз,
Келиңиз, Токо, келиңиз!
Келин-кесек, кыз-кыркын,
Келсеңиз күтөт элибиз.
Кенедей болгон балаңа,
Кешигиң Токо, бериңиз!
Эби жок жерден Сибирге
Айдап кетти дечү эле.
Эки көзүң чачырап,

Жайнап кетти дечү эле.
Эсендешип кыргызга,
Сайрап кетти дечү эле,
Эки колун артына,
Байлап кетти дечү эле,
Ээрин алган жоргодой
Жайдак кетти дечү эле.
Аман-эсен келдиңиз,
Айдалып барган түнөлдөн.
Куткарыпсың бутуңду,
Салынган кишен чидерден,
Арытыпсың башыңды,
Ак кежим нокто жүгөндөн.
Акыры тузуң бар экен,
Ак калпак кыргыз бул элден.
Бузуктун кылган иши экен,
Булбулду Сибирь жиберген.
Толкуну элди эргиткен,
Торгойдой ширин кебиңиз.
Өткөн иш кайта келгисиз,
Өксүбөсүн көөнүңүз.
Алдыңда турган Алымкул,
Өз баладай көрүңүз.
Акындык нуска жолуңду
Алымкулга бериңиз.
Кенедей жапжаш болсом да,
Келди деп уктум кабарды.
Бир көрсөм деп жүрчү элем,
Токтогул сиздей абамды,
Азыр бала башым жаш
Көңүлүм туюк караңгы.
Ээрчитип жүрүп жөнгө сал.
Эселек мендей баланды.
Тула боюм тер басып,
Турумун айтып саламды.
Кымбатым Токо, булбул куш,
Кыргыз үчүн жаралды.
Кайрылып Токо, кономбу,
Калк ырчысы боломбу,
Же калкымдан чыкпай сооломбу?
Каргадай болгон бул балаң,
Канткенде туруп оңолду?
Айтып кет, Токо, сонунду,
Акындык көрсөт жолуңду!
Аз да болсо көптөй көр,

Айтканым тамам болунду!
Мен деле сиздин балаңыз
Берип кой, Токо, колуңду!

— деп, ошентип барып, Токтогулдун колун кармадым. Током колумду коё бербей туруп:

Жабагыңда көргөнүм,
Жакшы эле деп келгемин.
Жаш да болсоң жакшы экен,
Жабышып салам бергениң.
Тай күнүндө көргөнүм,
Талашар деп келгенмин,
Таласка өзү ырдаса,
Жарашар деп келгемин,
Далай жаман сапалак,
Адашар деп келгенмин.
Алдыңкыдан калышпай,
Жанашар деп келгенмин.
Айлыңдан атаң кеткенче,
Алып кал нуска-өрнөгүн.
Кебин уктум кунандын,
Көңүлүм отлуп кубандым.
Топчубайдын кайгысын,
Көңүлүмдөн чыгардым.
Эрмеги, балам, болосуң
Эл чогулган дубандын.
Айылың Талас болсо да,
Бир балам бар деп турармын.
Кармап кал, балам, нускамды,
Картайдым, бир күн сынармын.
Калтырса ырын элине,
Кадимки журттун эрмеги.
Ырчылар нечен айтыптыр,
Кыргызга сонун термени,
Кыргыз оңой эл эмес,
Кылымдар бою бизге окшоп,
Болуп өткөн эрмеги.
Таласта Сартбай, Чонду дейт,
Булар да кыйын болду дейт,
Эсенаман, Конокбай.
Айдаралы, Аттокур,
Ошолордун орду дейт.
Анжиянда Нурудин,
Башынан ырчы элдеги,

Бу дагы жорго ырчыдан
Бир далайдын жөндөмү.
Уруусу кытай Жеңижок,
Удургуп кызый келгенде.
Ушунча жандан теңи жок
Уңгулуу ырчы пендеде.
Кулуке менен Курманы,
Аралап булар да ырдады.
Эшмамбет менен Токтогул,
Ээрчишип чыктык бир кезде,
Алынча күлүк чендеги.
Баглан козу этиндей,
Балам, балдан ширин сендеги,
Адашсам бир күн таппайсың.
Аккуунун өтү мендеги.
Эсен жүрүп жетилсең,
Эл ырчысы болорсуң,
Өмүр берсе чоңоюп,
Өз ордума конорсуң.
Алымкул, сен да баламсың,
Атаңдан үлгү аларсың.
Эскерип мени ойлосоң,
Элге сөзүм жаярсың.
Ылдам болсо талантың,
Ырчылык жолун табарсың.
Алмадай башың соо болсун,
Ажалдуу өлүм кесирден.
Эки күн ырдап турсаң да,
Эл танбасын сөзүңдөн.
Балам болдуң, батамды ал,
Чыгарба, мени эсиңден!
Таалайга жазган иш экен,
Калайды көрдү бул башым.
Алымкул ырчы келди деп,
Аял-эркек курдашың,
Аркаңдан эч ким куубасын,
Алдыңдан эч ким буубасын!
Эсиңе ал, балам, Токонду
Эсен болсун бир башың!

* * *

Мезгил боз кыроо болуп калган эле. Тоо баштарын кар алып, эртең менен, кечте эшик алдын кыроо баса баштаган. Кыргыздар той менен ашты ушундай учурда өткөрөт эмеспи.

Кең-Колдо Түлөкабыл деген баласына той өткөрүп калды. Тойго эл эң көп жыйылды. Ушул учурда он тогузга чыккан мен Токтогул булбул менен той үстүндө кошо болдум. Башына кара көрпө тебетей, үстүнө көк чапан кийген Током сартору ат минип, комузун колуна алып, бирде үнүн шаңшыта ырдап, кээде куудул сөздөрдү айтып, элдин көңүлүн ачты.

Той үстүндө эр эңиш, жөө күрөш, эр сайыш болду. Сайышта Кең-Кол, Талас, Беш-Таш болушу бириккен тараптан Колпоч деген найзакер чыкты. Боо-Терек, Үч-Коргон, Кара-Буура болуштарынан Теке баатыр чыкты. Аттын мыктысын тандап минишкен эки найзакер бирине-бири найзаларын сундуруп, качырып калышканда эле, Токтогул (кызып кетеби, алда эмне?) камчысын бүктөй кармап, мени капталга коюп калат. Мен алдымдагы карагер быштыга камчы уруп, ойт берип кача берем.

Найзакерлер он төрт жолу беттешишти. Ушул беттешүүдө он үч найза сынды. Акырында Колпочту Теке баатыр ыргыта сайды. Током комузуна үн кошуп, тиги найзакерлерге карата минтип ырдады:

Кара нээттей бир-бирин
Качырышкан — найзакер.
Калк жанынан түңүлгөн
Найзасынын сүрүн көр.
Как жүрөккө найза учу
Кадалып өлсө, бул жерде
Кайгырып, кунду ким берер?

Током ушинтип ырдап турганда он үч жашар чамасындагы балага жетелетип алган сокур чал бизге чукулдап келди. Бул сурнай тартчу, кээде ырдап жиберчү Тойкожо деген экен. Тойкожо Токомдун ысмын муңканган үн менен атай чакырып, кайсактай кол сунду:

— Кагылайын Током, эсен-аман жүрөсүңбү? Шыбырдан келди деп укканыма аз күнчө болду. Барып учурашууга минтип көз жок.

Токтогул атынан ыргып түшүп:

— Эсен жүрөсүңбү? Эсиңден чыгарбаганыңа ыракмат, Тойкожо аке! — деп сокур сурнайчынын колун кысты.

Токтогул менен Тойкожо колдорун коё берише электе эле, кимдир бирөө үнүн бийик чыгарып:

Дайныңды айтып болушка,
Жетектетип желдетке,
Токтогул, жеткиртейинби,
Тиги, Шыбырдагы конушка!

— деп ырдап калды.

Бул — оозу кулагына жеткен, эриндеринен желки кетпеген, көзү чекир Сары деген ыраңы суук неме экен. Сары ар жерде ар кимдердин айыбын айтып ырдап жан бага турган.

Токтогул селее түштү. Токтогул селее түшкөн себеби — ал Сибирден качып келгенине аз эле күнчө болгон. Эл арасына көп чыкпай, душмандарынан баш калкалап жүргөн кези эле.

Токтогул чөнтөгүнөн бир жарым сом алып чыгып:

— Тигиге бергин,— деп мага бере койду. Мен ал акчаны дароо Сары ырчыга кармата салдым. Акча колун ысыткан Сары:

— Ээ, бир бутуңда байпак бар,
Бир бутуңда шакшак бар.
Эмесе сен Токтогул,
Энең өлүп какшап кал!

— деп ырдады. Эл дуу күлүп калды. Эл менен кошо Токтогул да күлдү. Кыясы, Сарынын купшуңдаган куудулдук жагы Токомо жагып калса керек.

— Сөзүмдү ук Токтогул,
Ыр дүрмөтүн октогун!

— деп жамактатты Сары ырчы. — Той үстүндө өзүңдү ээрчип алсам, жийиркенбейсиңби менден?

Токтогул макулдугун билгизе күлүмсүрөп баш ийкеди. Той ээси Түлөкабыл кечинде ырчылар үчүн үй көтөрдү. Көтөрүлгөн үйгө Токтогул баш болуп баарыбыз чогулдук. Током: «Алымкул, Тойкожо ачка окшойт — эриндери кеберсип кетиптир. Бирдеме алып келип берчи. Башкалар сыяктуу жулунуп жүрүп курсагын тойгузууга көзү жок эмеспи»,— дей салды. Мен чоң аякка боорсок үймөлөп, чык куюп, кашык салып келип сурнайчынын жанынан оолак койдум да, тез эле ойт бере качып кеттим. Тойкожо боорсок салынган аякты алуудан мурда, менин жамбашымды карай кол сунуп, жетпей калды. Эгер кол жеткенде: «Энеңди тарт-

пай кал сен!» деп сан этимди оюп алмак. Ага далай жолу чымчытып жалкып калгам. Мен Тойкожодон дайыма качып турчумун.

Кажы-кужу сөздөр токтогондон кийин, «Кожожашты» айтып берүүнү Тойкожо сурап калды. Кимдир бирөө айтканы үн салып бараткaнына болбой, ортодон Сары ырчы:

Сайга салса илинбейт,
Сайдан изи билинбейт,
Секирип кетти сур эчки,

— деп баштап калды.

— Ой кайсы жерден секиргенин айтасың? — деп сурай калды сокур сурнайчы.

— Ии, эчки секирбей жүрчү беле? — деди Сары ырчы.

Төрдө олтурган Токтогул тигил экөөнүн сөзүнө боору катканча каткырды.

Андан кийин Токтогул комузун күүлөй баштаганда, бардыгы жымжырт болушту. Током бул жолу комузунун күүсү аркылуу жана денесинин кыймылы менен көлгө келип конгон ак кууну тuурады: куу көл четине келип канатын жымырып олтурду да, мойнун койкоктотуп каранды. Бир топтон соң, жайлана олтуруп, көлдүн түбүнөн өзүн тиктеп калды. Ушул учурда чырпыктын арасында жашырынып жаткан мерген мылтыгын дүрмөттөп, кууну карай жылып жөнөдү. (Током комузунун күүсү менен күйүккөн мергенчинин өзүн элестете чертип, өзү да олтургандардын алдын бир сыйра кыдырып чыкты).

Мергенди жана кууну тууpаган Токомо күлбөгөн жан жок.

Бир кезде мергенди мылтыгын шыкаалатты да (комуздун ортончу кылын өзү шыкаалап), тарс эттирип мылтык атты. Ок тийип чочуп кеткен куу учмакчы болуп барып, канатын жая, көл үстүнө жатып калды. (Током куунун өзүндөй төргө көмөрөсүнөн түштү).

Олтургандар бир эсе кууга боорлору ачып шыпшынышса, кайра тиги Токомдун жоругуна көздөрүнөн жаш чыгара күлүшөт...

Түн ортосу оогондо түрлүү күүлөрдү чертип, ар кандай ырларды ырдап жатып тынбаган Током чарчаңкырап калды. Элдин көбү олтурган орундарына укташып, бир даары жай-жайларына жатууга кетишти. Токтогулга өзү олтурган үйгө төшөк салып беришти. Мен Током-

дун оң жагына жаттым. Жатканыбызга канча убакыт болгонун билбейм, бир кезде күбүр-шыбырдан улам чочуп ойгонуп кеттим. Тыңшасам — бир топтору чогулуп алыптыр. Төшөктөн башымды көтөрүп:

— Эмне керек силерге? — деп сурадым.

— Биз баятан казан-аяк менен алышып жүрүп, Токомдун ырын угуп, тамашасын көрбөй калдык. Жумуштан колубуз эми гана бошоду. Током биздин да көңүлүбүздү ачып коёр бекен?..

— Кудайды карасаңар! — дедим, чыным менен ачуулана аларга,— өзү чарчаганынан эми эле жатты. Эртең угасыңар.

Уктап жатат деп ойлогон Токтогул тиги кетмекчи баштанып калгандарга:

— Коё тургула. Азыр! — деди да, төшөгүнүн үстүнө мандаш урунуп отуруп, керегенин башындагы комузун алдырып алып, күүлөй баштады. Чогулгандар мени саал сүйбөгөндөй карашып, Токтогулду карай ыктай олтурушту. Токтогул бул түнү ырдап, күү чертип таң атырды. Эртеси жалгыз өзүмө:

— Балам, түндө сен жакшы жорук кылган жоксуң! — деди Токтогул. — Алар мени каалап чогулуп келишсе, сен кеткиле дейсиң. Мындан ары минтпей жүргүн. Уктамак түгүл, ооруп калсаң да, колуңдан келген жардам болсо башкалардан аябагын, адамдын көңүлүн калтырбай жүр, Алымкулум...

* * *

Мен Токтогулду ээрчип жүргөмүн. Бир жылы жаз учурунда аны менен айыл аралап кетип бараттык. Токомдун мингени — күрөң ат. Башында көк тыш кара көрпө тебетей. Үстүндө көк чыт чапан. Токомдун маңдайы сере, көзү тегерек, бети да көзү сымал тегерек, кызылдуу, сулуу мурун, оозу баланыкындай кичине, эриндери калың эле. Током кээде негедир сумсайып, ойго бата түшчү. Мындай учурда сүйлөөгө мен батынчу эмесмин. А кээде өзүнөн өзү туруп шаттана кетчү. Тамаша сөз баштап, жанындагыларды күлбөгөн оюна койчу эмес.

Током бул сапаркысында шаттуу бараткан болчу. Алдымдагы тор быштыга улам камчы чаап, мен да кубанычтуу элем. Бир кырды ашып, түз талаага жеткенибизде эле, кош өгүзгө буурусун курган төрт кош кези-

гип калды. Коштон окчун жерде үч-төрт киши кандайдыр бир деме союп жатышат. Союлган нерсенин караанына караганда, бодо окшоп калды. Током атынын башын ошол тарапка бурду. Алардын бири кош өгүздү жандап айдап, экинчиси буурусун кармаган. Сол колундагы соп камчыны абага булгай: «Сопаа!» — деп бакырып коёт да, өгүздөрдү сооруга чабат.

Биз жеткенде жер айдап жаткандар өгүздөрдү токтотушуп, жардана карап калышты. Бир аздан кийин Токомду таанышты окшойт, бизди утурмалай басышып, ат алышты. Биз айдоонун четине олтура кеттик. Кошчулардын бири кичинекей кырма челек көтөрүп келди эле, ичинде каймакка көөлөнгөн талкан бар экен. Экинчиси азык куюлган чаначты көтөрүп келди эле, ичинде адыра талкандан жасалып, айран катыкталган жарма бар экен. Токтогул чайнап жутма жармадан бир аякты ичип алып:

Ширин болот ушундай
Кедейлердин көжөсү...
Жакшы болот ар убак,
Жардылардын көжөсү
Жайма табак ичкенде,
Адамдын жазылып калат денеси...

Кош өгүз буурусунду тарткан, кол менен баккан,— деп сүйлөй баштады да, тигил мал союп жаткандардын жөнүн сурады. Мандаш урунуп Токомдун маңдайында олтурган бирөө күлүмсүрөп:

— Токо, бул кызык окуя,— деп күлдү. — Алдан деген байдын баласы көк торпок минип айдоодон көгүчкөн атканы келиптир. Аңгыча төрт көгүчкөн буурусундун тиши жүрүп кеткен жерден жайнап чыккан сөөлжандарды көрүп коно калат. Бала көгүчкөндөрдү өңүп жөнөйт. Көгүчкөндөр баладан шектенип калышканбы, айтоор улам орун которо беришет. Акыры көк торпоктун бери жагына конушат. Шашып калган бала көгүчкөндөрдү мээлеп туруп, даң эттире бир атат. Атып жиберип тура калса — көгүчкөндөр абада жүрөт, көк торпок жыгылып калыптыр.

Бул сөздү укканда буларга кандайча ырдап берүүнү ойлоп кайрылган Токомо ыр өзү табылды белем! Жарк эте күлүп, мындай деп ырдады:

Кекилик атпай, бугу аткан,
Көк торпогун сулаткан —

Бул бала
Кетте мерген болот го!
Өрдөк атпай, бугу аткан,
Өз торпогун сулаткан —
Бул бала
Өтө мерген болот го!

Сокочулар жабыла күлүп калышты.

Током ар нерселер жөнүндө сүйлөп, күү чертип, булардын көңүлүн ачып анан аттанды.

* * *

Күз айларынын бири эле. Таластын керме тоосу чалкая тартып, алыстан угулган жаңылык кабарларды кубанычтуулук менен тосуп алгандай, «Баштагыдан бактылуу болдум, эми элим теңдик заманда жашайт»,— дегенсип, мурдакыдан койнун кеңирээк ачып, кең өрөөндөр элге бышыкчылык берекесин чачып турган убагы. Жаралгандан бери бей-бечара элге үстөмдүк кылып келген байлар, дүрбөлөңгө түшүп: «Биздин мал-мүлкүбүз бекер кедейлердин колуна кетет» дешип атасынын же болбосо энесинин ашын берип, эптеп мал-мүлкүн жок кылууга аракеттенип жаткан мезгил эле. Ошол убакта Таласта берен деген элде Жанкороз дегендин ашы болуп калды. Ашка Аксы, Таластын эли чогулат имиш деген кабарлар угулду. Арадан 2—3 күн өткөндө, ашка Токтогул да келет экен деген сөздөрдү укканда, элдин баарына таң атса кеч кирбей, кеч кирсе таң атпай, Токтогулдун келишин чыдамсыздык менен күтүштү. Көп кечикпей эле: «Жанкороздун айлынын төмөн жагындагы айылда Чылмамбет деген өзүнүн төөтиш дыйканы бар экен, Токтогул ошонукуна келиптир»,— деген кабар угулду. Бул кабарды уккандан кийин, жеткени ат менен, жетпегени жөө болуп аш берген айылдагы эл дүрбөп, төмөнкү айылды көздөй жөнөй башташты. Ак өргөөдөгү чоң курсак байлар менен манаптар: «Кызыталак ырчы — кул! Бизге келип салам бербей, төмөнкү айылдагы бир жамандыкына келгени эмнеси? Токтогул келе турган болсо, аш берген айылга келсин, болбосо Таласты ашып такыр кетсин»,— деп жигит жибериштиптир. Элдин алды жетип, арты жете электе, манаптардын жиберген жигити эдиреңдеп чаап жетип, боз үйдү тегерете курчап калган элди тебелетип-тепсетип

келди да: «Оо, Токтогул, барар жериңди да билбеген шордуу экенсиң. Сени Жанкороздун айылына келсин деп манаптар чакырып жатат. Келсин, келбесе, кайтадан түндөп болсо да, үйүнө кайра кетсин»,— деди деп чаңкылдады эле, элдин ортосунан орто бойлуу, төрт чарчы келген кичинекей ак чокчо сакалы бар киши ордунан ыргып тура калып: — «Жолуңа түшүп кайта бар, мен барсам эртең эле барам. Бүгүн ушул жерде боломун,» — деди.

Элдин көпчүлүгүнөн көрө албай турган бала-чакалар: «Токтогул экен»,— деп калышты.

— Ушубу?

— Ооба, ооба.

Мына ушинтип өз ара күбүр-шүбүр болуп калышты.

— Барбасаң мейлиң. Өз убалың өзүңө болсун,— деп келген жигит кекетип коюп кете берди.

Током чайын ичип болгон кезде:

— О Токо! Сизди келди деп уккандан кийин, өзүбүздүн айылдын эли эле десем, жогорку аш берген айылдын эли да келип калыптыр. Булар манаптардын үстүнө барып ыр уга албайт. Алыскы жолдон ат арытып, чарчап келдиңиз. Ошентсеңиз да бул элге көмөкөйдү жанып коюңуз,— деди Чылмамбет.

Анда Током:

— Ээ, досум... мен ушул бей-бечара эл деп келип мында сеникине түштүм да. Болбосо мен байлардын көңүлүн калтырбайын десем жогору барып конот элем го. Ырдабаганда ырымды кайта артынып барып, эмдиги жылы үрөн кылып жерге себет белем»,— дегенде эл дуу күлүп жиберди.

«Током эми ырдайт, эми ырдайт»,— деген сөз күчөй баштады. Ошондо Током, тасырайган тоголок башына топусунун ортосун чуңкурайтып бир жагына кыйшыйта кийип, оң жак жеңин түрүнүп жатып, башын былк дегизип койду эле, топусу бирде көзүнүн үстүнө түшүп, бирде оң жак кулагына түшүп, кыймылдап кетти. Олтурган элдин баары дуу күлүп жиберди. Күлкүнү укканда, үйдүн сыртындагылар көрөбүз деп биринен-бири жол талашып, эчак эле сыйрылып кызыл кереге болгон үйдү кычыратып жатышты. Канчалык аракет кылса да Токтогулду көрө албаган үйдүн сыртындагылардын:

— Бул кантет?

— Ой, сен адамды көрбөй эле тебелеп жинди болгонсуңбу?

— И-ии... бутумду да сыйра басты!— деп кыжыл-

даган сөздөрү кулак тундурат. Током али комузун черте да элек. Бирок тыйылган жок.

Мына, Током да комузун күүлөп коюп, кармап олтуруп калды. Кабагы салыңкы, мүнөзү таарынынкы. Олтурган эл күлкүсүн тыя коюп:

— Токо, сизге эмне болду? Ырдабай эле таарынып калыпсыз?— дешти.

— И, анан силердики жакшыбы! Өзүм уялчаак киши элем. Кары дебей, жаш дебей каткырып күлүп жибердиңер. Анысы аз келгенсип, тиги ашкананын оозунда олтурган кемпир да шылдыңдайт!

Анда баягы кемпир:

— Оо, кокуй десе, айланайын, мен кубанганымдан күлүп жатам. Эми кантем?— деп чебелектей баштады. Анда Током: «Тынч отур, жумарбек»,— деп оң жак капталында көзүнүн жашы куюлганча кыткылыктап күлүп жаткан жигитти болк дегизе курсагы менен бир койду. Аны андан бетер күлкү каптады. (Токомдун бүт денеси кыймылдап турчу эле.)

— О-о, айланайын Током ырдай электе эле минтип күлүп жатабыз, ырдаганда кантебиз?— дешип, эл ыкшып күлүп жатышты. Элдин күлкүсү тыйылбаганына карабастан, коңгуроодой бийик үнүн чыгарып:

«Токтогул келет экен»,— деп,—
Толкундап тосуп тургандар!
Пейлим сүйгөн мээнеткеч,
Аманбы, жалпы туугандар!

— деп Током ырдап жиберди.

— Оо, үнүңдөн айланайын, Током! Дагы, дагы! Ой, чурулдабагылачы.

— Тынч отурсаңчы!

— Кантет, тебелеп кетмек болду!

Ушундай сөздөр туш-туштан угулуп жатты.

Кара таман кедейлер,
Кадырың сурап билерге,
Карды чоң байга барбастан,
Кайрылып келдим биерге —

— деп Током дагы улантты.

Ар сайын эл дуулдап: «Оо, айланайын Током, биз чоң ыраазыбыз. Эгер бизге келбей, байларга барсаңыз, жанагыдай дагдаңдаган акмак жигиттери сени көрсөтмөк тургай, үнүңдү дагы угузбай коёт болучу. Бали Током! Бали!— деген сөздөрдү үстү-үстүнө жаадырышты.

Ак жеринен кармалып,
Айдалып кеттим Сибирге.
Аман келип кошулдум,
Ак калпак кыргыз силерге,

— деген Токомдун арман сөзүн укканда, муруңтан бери каткырып күлүп жаткан эл, күлкүсүн токтотуп, кабактары салыңкы тартып, манаптарга кыжыры кайнагандай: «Оо оңбогон кузгундар, ушундай кишини кантип айдатты экен!» — деп, Токомдун кайгысына шериктеш болгондой болуп, көпчүлүккө бир башкача өзгөрүүлөр кирип кетти. Элдин бул түрүн сезе койгон Током ырдап жаткан ырын токтото коюп, элдин көңүлүн көтөрүү үчүн комузун оң колуна алчылантып кармай салды да, үй ээсине карап минтип ырдады:

Оо, Чылмамбет!
Казан менен тулгаңды ал,
Калдайган чака, кумгаңды ал
Качандан бери ичиме
Катып жүргөн сырлар бар.
Капкайда жокту көрсөтөм,
Карап тургун, туугандар.

Отурган эл:
— Мына кызык! Ортобузга эмне кылат Током?!
— Бакшыларды туурап жүрбөсүн?
— Ким билет, мүмкүн бийлейт го, айтор, бир нерсе кылат го,— деп шыбыр-күбүр боло баштады. Током комузун торгойдун тилин тууроочу күүгө салып алып, дагы жабыратып кирди:

Ушунча куштун ичинде
Молдочо торгой деген бар.
Түркүн-түркүн сайраган
Тилге чечен-чебер бар.
Кой кайтарып жүргөндө
Сайраганын үйрөнгөм.
Өзүңдөй кылып торгойдун,
Күүсүн чертип берем, туугандар!

— деди дагы чертмегин колуна кармай салып торгойдун сайраганын түшүндүрүп айта баштады:
— О, туугандар, молдочо торгойду баарыңар эле билесиңер. Асманга бийик көтөрүлүп алып, алтымыш түрлүү үнгө салып сайрайт. Акырында бир боз шыбак-

тын түбүнө келип конот да, дагы бир башкача түр менен сайрайт. Ошондо минтип сайрайт,— деп Током торгойду туурап, тамагын булкулдөтүп, торгойдун таажысындай кылып кийген топусун кыймылдатып, баягы бошоткон жерге келип, олтурган малдашын бузбастан, тегеренип жатып дал торгойдун өз тилиндей кылып комузун кыжыратып чертти да: «Ардап-зардап, к-штө-к-штө, загы-загы, к-штө-к-штө» — деп сайрайт. Муну билесиңерби, туугандар? — деди.

Олтурган элдин бирөө: «О, садагаң кетейин Токо. Торгоюңдун тилин өзүң билбесең биз кайдан билебиз! — деди. Анда Чылмамбет: «О, оңбогон Токтогул, жок жердеги укмуштун баарын эле таап аласың. Кана эми, Торгоюңдун тилин түшүндүрчү?» — деди.

Эл дуулдап күлүп жатат.

— Ээ, Чылмамбет... Сен торгой эмес кыргыздын тилин дагы толук түшүнбөйсүң, анан торгойдун тилин кайдан билесиң! — деди Током.

Күлкү ансайын күчөдү.

Биринчи: «Ардап-зардап, к-штө, к-штө дегени — алдап-салдап кишинин акысын жебе!» — дегени.

Экинчи: «Загы-загы, к-штө, к-штө», — дегени — жетим менен жесирдин акысын жебе! — дегени деп, Током туурап жаткан торгоюнун тилин түшүндүрдү.

— О, бали! Бу Токомдун колунан келбеген эч нерсе жок экен. Жалаң эле ырдайт экен десең, комузга дагы кыйын турбайбы! — деп эл өз ара сүйлөшүп жатышты. Аңгыча Чылмамбет:

— О, Токтогул, кайдагы жоктун баарын туурадың. Сенин акындыгыңды жаш кезиңден билебиз: эми мени мактап көрчү! — деп борс-борс күлүп койду.

Анда Током менен мен мурун көрүшүп үйүр алышып калдым эле. Мен Токомун ар жагында 2—3 кишиден кийин олтурат элем.

— Кел, Алымкул балам! Мынабу Чылмамбет «мени макта» — дейт го. Сен баштагын мен коштоюн, — деди. Ошондо мен келип отура калып:

Таш мойноктон кош артпай,
Таман жибин бош артпай — десем, анда

Током:

Бир кезекте Чылмамбет
Татынакай бала элең.
Ушул кезде карыпсың,
Тарлан баскан боз аттай,

— деди. Анда Чылмамбет жүгүрүп келип:

— Сенин мактаганың ушул болсо деги ырыңа ыраазы болдум. Мени мактабай эле кой?— деп Токомдун комузун кармай калды. Эл кыраан каткырык күлкү. «И, Токо, айланайын! Дагы...— дагы...» — деген сөздөр кулак тундурат.

Ошондо Током башка сөзгө кирди:

— Э... эмесе туугандар, Сибирге кетелекте Анжыян тарабына барайынчы деп, ошол жакка бардым. Өзүбүз туугандарды аралап, акынын, ырчысын, адилеттүү сынчысын, чилмарданчы, дутарчысын көрүп, өнөр арттырып келейин, атактуу Молдо Тойчу акынга жолугушту ойлодум. Анжыянга барып, көчөсү менен бастырып бара жатсам, эки чоң дөңгөлөк арабасына кошкон жалдуу кара атка минип, арабанын ичине төрт кишини салып, кара сакал, алкымында богогу бар бир өзүбек келе жатыптыр. Бирөөнүн башында чалынган кичинекей селдечени сыртын ак кездеме менен ороп алган узун бир немесин кармап алган. Баягыларды көргөндөн кийин, салам берип, бир аз жандай бастырдым да:

— Туугандар, кайдан келе жатасыңар?— деп баягы арабага кошкон атка минип келе жаткан кишиден сурадым.

— Ээ, сиз таанмбайсызбы?— деди.

— Кимди?

— Тиги арабанын ичиндеги кичкина ак селдечен кишини. Ол киши бизниң өзбек элинин ичинен чыккан шайыр болады. Ашулага ям, дутарга ям юдда чебер киши,— деди ал.

— Аты ким?

— Молла Тойчы аке мабул киши болади. Сизни караң. Эмгиче көрбөптүрсиз,— деди баягы киши.

— Ээ, Молдо Тойчу ушул экен. Эми булар кайда барып конор экен?— деп ойлонуп турдум да, эмне болсо да сурап көрөйүнчү деп:

— Эми кайда барасыздар?— дедим.

— Мына жакын ерде катта чайхана бар. Ушунга барып саил кылали деп бара жатамиз,— деди.

— Мен да барсам болобу, туугандар,— дедим эле.

— А, йуриң,— деди.

Ошону менен бир чоң чайханага түштүк. Мени менен барган өзүбектер бардыгы сырткы кийимдерин чечип олтургандан кийин, булардын салты ушундай го деп мен да чапанымы чечип коюп, аралаша олтурдум. Аңгыча эле олтурган эл:

— Өлмөң, Молдо Тойчу аке!— деп кыйкырып калышты да,— Молдо Тойчу аке, дутарни олиң?— дешти.

Баягы ак кездемеге орогондун ичинде Молдо Тойчунун дутары бар экен. Бирөө барды да, дутарды чечип колуна алып келип берди эле, аны көрүп мен да курумдагы комузумду чечип жаныма жөлөй койдум. Баягы мен кайда барасыңар деп сураган арабакеч мага башкаларга караганда таанышыраак болуп калды эле. Менин комузумду ал көрө коюп:— Кыргыз окемниң ям бир дорашасы бар экен,— деди да, а кыргыз аке, сизниң дорашаңиз ям бир нерсеге жарайми, е ёкми?— деп менден сурап калды.

— Эмнеси болсо да андан кийин көрөбүз да,— деди эле бирөө, баягы өзүбек:

— Кыргыз акемиң ям дорашасы бир нерсеге ерар икан!— деп, жармын күлкү, жармын мыскыл кылып айтты.

Алардын түрүн байкагандан кийин, мейли чебер тилим менен элпек колум ордунда болсо, тобокел деп көрөйүн деген ойдо олтурдум. Бир убакта Молдо Тойчу дутарын колуна алып, далысын кыймылдатып, дутарын чалып өзүбек элинин «Лүлү Мамажан» деген ашуласын айта баштады:

«Келиң, ортак, ойнайли, лүлү мамажан-ей,
Дорияларни бойлайли, лүлү мамажан-ей!
Боликлорга арыз айтып лүлү мамажан-ей!
Бир кудога жыглайли, лүлү мамажан-ей!»

— деп айтып болду. «Өлмаң, Молла Тойчу. Молла Тойчу акам поблап йибергениде, тамырларыңы зырпылдатып йибарды!» — деди бирөө.

— Олиң, кыргыз аке, дорашыңызны? — деп баягы тааныш өзүбек мага келди.

— Ырахмат, өзүбек туугандар! Өзүбек элинен Молдо Тойчу деген ашулачы чыгыптыр деп уктум эле. Ошол кишини көрсөм деп издеп келдим. Мына Молдо Тойчуну да көрдүм, айткан сөздөрүнө ыраазы болдум. Эми мен болсом: Ала-Тоо деген жер болот, арасында ак калпак кыргыз эл болот, ар бир сайын өрдөсөң, карагай, токой-чер болот. Мен да ошол кыргыз элиненмин. Силерге макул болсо, Молдо Тойчу акенин айткан ашуласы менен, чалган дутарынын күүсүн, өзүмдүн комузум менен чертип, тилим келбесе да, айтып көрөйүнчү,— дедим.

Аңгыча бирөө:

— Сиздин атыңыз ким? — деди.

— Токтогул — дедим мен.

— А, Токтогул сизби? Биз ям эшиткен эдик,— деди отургандардан бирөө.

— А болуптур. Токтогул аке, айтып көрүгиңиз, эмесе,— дешти.

«Ошондо мен комузумду күүлөп, Молдо Тойчунун өзүндөй кылып чертип, ашуласын минтип айта баштадым»,— деп Током далыларын кыймылдатып, комузунун эң башынан кармап (дутарга окшотуп) төмөн жагына чейин сыдырып чертти да, колун ойку-кайкылантып жиберди.

Мен ушинтип чертип жатсам баягы олтурган эл:

«— О... Баракелде! Өлмаң, а, кыргыз аке! Бу кыргыз акем дорашасына колун жуда устат кылып үйрөтүптүр. Колларини поблап-поблап урганида, бул кыргыз акамниң дорашасиниң үни оннан ям каттык чыгар экен? — дешип дуулдап жатышат»,— дейт Током. Анан «Лүлү Мамажанды» айта баштады.

Олтургандар:

— О, айланайын Током, жумуру баштан сиздей өнөрпоз жоктур,— дешти.

— Тигини! Өзүбектин эле өзүндөй кылып ырдап жатат.

— Токомун комузу дутар болуп кеткенби? — деп эле Токомдун өнөрүнө таң калган кишилер. Током сөзүн дагы улантты:

— Дутардын эң аяккы лүлү-лүлү деген жерлерин жаңы уккандык кылып комузга келтире албасымды билгенден кийин, ошол татаал жерин тилим менен туурадым деп дутардын дал өзүндөй кылып айтып өттү эле:

— О, баракелда. Молла Тойчу акемниң дол өзүндөй кылып тугри айтты,— дешип дуулдап калышты.

— Туугандар, мен Молдо Тойчунун ашуласын айтып, өзүмдүн комузум менен дутардын күүсүн чалып бердим. Эми кыргызча бир күү чертип, ыры менен айтып берейин. Менин өзүмдөй кылып Молдо Тойчу акем да айтып берсин? — дедим.

— А, Молла Тойчу акам айтып берада, кани башлаң, сизни ям бир мерта эшитойлик,— дешти отургандар. Ошондо мен:

Биздин кыргыз элинин келин-кыздарынын «Селкинчек» деген ойну болот. Алар селкинчекти бакубат дарактын бутагына салып алышып, жарышып тебишет. Аны жакшы тепкен, жаман тепкен да кыз-келиндер болот. Ошондо, келин-кыздардын ичинен шайыр, комузчу-ыр-

чылары да болот. Жакшы тепкен менен жаман тепкенге баа берип, күүгө салып минтип чертет,— деп комузун шыңгырлатып «Селкинчекти» чертип турган жерин көрсөтөт. Анда:

— И Токомдун күүсүн Молдо Тойчу черте алар бекен?

— Ким билет?

— Чертсе чертет да.

— О, койсоңчу. Токомдун күүсүн дароо кантип чертсин! — деген элдин шыбыр-күбүр сөздөрү кулакка шак дей түштү.

Током «Селкинчекти» чертип жатып топусун оттогон тооктун башындай кыймылдатып, кыз-келиндердин төмөндөгү ырын ырдады:

Жашыл жоолук — түрдөй жан,
Жаш өмүрдө гүлдө, жан.
Жаш кезиңде ойноп күл,
Жаным сага бирге, жан.
Жаш өмүрүң өткөн соң,
Жанып келбейт гүлдөй жан.
Тебиле берсин селкинчек.
Тептирип кой келинчек.
Селкинчекти тебе албайт —
Кээ бир жаман эринчек,

— деп келип аягында темир комуздун үнүндөй кылып ышкырып койду.

Мен мына ушинтип ырдап чертип жатканда, баягы чайханадагы эл:

— Өлмаң, Токтогул аке, кораз икансиз! — дешип, дуулдап калышты.

Кой буларга мындан да кызыгыраак кылайын деп дагы кирдим... Ушунтип селкинчек тээп жатышканда бир жоон кара келин жаңы келет. Кыздар теп десе, «тебе албайм, жыгылып калам»,— деп болбой коюптур. Анда кыз-келиндер:

Сайма элечек келинчек,
Караса, түрүң бултуюп,—
Тим эле, сүт сааган көнөчөк.
Не теппейсиң селкинчек?
Селкинчекти тебе албайт
Сендей жаман эринчек!

деп ырдашканын айттым.

— Өлмаң, Токтогул аке! Олиги бечара кара келиниңиз тепа олмас икан? — дешип өзбектер каткырып күлүп калышты.

— Мына, туугандар, кыргыздын кыз-келиндеринин «Селкинчек» деген күүсү менен ыры ушул. Молдо Тойчу акам ушуну кайталап берсин,— дедим да, комузумду Молдо Тойчуга сундум...

— Аа, Молдо Тойчу аке айтып береди. Мүмкүн сиздан ям ошириб йибаради,— дешип олтурган эл дуулдап калышты.

— Ортаглар, бул кыргызның комузиниң күүсү биздин дутарга келмайди,— деди Молдо Тойчу.

— Аа, кыргыз акениң доорашасиниң күвү бизниң дутарга келмас экан! — дешип, дуулдаган элдин ысыган деми сууй баштады.

Током ушинтип сөзүн бүттү. Током сөзүнүн аягына толук жете электе эле:

— О, Токомдун кыйындыгын көрбөйсүңбү? Бир эле укканда Молдо Тойчунун дал өзүндөй кылып айтып бергенин! Айланайын Током элдин таалайы үчүн талбаган дулдул, таңшыган булбул болуп бир жаралган экен! — дешип, эл Токомо ыраазы болушту.

Мына, Токомдун бир эле жердеги тамашасы ушул. Ал эми Током ар жерге барганда ар түрлүү өнөр чыгаруучу. Бир айтканын эки айтчу эмес. Током жалаң акын, комузчу гана эмес, ашкан өнөрпоз да болучу.

## КЫРК-СЕРКЕ ЖАЙЛООСУНДАГЫ ЖОЛУГУШУУ

Жайдын толук мезгили. Мен Кырк-Серке деген саяк элинин жайлоосунда элем. Бул жайлоого Талас элинен Түлөкабыл, Баястан дегендер жылда келип конуп олтурушаар эле. Түлөкабыл Токтогул менен жакшы жолдош болучу. Айыл терең сайга конгон. Айылдын мандайында бийик чоку бар эле. Биз эртең менен Назараалы деген карыянын үйүндө кымыз ичип олтурганбыз. Ангыча Баястан кирип келип, Токтогул ырдап жатат деген кабарды айтты. Тиги чокуга олтуруп алып, ырдап жаткан Токтогулду карай бастык. Ошондогу Токтогулдун ыры:

Кыркалай тарткан чокунун,
Кылда учунда турамын.
Таң торгою болсом да,
Таластык укпайт кулагың.

Ат тердетип алыстан,
Айлыңа келип турамын.
Кыйла малың оттоду,
Кырк-Серкенин тулаңын.
Сайында жатат майпайып,
Сайгактан качкан уйларың.
Саамалдай жутат малдарың
Саймалуу тоонун булагын.
Оңой деп мени ойлобо
Таамайын сурап турамын,—

— деди.

Эл Токтогулдун тамашалап ырдаганына кубанышып:

— Оо, Током, саяк элинин жайлоосу Кырк-Серкенин от-майын сурап оңой келбептир, кана тосуп алалы,— дешип бир чети тамашалап, бир чети ыраазы болуп күлүштү.

Анда Токтогул:

— Кошулсун деп добушум
Комузду күүгө бурадым.
Таарынбагын, Баястан,
Тамаша кылып турамын.
Көпчүлүк угуп сөзүмдү
Көңүлдүн кирин чыгаргын.
Алдыма келген Алымкул,
Амансыңбы, чырагым? —

деди.

Анда комузду мен алдым да, Токтогулга жооп кайтардым:

— Торбулуу жайлоо Кырк-Серке,
Торгоюм Токо, өз жериң.
Береги конгон көп айыл,
Берекелүү өз элиң.
Байкабай калдык биз дагы,
Булбулум Током келгениң.
Баястандан кеп угуп,
Кырда турат деп угуп,
Ээр-токумдуу, жайдакчан,
Кыялап чаптык ошондо,
Кырк-Серкенин төрлөрүн.
Кубаныч болот мага да,
Кучактап сени көргөнүм.
Жаркылдап күлөт адамзат,

Жүрөктүн кири жазылса,
Жабыла көчүп эл конот,
Жайлоонун көркү ачылса,
Кабарың билип эл келди
Кадимки сиздей асылга.
Жалгыз келип калыпсыз,
Жолдошуң жок кашыңда.
Бизди бир аз сындадың
Бийик кырдын башында,
Эчки-теке жүрчү эле
Ээн-аска ташында.
Эми эрмек болуп бериңиз
Элдин көөнүн ачууга,
Толкундап топто сайрасаң,
Торгойдой ширин тилиңиз.
Тосуп келди көпчүлүк,
Токо, айылга, кана жүрүңүз!

Көпчүлүк тегеректеп үйдү карай бастырып келатканда Токомдун ырдаганы:

Мында экениң билбедим,
Алымкул, сендей баламды,
Айылың башка болсо да,
Ардактайм сени, каралды.
Кырк-Серкени жайлаган,
Кыркалай желе байлаган.
Күтүрөтүп өрүштү
Күлүгүн малдын айдаган.
Талабың бирге башынан,
Таластык тууган, аманбы?
Каптаган селге кармалып,
Кайгылуу күндө сандалып,
Кайран элден бөлүнүп
Камоодо жүрүп айдалып.
Ажыдаардай залимдин
Азуусунда чайналып,
Кой деп айтаар пенде жок
Кишенде колум байланып.
Көзүмдөн агып мончок жаш,
Көрсөм деп элди зарланып,
Канча жыл элге кошулбай,
Кара башым тосулду.
Эскирип барат эсил баш,
Эки келбес кайран жаш,

Элиме кайра кошулду.
Эсендикти айтууга
Эңсеп келдим айылдан
Түлөкабыл досумду.
Айылы конгон төр эле
Айтылуу айкөл Манастын.
Калкы тегиз аманбы,
Казыналуу Таластын?
Улуктан качып бекинип,
Убайым тартып жүргөндө,
Урматын көргөм Таластын.
Улуу-кичүү кадырлап,
Зыйнатын көргөм Таластын,

— деп ырдап олтуруп айылга келип түштү.

Токтогул үйгө келип олтурганда мен кайрадан ырдадым:

— Кырчындай кезден чоңойгон,
Кырк-Серке сиздин жериңиз.
Жайытына мал салып,
Жайлаган биздин элибиз.
Жайнаган элдин эрмеги,
Жайдарым Токо, келиңиз.
Кыргызга күндө угулсун,
Кызып сүйлөй бериңиз.
Сырыңды билчү досуң бар,
Сый-сыпатын көрүңүз,
Кайгырбагын өткөнгө
Кайрадан элди көрдүңүз.
Эригип жаткан элиңе
Эми эрмек болуп бериңиз!
Эсил Током кеби деп,
Элде калсын белгиңиз.
Токтогул келди дегенде,
Тосту элдин баарысы,
Абыдкерим, Баястан,
Назаралы карысы.
Топудай болгон Алымкул
Тосуп алды атасын,
Бул да ниеттин калысы —

— деп басылып, комузду Токтогулга сундум.

Анда Током:

— Биринчи келип турганым,
Мелтиреген бийик кыр.

Комуздун үнүн уксак деп,
Кыз-келин күтүп жаткандыр.
Күлпөт куруп берсин деп,
Кемпирлер да айткандыр,
Кымызга кызып калган эл,
Кызытат экен биздин ыр.
Атасын тосту алдынан
Алмадай балам Алымкул,
Араласам кадырлап,
Айттырбай сырды табышкан.
Ар качан ачык, пейли март,
Ардактап тосуп алышкан.
Жаным курман өзүңө.
Жалпы журтум эсен тур.

— деп Токтогул бир аз ырдагандан кийин күн да батты. Ал кезде шамчырак сейрек болор эле. Үйдүн ичине караңгы түшкөндө Токтогулга арнап союлган койдун эти бышып, табак тарта баштапты. Токтогул төрдө үч-төрт аксакал менен олтурган. Бир маалда баш салынган табакты кармады да, карыларды күлдүрүү үчүн андагы башты дасторкондун мен жаккы четине жылдырып койду. Сырттагы кыз-келиндер үйдүн туурдугун түшүрүп коюп, керегенин көзүнөн менин чапанымдын этегинен тарткылап:

— Өзүң эле жей бересиңби, бизге кана? — дешип турушкан болучу.

Кыз-келиндер оюн-чынга аралаш кулагымдын кужурун алып бараткан соң, башты аларга кармата бердим. Алар чурулдашкан бойдон менден алган башты окчун жердеги асканы карай көтөрүп жөнөштү. Илгери ушундай болуп кыз-келин үйгө батчу эмес. Токтогул болсо баягы башты жеймин дегенсип тартылган табактан устукан алган жок. Кыскасы, кабырга да алган жок. Башка устукан албагандан кийин:

— Жанагы баш кана,— деп менден сурады.

Мен:

— Көргөнүм жок,— дедим эле,— сен кантип көргөн жоксуң? — деп комузун алып ырдап жиберди:

— Белгилүү мерген аңдыса,
Беш аркар качат аскага.
Перзентимдей көрчү элем,
Менин көңүлүмдү таштаба.
Пейлиңди менден бурбасаң,
Бейбаштыкты кылбасаң,

Бер жагыңа жылдырып,
Бекитип койгон баш кана?
Пейлиңди бузуп, жубарымбек,
Берип койдуң башкага.
Кыз-келин жешип жаткандыр,
Кереге таш аскада.

Мен: — Көтөрүп баккан атамдай
Көрөмүн сиздей асылды.
Көөнүңдү менден бурдуң деп
Көп кыйнаба, касмынбы?!
Көпчүлүктө уялтпа,
Токо, көргөнүм жок башыңды.

Токтогул: — Атуучу мерген аңдыса,
Алты аркар качат аскага.
Ардагымдай көрчү элем,
Атаңдын көөнүн таштаба.
Азыр пейлиң бузулуп,
Алданып кеттиң башкага.
Атаңа көөнүң түз болсо,
Алдыңа койгон баш кана?
Мен карыларды алдап жатканда
Алдырып ийдиң башкага.
Азыркы ишиң чоң уят
Артымда жүргөн жаш бала!

Мен: — Аралашып ар дайым,
Токо, мен артыңда жүргөн
медериң.
Алты жаш бала эмесмин,
Алдоого кантип көнөйүн.
Башты сизден жашырып,
Башкага кантип берейин.
Жабыркап, Токо, кайгырба,
Жоголгон башты төлөйүн.

Токтогул комузун алды да тышка жөнөдү. Токтогулдун артынан элдин баары кошо чыгышты. Ошондо тиги кыз-келиндерди карай Токтогулдун ырдаганы:

— Аралап азыр караймын,
Бекинген аска ташыңды.
Арт жагынан тарткылап,
Алдапсыңар жашымды.

Ачка калды атасы,
Алып кел, кыздар, башымды.
Кыз-келин, кыйын амалың.
Кыялын буруп баланын,
Чын эле доолап жатат деп
Бүркөлбөсүн кабагың.
Алымкул балам бериптир,
Алтындай болгон кыз-келин,
Аш болсун жеген тамагың.

## ЫРЧЫ АЯЛ АКЫШ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ

Бир жылы күзгө жакын Токтогул биздин үйгө келип калды. Биздин элди Акбай-Бабыр дечү. Ошол айылда көптөн бери кушчу элинен келген Сулайман деген ырчы жүрөр эле. Токтогул келгенде Сулайманды да үйгө чакыртып алып, Токтогул менен бирге айыл аралап, Сулайман экөөбүз да аттандык. Бара жатып, там салган бир топ адамдарга жолуктук. Алар бизди көрө коюшуп, алдыбыздан тосуп чыгышты. Бул жерде турган Боромбай деген киши Токомдун бир-эки ооз ырдап коюусун сурады.

Токтогул:

— Кана, балам, Алымкул, баштачы? — деди мага карап;

Алымкул:

— Көп жерден жыгач тандатып,
Алып жаткан турбайбы.
Көркү сонун ак тамды
Салып жаткан турбайбы.

Токтогул:

— Узун менен кыскасын,
Улап жаткан турбайбы.
Устундарын кадача
Кынап жаткан турбайбы
Чоң устасы Ныязмат,
Улам көрүп бир жерин,
Сынап жаткан турбайбы.

Алымкул:

— Колундагы байтеше,
Курчтук кылат алмастан,
Иштей бергин, усталар,
Кайратыңдан талбастан,
Көргөн кезде силерди,
Көңүлүм толкуйт ырдасам.

Токтогул: — Усталар, сени мактадым,
Угуп сөзүм тыңдасаң
Абдан сонун болбойбу,
Асемдеп жакшы ырдасаң,

— деп Током ырдагандан кийин нарыраак бастырып барды. Бурчта кичинекей дүкөндө иштеп турган, өзү өзбекке окшогон кара сакал адамды көрүп:

— Бул ким? — деп менден сурады.

— Бердикожо деген ушул,— дедим мен.

Током эми ага кайрылды да, ырда Алымкул дегендей белги берди.

Алымкул: Бердикожо байым ай,
Печеттелген чайың ай,
Бир теңгеден канты бар,
Миң тиллалык баркы бар,

— деп мен ырдап бүткөндөн кийин, Бердикожо кагазга оролгон кантты ызаат менен Токтогулга суна берди.

Анда Током:

Кадырды билген эр экен,
Кантын ала жүгүргөн.
Кедейлердин ичинде,
Мына ушундай марты бар,—

деп ырдады.

— Мындан кийин атыбызга сулудан жем берип, орто орум бедеден чөп бере турган, өзүбүзгө май аралаштырып эт бере турган, тойгонуңча же деп көп бере турган адам барбы? — деп Током бизден сурады.

Сулайман экөөбүз кеңешип туруп, Токтогулду Баймурат дегендикине алып бардык. Биз баратканда Баймурат эшигинин алдында туруптур.

Баймуратты Токомо:

— Тээ эшиктин алдында турган жоон кара киши,— деп көрсөттүк.

Баймурат эшигинин алдындагы жол боюна жасалган кырманда буудайдын кызылын сапырып жаткан экен. Аларды көргөндөн кийин Током турчу беле:

— Кана баштагыла! — деди бизге.

Сулайман: — Ассалломалейкум,
Амансыңбы, Баймурат?
Кедей да болсо мыкты экен,
Самоорунда чай турат.

Төркү тамдын ичинде
Сүрсүгөн аппак май турат.
Мээнеткеч киши көрүнөт,
Мейманга бөлөк жай турат.

Алымкул: — Мейманканаң бер жакта,
Сарайың турат ар жакта.
Саманканаң бул жакта,
Тегирмениң тыякта.
Аттарга белен турбайбы,
Чөбү менен акыры,
Алымкул менен Сулайман,
Эл ырчысы Токоңду,
Ээрчитип келе жатыры.
Келишкен экен короосу,
Кенен пейил меймандос,

Өзү кедейдин экен баатыры,—
дедим.

Биз Баймураттыкына барып калдык. Баймураттын түпкү уругу өзбек болгону менен кичинесинен кыргыздын колунда чоңоюп кыргыздай болуп калган. Алды менен мен бардым.

— Алымкул балам, бул ким? — деп Баймурат менден сурап калды.

— Токтогул деген ушул,— дедим.

— Токтогул деген ушулбу? — деп Баймурат шашып, келгиле,— деп аттарыбызды алып, бизди мейманканасына кийирди. Биз үйгө киргенден кийин Баймурат өзү кайра тышка чыкты. «Аттардын басмайылын бошотоюн» — деп, мен да кошо чыктым. Баймурат болсо:

— Үйгө меймандар келип калды, силер сапыра бергиле! — деп буудай сапырып жаткан сапырыкчыларга айтып жатыптыр.

Аңгыча аркы өйүздөн элечегин мыктап оронгон, каптын түбүнө бир нерсе салып көтөрүп алган Акыш деген келин келип калды. Баймурат Акышты көрүп:

— Мына Акыш да келип калган турбайбы! Кана, Акыш, кырманчыларга бир нерсе айтып жибер! — деди.

Акыш беш-алты ооз ырдады. Ошондо мен Акыштын ырдаганын биринчи жолу угушум эле.

Акыш: — Төрт иликти колго алып,
Сапырганга береке.
Төмөн жактан шамалды,
Чакырганга береке.

Кайың күрөк колго алып,
Сапырганга береке,
Кыбыладан шамалды,
Чакырганга береке.
Күрөгүндү колго алып,
Турганыңа береке.
Күзгүдөй болгон туптунук
Кырманыңа береке.
Кырдай болуп үйүлгөн.
Даныңызга береке.
Кызмат кылып иштеген
Барыңызыга береке.
Суу боюнда көгөргөн
Жалбызыңа береке.
Ар бирөөбү казандай,
Дарбызыңа береке.

Баймурат Акыштын ырын угуп үйгө кирди. Мен да үйгө кирип, эч нерсе көрбөгөн кишидей болуп, Токтогулдун жанына барып олтурдум. Аңгыча Акыш да кирип келди. Ал Токтогул менен кол алышып учурашты. Сулайман мага Акышты көрсөтүп:

— Токомо бир нерсе айтайын деп келсе керек,— деп шыбырады.

Көрсө Сулайман мындан мурда да Акыш менен жайлоодо эки жолу беттешип айтышып калыптыр. Токтогул Акыштын акын экендигин билбестен эле комузун алып ырдай баштады:

Токтогул: — Кечээ эки көздөн аккан жаш,

Этегиме төгүлүп,
Эли жок ээн талаада,
Эскирип кетти кайран баш.
Элиңе келген Токоңду,
Көрөйүн деп келипсиң.
Эсенсиңби, карындаш?
Акбай-Бабыр элиңиз,
Акылдуу келин, келиңиз!
Аман-эсен жүрөбү,
Арзыган курбу теңиңиз?
Караган көз тойгудай,
Камчы саптай белиңиз.
Кара жаак жез таңдай,
Калк ырчысы Токоңду,
Калкыңа келди, көрдүңүз.

Ак жерден башым кармалып,
Мен айдалып кеткем алыска.
Алдына чыккан жан элем
Ар жерде болгон жарышта.
Ага-ини тууган болгон жок,
Ажыратып калышка,
Азамат бала жок эле,
Артымдан издеп барышка.

Курбу-курбу, курбуңуз,
Куюлуп түшкөн мурдуңуз.
Айлыңа келген Токоңо
Амандашып турдуңуз.
Уга салып келгениң
Умтулуп салам бергениң,
Акылдуу келин экенсиң,
Урматка жатат мунуңуз.
Эсил жан бир күн бөлүнөр,
Элде калсын белгибиз.
Мен кармалып алыс жүргөндө,
Караңгы тамга киргенде,
Туулуп өскөн Ала-Тоо
Жеримди эстеп сагынгам.
Каалап алган ак Каныш,
Теңимди эстеп сагынгам,
Таасын күлүк жан элем,
Талбай топко чабылган.
Эскирсем да кыргызга,
Экинчи кайра табылгам.
Катарлай өсүп чоңойгон,
Урааны кыргыз өскөн журт,
Элимди эстеп сагынгам.
Айттырбай туруп сыр чечкен,
Айныбаган бир сөздөн,
Акылы бүтүн өзүндөй
Келинди эстеп сагынгам.
Топчубайдын ордуна
Топудай болгон Алымкул,
Таластан тапкан табылгам.
Каралдымдан кем көрбөй
Ээрчитип чыктым жаңыдан.

Аз күндө кетем, карындаш,
Акбай менен Бабырдан.
Аймагын көрсөм дечү элем,

Ала-Тоо кыргыз элимдин,
Айтканын уксам дечү элем,
Алдымдан тоскон келиндин.
Азапта өтүп баратат,
Азыркы жаштык өмүрүм.
Чырак болбойт өчпөгөн,
Чынар болбойт кеспеген,
Карындаш, сиздей күлгүндү,
Камакта жүрүп эстегем.
Кадырды билер жаш болсо
Кайгысы ачат көңүлдүн,
Канттай ширин сөз менен
Карылык кармап калса да,
Адамдын кароосу калбайт көз
менен.
Капканга белим чаптырбай,
Кайра келдим кыргызга,
Каарынан калып өлүмдүн
Карысам да калкыма,
Булуттан чыккан жылдыздай
Жарк дей түшүп көрүндүм.
Кадырын көрүп кубанып,
Кайратым толуп чыңалып,
Калган сөздүн нускасын,
Каалаган элге чыгарып.
Жүзүн көрүп олтурмун,
Карындаш, сиздей келиндин,—

деп Током ырдап бүтүп, комузун колуна кармап олтурганда келин ырдап калды. Анын ырчы экенин мурда билбеген Токтогул кичине чочугандай, комузун мага берди да, жастыкты чыканагына коюп, келинге карады:

— Ар адамды ар башка
Жасайт экен кудайым,
Жайымды билбей күндө урат,
Жактырып тийген жубайым.
Жазылбайт көөнүм кападан,
Жашымдан тарттым убайым.
Кара жаак, жез таңдай,
Калкыма Током келгенде,
Капкандап кармап койсо да,
Кантип келбей турайын,
Айылым жакын өйүздө,
Угуп келдим кабарды,

Айта албайт экен эркекче,
Аял калкы саламды.
Жаныңа кошуп алыпсың,
Жаш Алымкул баланды.

Укканда, Токо, кубандым,
Урматтап айткан кебиңди.
Укканда капа болгонбуз,
Айдалып кеткен жөнүңдү.
Жарк этип жарык тийгендей
Жаңыдан көрдүм көзүңдү.
Кантип кадыр кылбайын,
Калк сүйгөн Током өзүңдү.
Аралап келген экенсиң,
Акбай-Бабыр элимди.
Карыдым деп ойлонуп,
Токо, капаланттың көңүлдү.
Кары эмессиң, жаштайсың.
Узак сүргүн өмүрдү.
Эки эли тилин сайратып,
Эл багына табылган,
Көрбөгөн келин-кыздарың
Келсе экен деп сагынган.
Айлыңдан кайра кеткенче,
Аялмын жөнүм келишпейт
Эркек болсом этектеп,
Токо, кетпейт элем жаныңдан.
Бакка конгон булбулдай,
Баса албадым таранып.
Төрөлүпмүн энеден,
Бактысыз болуп жаралып,
Билбеймин кандай өткөнүн,
Гүлдөгөн жаштык балалык.
Балдай ширин нечен сөз,
Ичимде калды камалып,
Акыштын айткан кеби деп,
Калбады элде таралып.
Ушуну укса дагы урат,
Өзүм да,
Өлмөк болдум каржалып.

Үйгө барсам күйөөм
Урамын деп октолот.
Жүрө албадым элге тең,
Жүрөк күйүп чок болот.

Булбулдай болгон жаш кезим
Буулуп жүрөк жок болот.
Колуңдан келсе урба деп,
Койдуруп кет иниңди.
Айтайын деп келгенмин,
Көңүлдө кайгы киримди.
Угузбай ичке камадым,
Угумдуу болгон үнүмдү.
Убайым менен соолттум,
Ачылган кызыл гүлүмдү.
Жан чиркин ширин турбайбы
Жазыгы жок өлө албайм.
Аял-эркек баш кошсо,
Арасына келе албайм.
Азыраак сүйлөп бере албайм.
Алтындай ширин сөзүмдөн
Булбулдай тилиң сайратып,
Эрмеги болдуң элиңдин.
Колуңа комуз алганда,
Коштогон аттай элирдиң.
Колуна түшпөй келипсиң,
Коркунуч ажал өлүмдүн,
Көңүлүн ачып кубанттың
Кор болуп жүргөн келиндин.
Жарыкка бетин ачып кет,
Жашырып жүргөн кебимдин.

Аралап конгон булбулсуң,
Ачылган бактын гүлүнө.
Уккан адам толкуган,
Укмуштай ширин тилиңе,
Көңүлүм ачып жаркылдап,
Көрсөм дейм сени күнүгө.
Кош добуш чыгып шаңкылдап,
Комуздан черткен күүң жаш.
Комуз менен бир чыккан,
Коңгуроодой үнүң жаш.
Сан жыйында эргиген,
Сайраган булбул тилиң жаш.
Элдин эркин булбулу
Эркиңче сайрап жүрө бер,
Токо, эсен болсун алтын баш.
Укмуштуу келин экен деп,
Токо, чоочутпагын көңүлдү.
Айтып өттүм бир катар,

Армандуу ички кебимди.
Алымкул болсо жаш бала.
Сулайман билет жөнүмдү.
Током капа болбосун,
Эми мен токтотоюн кебимди.

Акыш ырдап бүткөндөн кийин, Током силер бирдеме дебейсиңерби дегендей Сулайманды карады. Өзү кайрадан келинге ырдашты ылайыксыз ойлодубу, же Сулайман экөөн сынагысы келдиби, айтор, Акышка беттеп ырдаган жок. Ошондо Сулайман комузун колуна алып, Акышка карап ырдады:

Сулайман: — Атагы чыккан Токомдун,
Ак калпак кыргыз элине.
Аял-эркек бүт кумар
Алтындай жүзүн көрүүгө.
Уялбайсың Акыш сен,
Уйча сүзүп эшикти,
Токомо унчукпай кирип келүүгө.
Мен да кыйкырчу элем кырдансам,
Кызыл өрүк комузга,
Кыйкырып добуш үн салсам,
Атым ырчы Сулайман,
Айтуучу элем чыңдансам,
Акыш, сага не болмок,
Атагы чыккан Токомдун,
Алдына келбей тим калсаң?
Кабары кеткен Токомдун,
Казак, кыргыз элине,
Азыр келип олтурат
Акбай-Бабыр элине.
Жөн келген неме экен деп,
Ырдады Током көргөндө.
Током да сенден чочуду,
Токтолбой сүйлөй бергенде.

Айлыбыз бирге аралаш,
Билемин Акыш келинди.
Жаңы көргөн Токомо
Не болот айтсам жөнүңдү
Билип кетсин Токтогул,
Сенин ата тегиңди.

Кетмен-Төбө, Шамшыкал,
Кен түгөнбөс туз эле.

Угуп кой, Токо, бул Акыш,
Үркүмбайдын кызы эле,
Алган теңи Сүйүналы,
Акыш келин ушу эле.
Жанагы айткан сөзүмдүн
Жалган жери бар беле.
Туйтаман албай койгон соң,
Сени Сүйүналы алды эле.
Ачууланба, Акыш, сен,
Билгиздим бир аз жөнүңдү,
Аралаш өскөн жан элек,
Өзүңө кезек барганда,
Айтарсың билип кебиңди —

деп Сулайман ырдап бүттү. Сулайман ырдап жатканда Акыштын өңү тез-тез бузулуп, ачуусу келип турду. Төрдө жамбаштап жаткан Токтогул сен ырдачы дегендей мага карады.

Алымкул: — Жаркылдаган Акышты,
Жаңы көрүп турубуз.
Жакшы эмес, Суке, жанагы
Баштап, айткан ырыңыз.
Турган жерден жамандап,
Тууралык эмес мунуңуз.
Кеги бар киши өңдөнүп,
Келишпейт ушул чырыңыз.
Бириңе-бириң маалимдир,
Жаман-жакшы сырыңыз.
Оройлуктан пайда жок,
Орунсуз ишке урунуш.
Акыштын ырчы экенин,
Сыртынан угуп билемин.
Алды менен баштадың,
Ажырашкан күйөөвүн.
Каркырадай Акыштын,
Капа кылдың жүрөгүн.
Кордогончо аялды,
Колуңдан келсе сүрөгүн!

Мен ырдап бүткөндөн кийин Акыш ырдады.

Акыш: — Айлыма Током келди деп,
Ар кимден уктум кабарды.
Атым аял болгон соң,

Айта албадым саламды.
Ортодон тосуп Сулайман,
Буздуң бир топ санааңды.
Ачыкка жолдош боло албайт,
Түбү туюк караңгы.
Ким көрбөйүн деп ойлойт,
Булбулдай чечен адамды.
Токомду көрөм деп келсем,
Тосо калып ортодон,
Сулайман болдуң аралжы.
Ашыкпай бир аз тура тур,
Мен да айтайын Сулайман,
Сенин да ата-бабаңды.

Талпылдап жетпейт кулалы,
Талдан шумкар учканда,
Элин коргоп эр чыгат,
Эрегишкен душманга,
Толуп жүргөн ырчылар,
Токтогул болот устаң да.
Кебин Током аябайт,
Кез келсе келин-кыздарга.
Торпоктой жонуң көрсөтүп,
Сулайман, Токомду менден
кызганба.

Жаш кезимден калтырбай,
Жаман айттың кебинди.
Жаңы көргөн Токомо,
Жамандайын дедиңби?
Урматтуу Током отурса,
Уялттың мендей келинди.
Уруксат болсо Токомо,
Мен да айтайын кебимди.
Алдырам кантип, Сулайман,
Айтышкандан кебимди.
Атагы чыккан Токомо
Айтайын билген жеримди.
Сыртынды салып сыйлашпай,
Сый кишинин алдында,
Суке, сыйыртмак болдуң теринди.

Бараңга салган окко окшоп,
Өйдөлөйсүң бул жерде
Өзүңдөн башка жокко окшоп,

Ширеси кетип сүзүлүп,
Кургаган кебек топко окшоп,
Толуп жатат ырчы көп,
Токомо кайдан тең келсин?
Акшыңдаба, Сулайман,
Акышты качан жеңгенсиң?
Каратал, кушчу калкыңдан
Каракол, Кең-Сай алкымдан
Карызыңа чыдабай,
Качып мында келгенсиң.
Бөксөдөн качып ылдыйлап,
Биздин элди тапкансың.
Минип жүргөн атыңды,
Көкбөрүгө чапкансың.
Жалгыз атыңды өлтүрүп,
Жалдырап жөө баскансың.
Ээр-токумуңду кучактап,
Кара жолдун боюнда,
Кайырчыдай жалдырап,
Кара-Алмада жаткансың.
Агыштын уулу Алтынбай,
Ат берген сендей эсерге
Кан жайлоонун башында,
Жолуктуң безгек кеселге.
Карагер минип чалкалап,
Байыпсыңбы Сулайман!
Калтыратма безгектен,
Айыктыңбы Сулайман?
Жүүнүң бошоп безгектен
Жүдөдүңбү, Сулайман?
Жатсаң-турсаң жаныңды
Тиледиңби, Сулайман?
Калкасы тиер бекен деп,
Тойгонбайдын төрт терек,
Түнөдүңбү, Сулайман?
Төрт теректи кучактап,
Таң атканча бышактап,
Төрт түнү түнөп жатсаң да,
Жапан чыккан тал болот,
Жаныңа жардам кыла албайт,
Таап дары издебей,
Талаада талга сыйынып,
Жаткандан Сукем уялбайт,
Элиңе батпай жүрөсүң,
Эмне болду тапканың?

Энчилеген үйүң жок,
Элдин айлы жатканың.
Өз айбыңды билбестен,
Өйдөсүнүп мактандың.
Карды тойсо кубанып,
Сен бир каңгырап жүргөн акмагым!
Айдап жүргөн малың жок,
Арыктын жээгин көгөртүп,
Атайын тиккен талың жок
Кыйкырба куру, Сулайман,
Койнуңда жаткан жарың жок,
Бир күнү безгек оорусаң,
Билегиң кармар табың жок.
Чымчылаша тийишип,
Чырдаша бербе дайны жок.
Мен да билем айбыңды,
Калыс бол, Токо, угуп тур,
Калтырбайын дайныңды.
Кабарын айтчы угайын
Калың берген кайныңды.
Эски тартып калганда,
Каңгырап жалгыз жүргөнчө,
Кайрадан алгын Сулайман
Кушчуңда калган зайбыңды.
Жөн сүйлөбөй жөөлүдүң,
Суке, мен жөөлөшүүдөн каламбы?
Көрөйүн деп келгенмин,
Талга конгон булбулдай,
Талыкпаган дулдулдай,
Таасын күлүк адамды.
Кичинекей Алымкул,
Токо, ээрчитип жүргөн балаңды.
Чабыттап алат торгойду,
Чабыттап учкан жагалмай.
Эркин кыргыз элине,
Током, эрмек болуп жаралды ай!
Алдында Током турган соң,
Ары жагына бара албай,
Акбай менен Бабырда
Аралашып бир жүрдүң
Адегенде Сулайман
Айыбымды айтып бүлдүрдүң.
Акылыңдын жогунан
Өз жөнүңдү билдирдиң.
Экөөбүздүн чатакты,

Сен айтпасаң — ким билсин,
Көңүлүң менден калган жок,
Көп тийишпей жөн жүргүн.
Сынчы, Токо өзүңүз,
Сулайман менен келинди,
Жалаң ырчы мен эмес,
Энди токтотоюн кебимди.
Айылда биз го биргебиз,
Арбыта түшүп калтырбай,
Айта албай калдым белгимди.
Айтышмак болсоң мен даяр
Суке, алдырбайм сага кегимди.

деп Акыш да бүттү.

Токтогул мага:

— Алымкул, комузуңду алып ырда! — деди.

Алымкул: — Токомду көрөм деп келсе,

Тосоттон, Суке, сүйлөйсүң.
Топко ырдачу киши экен
Тоо-талаага сүйрөйсүң.
Айткан сөзүн карачы,
Акындыгын билбейсиң.
Жашык темир кесеби
Жалындай болгон миздүүнү,
Жарым жан киши жыга албайт,
Жаадай катуу күчтүүнү.
Токтогулдун үстүнө
Оңой киши кирчүүбү?
Калкың укса жадабайт,
Токо, канттай ширин кебиңден.
Аз күндө кетет бул Током,
Акбай-Бабыр элимден.
Алымкулдай балаңды,
Токо, унутпагын көңүлдөн.
Азыраак чочуп калдыңыз
Алдыңа келген келинден.
Учурашып кол берип,
Көрөм деп келген көзүңдү.
Угайын деп келиптир,
Сиздин балдай ширин сөзүңдү.
Оозун ачып ырдатпай,
Олтурган элге тыңдатпай.
Орго салган немедей
Күйөөсү кылып кесирди.

Жарыкка чыкпай бир күнү
Жаш кезинде эзилди.
Жаман күйөөн чакыртып
Токо, айтып кет калыс сөзүңдү.
Жолукбаптыр бул жеңем,
Жолун аччуу кишиге.
Алган эри баа бербейт,
Алтындай кымбат ишине,
Капкан салып ырдадың,
Суке, калтардын баскан изине.
Кор болду Акыш чайналып,
Бир корс кыялдын тишине,—
деп мен ырдадым.

Менден кийин Током калыстык катарында ырдады.
Т о к т о г у л :— Акыш менен Сулайман,
Айтканын уккун калыстын.
Кектешип жүргөн немедей,
Далай жерге барыштың.
Жаш кезден берки сөздү айтып,
Жакалашып калыштың.
Арачылык кылууга,
Айлыңда эмес, алысмын.
Чыкканың ал дээр байге жок,
Чырдашпай энди табышкын.
Туура көрдүм келинди
Көрөйүн деп келиптир,
Токтогул деген жөнүмдү.
Айтышканда, Сулайман,
Жеңе албайсың келинди.
Чекчеңдей бербе куру эле,
Чекилик сенде көрүндү.
Алды менен Акыштын
Айыбын айттың, туура эмес,
Чу деген жерден адаштың
Бул айтканың ыр эмес,
Аялды дайым сыйлай бил,
Сага айткан акыл, бир кеңеш.
Байкап ырда, Сулайман,
Басылып калчу мен эмес.
Алдыңдагы Акыштан,
Акындыгың өйдө эмес.
Айтканың байкап олтурдум,
Аялдан чыккан ырчы эле
Акыш да Чата кыздан кем эмес.

Жактырдым келин өзүңдү,
Жакшы экен уктум сөзүңдү.
Жарыкка сөзүң чыгарбай,
Күйөөң кылса кесирди,
Кулак салгын, Сулайман,
Ушул айткан тилиме.
Менден салам айтып кой,
Акышты алган иниме.
Сайрай турган булбулду
Жайкалган бактын гүлүнө.
Саргайтып камап жүрүптүр
Чүнчүбөйбү бул келин,
Жаңжал кылса күнүгө.
Тоскоол болуп тоспосун,
Торгойдун ширин тилине.
Баарына айтып кетүүгө,
Бара албай калдым үйүнө.
Айлыбыз алыс, келе албайм,
Аралаш болуп жүрүүгө.
Дайындап кетем, Акыш жан,
Сулайман ырчы иниме.
Барып айткын, Сулайман,
Акыш менен күйөөсүн
Баш коштуруп үйүндө.
Кара жер бетин суу кылат,
Кары эрисе мөңгүнүн.
Жардамы болбойт эгинге,
Жайында жааган мөндөрдүн.
Кашымдагы Сулайман,
Каркырадай Акышка,
Капталдабай жөн жүргүн!
Токтогулдун сөзү деп,
Дайындап кетти өзү деп,
Токмоктоп жүргөн күйөөсүн
Токтоолукка көндүргүн...

## АКБААРЫ

Айлана жыпар жыттанып жайдын толуп турган мезгили. Токтогул Кетмен-Төбөдөн Таласка келип, мени жанынан кадам алыс чыгарбай он күн ээрчитип жүрдү. Ырын, күүсүн үйрөттү.

— Алымкул балам, мен далай жерди көрүп, далай элдин үрп-адаты менен тааныштым. Сен болсоң жаш-

сың. Таластан башка жакты көрө элексиң. Мени менен бирге жүрүп Кетмен-Төбөнү көрүп кел,— деди.

Мен сөз катпай макул болдум. Улуу акындын үлгүсүн үйрөнүп алууну эңсеген жүрөгүм Токтогулдун жанынан калбоого дилгирлентти. Мен Токтогул менен Кара-Суу жайлоосуна бардым. Биз келип түшкөндө, ушул жерде Машакара деген бир киши той берип жатыптыр. Эл биздин келишибизди кызуу тосуп алышты.

— Токтогул келди,— деп эл кубанды.

— Токтогул, сен өзүбүздүн Токтогулсуң! Бул жанында кошо ээрчип келген балаң ким? Ырчы болсо ырдатып үнүн угалы. Канакей, ырдап койбойсуңарбы? — деп эл чуулдады.

— Кана, Алымкул балам, элдин көңүлүн ачалы. Ырда, балам. — деп Токтогул мага карады. Менин ошол кезде жаңыдан ырдап жүргөн алабарман кезим.

Мен алды менен ырдап жаттым, калган сөзүмдүн аласын Токтогул өзү түзөп, маласын тартып жатты.

А н д а м е н : — Ээрчип келдим абамды,
Элге айтамын саламды.
Эркек-аял бек турсун
Эсенби, калкым, аманбы?

А н д а Т о к т о г у л : — Ээрчитип келдим эл сага,
Эрбейген жапжаш баламды.
Эсимден чыгып Топчубай
Бул ордуна туткан аралды.

А н д а м е н : — Токомдон үлгү албаса,
Топудай балаң өсөрбү,
Тоюндун чыктым үстүнөн,
Толкуган көп эл, эсенби?

Т о к т о г у л : — Белгилүү Беш-Көл өзөнү,
Бер жагында ашуу кезеңи,
Алымкул балам, таанып ал,
Атаңдын ушул өз эли.

Ушинтип ырдап турсак, орто бойлуу, ак жуумал, карагер ат минген жаш жигит жаныбызга бастырып келип:

— Ой, Токо, сенин ырыңды, күүңдү эл сүйөт. Бул балаңдын үнүн жаңы угуп олтурабыз. Азыр аял-эркек тең укуктуу. Канакей, аялдардын бирөөн ырдабайсыңарбы,— деди.

Током аялдарды жаман көрүүчү эмес. Көп аялдарды көз карашы менен эле талдырып коюучу.

— Бастыр, балам, ойдогудай сөз табылды,— деп Током жылмайып күлүп, кубангандай болду.

Тойго келген 40—50дөн ашык аялдар айылдын сыртында кериде олтурушат. Алардын ичинде карысы да, жашы да бар. Биз ошол аялдардын жанына бастырып бардык.

— Током келе жатат,— деп аялдардын арасын толкун аралады. Аялдар боюн түзөп, жоолуктарын оңдоп салынып, жагалдана баштады. Топтун маңдайына барып турдук эле, айылдан аттуу-жөөлүү калбай келди. Аялдарды тегерете курчап алышты.

— Башта балам,— деди Током мага күлө багып.

Анда мен: — Айылын коргоп душмандан,
Токо, азамат чыгат эрдикке,
Кара малдай сатылып,
Кайгылуу күндө жүрчү эле,
Акыйкат Совет эркиндик
Токо, аялдар жетти теңдикке.

Анда Токтогул: — Акыйкат Совет болбосо,
Балам, ким кылмак эле мындайды.
Каркырадай созулуп,
Катарга башы кошулуп,
Укугуна аял тең болду,
Балам, урматтап кошуп ырдайлы.

Анда мен: — Ак шумкар алат чабыттап,
Айдың көлдүн чүрөгүн.

Анда Токтогул: — Жалпы аялдын жонунан,
Жарыкка чыккан жолунан.
Жашыктык кылбай түз ырдап,
Жактырчы, балам бирөвүн.

Анда мен: — Жакшысын кайдан билемин,
Токо, жаңы көргөн элинден.

Анда Токтогул: — Жаш да болсоң алып келдим,
Балам, сени жайнаган Талас
жериңен.
Жаныңа катар олтурат
Не бир жагалмай куштай теминген.
Жаштык кылбай Алымкул,
Жаңылбай айткын кебинден.

Жакшысын таап ырдасаң,
Балам, жамалдар чыгат келинден.

Анда мен: — Кадырын кайдан билемин,
Казыр көргөн элиңден?
Кармасам ширин сөзүңдү,
Токо, мен калтырбай эстейм
көңүлдөн.

Анда Токтогул: — Каалап сени алып келдим,
Балам, казана Талас жериңден.
Каргадай болгон жубарымбек,
Калтырбай айткын кебиңден.
Кашыңда катар олтурат
Не бир карчыга куштай теминген.
Кадырын таап ырдасаң,
Балам, каркыра чыгат келинден.

Анда мен: — Асылын кайдан билемин,
Токо, азыр көргөн элиңден?
Алтыным Током сөздөрүн
Мен алсам дейм сактап көңүлдөн,
Амандык болсо жаш башым
Ажал-кырсык өлүмдөн.

Анда Токтогул: — Алмадай болгон Алымкул,
Алып келдим мен сени,
Атактуу Талас жериңден.
Алдыңда катар олтурат
Не бир ак шумкардай теминген
Алмадай болгон жубарымбек,
Адашпай айткын кебиңден.
Асылын таап ырдасаң,
Балам, асылдар чыгат келинден.

Мен ойлонуп калдым. Кимисин ырдасам. Кайсынысы Токомо жагат. Көпчүлүккө көз чаптырып жатып, элдин чет жагындагы кызыл жоолук, кыйгач каш, кызыл келин, мен да сулуулардын биримин дегенсип, суйсалып олтурат. Ушул кызыл келинди бир кыйкырып көрөйүнчү — деп ойлоп, ошону карата ыр чылбырын ыргыттым.

Анда мен: — Кыялдан кымбат сөз тапкан,
Кызыл тилдин чебери.
Кыйкырсак кантет, ээ Токо,
Кызыл жоолук, кыйгач каш,

Тиги кызыл тору жеңени?
Оймок ооз, кара көз,
Токо, оюна туура келеби?

Анда Токтогул: — Кызылды көрсөң кызыгып,
Кыялың сенин бузулуп.
Кыйкырып калдың, жубарымбек,
Кызыл тору жеңеңи.
Кылчактабай тура тур,
Абалы бир айлантып көрөлү.

Кызыл тору келин Токомо жаккан жок. Анын сол капталында кара тору, татынакай келин олтурат. Токомо кызыл торусу жакпады, эми кара торуну тооруюнчу деп дагы ырдап калдым.

Анда мен: — Кааласак кантет, ээ, Токо,
Калем каш кара торуну.
Анын Токо, жакпайбы,
Айтууга сизге жоругу?

Анда Токтогул: Аялды теңге жеткирген,
Балам, акыйкат Совет жолубу.
Кабагын бүркөп олтурат
Кара тору жеңеңиз,
Катырбасын шоруму.
Аралап, балам, бүтүн көө
Табылар андан сонуну.

Анда мен: — Жаңы көргөн элинден,
Токо, мен жактыра албай жатамын.
Ойдогусу табылбайт,
Токтогул булбул атамын,
Кызылын айтсам туура эмес
Менин кыйын болду чатагым.

Анда Токтогул: — Топудай балам, жубарымбек,
Мен ушунуңа капамын,
Анын акыл-эсин санабай,
Жакшы экен деп жармашпа,
Анын үстүндө жибек чапанын.

Анда мен: — Жаңы көргөн элинден,
Жакшысын кайдан билейин.
Жайкалган токой, карагай,
Мен кайсыга конуп түнөйүн?

Анда Токтогул: — Жакшысын тапсаң, Алымкул,
Сени мен жаныма алып жүрөйүн.
Жакшысы ушул экен деп,
Жамалына кызыгып,
Жаштыктан пейлиң бузулуп,
Жаза кармап калбагын
Балам, жамбашка түртмө дүлөйүн.

Анда мен: — Кайсы бирин каалайбыз,
Катар турган жеңемин?
Кайсалап таппай жатамын,
Кадырды билчү чеберин.

Анда Токтогул: — Кармачы, балам, бирөөнү,
Аны мен калыс сынап көрөмүн.
Кадыркечи ушул деп
Алмадай бети кызыл деп
Кармап калып жүрбөгүн,
Жубарымбек,
Бир капталга түртмө кереңин.

Анда мен: — Ушул айткан сөзүңө,
Оюңда акыл-эс болсо,
Упадай бети агарган,
Укурук моюн, кара көз,
Бир урматтуу келин кез болсо.

Анда Токтогул: — Уккан сөзгө түшүнөт,
Балам, ошол келинде акыл-эс болсо,
Сурмалуу көз, ак маңдай
Аны суктанып карап көз толсо,
Кадырды билбей кор кылат
Өзү бир байкабас туюк нес болсо.

Токомо кара торум да жакпай калды. «Эми эмне кылам?» — деп турсам, аялдардын баш жагында, ак жибектен көйнөгү бар, сөйкө сабагын көрсөтүп, каркырадай мойнун созуп, тамагын жасап, мойнунда беш кабат шурусу бар узун бойлуу ак келин өзүнчө эле бөлүнүп турат.

— Садагаң кетейин, Токо, тээтиги ак келинди ырдасак кантет? — деп мен Токомо шыбырадым. Абийир болуп айтканым Токомо жага түшкөнү.

— Кана, жубарымбек, ошону ырдасаң ырда,— деди Током. Ошондо мен сүйүнүп кеттим:

Анда мен: — Пейилим сүйдү ырдайлы,
Токо, тиги беш кабат бермет
шуруну.
Бет алдында ак келин,
Токо, көрөсүң кандай мунуму?

Анда Токтогул: — Безилдеген жубарымбек,
Мен да сүйөм мунуңу.
Мелтиреген ак келин
Мени мактаар бекен деп,
Бизди карап турубу?
Белгилегем, ак келин,
Бая эле бетиңде аппак нуруңу.

Анда мен: — Ак бетинин актыгы,
Токо, пияланын агындай.
Ак бетинин кызылы
Ак тооктун канындай.

Анда Токтогул: — Алымкул, болдуң убара,
Балам, ак келин сага табылбай.
Анардай беттин ысыгы,
Арчалуу от жалындай.
Асылып, балам, бек карма,
Мына, алтындын жөнү момундай.

Анда мен: — Токо, эки беттин кызылы,
Эркинге бышкан анардай.
Эң башкача көрүнөт
Эркинге күйгөн фонардай.

Анда Токтогул: — Эсинден танган шекилдүү,
Балам, эртеден бери табалбай,
Эси бүтүн ак келин,
Элирип баскан маралдай,
Эр жигитте арман көп,
Куду ушул ак келиндей жаралбай.

Анда мен: — Сулууну сулуу дейт бекен,
Суксурдай басып таранса,
Суктанбай киши туралбас,
Токо, суйкайып артын каранса,

Анда Токтогул: — Суксур моюн ак келин,
Карачы, суу бойлоп баскан маралча.
Эр жигитте арман жок,
Балам, ушул ак келиндей жаралса.

А н д а м е н : — Сурмалуу көз, ак маңдай
Сүрөткө боюн тарткандай.
Сүзүлгөн сонун ак келин,
Токо, сүйлөшпөй сырын тапкандай.

А н д а Т о к т о г у л : — Кызыл кандай, ак кандай,
Балам, кыялыңа кызыл жаккандай.
Кыраан ала барчыным,
Бүгүн бир кызыл алтын тапкандай.

А н д а м е н : — Казыр көрүп кубандым,
Кара-Суу жайлоо белиңди.
Калк сагынып калыптыр,
Токо, канттай ширин кебиңди.

А н д а Т о к т о г у л : — Акыйкат-теңдик көлүнө
Аялдар балкып чөмүлдү.
Алымкул тапты Аксыдан
Карачы, алтынга бергис келинди.

А н д а м е н : — Кундуздай болгон кара чач,
Жеңе, куюлуп турат далыңдан.
Торгоюм Токо ырдоого
Бүгүн бир тотудай келин табылган.

А н д а Т о к т о г у л : — Аялдар алып укугун,
Балам, булар акыйкат күндө жаңырган.
Баягы жаштык бар болсо.
Сөзүң шекер, бал болсо,
Келтектеп күндө урсаң да,
— Кет,— деп түртүп турсаң да,
Ак келин ким кетсин сенин жаныңдан.

А н д а м е н : — Абалап учкан каз, өрдөк,
Айдың көл көрбөй конобу.
Тээтиги ак куудай болгон ак келин
Айтууга туура болобу?

А н д а Т о к т о г у л : — Айткан сайын ак келин,
Кийим, башын оңоду.
Кааладың, балам, ырдайлы,
Каркыра моюн сонону,
Акыйкат, тендик болбосо,
Балам, аялдар мындай болобу.

А н д а м е н : — Ирмөөдөн тилим талбайсың.
Жеңе илебиң шекер, балдайсың.

Ирбилип күйгөн шамдайсың
Ireттүү кырчын талдайсың.

А н д а Т о к т о г у л : — Иреңинин актыгы,
Тээ тескейге жааган кардайсың.
Иреңиң аппак, бото көз,
Ак келин, илгерээк кезде кандайсың?

А н д а м е н : — Жаңсоодон тилим талбайсың,
Жамалың шекер, балдайсың.
Жанаша кырчын, талдайсың,
Жеңе, жаркырап күйгөн шамдайсың.

А н д а Т о к т о г у л : Жамалыңдын актыгы,
Тээтиги жаап койгон кардайсың.
Жамалың аппак бото көз,
Ак келин, жашыраак кезде кандайсың?

А н д а м е н : — Кызыл тил талбай сайрайсың,
Кыялың шекер, балдайсың.
Кырчын жапжаш талдайсың.
Кыярып күйгөн шамдайсың.

А н д а Т о к т о г у л : Кызылың кызыл, агың ак,
Тээ кырааңга жааган кардайсың.
Бурала басып жарк этсең
Булуттан чыккан айдайсың
Кымбат бааң, ак келин,
Чырагым, кыз кезиңде кандайсың?

деп турганда баягы жигит дагы келди.

— Ээ, Токо, таптыңарбы? — деп сурады.

— Таптык, тээтиги элдин четиндеги ак келин,— деди Током.

Жигит келиндин атын сурап келүүгө бала жүгүртүп жиберди. Бала чапкан бойдон барып:

— Келиндин аты Акбаары экен,— деп кайра жетип келди. Ал эми анын күйөөсү тээтиги тору ат минген, кайырма жака кара ичик кийген, башында суусар тебетейи бар, Самсаалы деген жигит,— деди баягы бала.

Током мени: — Ырда, жубарымбек, ырда,— деп шаштырып калды.

А н д а м е н : Күйөөсү экен Самсаалы,
Тээ минип турат торуну.
Башында бар суусар бөрк,

Мунун да түзүк экен форуму.

А н д а Т о к т о г у л : — Аялды теңдикке жеткирген,
Балам, акыйкат совет жолубу?
Акбаары жасап берген го,
Кайырма жака тонуңу.
Арманың жок жаштыкка,
Иним, алганың жандын сонуну.

А н д а м е н : — Күлүктү минген Самсаалы,
Тээ, күмүштөй болгон Акбаары.
Күдүрдөн алтай тиштеген,
Сакенин күмүш жаак капканы.

А н д а Т о к т о г у л : — Балам күсөгөн кызык той,
— деп кой,
Булардын күлүп ойноп жатканы.
Гүлдөгөн кыргыз элинен
Самсаалы бир күзгүдөй сулуу тапканы
Күкүк экен шактагы.
Күкүктү кечке сайраткан
Келинде чүрөктөй беттин аппагы,
Гүлдөгөн Аксы жеринен,
Аял теңдик жөнүнөн,
Балам, күмүштөй келин Акбаары.

А н д а м е н : — Бууданды минген Самсаалы,
Буралган сонун Акбаары.
Мурдунан бери тердетип,
Токо, бул балаңдын тапканы.

А н д а Т о к т о г у л : — Будурдан алтай тиштеген
Сакенин буруугa салган капканы.
Булбулду кечке сайраткан
Келиним упадай өңдүн аппагы.
Булактай жайлоо жеринен,
Аял теңдик жөнүнөн,
Балам, буралган сонун Акбаары.

А н д а м е н : — Аргымак минген Самсаалы,
Ак жибек кийген Акбаары,
Акшыңдап жүрүп кечке издеп,
Токо, ушул Алымкулдун тапканы.

А н д а Т о к т о г у л : — Адырдан алтай тиштеген,
Сакенин алтын жаак капканы,

Ала-Тоо кыргыз элинен
Бир асылын издеп тапканы.
Аземдүү кызык той деп кой
Булардын алышып ойноп жатканы.
Акынды кечке сайраткан,
Балам, айдай беттин аппагы.
Ак балапан тоту экен
Ак кайың — чынар шактагы.
Аксы багыт жеринен
Аял теңдик күнүндө
Балам, алтындай сулуу Акбаары.
Аялыңы ырчы ырдаса,
Самсаалы, кубанычка толтур ичиңи.
Аксы багыт жеринен
Аял теңдик жөнүнөн
Алымкул тапты, ырдадык,
Акбаары сулуу кишини.
Арманы жок жаштыкка,
Иним, алганың жандын түзүгү,—

деп ырдап токтодук. Акбаары күйөөсү Самсаалы менен бир аз сүйлөшө калып, Токтогулдун үстүнө кара нооту чепкен жаап, мага кызыл кымкап чапан берди.

Анда мен: — Куттуу болсун, ээ Токо,
Акбаары жапкан чепкени.

Анда Токтогул: — Акылдуу экен Акбаары,
Абамдын жолу ушул деп,
Мени бир алдагандай эптеди.
Артына кара тон жапса,
Агарып сакал картайып,
Токоңон асыл жаштын кеткени.

Анда мен: — Каркырадай Акбаары,
Токо, сизге кадырлап жапкан
чепкени.

Анда Токтогул: — Какшык болуп баратат
Каргадай балам кептери.
Карынын жолу ушул деп,
Мени бир кара тон менен эптеди.
Кара чепкен тон жапса,
Токоңон кайран жаштын кеткени.

Анда мен: — Ошондон жакшы дейсизби,
Токо, колумда кымкап кызылы?

Анда — Ээ, жубарымбек, он сом төмөн болсо да,
Токтогул: Ак келин берсечи эле ушуну.
Кызылды сага апкелген
Келиндин кыялынын «бузугу».

Анда мен: — Акылдуу киши турбайбы,
Тон жаап сизди сыйлады.

Анда Токтогул: — Аялдар көрүп олтурсуң,
Акыйкат теңдик тууралы.
Алганың менен аман бол,
Алышып ойноп жыргагын.
Эртеден берки сөзүмдү
Эсиңе алып кайгырба,
Тим эле эл күлсүн деп ырдадым,

— деп Токтогул ырын токтотту. Биз Аксыдагы Кара-Суу деген жайлоодо аялдар теңдиги жөнүндө ырдадык.

## *КАРА МОЛДО ОРОЗОВ*

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЖОЛУГУШУУМ

Токтогулду мен 1928-жылы Фрунзе шаарынан көргөмүн. Жайлоодо шерине жеп жаткан балдардын ичинде жүрсөм, сельсоветке секретарь болуп иштеп жүргөн иним: «Комузун алып кеңсаларга келсин!» — деп кат жазып жибериптир. Темирскийге (Ысык-Көл районундагы Темировка селосу) келсем, «Караколго бир киши чакырткан экен, ошого баргын» дешти. Барсам: «Композитор Затаевич деген келип, кыргыздын адабияты менен ыр, күүлөрүн жыйып жүрөт. Ошого барасың. Фрунзеге барсаң Узакбай деген бала бар. Ошол көрсөтөт», — деди ал. Пишпекке келип түштүк. Узакбай мени Затаевичке ээрчитип барды. Келсем, Муратаалынын күүлөрүн жазып бүткөн экен.

Мен Затаевичке бир канча күүлөрдү жаздырып болуп үйгө жөнөгөнү жаттым эле. Токтогул келди деген кабарды угуп барып учурашып кетейин деп кайрылдым. Чайканада ырдап отурат дегенинен келсек, уктап жаткан экен. Учурашып, көрүшкөн соң: «Кечинде баарыңар чогуу болосуңар, бир тамаша кылалы, анан кетесиңер,» — дешти отурган кызматчылардын бирөө.

Кечинде бир үйгө жыйналдык. Током өз комузун ала

келиптир. Өзү кичинекей, куйругу сүйрү, так сүйлөгөн комуз экен. «Өрүктөн өзүм чаап алгамын, комузду дайым эле өзүм жасайм, башкаларга да жасап берем»— деди Током.

Отургандар «андан черткиле, мындан черткиле»,— деп киришти. Анда Током: «Балдар, силер бизди тыр-маштырып, күч алыштырганы турган экенсиңер. Аныңар жарабайт. Биздин элде деле өнөр кем эмес. Ыр бизде: «Жаныш-Байыш», «Курманбек», «Кожожаш» бизден чыккан. Быякта, манасчы, семетейчилер бар дешет. Мен аны өзүм айттырып уккан жокмун. Манасчылар биздин элде да бар. Бирок, күү быякта экен. Биздин күүлөрүбүздүн баары айтым күү болот (элди ыраазы кылыш үчүн колду ойнотуп ыр кошуп чертебиз. Ырдап, ырдап келип, маанисин айтып коюп, анан чертчү күүнү айтым күү дейт). Жөн отуруп алып, уккулуктуу черте турган залкар күү силерде экен. (Өзүнүн кайрышы менен ойду түшүндүрө турган күүнү — залкар күү дейт). Өнөрүбүз теңдеш эле экен,— деди.

Өзү Өзбекстанга барып, үйрөнүп черткен күүсүн, «Тогуз кайрыгын» чертип берди. «Беш каман», «Эшмамбет ырчы менен учурашканын» ырдап тамаша салды.

Башка сөз айттырбай эле, отургандар тамашаны самап, «Ыр, күүдөн баштагыла!»— деп жатып алышты. Ошентип, отуруп, «Кожожашты» айтып бергин деп сураашты. Ошондо Током «Кожожашты» айтып берди. Үркөр батканча айткан соң, эми дагы үч түн ырдалат деп, сөз менен аягын бүтүргөн. Биз эртеси үй сагынган киши шашып кетип калдык. Өзү илбериңки, сөзмөр киши эле. Током коштошкондо: «Балам, аман болсок, көрүшөрбүз. Эсиңен бизди чыгарбай жүргүн. Токтогул дегенди көрдүм деп элиңе айта бар», — деди эле. Бир гана түн болдук, кайран киши менен узак жүрбөй арманда калдык. Током унутулчу киши эмес эле...

*28-март, 1957-жыл.*
*Фрунзе шаары.*

## *АБДЫКАЛЫК ЧОРОБАЕВ*

# УЛУУ АКЫН

1917-жылдын август айында Тогуз-Торонун Туура-Кайың деген жеринде Тогузактын уулу Үкү дегендин ашы болду. Аштын ээси, башкаруучусу Мамбеталы бий — Кебекчи бий дегендин уулу экен. Кебекчи бий менен Тогузак бир тууган дешет.

Ашка байыркы салт боюнча көп сандаган элдерди чакыруу менен конок күтүүгө арнап, 100 чамалуу ак үйлөрдү тигип, Туура-Кайыңдын суусунун боюнда, түнт болуп чыккан кайыңдын арасына кондурган. Бул ашка түштүк жактан Базар-Коргон, Жалал-Абад эли (ал кезде Фергана дубаны дечү) Пржевальск дубанынан жана Наманган дубанынан элдер келе баштады.

Элдин көп келүүсүнө карата, Туура-Кайыңдын өзөнүнөн тамашалар өткөрүүгө тарлык кылат. Ошон үчүн 5-6 километр Туура-Кайыңдын чыгыш жагындагы Кара-Булактын талаасына тамашалар өткөрүлөрүн жарчы болгон Аалы ырчы деген жигит кулактандырды. Эл сүрүлүп Кара-Булакка келишти. Маңдай-тескей эки дөбөнү этектеп, аттарынан түшүшүп, элдер олтурушту. «Базар-Коргон жактын манабы Жолборс казыга, Пржевальск дубанынан келген чоң манап Касыбектерге атап балбан күрөш болот, мөрөйү ат баштаган 100 сом»,— деп Аалы-жарчы ырдап уктурду. Балбандарды камынтып турган ченде Кетмен-Төбө жактан үч-теректик Байгазы деген болуш келип, бир четке көп кишилери менен түштү.

Алардын ичинде Кетмен-Төбө ырчыларынан: Эшмамбет, Жолой, Жолчу жана башкалар болуп 7—8 ырчы аттарынан түшпөй туруп алым-сабак ырдашты.

Андан бир нече жыл мурун Эшмамбет дагы Тогуз-Торонун манабы Шүкүр ажынын тоюнда келип, Жаңыбай, Курман болушуп алым-сабак менен ырдашкан, эң эле сонун ырдаган. Эми ошондогу айткан сөзүнөн баштады. Жакшылап угалы дешип, мурун көргөн элдер кобурашып турушту.

Балбан күрөш токтолуп эл жымжырт отурушту:

### ЭШМАМБЕТТИН АЙТКАНЫ

Кетмен-Төбө кең жерден,
Берекеси тең жерден,
Келдим ашып белдерден...
Кайыңы көктү тиреген,
Кайыбы чөптү жиреген,
Тереги көктү тиреген,
Текеси чөптү жиреген...
Ак бел менен Көк белге,
Ак тери, каба конучу,
Адырга малы толучу,
Арзыган адам оңучу.

* * *

Күрөбөс жайлоо болучу,
Күрдөлдүү каба конуучу.
Күңгөйгө малы толучу,
Күзөгөн адам оңучу...

деген ырын көп кишилер үйрөнүп калышты. Демек, мурда айткан ыры экен, аны кайра кайталап айтты дешти. Ал аңгыча, «Токтогул келе жатат эле, Чечекти-Бытбылдыкта бир айылда түшүп калды»,— деген кабар Эшмамбет аркылуу элге угулду.

Ар бир элдин арасынан желдүү жигиттер, ырга шоктуу же Токтогулду эңсөөчүлөрдөн 40-50 чамалуу адам утурлап кетишти. Бер жакта ырчылар ырдашып, балбандар күрөшүп болгон соң, Кара-Булактын белинен көп киши чыкты. Токтогулду утурлап кеткендер Токтогулду тегеректешип, ортого алган экен, сарала жорго минген, эки ырчы жанында, чокчо сакалдуу, аяккаптай кызыл жүздүү, чынынын сыныгындай болгон сыпаа киши экен Током.

Толкунган көпчүлүк аш башкаруучулар тарабынан тартипке салынып, ар ким жай-жайына олтурушту. Токтогул сарала жорго менен жалгыз эл ортосунда туруп ырдамак болду. Жакын турсам экен деп дегдеген мен элдин арасында туруп турдум. Кудай жалгап, Касымбектин алдына бет алып Током келе салды. Чепкендин ичинен (койнунан) кичинекей өрүк комузун сууруп алганда, бүткөн бой эриди. (Ошо комуз азыр Ак-Талаа районунда сакталуу).

Ушул учурда көпчүлүк эл «Шиберге баргандагы армандан башта»,— дешип чурулдап калышты.

Токтогул элдин суроосун канааттандырып, жарым саатка дейре айдалып жүргөндөгү арманын айтты. Ал айтканынын баарын көкүрөккө түшүрүп калыш кыйын.

Сөздүн арасынан бир сөздү жалпы эл билди, мен билдим. Демек, Үркүткө баргандагы арман ырынын, баштан өткөргөндөрүндө:

«...Аргымак атта жүн барбы?
Ак падыша залимдин
Айдоосунан кутулуп,
Аман кетер күн барбы?!
Тобурчак атта жүн барбы?
Тозоктон Токоң кутулуп,
Тобума кетер күн барбы?!

— деген жерге келгенде Касымбектин жанында олтурган Бошкой ырчы мындай деди: «Ой, Токо! Ак падышаны залим дебеңиз! Жөнөкөй эл эмне дээр экен» — деп тим болду. Бошкойдун сөзү ырдап турган Токтогулдун кулагына чалдыга түшкөндөй болду, айтып жаткан ырынан токтолбостон эле, Бошкойду тике карап:

«Залимди залим дебейби,
Залимдер эзсе кедейди,
Акыйкатты, чындыкты,
Айтпаганда не дейли?» —

деди.

...Чоң дуулдак, элдин күлкүсү. «Капырай, ырчыга айла жок экен го!» — деп тамшанган элек.

Сөзүнүн аягына чыгып, Токтогул аттан түштү да, айрым жутунган элдер менен көрүшүп, катарга отурду. Токтобой жетип аркасына сыңар тизелеп чукул олтурганга жетишсем да, шыбыраган сөзү угулат эле, бир ооз сөзүн да укканым жок! А киши кылчайып артын караган да жок. Себеби — элдин ортосунда эңиш, күрөш жана башка тамашаларды караган Током мени тиктебеди. Күн кечтеп бартат, эл тарардын алдында аш берип жаткан айылдын айрым кишилери күбүр-шыбыр, топ-топ болушуп, бирин-бири чакырышкан бойдон бир топ киши Токтогулду бөлүп чакырып кетишти да, ошо бойдон жоголду, Токтогулду көрбөй калдым.

Аш тараганга чейин эл чыдабай: «Токтогул кана! Келбеди беле? — дешип жүрүп билип алышыптыр. — Анжыяндын найыбы ашка келе жатат имиш, Токтогулду

кармаймын деп. Муну эл угуп ошо түнү Кара-Кыр ашырып узатып Токонду качырып жибериптир. «Келгенине жараша аш тараганча болбоду, эч болбосо бир түнөбөдү!» — деп кейип калдык.

1929-жылы июль айында кызмат иштерим боюнча Кетмен-Төбөгө бардым, Чычкан суусунун боюнда жаңыдан курулуп бүткөн райисполкомдун конторунун эшигинде Током атчан турганда учурап, ошо бойдон ээрчип барып, жогору жагындагы эски кыштак — Ак-Чий поселкосуна Токобаев дегендин үйүнө кондум. Током менен таанышып, 3 күн өткөрдүк. Анда Токтогулдун түнкү отуруштагы эрмек болуп бергени — комуз чертүү, ырдоо жана сөз сүйлөшүү болду. Биринчи түнү — «Кедейкан», экинчи түнү «Жаныш-Байыш» айтылды. Башка убактарда комуз күүлөрүнөн: «Сары барпы», «Тогуз кайрык», «Музоокенин муңдуу күү», «Коңур ала», Ташыдан-ташы», «Бекарстан-ташы» (кыл кыяктын күүсү) деп чертип, «Коңур ала» — койчулардын чоор күүсү болот эле — деп, бардык мен укпаган күүлөрдүн атын айтып берген.

Үч күн бирге болууда Токтогулдун пейли, кыял-жоруктары мага ушундай таасир берди: Адам менен аңгемелешкенде өтө сөзмөр, сөзгө үйүр, башка кишинин сөзүн унутпаган, бирөө сөз сураса, канааттандырып айтып берген жана кичи пейил киши экен. Менин байкоомдо, өтө ынсаптуу, бирөөдөн бир нерсе алам деп талап кылбаган, сыпаалык жолу менен өзүнүн баркын сактаган адам эле.

Кулк-мүнөзү өтө элге үйүр, элди оюн-шоок жагына тартып, күлдүргүлүү ырлар менен кубантып турууну милдетим деп түшүнгөн адам эле. «Бир гана кемчилигим: Атбашы, Нарын, Ысык-Көл жактагы элдерди аралап көрбөдүм, өмүрүм кайгыда көбүрөөк болду. Бош болгон учурларымда дубаныбыз — Наманган, Талас, Олуя-Ата, Суусамырдан — өзүбүздүн аймактан — көп алыс бара алганым жок!» — дечү эле.

## *ШЕКЕРБЕК ШЕРКУЛОВ*

## КИЧИ ПЕЙИЛ КИШИ ЭЛЕ

1926-жылдын жайында биздин эл Беш-Таштын оозуна жакын Кичи-Жерге-Тал аттуу жайлоого чыккан. Жайдын толук кези, жайлоонун чөбү жайкалып турат.

Күн түшкө жакындап калган убак. Айылдын аймагында батырап калың мал жатат. Кары-жаштар, келин-кыздар чогулуп алып Жунушаалы дегендин үйүндө кымыз ичип, менин атам Шеркулга комуз черттирип, кызып отурушат. Атам ырдачу эмес, бирок кыргыздын эски күүлөрүн колун ойнотпой, сыясал түзүк чертчү эле.

«Токтогул ырчы келе жатат!» — деп калышты эшиктегилер бир убакта дүргүп. Аңгыча Токомдор эшикке жакын бастырып келип калышты. Кымыз ичип жаткан эл дүрбөп эшикке чыгышып, Током менен көрүшүп жатышты.

Токтогул деп атын укчумун, бирок өзүн көрө элек болчумун. Көзүмдү айырбай улам-улам карагым келет. Током чапанын чечип, көрпө тебетейин алып койду эле, Жунушаалынын аялы Телегей тура калып жүктүн бурчундагы күмүш баканга илип койду. Комузун белинен чечип жүккө жөлөдү да, кымыз иче баштады. Бир айылдын бүт кары-жашы, келин-кызы дебей «Током качан ырдайт» деп, күбүр-шыбырды көбөйтүп, Токомо угуза каңкуулап айтып жатышат. Жунушаалы көпчүлүк элге карап:

— Током болсо, Беш-Ташты ашып, жол тартып чарчап келген киши. Кичине кымыз ичип, чайлап алсын. Анан жыйылып келгиле: Токому түнү менен чабабыз. Током беш күндө кетеби, он күндө кетеби бул кишинин эмгегин эсиңерге алгыла,— деди отурган элдин баарына. Муну бир чети тамаша менен айтып калды. Элдин ичинен аксакалы Жуманаалы башын көтөрүп:

— Жунушаалы туура айтат, ата-бабаларыбыздан калган сөз бар эмеспи: «Тердеген менен иши жок, теңге берер киши жок, чарчаган менен иши жок, чака берер киши жок!» деген. Током Таласка күндө келбейт, айда келбейт. Келсе, бир жылда бир келет экен. Ошондо да бүгүнкүдөй колубузга тийбейт. Эсиңерге алгыла,— деди. Элдин бардыгы «макул, макул, жакшы болот!» — дешти.

— Ансыз деле күнүгө бирден союп жеп жатасыңар! — деп аялдар дагы айтып калышты. Токомду жакшылап жөнөтүш керек.

Анда Током комузун колуна алып элге карап мындай ырдап калды:

Калкыма салык салбаймын,
Капа кылып албаймын.
Калайык трууган, баарыңа
Калыстык менен ырдаймын.

Элиме салык салбаймын,
Эки эсе ашык албаймын.
Эркек-аял эл үчүн
Эки эли тилден талбаймын.

Ырдап кайра комузун жүккө жөлөп коюп, кымыз иче берди. Токомдун суусуну кангандан кийин, Кетмен-Төбөдөн чыкканын, кандай жерге конуп, кандайча ырдаганын айтып отурду. Мен Токтогулдун алдында кызмат кылып, чай сунуп, кымыз сунуп жүрөмүн. Бир убакта эшикке чыгып алалы деп элдин бардыгы кетип калышты. Жүктүн бурчунда турган Токомдун комузун алып көрсөм — кичинекей эле комуз экен! Үнү шаңшып бийик чыгат экен! Чертүүгө ынтызар болуп турган элем, бир күүнү чертип көрдүм. Током комузунун үнүн угуп, «Ким чертип жатат?» — деп ойлогонбу, кандайдыр элден мурун үйгө кирип келди. Мен уялып кетип комузун ордуна коё койдум.

— Черте бер, балам черте бер,— деп колун жууп келип ордуна отурду. Элдин баары тегиз отуруп болгондон кийин:

— Бул куба жүлүн жаш бала кимдин баласы? — деп Жунушаалыдан сурап калды Током. Ошол убакта, атам Шеркул Токомдун жанында отурган болуучу.

— Жаныңыздагы Шеркул комузчунун баласы,— деп Жунушаалы жооп берди.

— Шекербек балам, ышкыңды коюп, комузга берилип жүргөн кезиң экен, уялба, балам... Шеркул, балаңды мага кошуп бергин Кетмен-Төбөгө. Бир жылча алып кетейин, ырга төшөлүп, бети ачылып келсин,— деди Током.

Анда атам:

— Же агасы болсо, же иниси болсо, жиберет элем. Жалгыз уулум сиз менен кетсе, тиричилигим кантип өтөт? — деп алдын тороп койду.

Током:

— Куда каалаstarlightаса, өлбөсөм, келерки жылы күзүндө келем. Ошондо жолуккун. Азыр кол ойнотуп комуз черткенди үйрөнүп калгын,— деп эркелетип, балам, билген ырыңдан айтып койчу? — деди. Мен уялып кызарып-тарып, көпкө кысталганыман жөн эле билген күүмдү чертип отурдум. Көпчүлүк эл болбойт: «Секетбайдан ырдап кой! Токомдон үлгү алып калганың жакшы эмеспи?» — дешип кыстап калышты. «Ак чабак», «Майчач» деген ырларды мурун ырдап бетим ачылып эле калган эле, казак элинин «Кыз Жибегин» да айтып жүрчүмүн.

Жашчылык ырдан эптеп билишимче айтып кутулайын деп «Майчачтын» узундусунон «жараса-жарабаса да тобокел» деп айтып калдым:

Айлыңдын чети айры бел,
Аркырап согот шамал жел,
Атырдай жытың буркурайт,
Адилес көйнөк бураң бел.

Чапчаң бир болот кетилет,
Чарыкка салса жетилет.
Чачыңдан тартып бир өпсөм,
О, Майчач, чалдыккан өпкөм жетилет!» —

уялып кысталганымды биле коюп, Током:

Бали, бали, бали! — деп кубаттап койду. Мен дагы көтөрүлүп Токомо ыраазы болуп калдым. Ошондо Током өз атамдан да артык көрүндү. Себеби — ал киши жылдыздуу, мээримдүү, кичи пейил, адамдын көңүлүн калтырбаган, улуу-кичүүгө бирдей жапакеч адам болчу.

...Күн түш ооп калган кезде ыр башталды, Током Сибирден качып келе жаткандагы кезин ырдады:

Жалаңайлак жол басып,
Жарылды менин таманым.
Күнгө күйүп, кесилди,
Күзгүдөй тунук жамалым.
Убайым тартып жүргөн күн
Угулду бекен кабарым.
Убайын көрбөй каламбы,
Урматым-жалгыз баламын?
Азабын тарттым нечен жыл
Бай-манап кылган жаланын.
Калаага келсем кондурбайт,
Кай жерде өлүп каламын?! —

— деп элди ыйлатып алды. Кайра тамаша салып бир адамдын кылыгын туурап элди күлдүрүп жатты.

Токомдун кесесин алып, кайра толтуруп:

— Кымыз ичип отурсаңыз? — деп Телегей деген келин сунуп калды. Ошондо Током кесени кармап туруп, Телегейге карата ырдап турган ыры:

Кызыганча ичейин,
Кымыз сунган Телегей.

Ачыбай кымыз калбаган,
Айран болуп келегей —
Ак келиндин кымызы
Айран болуп калды деп
Ар ким кетет жемелей.
Айттырбай кымыз бересиң,
Айылдаш жүргөн жеңедей.
«Биздин кымыз кыйын!» — деп
Бышпай койбо, кенебей.
Жакшы кымыз болуптур
Жаманы жок кенедей!

Ызат кылып Токоңу,
Ийилип кымыз сунушуң,
Тамаша кылып ыр менен,
Таркатайын курушуң.
Кадимки Током келди деп,
Кызмат кылып турушуң.
Темтеңдетип койбосун,
Телегей келин, кымызың.
Кымыз ичип мал баккан,
Кыргыз эл сенин ырысың.
Сараң байдай илгерки
Жашырып ичпе — тымызын.

— Үйдүн ичи да эл, сырты да эл. Токомо ыракмат айтып коюп, мемиреп уюп, бериле тыңшап отурат. «Сөз аралатпагыла!» — деп кай бирөө бирин-бири тыйып жатышат.

Током ырын кайра баштап ырдай баштады. Күн батып, койлор саалбай козулар агытылып, уйлар саалбай оңгурөп турат. «Түндө деле саап аларбыз»,— деп аялдар кетпей отуруп алышты. Үйдүн кийизин кызыл кереге кылып сыйрып таштаган. Анда Током мындай деп ырдайт:

Ашып келдим Таласка
Ак карлуу Беш-Таш белинди,
Көрөйүн деп мен келдим
Көңкү саруу элимди,
Кумар болгон элимден
Аяйт белем кебимди?
Жунушаалы курбалга
Жүрөгүм сүйүп берилди,
Таап ырдайт Токтогул

Телегей сендей келинди,
Эркеле, келин, эркеле,
Эсен кылсын теңиңди!

— деп бир далай ырдап таштады. Током уйкусу жок киши болчу, бирде Шеркулга комуз черттирип, бирде кайра өзү ырдап жиберип отуруп таң атырды. Уйкуга мас болгон карыялар эртең менен күн тийип, желеге кулун байланганда намазын араң окуп жүрүшөт.

Током эки күн жатып элди кумардан чыгарып кетти. Жөнөй бериште:

— Шекербек балам, уялбагын. Ырчы деген элдики болот. Колуң жатык турбайбы. Атаң Шеркулга Арым жайлоосунда жолуккамын. Чоң комузчу Шеркулду ошондо таанып баа бергемин. «Он эки атты байгеге чапса, алтоо менен койгулашып чыга тургандын бириндей экен»,— дегем. Сен да тартынбасаң эле озосуң,— деп туруп, эл менен коштошуп жүрүп кетти.

1927-жылы күзүндө Током Кең-Колдо Түлөгабыл деген кишинин үйүнө келип калды. Таластын суусунан атайын ат менен кечип өтүп бардым. «Шеркулдун баласы «Кыз Жибекти» жакшы айтат»,— деп Токомо айтып коюшуптур.

— Мейман бала Токомун жанына өтүп кетсин,— деп отургандар чуулдап калды.

Сегиз канат чоң үйгө аксакалдар жык толгон экен. Кол берип жатканда Током бетиме бир карап алды да:

— Сен баягы Жерге-Тал жайлоосундагы Шеркулдун баласы Шекербек болбогун?— деп тааныды.

Бир убакта Током мага минтип айтты:

— Балам, мен алды менен жол баштап берейин, анан сен «Кыз Жибекти» айтып бергин. Сени ошол дастанды жакшы айтат деп айгак түштү.

— Билишимче айтып берейин,— дедим мен.

Бир атадан эки бир tууган — Түлөгабыл жана Мырзатай деген болучу. Эл бийлеген атактуу киши эмес, жөнөкөй дыйкандын бири эле. Кырк-Серке, Арым деген жайлоодон Током Түлөгабылга таанышып, ошол жерден дос болот. Током алардын үй-бүлөсүн да бүт таануучу. Ошон үчүн Толгонай деген Түлөгабылдын байбичесине да арнап ыр ырдады, анан «Кыз Жибекти» мен айтып бердим. Айтып болгондон кийин, Током мага чоң жардам берди: баланча жеринин обонун мындай айткын, түкүнчө жерин казактын өз обону менен айткын деп үнүн кошуп үйрөтүп койду.

Током өзү үч кыл комуздун ээси эле. Кетмен-Төбө, Үч-Терек, ар жагы Аксы багыты, Талас эли бүт Токтогул акындан үлгү алдык.

Түлөгабыл байбичеси менен абдан ыраазы болушту, себеби Током адамдын ойлогон оюн таап айтчу эле. Бир аз чай ичип, комузун коё коюп токтолуп калды эле, отурган элдер жымжырт боло түштү. Элдин ичинен Баястан деген аксакал мындай деп калды:

— Токо, сиздин ырыңыз түпсүз деңиздей. Эми көпчүлүк эл сизден бир-эки дастан айтып берсе деп сурашат.

Туш-туштан Баястандын сөзүн кубатташып: «Ошентиңиз, Токо»,— дешип отургандар чуулдап калышты. Анда Током колуна комузун алып, мындай деп баштап калды:

Ак бараң мылтык асынган,
Аяктай ташка жашынган,
Артынан түшүп кийиктин,
Алтымыш белес ашырган,
. . . . . . . . . . . . . .
Көргөнүн жаза кетирбей
Күн-түнү кийик ташыган.
Шал текени кулаткан,
Сур эчкини сулаткан,
Ичиндеги улагын
Кызыл май кылып туйлаткан,
Кожожаштай көзгө атар
Мергенден айтып берсемби?
Ала-Тоонун кийигин
Тергенден айтып берсемби?
. . . . . . . . . . . . .
Же калың кыпчак эл болгон
Тейитбектин баласы
Мыкты чыгып эр болгон.
Каптаган жоосун караткан
Каракулак шер болгон,
Калмакка каршы аттанып,
Душманына тең болгон.
Бет алган жоосун каратып
Алганын айтып берсемби?
Калмактардан найза жеп
Арманын айтып берсемби?
Аккан досу аны издеп,
Барганын айтып берсемби?

Же жолдошторун жок кылган,
Алал түктүү малы жок,
Никелеп алган жары жок,
Бир түп тиккен багы жок,
Бир жерге салган тамы жок,
Ак эшенге Кедейкан
Барганын айтып берсемби?
Азимхандын тактысын
Алганын айтып берсемби?
Ырайкан менен Медеткан
Балдарынан айрылган.
Күлайымдай сулуунун
Арманын айтып берсемби?
Же суутуп тулпар жараткан,
Зоот кийип жаракчан:
Баатыр чыгып жашынан,
Бет алган жагын караткан,
Калмакка кеткен кабарсыз
Жаныш-Байыш баатырдын
Эрдигин айтып берсемби?
Аялын тий деп кулдары
Кыйнаганын айтсамбы?
«Баатырлар качан келет?» — деп
Айдай болгон балдары
Ыйлаганын айтсамбы?

. . . . . . . . . . . . .

Же кыргыз элден бөлүнүп,
Айдалганым айтсамбы?
Артыма колум чынжырлап
Байлаганын айтсамбы?
Үркүтскей калаага
Барганым айтып берсемби?
Ара жолдо келаткан
Арманым айтып берсемби?
Же жалгыз балам Топчубай
Өлгөнүн айтып берсемби?
Жалпы кыргыз элиме
Келгеним айтып берсемби?
Ойноп-күлүп бир кезде
Мен барган жерге барышып,
Үлгүсүн элге көрсөтүп
Олжодон бөлүп алышып,
Токтолбой чыгып байгеден
Токтогул менен жарышып,
Бууруккан элди кубантып

Булагын ырдын агызып,
Үч-Теректин боюнда,
Али да турат оюмда,
Эшмамбет менен бет болуп
Айтышканым айтсамбы?
Сакалдан алып аянбай
Тартышканым айтсамбы?
Эшмамбет мени эңкейтип
Жеңгенин айтып берсемби?
Кетмен-Төбө эли бүт
Көргөнүн айтып берсемби?
Акырында достукка
Келгенин айтып берсемби?
Чубатып баарын берейин
Жактырып элим кармагын,
«Айттырып баарын укпай!» — деп,
Арманда бекер калбагын.

— Кана эмесе, көпчүлүк, Током кайсы дастанды айтарын билдирди, эми өзүңөр тандагыла! — деди үй ээси. Көпчүлүк ар кимиси ар кайсыны бир айтып талашып калышты. Анда Током комузун кайра колуна алып:

Талыкпай кулак салгыла,
Талашпа, калкым талашпа!
Жазгы келгин өңдөнүп
Ар жылы келсем Таласка
Уйкуга кетип кай бириң,
Угар кептен адашпа.
Убакыт өтөт бекерге,
Ушунча эл бирден талашса.
Элсиз да жүргөм бир кезде
Эл менен мейли таң атса!

деп ырдап жиберди эле, элдин талашы токтолуп, тынчып калышты.

— Ырчынын өзү каалаган ыры элге да жагат, — деп Мырзатай айтып калды. Анда Током:

— Эгер көпчүлүгүңөргө жакса, «Кедейканды» айтып берейин, анткени — окуясы көбүрөөк эмеспи, — деди.

— Айланайын, Токо, ырас болот! — деп, элдин кай бирөө өбөктөп, кай бирөө экинчисинин ийнине жөлөнүп, кай бирөө тебетейин бооруна кысып, чымын учпай эле тынч алып калышты.

Током таң атканча «Кедейканды» айтып элдин черин

жазды. Таң аппак атканда эл тарады. Көпчүлүк эл Токомо абдан ыраазы болуп, «Эми Током эс алсын, бүгүн кечинде Токомду кайра да аябай ырдатабыз» — деп үйдөн чыкты. Эртеси түш болгон кезде Током уктап турду. Тегеректеги аксакалдар кайра чогулушуп келди:

— Токо, айып этпеңиз? Сиздин алтындай сөзүңүзгө такыр тойбодук, биз үчүн ушунчалык ширин болуп жатат. Комузду колуңузга алып кыңгыратып отурсаңыз кандай болор экен? — дешти. «Током ырдаса ырын угайын, ырдабаса эл менен кошулуп кайтармын», — деп мен да барган элем. Аңгыча отургандардын ичинен бир аксакалы:

— Токо, комузуңузду бериңизчи? Мүмкүн болсо, Шеркулдун баласын черттирип көрөлүк, жаш баланы сынап көрүңүз, — деди. Током комузун берери менен эл чуулдап, «Ак чабакты» ырдап жибергин дешип калышты. Анда Током мага карап:

— Сүрдөнбө, айланайын, былтыр Жерге-Талда Жунушаалынын үйүндө мага ырдап бергениң эсиңдеби? — деп, менин көңүлүмдү көтөрүп эркелетти. Көпчүлүктөн жана Токомдон сүрдөнүп туруп, «Ак чабак» деген ырды ырдап бердим.

Током чайын ичип болуп, оңдонуп отурду да, комузун колуна алып:

— Шекербек балам, мен болсом картайып бара жатам. «Күлүйпа Күлжар — эки ашыкты» үйрөнүп кал деп мага карай күйгөндөн ырдап берип кубантты. Ошол кезде да Токомдун үнү комуз менен коңгуроодой болуп бирге кетчү.

Ошол бойдон тамаша улантыла берди. Током бир жылы Анжыянга барып өзбектин шайыры Молдо Тойчу менен айтышканын, анын дутар менен черткен күүсүн, ырын өзүндөй келтирип берип жеңгенин укмуштуудай кылып көрсөтүп элдин баарын күлдүрдү. Анан өзүнүн ага чертип берген күүлөрүн ырлары менен кайталады.

1928-жылы Токому Пишпекке чакыртып калат. Таласка келгенде, Черикчинин Сыдыгы деген той берип, Токому той таркаганча жибербей коёт. Себеби — Сыдык Токтогулду кат берип чакыртып жүргөн экен. Мен да эки күнү Током менен болуп, анын ырларын уктум. Эки күндөн кийин Током Пишпекке кетти.

Током чартарабы тең жорго болучу. Ыр, комуз, тамаша, оюн, күлкү баарынан калчу эмес. Жаштарга — жаштардай мамиле кылып, карыяларга карыялардай маектешчү. Ошол Сыдыктын тоюна келген карыялар ме-

пен күндүзүндө керээли кечке сүйлөшүп, ар кимден жай сурап жатканын уктум: Кайсы жылы туулгансың, атаң эмне болгон киши экен, өзүң эмне кесип кыласың? Энеңдин төркүнү кай уруктан? Өзүңдүн эмне өнөрүң бар? Темир устасыңбы же жыгач устасыңбы, же күмүш кармаган зергерсиңби? Комуз билесиңби, кайсыга шыктуусуң же дыйкансыңбы? Же мал баккаңды жакшы көрөсүңбү?— ушинтип Током элдин ой-пикирин тарта билчү. Аялдардан болсо: Эмне кесип кыласың, жез оймок бычмачысыңбы? Же ийик ийрип, өрмө-терме согосуңбу? Же эркектин жумушун иштейсиңби же келин күнүңдө беттен алган бейжай белең? «Кыз энесин тартат»,— деген сөз бар. Энең кайсы кесипти аткарып келди эле? Үй турмушка кандай сарамжалы бар эле? Же үйү чачылып жаткан илээнди беле? Катуу-жумшактыгы кандай эле? Орой мүнөздүү, терс кыялдуу мурдунан тийме беле? Же болбосо жатык, жапакеч, сылык сөздүү, илбериңки, ырыска шерик неме беле?— деп сурачу. Ошентип атып алардын сырын жашырса да билип коюучу. Кандай катуу киши болсо да, Токомо эрибей коюучу эмес. Бир паста адамды өзүнө тартып алучу.

Током Пишпекте бир айча жатып, кайра Таласка майрамга жакын келип калды. Ошол майрамга карата элди уюштуруп, кедейлерге жаңылыкты түшүндүрүү үчүн алдын ала Төлөгөнов, Шадыкан дегендер камынып, элди тартипке салып койгон. Эл кулагын түрүп: «Токтогул деген ырчы майрамга ырдайт экен!»— дешип, көрө электер ушунчалык дегдеп калышты. Эки күнү Таластын сыртында көкбөрү, эңиш, күрөш жана түрлүү тамаша болуп өттү. Күндүзүндө Током, Үсөнбаев Алымкул — экөө тойго жарчы болуп, кечке тойдун ирээтин айтып ырдашты. 7-ноябрь күнү кечинде райондун борборундагы клубда чоң концерт болот деп алып барды. Концертти биринчи Током ачты. Анан Алымкул, Атай, Эркесары, мен жана Акчекеев болуп кезек менен ырдадык, комуз черттик.

Эртеси Токомду баш кылып барыбызды Төлөгөнов үйүнө алып кетти. Анын үйү Таластын токоюнун ичинде болучу. Бир топ кызматкерлер болушту. Чай ичип отурганда Төлөгөнов Токомо суроо берип калды:

— Токо, Пишпекке барганыңызды айтып бериңизчи? Анда Током комузун алып мындай деп ырдайт:

Карыган Токоң жашарып,
Көрдүм Пишпек калааны,
Кедей таптын куралып
Жүрүп жатат арааны.
Баштагы залим жоголуп
Барынын ачык кабагы.
Бири да картаң көрүнбөйт,
Перизаттай жамалы.
Эзелде кыргыз көрбөгөн,
Эркиндиктин заманы»

— деп Током бир топко ырдап, комузун кайра коё коюп, чай ичип калды да:

— Балдар, мени узагыраак сөзгө салып калдыңар. Айтып берейин: Мындан барганда эле өкмөттөр конок үйүнө алып, иче турган тамагыбыздын чегин колубузга берди. Ысык-Көлдөн Орозов Кара Молдо деген комузчу келиптир. Кемин деген жерден Күреңкеев Муратаалы келди. Муратаалы комуз да, казакча домбура да чертет экен, кыл кыяк да тартат экен. Москвадан Затаевич деген келиптир. Ал киши күнүгө нөөмөт менен күүлөрүбүздү нота деген кагазга жазып алып турду. Муратаалы, Кара Молдо, чынында күүгө дыйкан кишилер экен. Күүнү майдалап да чертет экен. «Күүнүн кени — силерде экен, кол ойнотуп, жылкы тепкендей черткен — биз жакта экен»,— дедим. Бул сөзгө алар да ыраазы болуп, баа беришти. Кетээрде Жолой менен төртөөбүздүн сүрөтүбүздү тартып алып, бир канча кездеме, акча менен сыйлык берип жөнөтүштү. Ал жердеги өкмөттөр: «Ыракмат, Токо, тарыхта калдыңыз!» — деп ыраазы болушту.

Ушинтип Током комузун колуна алып, жагдай сөз айтып, ырдап берди. Бирок Токомдун сөзүн толук айтууга кайдан күч жетсин. Кулакка сиңип калганы, отурган отурушунун кыймыл мүнөзүнөн эсте калганын жаздым.

Ошол Төлөгөновдун үйүнөн Током менен коштошуп аттанып кеттик. Алымкул Током менен бирге конуп калды. Эртеси Төлөгөнов Токому жакшылап, колунан келген сыйлыгын берип, ыраазы кылды. Током эл-журтту шаттантып черин жазды. Токому жөнөтүүгө камынып Төлөгөнов Алымбек болуп Беш-Ташка чейин Токому узатып келишти.

Токтогулдай акын кыргыз элинде аз эмес. Нечендер өткөн. Бирок Токомдой болбос. Токомдун жалаң акын-

дыгы мындай турсун, эл үчүн кары-жаштар үчүн адилетчил, туура сөздү бетке айткан киши болучу. Жана кандай күлбөгөн адам болсо да күлдүрөөр эле. Сараң, катуу кишини да эритип жиберчү. Током ырдап же сүйлөп киргенде, ким болбосун Токомо өзү эле келип туруучу.

Акын Токтогул сылык сөздүү, адамга кичи пейил, жапакеч, боорукер, жылдыздуу, адамга өтө мээримдүү киши болучу. Адамдын оюндагыны тапкан, эл үчүн берилген киши эле.

*Апрель, 1957-жыл,*
*Фрунзе шаары.*

## *АШЫРАЛЫ БОТАЛИЕВ*

## ТОКОМДУН УСТАТТЫГЫ

1928-жылы кыргыздын атактуу акыны Токтогулду баш кылып Муратаалы Күрөңкеев, Кара Молдо Орозов жана Жолой деген кыякчы-комузчулар шаарга келет экен деген сөз шаарда турган эл арасына таралып кетти. «Качан келет экен»,— деп, бири-барибизден күндө сурашчу болдук. Мына ошентип, угулган сөздүн баары чындыкка чыкты. Майдын аягында келишет экен деген сөз ишенимдүү болуп калды. Бул демилгени Кыргызстан обкому көтөрүп, Эл агартуу комиссариаты тарабынан Москвадан Казахстандын эл артисти Затаевич деген киши кыргыздын элдик күүлөрүн жана элдик ырлардын обондорун жыйнап жазып, нотага түшүрүп, элдик күүлөр менен ырлардын жыйнак китебин чыгарууга чакырылган болучу. Ошондуктан жогоруда айтылган эл шайырлары Фрунзеге чакырылып келинген. Чакыртылып келген шайырлар менен кошо, окуучулар менен интеллигенциянын арасынан чыккан шыктуу, таланттуу жаштарга да газета аркылуу билдиришкен болучу. Июль айынын башында мен азыркы орус драм театрынын имаратына барсам, аксакалдар менен Затаевичти ээрчитип, бир топ жооптуу кызматкерлер кошо келишти. Театрдын алды окуучулар менен интеллигенцияга толгон. Баардыгы эле «Бул аксакалдардын кимиси Токтогул» — деп биринен-бири сурашат. Аңгыча болбой аппак сакал, ак чачтуу, кызыл чийкил, чарчы бойлуу, кырдач

мурун, көзү терең, кабагы бийик, маңдайы жазы, кең далылуураак келген чымыр киши комузду колуна алып Затаевичти карап туруп, «кайсы күүдөн баштайын»— дегендей ишарат кылды эле, «бу киши эмне деп жатат?»— деп жанында отурган тилмечтен Затаевич сурап калды. «Кайсы күүдөн чертейин?»— деп сурап жатат деп түшүндүрдү берки.

— Кыргыздын эски күүлөрүнөн чертсин. Мен казып жазамын,— деди Затаевич.

Ошондо Затаевич карындаш-кагазын колго алып, аты-жөнүн тактап айтып берүүнү өтүндү.

— Токтогул Сатылганов — деди ак сакал киши. Токтогул экенин ошондо билдик. Током ошондо комузду күүлөп: «Кара өзгөй»— кыргыздын эски күүсү,— деп комузду койгулап кирди.

Бирде ырдап, бирде сүйлөп, бирде жамактап, «Мына мындай «Кара өзгөй», мына ушундай «Кара өзгөй», минтип чертет, терип чертет, кагып чертет, кайрып чертет»,— деп, ийинге жөлөп коюп, чекеге көп түрлүүчө кылып кол ойнотуп, мына ушундай «Кара өзгөй»,— деп комузду коюп койгондо аксакалдар орундарынан козголушуп кобурай башташты эле, отурган көпчүлүк да кыймылга келип, пикир алмаша башташты. Мен Муратаалы аксакалдын жанына келип:

— Кадимки эле эл оозунда айтылып жүргөн Током ушул киши экен да?— деп сурап калдым.

— Ушул балам, таанышып ал,— деп калды.

Мен кол куушуруп, салам айтып, Токомо кол бердим. Бул менин Током менен биринчи жолугуп көрүшкөнүм болучу.

Ошентип мурунку Кыргызстан мамлекеттик драмалык театрынын имаратында кыргыздын элдик обондору менен эски комуз күүлөрүн, кыл кыяк, чоор күүлөрүн, Затаевич ырдатып, черттирип, тарттырып жазып алып атты. Мурун Током жөнүндө элден угуп жүргөн болсом, эми өз көзүм менен көргөнүмө өтө кубандым. Падыша заманында сүргүндүн азабын тартып, бай-манаптын запкысын көргөн, булбулдун сөзүн кулактын курчу кангандча угууга кумар болуп калдым. Токомдун он эки сай, сегиз кырдуу сөзү менен адамга жагымдуу үнүн, комуздун бетине ойку-кайкы кылып ойноткон колун көрүү мен үчүн уйкумду качырып, тынчымды кетиргендей болду. Токомду өз кулагым менен угуп, өз көзүм менен көрүү үчүн мындай аракет кылдым: Ошол жылдарда Бозтериев деген Кирсовпрофтун председатели

болгон. Током мына ушул кишиникине кандайдыр бир нече күн жатып калат. Мен аны ичмектеп жүрүп билип алып, бир күнү туура эмес салам айтып кирип бардым. Током менен бир топ киши чай ичип отурушкан экен. Мен болсом тим олтурбай, чай суна баштадым. Мына ошондо, Током, дасторкон жыйналган соң, комузду колго алып, толгоп туруп:

— Кана балдарым, эмнени айтып, эмнени чертип берейин?— деди да, ырларын чубатууга салды.

Биз: Айдалып барып келгендегиңиздеги кербезиңизди айтып бериңиз!— деп чуркурап калдык:

— Болуптур эмесе,— деп:

«Ак падыша залимге
Жазгандагы кербезим:
Алты жылы пияда
Баскандагы кербезим:
Зарлап ыйлап түмөдө
Жаткандагы кербезим,
Садагасы баршина
Баккандагы кербезим»,—

деп Током өзүнүн адамга жагымдуу, кулакка угумдуу үнү менен комузга колду ойнотуп сайрап, Сибирден келгенин баяндап айтып берди.

— Эми, Токо, күүдөн уксак болор эле? — деп сурап калдык.

— Токтогулдун «Тогуз кайрык» деген ушул,— деп комузду кайра толгоп чертип калды. Мына ошондо Томдун укмуштай таланттуу адам экенин көрдүм жана көзүм да жетти. Анткени, Токтогулдун «Тогуз кайрык» деген күүнүн аты эле күүнүн кандай экенин айтып турбайбы. Демек, бир кайруусу экинчи кайрууга окшобойт. Бирде эңкейип, бирде чалкалап, башын чулгуп: «Мына, мындай чертет, Токтогул, минтип кайрыйт Токтогул!»— деп кээде ыр менен, кээде кара сөз менен жамактатып, түрлүүчө кубултуп оштонтуп, топтун чуусун укканда элирип чуркаган күлүктөй, жагалданып черте баштады. Бул күү комуз менен кошо ырдалып да, кара сөз менен сүйлөнүп да чертилет. Колун комуздун капкагында неченче түрлүү кубултуп, олтургандарды таң калтырды. Бир кезде үйдүн ээси:

— Кана, жолдоштор, Током эс алсын, анткени — Током күнүнө эртең менен театрга барып, күүлөрүн жана ырларын жаздырат эмеспи,— деди.

— Эмесе эс алалы,— деди да Током ордунан козголо баштады. Биз эшикти көздөй жөнөп калдык. Мына ошентип мен Токомо бир нече жолуккамын.

Эртеси ошол эле маалда дагы келдим. Келсем, дагы бир топ адамдар олтурушкан экен. Бул жолу Током «Камбаркан» деген күүнү чертти. «Камбаркан» болсо кыргыздын эски атактуу күүлөрүнүн бири эмеспи. Бул күүнү дагы нече түркүн кол ойнотуп:

«Акылын таап черткенге,
Алтымыш эки камбаркан.
Эбин таап черткенге,
Элүү эки камбаркан»,—

деп башын чулгуп, ымшып тердеп, бетине нур кирип, көзү жайнап, кай бирде чөгөлөй калып, малдаш урунуп, алдыга теминип, колду серпип, жайкактап чертип жатты. Менин бир таңкалганым: оозунда бир тиши жок туруп, Токомдун сөздү ушунчалык так, ушунчалык даана-лап, чебердик менен, усталык менен, сөздүн маанисин бузбай, адамга уккулуктуу кылып ырдаганы болду. Токомдун чеберлиги жана сөзгө зергердей усталыгы менен чоң художник экенине чоң ыраазы болдум. Током ырдаганда гана эмес, тамак жегенде тиши жок кары кишилер сыяктуу үстүңкү ээрди менен мурдун өйдө көтөрүп, балпаңдатып чайнабастан, кадим эле тиштүү кишидей тамакты сыпаа жечү эле. Мына ушунун өзү да устаттыкка жатат. Токомдогу болгон дагы бир чоң касиет мына бул эле: ал киши бир нерсе жөнүндө сүйлөөрүндө, ыр менен, жамак менен, ылакап менен жана макал менен кара сөзгө өтүп, мисалдап келип, анан айтылып аткан сөздүн маанисин чыгарып. «Мына ушундай болот, балдар, «ишенериң жок болсо, жүгөнүң алып атка бас» — деген эмеспи»,— деп койчу. Током ар кандай гана маселе жөнүндө сүйлөбөсүн, ушул сыяктуу эле макалдатып, жамактатып сөзүн бүтүрөр эле. Адамга акыл-насаат айтууда ыр менен же жамак, же кара сөз менен: «Кор болбо, оокатыңа тың бол, киши көзүн карап жалдыраба, сөзүңө бек, жумушуңа көк бол, турмуш кандай болот, кантсенде оокат кылабыз, эр жигит намыстуу-ардуу болбосо болобу? Антпесең турмушуң оңобу? Эгерде кетмен чапсаң, кетмениңдин сабы бош болбосун — бек болсун. Ал эми орок орсоң, орогуң мокок болбой — курч болсун. Белди бекем курчанып, этекти кайта түрүнүп, эр жигит кайраттуу болсо, аялы уят-

туу болот. Андай аял ал жигиттин баркына жетип сыйлаганынан: жөө басып, суу кечсе, ысык менен суукка бирге тоңот. Мындай адамдар оңой менен кор болбойт», — деп Током жаштарга акыл-насаат айтаар эле.

## *МОЛДОГАЗЫ ТОКОБАЕВ*

## ТОКТОГУЛ МАЛЧЫЛАРДЫН АРАСЫНДА

1932-жылы кыш айларында Ленин районуна партиялык-комсомолдук кызматка баргамын. Ал кезде, ошол биз барган райондун колхозчулары колхоздук иштерге жаңыдан үйрөнүп жүргөндүктөн, колхоздордун иштеринде олуттуу кемчиликтер да бар эле: тоо райондорунан болгон Кетмен-Төбө районунда колхоз да толук уюшула элек болучу. Анда Токтогул ошол Кетмен-Төбө районунда туручу.

Уюштурулган театрлар, концерттик уюмдар аз болгондуктан, советтик артисттер да жетишерлик эмес эле. Бирок, эл арасынан чыккан акындар, ырчы, комузчулар чоң роль ойночу. Алар Ленин тууралу, улуу партиябыз менен Совет өкмөтүбүз тууралу, колхоз, совхоз курулушу тууралу күүлөр, ырлар чыгаруучу, болгон жаңылыктарды, жетишкендиктерди көркөм тил менен сүрөттөп, эл арасына таратып турушчу...

Ошол жылдын жайы эле. «Социализм», «Жаңы-Арык», «Көк-Таш» колхоздорунун малчыларына доклад жасоо үчүн барып калдык. Малчылар Майлы-Сай жайлоосунда эле. Малчылар өтө зеригип калган экен. Аларга доклад жасап берип гана тим болбостон, газет-журнал жана көркөм адабият окуп берүү иштерин да уюштуруу чоң таасир кылмак. Аны да уюштуруп көрдүк. Бул колхоздордун малчылары отурган конуштар Кетмен-Төбө районунун жайлоолоруна чектеш эле. Кечке маал биз конуп жаткан айылдагы колхозчулардын биринен: «Токтогул келатат дейт!» — деген ачык кабарды уктук. Бул кабар жайлоодогуларга тез эле тарап кетти. Ал түгүл Ош менен Анжыян тарабынан келген жолоочулар да: «Токтогул келе жатат,— деген кабар уктук эле, келдиби?» — деген суроолорду жаадырды.

— Асыл булбулду өзүбүз да чыдамсыздык менен күтүп жатабыз,— деп жооп беришет малчылар.

— Кечээ кечинде Кара-Көлдүн жээгиндеги малчыларга келип конду,— деп уктум.

— Ооба, ооба, ал жердеги колхозчулардын арасында үч-төрт күн болот имиш деп мен дагы уктум,— десе бирөө, анда:

— Колхозчулар топтолушуп алып жибербей жатыптыр,— дейт экинчиси.

— Ал белгилүү иш эмеспи, биздин айылга келгенде да, бир айча алып жүрүп, конок кылып кумардан чыгат эмеспизби! — деп кобурашат малчылар.

Ошентип Токтогулдун келишин көп күндөргө чейин күтүп жаттык. Анда Токтогулду көрө элек болчумун. Бул улуу акынды көрүү үчүн, анын сонун өнөрлөрүн, ырлары менен обонун, күүлөрүн угуу үчүн малчылар менен бирге биз дагы күтүп калдык. «Атаа, жердин алыстыгы-ай! Же машина баруучу жол болсочу! Тосуп барып чогуу конуп бирге жүрүп, айылга тез ээрчитип келбейт белек!» — деп шашкандар да болду.

Июль айынын кечки салкын жели зыпылдап согуп турат. Аркы кырдан ашып, айылды көздөй бура тарткан жоон топ атчан кишилердин караанды көрүндү. Алар бириндеп бастырбай, эмне үчүндүр топтошуп келе жатат. Кээ бирөөлөрү артта калып калчуудай катуу-катуу камчыланып, теминишип шыкалып бастырып келе жаткандарга аралашып кетет. Келе жаткандар каткырып күлүп да калышат. «Бали!.. Ракмат-ракмат!» — деген кубанычтуу,— шаттуу үндөр угулат. Чарчы бойлуу ак сакал бир адам тигилердин ортосунда келе жатат. Анын тизгин-чылбыры ээрдин кашына илинген. Чепкенинин оң жеңи чечилип, куруна илинүү турат. Колундагы комузунун уккулуктуу күүсүнө бул адамдын шаңкылдаган үнү кошулат.

— Мына, так өзү! Жада калса, жол бою ат үстүнө да тынч койбой, тегеректеп алып ырдатып келе жатышкан турбайбы! — деп күлүп жиберди бир колхозчу.

Ушунетип биз күткөн кадырлуу адам да келип калды. Тааныштык. Током түшкөн үй тойго айланды. Эл батпайт: аркы кырдан, тигил сайдан, жон-жондон чапкылап малчылар, балдар, чалдар, аялдар келип жатышты. Сүйкүмдүү улуу акын менен көрүшүп алып черлерин жазды. Кээ бир Токомо курдаш карыялар анын төшүнө төшүн такап, акындын бетинен өөп-жыттап алышат. Жанатан бери келип жаткандар Током менен жылдыз чыкканга чейин учурашып бүтүшкөн жок. Током отурган боз үйдүн ичинде тизе бүгө турган жер калбады. Эл жык толду. Бул — улуу акынын жанындай сүйгөн бактылуу колхозчулар! Мына ошол отургандардын

баары тең Токомду жал-жал карашат. Андан ыр-күү уккусу келишет. Током отурган боз үйгө батпай калгандар ал үйдү тегеректеп алышкан.

— Каап, жүзүн көрүп отурсам болот эле! — деп өзүнчө кейип жүргөндөрдүн да үнү угулат.

— Кана, качан ырдайт экен? — деп кээ бирөөлөрү шашса,

— Кое тур, бир аз дем алсын,— деп акындын саламаттыгы үчүн кам жеп жүргөндөрдүн да баскан-турганынан сезилип турат. Майлы-Сайдын жайлоосунан алыскы төрлөрүнөн кечигип келген малчылар чала-була саламга келип: «Током кайда? Кайда?» — деп карбаластап да жүрүшөт.

— Кана эмесе, Токомо сөз берилсин,— деди салабаттуу бир колхозчу. Отургандар анын сөзүн кубаттагандыктан, каткыра күлүп, колдорун чаап жиберишти. Үйгө батпай тышта жүргөндөр да бул сунушту кубатташып, Током отурган боз үйдүн туурдуктарын шыпырып таштап, кыркалай тартып жымжырт болуп отуруп калышты. Кургак жыгач отундун түтүнсүз жалыны коломтодо балбылдап күйүп турду. Майлы-Сайдын туу чокусунан ашып бара жаткан он беши толуп турган тунук ай кирсиз асмандын деңизин жарып сызып турду.

— Кана, туугандарым, досторум, аңгеме эмнеден башталсын? — деди акын.

— Дыйканбай болушту мактап ырдаган Арзымат ырчы менен айтышкан ырыңыздан жана Керимбайды кекете ырдаган «Беш камандан» башталсын,— деди бир колхозчу.

— «Курманбек», «Саринжи-Бөкөй», «Кедейкан» жомокторунан башталсын,—деп үнүн жоон чыгарды бирөө.

— Жок, Током — акын, жомокчу гана эмес, ал комузчу да эмеспи. «Кербез», «Ботой», «Жаш кыял», «Миң кыял», «Тогуз кайрык», «Кыз ойготор» деген күүлөрүн чертип берсин,— деди Токтогулдун күүлөрүн жанындай сүйгөн бир колхозчу.

— Жок, адегенде Эшмамбет ырчы менен айтышып, Байгазы болуштукуна барганын айтып берсин,— деп кыйкырды тышта отургандардын бирөө.

Током күлүмсүрөгөн жүзү менен отургандарды бир сыйра карады, анын бетиндеги тырыштар сезилип турса да, өткүр кара көзү тигил балбылдап күйүп турган жалындай нурланып турду. Комуз өзүнөн-өзү кыңгырагансып, сол колунун бармактары комуздун алкымын

буркүттөй серпип, оң колунун чебер бармактары комуздун кооз капкагын тарс-тарс черткенсип турду. Салмактуу мүнөз, бир кыялдуу, кичи пейил, бой көтөргөндү такыр билбеген Током мындай деди:

— Маакул, күчүмдүн бардыгынча үнүм бүтүп, өзүм чарчап, колум талыганча баарыңардын суроооңорду аткарамын, же мени жалкоо тегерек чал дегиңер барбы?— ушинтип бир топ куудул сөз айтып, угуп отургандардын көөнүн көтөрүп, элди бир сыйра күлдүрүп алды. Комузун оң тизесине такап, күүлөнүп турган үч кылды андасанда сөөмөйү менен кыңгыратып коюп:

— Ал беш каман, бай-манап, болуш-бийлердин кылбаганы барбы! Ал заардуу залимдердин түндүгү ошон үчүн кулабадыбы... — деп бир топ жүйөлүү сөздөрдү далилдеди да, Сибирге айдалгандагы арманын айтып кирди:

«Айланган тоонун буркүтү,
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген,
Колума кишен салындым».

Бул ырды аягына чыга муңканып ырдады. «Эски замандын бети курусун, ал доорду жойдук, жок кылдык. Эмичи, эми андагыдай армандуу эмеспиз. Биздин Совет өкмөтү, биздин партия бактыбызга туш келди. Бизге жыргалдуу турмуш берди» деген шаңдуу-шаттык Токомдун ар бир айткан сөздөрүнөн, ырларынан сезилип турду. Алдында турган ууз кымыздан суусуну канганча жутуп алды да, өнөрүн уланта баштады шайыр Током: «Элди карачы», «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деген дагы бир топ жаңы ырларды уккулуктуу кылып айтып берди. Жаңыдан гана уюшулган «Сакалды», «Бүргөндү», машина-трактор станцияларын, анын алдыңкы адамдарын, Майлы-Сайдын жайлоосунда жаткан малчыларды, колхозчулардын сонун эмгектерин жанында жүргөнсүп далайга чейин сүрөттөдү, мактады. Кээ бир жалкоолордун кылык-жоруктарын сатиралык тил менен сүрөттөп, угуучуларды күлдүрдү.

«Басып жеген калкымды,
Бай-манаптар куулду.
Аты кедей балдары,
Артындан шорук жуулду,
Николай нанын жегендер,

Амалын таппай муунду,
Панардай жанып боштондук,
Бактыбызга туулду
Кандай аял тууду экен
Лениндей уулду!
. . . . . . . . . . . .

Бул ырын аягына чейин толкундап, өтө берилип ырдады.

Мына ушинтип Токомдун ушул жолу жогоруда биз айткан Майлы-Сай жайлоосундагы малчыларга келип бир кезигип кетиши биздин ишибизге чоң жардам берген. «Током акын гана эмес, агитатор экен!» — деп партиянын райондук комитетине айта бардык. Токомдун кыял-жоруктарын, анын шайырдыгын, анын тайманбас баатыр жана элдик акын экендигин Током туулган районго коңшулаш болгон Ленин районунун аткаруу комитетинин ошол кездеги председатели болуп иштеген маркум Сулайман Жолоев жана башкалары да таң калтырып сүйлөп берүүчү эле. Андан кийин улуу акынды көрө албадым. Бирок Токомдун ырлары, поэмалары басылган китептери колумда турат.

*ТЕМИРКУЛ ҮМӨТАЛИЕВ*

## ТОКОМДУ МЕН ДА КӨРГӨМҮН

Эң эле кичине кезимде Токтогул жөнүндө көп уккамын. Ыр же комуз жөнүндө сөз болгон жерде: «Токтогулга ырчы жетеби, кайран киши!» деп тамшанып отурган чүкөдөй чүкчүйгөн буурул сакал чалдын кебетеси ушул күнгө чейин көз алдыман кетпейт. Бирок ал карыянын ким экенин да билбей калдым, аты-жөнү да эсимде калган жок.

Өзүмдүн чоң энем Каракөз да Токтогулду кеп салып отуруудан чарчачу эмес. «Токтогул — ырчынын булбулу,— дечү ал киши,— анын алдына чыккан ырчы жок. Ошого карабастан, анын ырчылыгынан да комузчулугу артык. Башка кишинин чапкан комузун чертпейт, комузду ал өзү жасап алат. Токтогул чаап жасаган комузду керегеге жөлөп койсоң, өзүнөн өзү чертилип, күү чыгып турат...»

Бул легенданы чоң энемден нечен ирет уккан мага ошол укмуштай чебер устаны, булбулдай сайраган ырчыны, үч ичекти кишидей сүйлөткөн ашкан кыйын ко-

музчуну бир көрүү максат сыяктуу сезилчү. Ойлогон оюм, тилеген тилегим болуп калды. «Бир көрсөм» деп ак эткенден так эттим.

Бирок жолуктуруу, көрүү оңой-олтоң иш эмес эле. Токтогул — Кетмен-Төбөдө, биз болсок Кызыл-Жарда элек. Ортобузда нечен бийик ашуулар, күркүрөп аккан суулар, аюу менен каман жойлогон караңгы түнт токойлор бар. Атсыз, тонсуз бечаралар үчүн жердин түбү сыяктуу алыс.

Ай артынан ай, жыл артынан жыл кербенчидей чубашып өтө беришти. Биз кыштаган Төө-Жар аттуу кыштоону бир нече жолу кар басты, анын аркасындагы турпагы ыдырап көчүп турган бийик жардын этегиндеги жылга-жыбыттардан жыбырап чыккан байчечектерди бир нече жолу тердим, жоогазындын түбүн көп жолу каздым. Токтогулду жолуктура албадым. Чоңоюп, анын ырларын ар кимден угуп, жаттап ырдоого да жарап калдым. Ошондо да атын угуп, өзүн көргөнүм жок.

1925-жылы эл жайлоого көчөр мезгил болгондо Тегенеде бир чоң аш болуп, бир нече бала менен бирге, «жетим акы» чогултуу үчүн, Ак-Суу интернатынан ошол ашка бардым. Башчыбыз, бизге караганда чоң эле кишидей көрүнгөн, Чоткара Керимбаев деген узун бойлуу арык бала болучу. Ал бизге жол-жобо көргөзүп, байгеге канча мал сайылганын, улак тартканда эмне берилерин жана алардын канча проценти «жетим акы» үчүн алынышы керектигин айтып түшүндүргөн.

Менин кулагым Керимбаевдин «жетим акысында» болбостон, ашка келген ырчылардын үндөрү чыккан жакта эле. Жуман ырчы, Коргол, Ныязалы жана башка бир нече ырчы, комузчу келген экен. Ар кимиси ар жерде, ар бөлөк топтолгон элдин ортосунда жаактарын жанышып ырдап жатышыптыр.

— Токтогул кайда? Бул ашка ал келгенби? — деп сурадым биздин айылдык Эгемберди деген кишиден.

— Көрүнбөйт, келбесе керек,— деп жооп берди ал киши, алыстан көргөн топ атчанды караган бойдон мага бурулбастан...

Аштын башталганына бир нече күн болуп калганда эл дүрбөп күбүр-шыбыр аралады:

«Токтогул келе жатат имиш, Токтогул!»

Бир канча киши Жыгач-Арт мойногун көздөй жол тосуп чаап жөнөдү. Ушул учурда биздин жаныбызга бир нече атчан топтолуп, көздөрү ууру мышыктыкындай тостойгон Коргол ырчыны ортого алып калышты,

— Айылдын четине келгенде астынан ырдап чык, карыганын, алиге өлбөй, сөөк аңдыган иттей түтүн чыккан үйдү сагалап келгенин айтып жаманда,— деди кер мурут кызыл чийкил чапжаак бир жигит.

— Болбойт, айланайындар. Ал кишини жамандоого оозум барбайт. Током менин пирим, атам болбосо да, атамдай киши,— деди Коргол.

— Эч нерсе болбойсуң. Ичиңден тооба кыл да, оозуң менен жамандай бер. Кудай өзү кечирет,— деди баягы жигит.

— Карып калды, мурункудай күчү калды бекен? Сага кайтарган жообунан байкайбыз. Ырда, ырдай бер,— дешип кысташты бир тобу.

Алиги жалдуу сур ат минген кер мурут жигит чөнтөгүнөн бир жалтыраган шишени алып чыгып, түбүнө бир муштап, оозун ачып, Корголго узатты:

— Ме, бир жутуп ал!

— Өмүрүмдө татып көргөн эмесмин, Алыке, өлүп калбайын? — деди Коргол, ээрдин артын көздөй кетенчиктеп.

— Өлбөйсүң, ич!

— Өктөм болосуң, ич!

— Жут, жутуп жибер! — дешип чуулдашты.

Алыстан бир топ атчан көрүндү, жол чаңып, кимдин ким экени таанылбайт. Биз ал караандын алдын торой чуркап, айылдын четиндеги түбүнөн чоң жол өткөн дөбөгө чыгып алдык. Бир аздан кийин Корголду ортого алган атчандар да ошол дөбөдөн өтө берип токтолду. Арыдан айылды көздөй келе жаткан калың топ дагы жакын кирип келди. Эң алдында чоң тору ат минген, ысык күндө башына кара көрпө тебетей кийген, сол колтугунан белине кыстырылган комуздун башы сороюп көрүнгөн, көк чаар чыт чапанчан ак сакал киши келе жатты.

— Токтогул ырчы ушул,— деди Керимбаев, өзүнүн көптү билгендиги менен мактанганын жашыралбай толкунданып.

Ушул учурда Корголдун шаңшыган үнү угулду:

Амансыңбы Токтогул?
Адамдан чыккан күлүксүң,
Оозуңда бир тишиң жок,
Кудай менен ишиң жок,
Алиге өлбөй жүрүпсүң...
Сөөк аңдыган ит окшоп,

Аштан, тойдон калбайсың,
Берешен мартты жандайсың.
Иниң Коргол жол тосту,
Ырдашканга кандайсың?
Биз ырдап элден алалы,
Өлбөйсүңбү, Токтогул.
Келмеси буйруп молдонун,
Акыреттин ак жолун
Көрбөйсүңбү Токтогул?

Токтогул унчукпай өтө берди. Бизден бир канча узаганда анын үнү чыкса да эмне дегени бизге ачык угулбады. Бирок, анын ырын жакындан угушкан балдар ошол эле күнү кечинде бизге айтып беришти. Ал мындай болучу:

Уулумдай көрүп жүрчү элем,
Ушулбу урмат кылганың,—
Ууру кылган мышыктай
Кылыр көздүү урганым?
Энеңе наалат төрөгөн,
Эптеп багып алалбай
Көр кылыптыр көзүңдү,
Калсаң боло жаралбай.
Атаңа наалат төрөткөн,
Койсо керек карабай?
Сокурайып калыпсың,
Сылык сөзгө жарабай.

* * *

Экинчи жолу даңктуу ырчыны 1927-жылы жайында Сарчечекей жайлоосунда көрдүм. Айылдын четиндеги дөбөнүн үстүнө чатыр тигилип, килем салынып, эл дүрбөп калды.

Токтогул Балыгуртта экен, мында чакырып келгени киши кетти дешип айылдагылар бирине бири кабар кылып жатышты.

Мен ал кезде Оштогу педагогиялык техникумда окуп жүргөмүн. Чач коюп, орусча кийинип, эл чогулган жер болсо, катардан орун тийип калган кез болучу. Чатырдын жанына топтолгон эл менен бирге Токтогул келчү жолду карап кечке ошол жерде жүрүп, эртеси таң атары менен кайра келип тамак ичпей, бешимге чейин күт-

түм. Бир кезде акынды биздин айылдык Суранчы деген киши баштап келди. Барыдан мурун озунуп, чуркап барып ат алдым. Эл менен кол алышып көрүшүп бүткөндөн кийин, чатырга кийирип, бет маңдайына барып отурдум. Өзүмөн улуу кишилердин бир канчасынан жогору өтүп кеткенимди кийинчерек сезип кызарып кеттим. Бирок, билмексенге салып, эки көзүмдү Токомдон айырбай карап отурдум. Кабагы бийик, каштары коюу, кирпиктери узун, көздөрү бөксөргөн көлдөй ары тереңден жылтырап көрүнгөн чокчо сакал сары киши экен. Эриндери ичин көздөй бүрүшүбүрөөк калган, оозунда бир да тиши калбагансыйт. Кырдач муруну жазы маңдайына, бийик кабагына жана ыгы менен өз ордуна коюлган беттерине жарашып, жаш кезинде сулуу киши болгонун көргөзүп турат.

Кийими мындан эки жыл мурун мен көргөндө кандай болсо, дал ошол бойдон түк өзгөрбөптүр: Күрөң трийке тышталган кара көрпө тебетей, пахталуу көк чаар чыт чапан, белинде кездеме кур, балбырата кенен тигилген ак суп ыштан, ар кай жерине жамачы түшкөн булгаары маасы (анын сыртынан кайыш кепичти чатырдын эшигине чечип койгонун көргөм).

Бала-чаканын аманчылыгын сурашып, чай, анын артынан кымыз ичилгенден кийин, Током чатырдын эшигине бир карап алды. Оозу чоң ачылган чатыр эчак курчоодо калган болучу. Табигый өзү төшөлгөн килемдин үстүнө бир нече метрге чейин отурган кишилердин артында туруп турушкан, алардын арасында атчан турушкандар сүрөткө түшүү үчүн атайылап коюлгандай көрүнүшөт.

Бул эл менден бир нерсе үмүт кылып келген го,— деди Током.

Арт жагына таштап койгон комузун алып, кулагын толгой баштаганда, элдин дуулдап, «А, кайран киши!» — деген үндөрү абаны козгогондой болду. «Кербезди», анын артынан «Ботойду» чертти. Сибирге айдалганын, кайра келгиче жалгыз уулу өлүп, аялы эрге тийип кеткенин, карыган энеси ыйлай берип, көздөрү көрбөй сокур болуп калганын ырдап, кемпир-чалдардын баарын ыйлатты. Андан кийин Эшмамбет менен сакалга асылып ырдашканын айтып, ыйлаган элди кайра күлдүрдү.

Жумуру билеги, комуздун кылдарына түшүп жаткан бүркүттүн тырмактарына окшогон быржыгый бармактары кичинекей туруп, күчтүү, чымыр киши экенин байкатып турду. Чапанынын оң жеңин чечип, көйнөгү-

нүн жеңин карысына чейин түрүнүп алганы алиге чейин көз алдымда элестеп турат.

Анда-санда бирөө, айрыкча кемпир менен чалдардын жандарында отурушканы болбосо, башка балдардын баары бир бирине жабышып дубалдай тыгыз болуп калышкан кишилерден өтө алышпай, арт жакта жүрүшкөн болучу. Током аны байкап отурса керек, бир кезде:

— Мени күтүп турган дагы бир эл бар, мүмкүн болсо, руксат кылгыла. Ошол элди да ыраазы кылып келейин,— деп комузун кармап ордунан турду.

Кишилер орундарынан козголуп, Токомо жол беришти. Курчаган элдин ичинен чыгып, тумшуктун учуна барып, Током бетегенин үстүнө малдаш урунуп отурду. Майда балдар аны тегеректеп алышты. Азыр эле аксакалдардын арасында аксакал болуп төрдө отурган жаным, эми жаш балдар менен бирге жаш бала болуп, алардын арасына кирип калдым.

Током тебетейин башынан алып жерге койду да, сол жак койнуна колун салып, чапанынын ички чөнтөгүнөн төбөсү чокчойгон кыргыз допу алып башына кийди. Анан: «Менин Айдыралы жөргөлөк деген Таластык досумдун жападан жалгыз күүсү эле»,— деп бир күүнү чертти. Көздөрүн акшыңдатып, кулактарын кыймылдатып чертип жатты. Башындагы допусу бир туруп чекесине, бир туруп куйкасына барып, бирде оң кулагына, бирде сол кулагына кийилип, ары-бери жылып жүрдү. Эң мурун бир сабак ырды айтып, анан бир топко чейин үнчукпастан колдорун комузга ойнотот. Комузу кишиче сүйлөп, мурун өзү ырдаган бир сабак ырды кайталап, таптак өзүндөй келтирип жатты. Балдардын көздөрү Токомдун башындагы допуну ээрчип карашат, баары тең каткырып күлүшөт.

Бир аздан кийин, чапанын чечип, аркасына таштап, көйнөкчөн болуп отурду да:

— Эми менин бул жагыма өтүп, бул жерди карап отургула,— деп оң бөйрөгүн көргөздү. Баарыбыз тең оң жагына өтүп, бирибизди бирибиз түртүп, орун талашып отургандан кийин, Токомдун бөйрөгүн карап калдык. Кандайдыр бир жагымдуу күүнү чертип, оң колун чабалакейдин канатындай дирилдетип, өйдө көтөрүп, абага кайгытып жатып, «үп»! — деп оозун көптүрүп койду эле, курсагы бүт бойдон оң жаккы бөйрөгүнө ооп келип, тебетейдей томпоюп чыга калды. Балдар адегенде чоочуп кетишти да, анан кайра каткырып күлүп калышты.

— Эми бул жагыма өтүп отургула,— деди Током.

Бир аздан кийин анын курсагы сол бөйрөгүнө барып тебетейдей томпоюп чогула түштү. Балдар дагы күлүштү.

Ошондон кийин биздин көзүбүзгө сүйкүмдүү көрүнө баштаган Током чапанын кийип, курун курчанып, допусун койнундагы чөнтөгүнө кайра катып, тебетейин башына кийип, комузун кармап ордунан турду да:

— Эми мага руксат бергиле, балдарым,— деди ал оозун ачып кызыл ээк болуп калган тиштердин ордун көргөзүп,— көрдүңөрбү,— картаң чалмын, күч жок, бат эле чарчап каламын. Барып дем алайын. Маакулбу?

— Маакул!

— Маакул! — дешип чымчыктын балапандарындай чыйпылдашты балдар.

Кечинде башка бирөөнүн үйүн бошотуп, чырак жагып, Токомо ошондо жай салышты. Айылдын кишилери ошондо чогулушуп, эт бышкыча, эттен кийин да түн жарым оогончо Токомдун ыры менен комузунун күүсүн угуп, тарашпай отурушту. «Саринжи-Бөкөйдү» анын артынан «Кедейканды» ырдап, айтып берди Током.

Ошол бойдон ал топ торгоюн экинчи көргөнүм жок. 1938-жылы барып, Айыктынын бет маңдайынан, Саз-Жийде жылгасынын оозунан имерилип өткөн чоң жолдун астынан, Узун-Акмат суусунун жээгиндеги дөңсөөдөн анын мүрзөсүн көрдүм. Суунун шары «Кербездин» күүсүндөй угулуп, Айыкты тараптан соккон тоо шамалы улуу акындын өмүр баянын жомоктоп, ары эл көп Ак-Чий жана Муз-Төр кыштактарын көздөй ташып өтүп жаткандай сезилди.

## *САТКЫН САСЫКБАЕВ*

## СҮРГҮНДӨ

*Токтогулдун сүргүндө жүргөн кездери жөнүндө аны менен кошо болгон Жыртаков Болоттун оозунан жазып алынган аңгеме.*

### I

— Мен Токтогул Сатылганов менен сүргүндө бирге жүргөмүн, атамдын аты Жыртак, өзүмдүн атым Болот,— деди чокчо сакал, чапжаак, кара киши мени тике карай кеп салып. — Токтогул жөнүндө айтып берсеңиз экен деп эле акидей асылып калдың уулум, кай жагынан баштап, кандайча айтарымды билбейм? Мен

сөзгө чоркок кишимин. Ойду-тоону айтып сандырактай берсем, кандайча жазарыңды билбей башың катар. Андыктан, сүйлөп берүүнүн ыраатын билгим келет. Эмнеден баштайын?

— Бул айтканыңыздын жөнү бар, Болот аке! Андай болсо өзүңүздүн эмне себептен, кандайча болуп, кайсы жылы камакка алынып Токтогулга кошулганыңыздан баштап сүйлөп бериңиз?

— Баракелде, мына ушинтип ыраатын айтсаң оңой сүйлөйм. Эмесе, аңгемени өзүмдөн баштайын.

— Ошентиңиз!

## II

— Мен илгери, атап айтканда, 1874-жылы Анжиян уездинде (азыркы Жалал-Абад областынын Октябрь районунда) Калмак-Кырчын айлындагы кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө туулгамын.

Он төрт жашка чыгып, кол арага жарап калган кезим. Күндөрдүн биринде атам маркум кабагын түйүп, капа болуп отурду. Мени атайы жанына чакырып алды да, кейип отуруп сүйлөдү:

— Жокчулук ийинден бекем басты уулум... Ичээр тамак, киер кийим мөгдөттү. Карыдыр-жаштыр дебей кара жанды карч уруп, оокат кылбасак айлабыз кетет. Адалдан түгүбүз жок. Сен азыр жашсың. Бирок жашта болсоң бирөөнүн малын багып, отун жагып, жок дегенде тамагыңды таап ич! Нусур Абдылда уулу деген манап: «Баланды мага жылкычы кылып бер» деп кыстады. Аргасызмын. Көнбөсөк амалым жок. Оокаттан кысталып турам...— деп атам көзүнө жаш алды.

Мына ошентип, манаптын жылкычысы болуп жыйырма эки жашка чейин иштедим.

Күндөр өтүп, айлар алыстай берди. Турмуш оордогондон оордоду. Өзүм да, атам да, ал турмак энем да жайы-кышы мал багып, отун алып, суу куюп калдык. Ошентсек да ийнибиз бүтөлүп, кардыбыз тойгон жок. Бай-манаптар болсо жарды-жалчыларды адам катарында көрүшчү эмес.

Кырчындай жигит кезимде Кожобай дегендин малайы болдум. Андан да эмгегим кайткан жок. Бай-манаптарды, алардын үй-бүлөлөрүн өлгөнчө жек көрүп, кыжырым келе турган болду.

Оор турмуш, кедейчилик ата-энемди бат эле карытып салды. Жигит кезимде да турмуштун үзүрүн көрө алга-

ным жок. Ал кездерде мен өңдүү кедейлер оңойлук менен үйлөнүп, турмуш кура алышчу эмес.

Падыша өкмөтүнүн зомбулугу, оор чыгымдары андан бетер кыйнады. Бир күнү ала бармандап урунупберинип болуштун жигити келди. Көкүрөгүндө тагынган бир белгиси бар, керилген кара мурутун чыйралтып өкүм сүйлөйт.

— Мен болуштун жигитимин. Мойнуңа түшкөн чыгымды төккүнүң, Жыртак! Же болуштун буйругуна моюн сунгуң келбей жүрөбү? Неге унчукпайсың? Тилиң байланып калганбы? — деп атамды жекирди.

— Унчукпасам кыларың эмне? —деп, атам жаны күйүп каяша айтты.

— Бул эмне дегениң? Кыйын болсоң мойнуңа түшкөн алык-салыкты төлөбөй көрчү?! — деп болуштун жигити күпүлдөдү.

— Көп жекирбегиниң болуштун жигити! Болуштун алык-салыгын төлөмөк турсун, бала-чакамды бага албай олтурамын! Алык-салык төлөбөйт десеңер, билгениңерди кылгыла! — деди атам, жаны кашайып.

Үйүң күйгөн болуштун жигити бирди эки кылып, атамды болушка жамандап барыптыр. Албетте, болуштун кыжыры кайнап, ачуусу келет да.

Дагы бир күнү бир топ жигиттери менен болуш келип калды. Менин жүрөгүм оозума тыгылды. Болуштун келгенинде бир шойком бар эле. Анын каны ичине тартып, ачуусу келип алган. Атам меймандарды күткөнү бүлүнүп калды. Колдо жоктук курусун, атам абдан кысталды. Бирөөдөн жалынып жатып, бир улакты карызга араң таап келип сойду. Эт бышып, болуштун алдына тартылганда эле анын көзү аңтарыла түштү.

— Улактын этин жечү мен эмесмин. Бул эмне деген маскаралаганың, Жыртак! Менин теңим улакпы? — деп болуш опурулду.

Атам шордуу кылмыштуу болгонсуп, ирege жакта туруп:

— Жокчулук курусун, болуш аке! Колумдан келген сыйым ушул болду. Айып көрбөңүз? — деди. Бирок дөгүрсүгөн текебердүү болуш эттүү табакты тээп жиберди. Табак көңтөрүлүп, эт коломтодогу күлгө аралашып калды.

— Иттин баласы, доңуз! Мени шылдың кылгың келеби, ыя! Чыгымды төлөбөй койгонуң аз келгенсип, мени кордогуң келет, ээ! — деди да, атамды көздөй жулунду. Эми, менин да жаным күйүп кетти да:

— Таксыр, болуш! Колдо бар тамагыбызды берсек кесир кылып, бүлүк салганыңыз кордогондук эмеспи! — дедим.

Болуштун өңү кумсара түштү да, атырылып келип:

— Иттин баласы, жаагыңды бас! — деп керегенин башында илинүү турган камчысын ала коюп, мени чокуга басып-басып алды.

Үйдүн ичи уу-дуу болду да калды.

— Каран күн!.. Бул кутурган, ит болушка кайдан каяша айттың!..— деп апам бир жагынан ыйлап коё берди.

— Ой, кемпир! Сага эмне жок! — деп болуштун жигиттеринин бири апамды да көмөлөтө түртүп жиберди. Жаным эми кашайды. Тиги жигитти жаак талаштыра коюп жибердим. Анан болушту ичке бир тептим. «Кокуй, жеп салды!» деген кыйкырык чыкты. Жонума камчы дабырай түштү. Болуш өзү, анын жигиттери мени ит талагандай кылышты...

Арадан көп убакыт өтпөй эле, 1898-жылы май айында, мен Болот Жыртак уулу камакка алындым. Нак ушул мезгилде кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылган уулу да камакка алыныптыр. Анын эмне себептен камалганын мен кайдан билейин. Мен Токтогул менен түрмөдө кездешкемин. Ал жөнүндө мына эми аңгеме козгоюн.

## III

1898-жылдын май айынын орто чени болучу. Күтүлбөгөн учурда биздин айылда кайгылуу дүрбөлөң болуп, кажы-кужу сөз чыкты:

— Стражниктер келишиптир, стражниктер!

— Кылыч, мылтык асынган пристоптор да жүрүшөт.

— Кылмыштууларды камап, шиберге айдашат дейт!

Али да көз алдымда турат. Көкүрөгүнө каршы-терши мылтык, кылыч асынган пристоптор келип калышты.

— Болот Жыртак уулу деген барбы? Анын үйү кайсы? — деп бирөө опуруп-жапырып күпүлдөдү. Кедейлер жалтактап, бирин-бири караштьı. Ансыз да ачуум келип, ичим күйүп турган эле.

— Болот Жыртактын баласы менмин! Үйүм ушу! — дедим кыжырым келип, кичинекей кара алачыкты көрсөтүп. Менин кекээрлегенимди пристоп сезди.

— Сен болсоң, эң жакшы болду! Байлагыла муну! — деди ал зиркилдеп.

Айдактаган иттей болгон жасоолдор баарыбыздын колубузду артыбызга байлап, мылтыктарын кезеп калышты. Айыл-апа, бала-чака, уру-чуу түшүп калды.

Жалгыз ат чегилген, эки тартагай, чоң дөңгөлөктүү арабалар келди. Колдорубузду артыбызга байлаган бойдон ошол жалгыз аяк арабаларга төрттөн олтургузушуп, таңып салышты. Арабалар кыйчылдап жолго түштү.

Күн ысык, жол чаң... Как арабада жанчылап бара жаттык. Улам алыстаган сайын бети-башыбыз күнгө каарылып, ундун тоскогу сыяктанган боз чаңга көмүлдүк. Жылтырап эки көзүбүз гана калды. Чаңга аралаш чекеден куюлган терди сүртөлүк десек колубуз таңылуу.

Баарыбыз тең жан серек болгонсуп, үн жок, сөз жок араң гана үшкүрүп, кайгырып бара жатканыбыз эсимде. Үстү-башыбызды чаң каптап, кызыл өңдү бозортуп, адамдык кейпибизди өзгөртүп салды. Ар кимибиз нечен түркүн ойго батып, ичибизден сызып кайгырабыз.

Туш-туш жагыбызда, алды-артыбызда атчан кокоңдошуп стражниктер. Алар зекип, камчыларын үйрүп, эки жакты да каратышпайт. Эгер арабыздан кимдир бирөө баш көтөрүп, эки жагын карана турган болсо, башка, көзгө карабай камчы менен тартып-тартып жиберет. Сай-сөөгүбүз сыздайт. Анын үстүнө күнү-түнү наар алган эмеспиз. Каткансып тилибиз кургап, суу ичкибиз келет...

Жол боюндагы дыйкандар биздин абалыбызды көрүп, жандары ачып, нан, ачымал, чалап алып чыккандары болду. Бирок жулунган кара мүртөз стражниктер аларды биздин жаныбызга жакын жолотпой коюшту.

— О, кешиги жок, шордуулар... Жалган-жалаа менен айдалып бара жатасыңар да...— дешип сунган тамактарын бере албай өкүнгөн кишилер. Көмөкөйүбүз кургап, демибиз ого бетер кысылды. Зээнибиз ан сайын кейиди. Дыйкандар болсо аянычтуу көз карашы менен жалдырап кала беришти.

Айланар канча шордуулар... Башыңарга түшкөндү көрөсүңөр да... Убалыңар болуш менен бийлерге жетсин...— деген үндөрдү укканбыз.

Ушундай абалда Анжиянга айдап барышты. Арабадан түшүүгө да дарманыбыз жок. Денебиз жанчылып кыймылдай албай жатсак да:

— Бол, түш, бас! — деген орой сөздөрдү уктук.

Күрсүлдөгөн орой стражниктер арабадан ыргытып түртүп түшүрүштү да караңгы, сыз түрмөгө камап салышты...

— Ушинтип азап тарттык, ээ!..

— Убалыбыз зулумдарга жетсин!.. — деген ыңырсыган үндөр.

Ушундай абалда күнү-түнү менен жатып калдык. Шылдыраган көк сорпо, бир кесимден кара нан жүрөгүбүзгө баскан жок.

IV

Бир күнү түрмөнүн эшиги карс-карс дей түштү.

— Дагы бир тобун алып келишти го, ким болду экен? — деп кулак түрүп калдык.

Жаңыдан камерага киргизилгендер бизден бетер кыйналган, арып-азган кишилер экен. Түрмөнүн ичи күүгүм болгондуктан, ким экендигин адегенде айра тааный албадык. Аңгыча болбой:

— О, Токомсузбу? Ыя, кокуй, сиз кайдан? — деп өкүнгөн үн чыкты. Баарыбыз дүрбөй түштүк.

— Кайданды сурап эмне кыласыңар... Менин да минтип, жок жалаа менен айдап келишти...— деп Токтогул күрсүнүп, түрмөдөгүлөрдүн каңырыгын түтөттү.

Мен Токтогулду мурда көрбөсөм да, атагын угуучумун. Токтогулдун даңкы Анжыян багытындагы элге көптөн бери белгилүү эле. Бирок мен Токтогулду күтүлбөгөн мезгилде, караңгы сыз түрмөдө көрдүм. Током акылдуу, кайраттуу, билгич, шайыр киши экен. Бат эле таанышып, үйүр алышып калдык.

— Э, Болот! Эмнеге мынча шалкыясың? Кайратың жок, кокуй жигит көрүнөсүң. Шалкыйба! Эр жигиттин башына эмне келип, эмне кетпейт? Башыбыз аман болсо, бул азаптан кутулуп да кетербиз, кайрат кыл! — деген эле Током.

Токтогулду урматтап, жакшы көрө турган болдук. Ал баарыбызга кадырлуу болуп калды. Канчалык капалуу болсок да, Токтогул көңүлүбүздү ачат.

Ошентип Анжыяндын түрмөсүндө акыйып алты айча жатып калдык. Зарыккан узак күндөрдүн ичинде, ыраматылык Токтогул кандайча болуп камалып айдалганын ырга да кошкон эле. Баарыбызды терең ойго чөмүлтүп, кээде жашытып, кээде күлдүрчү. Өтө кайгырсак да жарпыбызды жазып жиберчү. Көбүнчө бай-манаптарга, эски турмушка каршы, ташка тамга баскандай ырдоочу. Анын түрмөдө жатып, минтип ырдаган ырлары эсимде:

Акмат, Дыйкан алдамчы,
Атакан, Миңбай жалганчы.
Эгемберди, Бактыяр,
Эл жегенге жардамчы.
Жетим, жесир алсызга
Карабадың, беш каман.

Жетилсин, деп жардыны,
Санабадың, беш каман.

Көрө албадың жардынын
Жакшы ат таап мингенин.
Акмат, Дыйкан, Атакан —
Көркоолугуң бул сенин.

Талап алып тентиттиң,
Боромбайдын Сарысын.
Күндө жейсиң айыптап,
Бүтүн журттун баарысын.

Мына ушундай ырлары үчүн бай-манаптар куугунтуктап айдатышканын Токтогул айтып кекенчү.

Түрмөнүн бир камерасына жетимиш-сексен кишиден шыкалып жатчубуз. Аба жетишпей, көңүлүбүз караңгыланып, башыбыз айланчу.

Нак ушундай абалда алты ай түрмөдө жаткандан кийин өкүм чыгарылып, Токтогул болуп он беш жылга Сибирге жер которулуп кетмек болдук.

— Кудай ушундай урчу экен, ээ... Бала-чакадан, эл-журттан биротоло айрылмак болгон турбайбызбы...— деп күңгүрөп кайгырганбыз.

Мен, Токтогул жана бир топ киши өлүм жазасына өкүм кылынган элек. Ал өкүм кийин Сибирге сүргүнгө айдалуу жазасы менен алмаштырылган.

Сибирге айдалуу жөнүндө өкүм чыгарылгандан кийин эле баарыбыздын буту-колубузга темир кишендер салынды. Азаптын капканына мына эми түштүк. Үстүбүзгө туткундуктун түрү суук кийимдерин кийинтишти.

Ошентип, дагы айдап жөнөштү. Жаңырып жаткан чоң темир жол станциясына да айдап барышты. Баарыбызды кынжылтып жүк ташуучу кызыл вагондорго күргүштөп кийиришкени эсимде. Кырк-элүү кишиден болуп тар вагондорго камалдык. Алдыбыз катуу тактай.

Самаркан шаарына барган кезде, Токтогулдун бул жолу кыялданганы муунубузду бошоткон. Ал бизден обочорок отурган эле. Көрсө, эл-журту, агайын-туугандары, бала-чакасы, карыган энеси эсине түшүптүр... Жаш баласы менен карыган энесин кошуп, мындай деп ырдаган:

Манаптар сага не жаздым?
Басынып, элден адаштым...

Бутумда кишен шалдырап,
Мусапыр болуп жөө бастым...

Куйуткө салдың залимдер,
Көрүндү беле залалым?
Көзүн көрөр бекемин,
Кукуктей жалгыз баламын?

Карган энем шордуу экен,
Кантип жүрөт болду экен?
Көрөмбү сени айланып,
Алыста калдың кең мекен?..

— деп муңканган эле Токтогул. Баарыбыздын каңырыгыбыз түтөп, башыбыз жерге салынган. Бир аз тым-тырстан кийин, Токтогул терең улутунуп:

— Бирок кейип көңүлүмдү чөктүргөндөн не пайда? Бошонуп, азатка чыгуудан үмүт үзбөйлүк, кайраттаналык! — деген.

Самаркандын түрмөсүндө болсо он эки күн жатып калдык. Түрмөдөн түрмөнүн айырмасы болобу, мурдакыдай эле оор абалдабыз.

Темселетип отуруп Красноводскийге алып барышканда чоң пароходдун түбүнө, трюмуна камашты. Пароходго түшкөнүбүз ушу.

Күн бүркөк болучу. Бир кезде бороон көтөрүлдү. Кара көк тартып мелмилдеген Каспий деңизи толкундана баштады. Түрмөктөлгөн толкун удургуп, кемени теңселтти. Чоң кеме бирде өйдө көтөрүлүп, бирде ылдый ташталды. Шарпылдаган көбүктүү толкун кеменин капталына согулат. Кеме толкунданганда буту-колубуздагы кишендер шалдырай, ары-бери оодарылып чайкалабыз. Бирде башыбыз, бирде ийнибиз кеменин бортуна тийип, сай-сөөгүбүз сыздайт...

Толкун басылмак турсун, ан сайын күчөдү. Кеменин илгери карай жүрүшүнө мүмкүндүк болбой калды. Ошондуктан, кеме бир булуңга токтоду. Деңизге оор якор, салмоор ташталды. Кеме буйлалаган төөдөй болуп туруп калды.

Көп убакыт тургандан кийин бороон токтоп, толкун басылды. Баарыбыз жалдырап, тым-тырс олтурабыз. Бир убакта Токтогул терең улутунду да, өзүнөн-өзү күңгүрөп ырдады:

Каркылдап учкан өрдөк, каз,
Кайрылып учар көл мында,
Кармап берип, кан залим
Кайгынын отун көрдүм да...

Бул ыр бизге абдан таасир берди. Токтогулдун ойчулдугу, сезимдүүлүгү, акылы бизди кыйын учурларда таң калтырган.

Дагы алга карай жүрүп олтуруп, Ногой-Суу деген жайга жеткенибизде бороон кайрадан согуп, толкун көтөрүлдү. Дагы чайпалып, дагы томолондук. Аңгыча болбой:

— Кеме жарылды, суу кирди! — деген үн чыкты. Ызы-чуу болуп, дүрбөлөң түштү. Бизди сенделтишип кеменин үстүнө алып чыгышты. Биз гана эмес, элдин баары тең жөөлөшүп, түртүшүп кеменин үстүнө чыгууга аракеттеништи.

Колу-бутубуз кишенделүү болгондуктан эч каруу кыла албай түрткүнүн, тепсендинин алдында калдык. Бизди жан катарында санагандар аз. Бир убакта эл катуу жөөлөшүп кетип, айдалып келе жаткандардан төрт киши сүрүлгөн бойдон, кеменин кырынан алыс кетишти...

— Алда шордуулар, ай!.. — деген үнүбүз гана күңгүрөдү. Эгер колу-бутубузда кишен жок болсо, досторду ажалдан куткарууга аракет кылаар элекко. Эч айлабыз жок эле...

Төрт жолдошторубуздан күтүлбөгөн учурда айрылып, баарыбыз ыйладык. Жазыксыз айдалып келе жаткан кишилер колу-буттары кишенделүү бойдон деңизге чөгүп кетишкени эмне деген жорук?.. Ачуусу да келип, кайгырган Токтогул стражникке бурула карап:

— Биздин кишилерди эмне үчүн сактап калган жоксуңар?! Бул кандай райымсыздык?! Бизди болжогон жерге аман-эсен жеткирүү силердин милдетиңер эмес беле! — деп тартынбай, катуу айткан эле. Стражник үтүрөңдөй түшүп, Токтогулду жекирген:

— Бас, үнүңдү! Минтип сүйлөөгө сага ким шыкак берди? — деп Токтогулду көздөй атырылып келди. Токтогул сабырдуулук кылды. Бирок да өңү кумсарып, каны ичине тартты.

Казловка деген жерде бир айча жатып калдык. Ал жерден жөө айдап жөнөштү. Күн суук болуп, айлананы коюу туман каптап турган. Баарыбыз абдан үшүдүк. Жол боюндагы бир коргонго токтогонубузда Токтогул надзирателден от жагып жылынуу үчүн руксат алды да,

Сары деген жигитти отунга жумшады. Сарынын артынан бир күзөтчү кошо кетти. Бир убакта Сары отун алып келип, алоолонтуп жагып жиберди. Токтогул отко жакын келип:

— Жакшы кылбадыңбы Сары! Келгиле, отко жылыналык,— деди, өзү да от жага баштап. Жалбырттаган жалынды тегеректей отурдук. Чай кайнатып ичүүгө да руксат алып, Токтогул экөөбүз сууга бастык. Чоң жол менен бир араба кетип бара жаткан экен. Арабанын үстүнөн, Токтогул бир кичинекей эски балалайканы көрө койду.

— Ушул балалайкаңды мага саткыныңӀ?! — деп орус жигитке жабышты. Биздин кейпибизди көрүп, кийми жупуну, мүнөзү токтоо орус жигит балалайкасын сатууга макул болду. Баарыбыз акча чогултуп, үч сомго балалайканы сатып алдык. Токтогул абдан сүйүндү. Балалайканын кулагын толгоп-толгоп, күүгө келтирип, кадимкидей черте баштады. Черткенде да толкунданып үн кошуп чертти.

Айланган тоонун бүркүтү
Ак жерден торго чалындым.
Комузду күүгө келтирген
Колума кишен салындым...

Баарыбыз Токтогулдун ыры менен күүсүнө берилип, көңүлүбүз көтөрүлдү. Кайран Током элди, журтту, биздин айдалып бара жатканыбызды да кошуп, жүрөгүбүздү толкутту.

— Бали, Токо, өркөнүң өссүн, кудай өмүрүңө береке берсин! — деп баарыбыз жалбарындык.

Көңүлүбүз ачылып, дуулдап олтурганыбызда стражниктердин бири үстүбүзгө шарт кирип келди. Баарыбыз дүрбөй түштүк.

— Эй, кесепеттүүлөр! Бул эмне деген дуулдаш? Баскыла үнүңөрдү! Балалайка черткен ким? — деп бакылдады стражник.

— Дуулдап эмне кылдык? Балалайка черткен менмин! — деди Токтогул. Ошондо стражник ого бетер үтүрөңдөдү:

— Силер сейилдикте жүргөн жоксуңар! Минтүүгө ким силерге руксат берди? Келе бери балалайканы? — деп стражник Токтогулду көздөй атырылды.

— Бербеймин! Муну мен атайын сатып алдым,— деди Током.

Ошондо стражник, үн жок, сөз жок атырылып барып, балалайканы Токтогулдун колунан жулуп алды, да как жерге бир урду. Балалайка тең бөлүнүп быркырады. Анысы аз келгенсип, балалайканын түп жагын чоң өтүгүнүн такасы менен жанчырата тепти. Токтогул обдулуп ордунан тура калды эле, аны да тээп жиберди. Токтогул сендиректей түшүп барып оңолду. Сары абдан кайраттуу жигит эле. Чынжырлуу колу менен стражникти кош колдоп келип коюп жиберди. Анык чатак эми башталды. Мен да кызуу менен коюп жиберген экемин, стражник тапанчасына кол сунду. Токтогул шамдагай эле. Аны шап колдон алып, тапанчасын жулуп алды. Биз ошондо стражникти басып жыгылдык. Тапанчадан ажыраган стражник коркту:

— Мен эми силерге тийбейин, кетейин, тапанчамды бергиле,—деп бизге жалдырады.

Аңгыча болбой мылтык-кылыччан төрт жандарм кирип келишти. Алардын бирөө бизди олурая карап алды да:

— Чатакты чыгаргандар ким? — деп кыйкырды.

Баарыбыз унчукпай сумсая калдык.

— Айткыла дейм! Чатакты чыгаргандар ким?

Чатактын чыгууна себепкер мен экенимди билген кезде, баягы жандарм мени мылтыктын арты менен ооз талаштыра шилтеп алды. Көзүмдөн от чагыла түшүп, оңкомдон сайылдым. Андан аркысын билбейм... Кийин эсимди жыйсам, оозум канга жуулуп, сегиз тишим күбүлүптүр... Мунусу аз келгенсип, эки күнү тамак бербей коюшту.

Ушундай коркунучтарды тартып олтуруп, Саратов шаарына жеттик. Ошол шаардын түрмөсүндө он эки күн камалып жаткандан кийин, Москвага алып кетишти.

Москвага барып кыш бою жаткандан кийин, 1899-жылы май айында Краснояр түрмөсүнө айдап барышты. Анда жатканыбызга бир айча болгондо Александровский түрмөсүнө которулдук. Көп күндөр өттү, зарыктык, саргайдык...

## VI

Шыбыргактап кар жаап, айлананы коюу туман каптады. Калың токойду аралап, чарчап, кыйналып бара жатканбыз. Ошол учурда Токтогул көңүлүндөгү оюн айтып, биз менен кеңешти.

— Мен качып токойду аралап кетейин, кандай дейсиңер?— деди. Биз Токтогулдун бул оюн кубаттадык.

— Качсаң качып кет. Жол азыгыңа ар кимибизге берилген нанды чогултуп берелик,— деп оюбузду айттык.

Токойдогу жол менен бара жатканыбызда эс алып, түзгө олтурмакчы болуп сурандык. Руксат берилди. Мен, Токтогул, дагы бир-эки киши болуп стражниктен обочороок бастык. Дагы бир-эки жолдошубуз колунда мылтыгы бар стражникти алаксытышты.

Токтогулга карап көзүбүздү ымдадык. Кайран Токтогул ыкчам, шамдагай киши эле. Бир карагайдан экинчи карагайдын далдоосуна кирип көздөн кайым болду да кетти...

Бир кыйла убакыт өттү. Аңкоо стражниктер эчтекени байкашкан жок. Бизди дагы алга карай алып жөнөштү.

Бир темир жол станциясына жетип, бизди вагондорго киргизип жатышканда гана Токтогулду жоктоп калышты. Баякы аңкоо стражник эки жагын карай, үпсөңдөй күпүлдөдү:

— Эй, жинди думанаңар кайда кетти? Кайда калды? Айткыла!— деди. Токтогул көп ырдап, көп сүйлөп, шайыр жүргөндүктөн надзирателдер аны «жинди думана» дешчү. Ошондо баарыбыз жабыла жооп бердик:

— Биз кайдан билебиз! Айдап келе жаткан силерсиңер. Же аны бизге кайтартып койдуңар беле? Биз өз жаныбыз менен алек болуп араң келе жатабыз,— дедик.

## VII

Токтогулду качырганыбызга бир жарым айча болуп калган. Александровка деген жерде иштеп жаткан элек.

«Ай эми, Токтогул аман-эсен кутулуп кетти го. Ылайым ошондой болсун, Токтогулдай акын кыргыз эли үчүн табылабы?»— деген ойдо болуп жүргөнбүз. Бирок бул оюбуз узак жашабады...

Токтогул колго түшүптүр, аны кыйнап, уруп кайра биздин үстүбүзгө айдап келишти. Анын үстү-башынан тамтык жок. Кийимдери самсаалап тытылыптыр. Эки бутуна олчойтуп кап-кайдагы эски-уску чүпүрөктөрдү, курумшуну, куурду кайыңдын кабыгы менен ороп-чулгап таңыптыр. Анын кебетесин көрүп бир туруп күлдүк, бир туруп ыйладык... Бизди көрүп Токтогул сүйүнгөндөй мүнөз менен:

— Ассалоом алейкум баатырлар! Мал-жаныңар аманбы? Бирок айылдан туз-даам буюрбаптыр... Силерден кудай ажыраткысы келбептир...— деп тамашага бура наалыды.

Токтогул чарчап, кийим-кечеси тытылып, кордук көргөн кишидей эмес эле. Кайраттанып, ал турмак күлкүлүү сөздөрдү айтып көңүлүбүздү көтөргөн.

* * *

1900-жылы күз айы эле. Мени, Токтогулду жана бир тобубузду Байкал темир жолунун туннелинде иштөө үчүн жиберишти. Иркутскийден жыйырма беш километрчелик алыска кеттик.

Аскалуу тоону тешүү, корум ташты шилеп, кумду ташуу оңой болбойт экен. Мына ушундай жумушта төрт жыл бою тынымсыз иштедик. Кирпич заводунда, таш-көмүр шахтасында да иштеп турдук. Айдоодо жүргөнүбүзгө жети жылча болуп калды. Оор эмгек, начар турмуш, кыйноо менен кыстоо, мунун үстүнө элди-журтту, бала-чаканы сагынуу кошул-ташыл болуп кетти.

Токтогул дагы качып кетүүнү самады. Бир күнү баарыбызды чогултуп алып:

— Мен элге дагы качайын, жардам бергиле. Бирок бул жолу акыл менен, сактык менен качайын. Кармалбагандай болоюн,— деди. Биз Токтогулдун бул кеңешине дагы макул болуп, качуунун амалын издедик. Бир күнү Токтогул мага мындай деген башка бир амалды айтты:

— Аялы менен кошо сүргүндө жүргөн Иван Трусков деген орус жигит мени менен көңүлү жакын болуп жүрөт. Качууну ошол аркылуу уюштурсак ишенимдүү болор эле. Буга кандай дейсиң?— деди.

Мен ойлонуп туруп:

— Ал абдан ишеничтүү жигитпи, айтып коюп жүрбөсүн?— дедим.

— Жок, андай кылуучу жигит эмес. Иван акылдуу, токтоо жигит. Ал биздей эмгекчилерди жакын көрөт экен. Анын мурунку кесиби жумушчу тура. Эстүү, жумушчу орустар биз өңдөнгөн эзилгендердин эркин жүрүшүн каалаша тургандыгына ишене баштадым.

Токтогулдун пикири туура болуп чыкты. Иван Трусков аялы экөө тең Токтогулду колдошту.

Токтогул жок эле. Иван менин жанымa келип, шыбырап айтты;

— Мен атайын келдим эле. Бирок Токтогул жок

экен. Мен ага колумдан келген жол азыкты камдап койдум. Жасалма документ да камдадым. Эртең саат он эки ченде базардан жолугалык,— деди.

Ивандын ушинтип айтканын билдиргенимде Токтогул абдан сүйүндү.

— Ал азамат, ушул орус досумдан көрмөк болдум убайды,— деди.

Болжогон мезгилде базарга бардык. Биз аларды чоң суунун үстүнө салынган көпүрөнүн жанынан, базардын четинен таап алдык. Токтогул экөөбүзгө старший надзиратель базарга барууга руксат берген эле. Жаныбызга бир стражник кошуп койгон. Мындан-тигинден буюмдардын баасын сурап, бирдеме сатып алымыш болуп жүрдүк.

Иван бизди көрүп көзүн кысты. Көпүрөнүн кулагындагы пивнойду көздөй баскыла деп ишара кылды.

Трусков бизди ээрчип жүргөн стражник менен анчамынча тааныш экен. Аны көрө сала эле учурашып, сүйлөшүп калды. Бир бутылка пиво ичүүгө сунуш кылды. Пивнойдун ичине кирип ичсек шекшип коюшабы дегенсип, пивону эшикке алып чыгып ичмекчи болду.

Биз анын бул амалын жактырдык. Ал бир бутылка пивону алып эшикке чыкты да, көпүрөнүн жанында далдоого олтуруп тигиге бере баштады. Иван бизге карап көз кысты. Токтогул орус жигиттин аялынын колундагы түйүнчөктү шып алып, шыпылдай басып жөнөп калды. Ал түйүнчөктүн ичинде нан, туз, чай бардыгын мага орус жигит өзү айткан эле.

Мен да стражник жакка бурулуп, аркы-беркини айтып алаксыта баштаган элем. Пивого алагүү болуп калган стражник тигил жигит менен бакылдап сүйлөшүп, тамеки тартышып жатты. Анын ошентип, эчтекени элес албай олтурушу мага жагып турду. Дагы ушунтип көпкө чейин олтура берсе экен деп ойлодум. Дагы бир далайдан кийин мен стражникке кайрылып:

— Жүрбөйсүңбү? Биз аны-муну албай эле сенин жанында олтура берелик пи?— дедим. Ошондо стражник ордунан тура калып, элең-селең этип, эки жагын карanып:

— Ой, думанаң кайда кетти? Сенин жанында эмес беле,— деди.

— Кайда экенин мен кайдан билейин. Кайтарып жүргөн сен билбегенде, мен билет белем?— деп догурундум. Айласы кеткен стражник буркан-шаркан түшүп:

— Ай шайтан баскырдыкы... Бул иттин кылганын

көрчү... Бузулган кесепет, кай жакты көздөй кетти экен!.. Ой, сен анын жанында туруп көрбөгөнүң кандай?— деп мени көздөй да опурулуп, күйкөлөктөндү. Мен кара күчкө ачууланып:

— Ой, сен кандай эмесиң! Өзүң пиво ичип олтуруп аласың да, айдап жүргөн кишиңди менден сурайсың. Сени бул жерге пиво ичсин деп жиберишти беле? Сен мага жөнү жок күрпүлдөбөгөнүң! Сенин бул кылмышыңды старший надзирателге айтамын,— дедим. Надзиратель эмне дээрин билбей мукактанып, мүнөзүн жумшартты. Мени менен элдешүүгө аракет кылды. Мурутун чыйратып жылмая күлүп:

— Сен пиво жөнүндө оозуңдан сөз чыгарба. Экөөбүз бир ойдо бололук. Старший надзирателге барганда «Экөөбүз менен бирге жүрдү эле, бир убакытта карасак эле жок. Базардан адашып калдык. Ошо бойдон издеп таба албай койдук деп айталык» дегенде мен ага көндүм...

Түрмөгө келгенибизде старший надзиратель бизге кошкон стражникти абдан урушуп, жерден алып көргө урду. Стражник унчукпай уңкуюп туруп берди. Албетте, жазалагандыр. Бирок мен аны кайдан билейин.

Токтогулду издөөгө аракет кылып калышты. Ошондо мен мындайча сунуш киргиздим:

— Мага киши кошуп бергиле, аны издешип таап келейин.

Бул сунушума макул болушту да, эки стражник кошуп берип, Токтогулду издөөгө жиберишти.

Албетте, Токтогул кеткен жактан тескери жагын көздөй бет алдым. Бир чоң сууну бойлоп жүрүп олтурдук. Суунун боюндагы калың токойдун бир жерине барганыбызда, коюу бүлдүркөндү көрдүм да:

— Ушул жерге бир аз эс алып алалык. Андан кийин дагы туш-туштан издейбиз. Аны таап барып баарыбыз тең старший надзирателден мактоо алабыз,— десем эки стражнигим көндү. Убакытты кетирип, бүлдүркөндөн терип жеп, тигил экөө менен болбогон кептерди сүйлөшө бердим.

— Ал думана кыял жинди эме болучу,— дейт стражниктин бирөө,— жини келип, өзүн жардан таштап, сууга чөгүп кеткендир. Менимче ал ошондой болууга тийиш.

— Сен абдан туура айтасың. Ал оолукма эме оолугуп кетип, сууга өзүн таштап жибериши да мүмкүн. Эгер антпесе эмдигиче табылат эле го,— дедим. Дагы токой аралап издөөдөн жадап, кайтып кеткиси келип турган, экинчи стражник.

— Чын эле ал эми табылбайт. Анын үстүнө кеч да кирип калды. Андан көрө жүргүлө кеттик,— деди. Бул сунушка мен абдан макул болдум.

Токтогулду экинчи жолу мына ушинтип качырганбыз.

Ошондон үч жыл өткөндөн кийин, он үч жыл дегенде, 1910-жылы бошонуп элге кайтып келдим. Үйүмө келсем, аялым, эки бир тууганым жана атам дүйнөдөн кайткан экен. Мен айдалып кеткенде бешикте калган жалгыз уулум он үч жашка чыгыптыр. Токтогул көк ала сакал чал болуптур. Мени көрөр менен кучакташып көрүшүп, эреркеп ыйлады... Мен да Токомду көрүп токтоно албай кеттим...

Кечинде эл чогулуп, үйдө олтурганыбызда Током комузун колуна алып, күңгүрөнө күү чалып, обон кошуп ырдаган эле... Ал айдоодон кайтып келип, Топчубай деген жалгыз уулунун өлгөнүн угуп, сүйгөн жарынын башка бирөөгө тийип кеткенин билип, кайгырып жүргөн кези экен...

Булбул элем наалыдым,
Буудан элем талыдым...
Мусапыр болуп өткөрдүм,
Мырзалык жаштын жарымын...
Муңдуу күндү көп жүрүп,
Буурул болуп карыдым...

Током падышачыл заманда муңга, азапка түшкөнүн ушундайча айтып кайгырган эле. Бирок Токомдун мындай муңун, кайгысын Совет өкмөтү, Октябрдин нурдуу таңы жууп жоготкон болучу,— деген Болот Жыртаков карыя, аңгемесин аяктап.

*1934-жыл.*

## СЕЙДИМКАН ЖЕҢЕНИН ЭСКЕРҮҮСҮ

### I

— Маркум Токтогул менден көп жаш улуу эле. Ал айдоодон, Сибирден кайткан жылы мен туура он сегиз жашка толуп, толукшуп турган кезим болучу. Жашырып эмне кылайын, мен аны бүткүл дилим менен сүй-

гомун. Айдоодо жүрүп, азап-тозок тартып, кайтып келгенде жаңгыз уулу Топчубайды жоктоп да, муңга баткан менен кайраттуу, ажарлуу, адамкерчиликтүү Токтогул мага аябай таасир берип, жүрөгүмдү ээлеген. Таанышкандан таанышып, сырдашчу болгонбуз.

— О, Сейдимкан!.. Кыргыз баласынан менчелик азап тарткан, муңга баткан киши болгон эместир?.. Айдалып, камалып, азап тартып келгениме жараша, үй-бүлөм, жалгыз уулум Топчубай аман болсочу!.. Кантейин, ичим толгон арман, муң... Перзентимди көрсөм дечү элем, көрбөй калбадымбы!..

Бирок, кайгыга, муңга басылып, өзүмдү-өзүм чүнчүткүм да келбейт. Кайгырганым менен Топчубай келбей калсын, бөксөргөнүм толбой калсын... Бир жагынан алганда кайра келип, элимди, журтумду көргөнүм чоң олжо, кубаныч экенин да ойлоймун. Агайын, тууган, калың кыргыз элиме кайтып келип, алар менен аралашып калганым кайгы-муңума аралжы болду. Буга чоң шүгүрчүлүк кылам! Элден айланайын, журттан айланайын! Менин кайгы-муңумду басчу ушулар!

Дагы бир күнү Токтогул экөөбүз атайын жолугуштук. Токтогул кандайдыр көңүлдүү жадырап, жайнап сүйлөшүп, мага көңүлүндөгү ак пейил, адал оюн айта баштаган эле, маркум.

— Сейдимкан!.. Мен сага ак тилек оюмду, тилегимди айткым келет дегенде эле, жүрөгүм опкоолжуп, бүткөн боюм дирилдей баштаса болобу... Эми, ойлосом бул корккондугум деле эмес экен, тескерисинче, кубанганым тура!..

— Айтыңыз! — деген гана сөз оозумдан чыкканын билемин.

— Сейдеш! — деген Токтогул ажарданып. — Эгер көңүлүңө туура келсе экөөбүз, түбөлүк кол кармашып, баш кошуп, оокат кылалык?!

Ушул сөздү эртедир-кечтир угамын го деп жүргөн жаным, эмне дээримди билбей аптыгып, унчукпай калганымда, сергек Токтогул менин сүрдөгөнүмдү билип, сөзүн уланта берген:

— Аялсыз эркектин күнү курсун, аялсыз турмуш-тиричилик өнүкпөй калсын! Аялдар эркектин бактына, ырыс-таалайына жаратылган да! Мен сенден мындан аркы өмүрүмдүн бактын күтөмүн, Сейдеш!.. Экөөбүз өмүр бою кол кармашып, эриш-аркак болуп жашап, мындан аркы өмүрүбүздүн убайын көрөлүк?! — деп да айткан эле, маркум Током.

Ал кезде бойго жеткен кыздар абийирдүү, ызаттуу, ыймандуу эмес белек. Мага айылдагы жөнөкөй эле жалжактаган, көөдөк бирөө сөз айтып жаткан жок эле. Кыргыз элинин улуу акыны, кас душмандардын, байманаптардын куру жалаасы менен Сибирге айдалып барып, кайта элге келген, акын Токтогул жүрөктөгү оюн айтып, мени менен түбөлүк кол кармашкысы келип жатканы мен үчүн бөтөнчө, кадыр, барк, даража болгон эле. Бирок, «Макул, болуптур, кошулалык!» дегендей, бат эле, чорт, олдоксон сөз айткан эмесмин. Унчукпай, отура бергемин. Бирок, Токтогулдун сунушуна чын жүрөгүм менен макул болуп, алда кандай кубанычка, сүйгүнчүлүккө бөлөнгөнүм эсимде.

Сүйүүгө, каалоого айла жок экен. Токтогул менен түбөлүк кол кармашып, кошулуп да калдык. Ошондо раматылык, Токтогулдун көңүлү көтөрүлүп, жарпы жазылып, кайгы-муңу жоголгондой болуп, комузун шаңкылдата чертип, ырын созолонто ырдап, менин гана эмес, айыл-апанын, жар-жоролорунун көңүлүн көтөрүп, жадырап-жайнап калганы күнү бүгүнкүдөй көз алдымда турат... Кайран Током, медерим!..

Аялы, жан бирге жолдошу болгонум менен Токтогул мени баласындай тарбиялап, акыл-насаатын айтаар эле. Ооба, Токтогул анык адамгерчиликтүү билгич, сыпаа, шайыр, сергек киши болучу. Коргол ырчы ага караганда шайкелең, шалпыма, тентек киши эле го!.. Ал бөтөнчө кыздар, келиндер жөнүндө солкулдап, жанынын бардыгынча, какшанып ырдачу. Бирок Токтогулдун көзүнчө шалпып ырдагандан жалтана турган.

Токтогулга турмушка чыгып, ырчылар, алардын үйбүлөлөрү менен аралашканым жакшы доор эле. Мурунку заманда, өзгөчө, аш-тойлордо элдин эрмеги, көңүл ачып, кубантары Токтогул сыяктуу акындар, ырчылар, комузчулар эмес беле!

Токтогулдун керт башында бирөөнү иренжитүү, бирөөгө жаман айтуу, бой көтөрүү дегендей адаттар жок болучу. Болбогон нерсеге капалануу, күйкөлөктөнүү адаты да анда жок эле. Үй турмушунда ар кыл кыйынчылыктар боло калса, өтө токтоолук, сабырдуулук менен жакшы акылын айтар эле:

— Эчтеке эмес, Сейдимкан! Ал жөнүндө ойлонуп, санаркоонун кереги жок! Башыбыз аман болсун, өлүм кайгысынан тышкары бололук. Оокат, тиричиликтин өөдө-ылдыйы, кемелткелери дайым эле боло берет!— деп, комузун чертип, ойдогу санааны басып салаар эле.

Эми ойлосом Токтогул турмушка, үй-бүлөгө акылдуулук, эстүүлүк менен, чын жүрөктөн мамиле кылчу тура. Жаш мени бөтөнчө кадырлап, алпечтеп мамиле кылчу экен. Раматылык менен кол кармашып көп жылдар бирге туруп калсак да, анын бир ооз жаман сөзүн уккан эмесмин. Эч бир көңүлүм калбай жүрүп, маркумду тиги дүйнөгө өз колум менен узаткамын...

## II

1933-жыл... Кетмен-Төбөдөгү Узун-Акмат суусунун сол өйүзүндөгү, Чолпон-Ата сайынын тушундагы Сасык-Жийде кыштоосундагы эшик, терезелери, саябаны күндү караган там үйүндө Токтогул Сатылганов раматылык, 68 жашында катуу ооруга чалдыгып, төшөктө жатып калат. Жалгыз бой, жаш балдарлуу Сейдимкан жеңе эмне кыларын билбей, апкаарыйт. Коктудагы кыштоо, андагы там үй райондун борборунан кыйла алыс эле. Ал кезде райондун борборунда оорукана бары-жогун Сейдимкан жеңе билчү да эмес экен. Медицина бөлүмүнөн, аптекадан дары-дармек алып келип, каралашар киши жок болуп да, Сейдимкан кыйналган. Токтогул сыркоолу болсо да Сейдимкандын апкаарып, коркконун сезет.

— Сейдимкан, коркпо! Кудайдын салганын көрөбүз да!.. Сабыр кыл, балдарыңды асыра!?— дечү экен, ооруксунуп.

Табып чакыртып, дары-дармек алдырып келип, аракет кылгандан эч шыпаа болбойт. Дагы бир күнү Токтогулдун оорусу абдан кыйындап калат. Сейдимкан жеңенин жүрөгү опкооложуп, санаага батат.

Балдарын оорулуу атасынын жанына таштап коюп, жылгадан ойго түшүп, айылдагыларга абалын айтып, кабар кылат. Сейдимкан кайра жылгадагы үйүнө келгенче, жаркырап тийип турган күндүн бетин коюу кара булут каптап калат. Сейдимкан жеңенин жүрөгү оозуна капталат. Ак кардуу Ала-Тоо жактан ыркырап катуу, суук шамал согот... Дарактардын куураган, сары жалбырактары күбүлүп, жерге түшүп, караган шактар шуудурап, учуп, күн ого бетер бүркөлүп, суук шамал улупуңшуй берет...

Сейдимкан өөдөдөн энтигип үйүнө келсе, араң жаткан Токтогул төшөктөн козголуп, Сейдимканга бир нерсе айтмакчы болот. Эң акыры күчүн жыйып, чымырканат.

Сейдимкан жанына барып, ийнинен жөлөп, башын көтөрөт. Ошондо Токтогул илинүү турган комузун жана Сейдимканды карап терең күрсүнөт... Сейдимкан чыдай албай, ыйлап жиберет... Токтогул дагы терең күрсүнөт да:

— Ыйлаба, Сейдимкан!.. Ыйлаганыңдан эми эч пайда жок!.. Тагдырым ушу турбайбы, кантейин!.. Балдарыңдын!..— дейт да, андан аркы сөзүн айта албай, төшөккө кайра суналып, жатып калат.

Иңир кирет... Көзүнүн жашын чууруткан Сейдимкан кароолонтуп, май шамын жагат... Күүгүм жарык, үлпүлдөп Токтогулдун кан-сөлү жок, алсыз, кумсарган бетин каптайт... Токтогулдун эки таноосу кысылып, эриндери көгөрүп, көздөрүнүн чанактары ого бетер бөксөрүп калат... Ошондо да, алсыз үнү менен...

— Суу!.. Суу!...— дейт. Сейдимкан дале көз жашын тыя албаган калыбында, кайнатып, муздатып, койгон суудан чыныга куюп сунат. Бирок, Токтогул чакап, сууну жакшы иче албай коёт... Анын эң акыркы даам татканы эле ошол болот... Көтөргөн башын кайра жаздыкка коёт да, колун Сейдимканга сунган болуп, эрдин тиштенип, көзүн жумат... Эшиктен:

— Эсил кайран, Током ай!.. Эми кайдан көрөйүн!..— деген өкүрүк чыгат...

* * *

— Раматылык Током, өзүнүн туулуп-өскөн жери Кетмен-Төбөдө, өзүмдүн кол алдымда, 1933-жылы, 68 жаш курагында дүйнөдөн кайткан эле!..— деп, Сейдимкан жеңе дагы терең үшкүрүнүп, көз жашын сүртө, эскерүүсүн уланта сүйлөгөн эле.— Тагдыр, жазмыш деген ушундай болот тура!.. Бирок, сиз айткандай, маркумдун артында, менден төрөлгөн эки баласы калганына чоң шүгүрчүлүк! Уулу Бабажан Токтогулов 13 жашта, кызы Күлсара 17 жашка чыкты. Эми, кудай ушул экөөнө өмүр берсе экен?! Токтогул өзү Сибирде айдалып жүргөн кезинде, каза болгон уулу Топчубайдан кийин, такыр перзенти жок, караманча болуп калбаганына раазымын! Бабажан да, Күлсара да Фрунзе шаарында окуп жатышат. Бул эки балам атасындай акын, даражалуу болушпаса да, «Токтогулдун балдары!» дедирип, атасынын атын өчүрбөй, аман-эсен жүрүшсө экен деген тилектемин! Эми мен деле, бир далай жашка барып кал-

дым. Аялдар үчүн 55 жаш оңой жашпы? Бирок, өкмөтүбүз Токтогулдун улуу акындыгын сыйлап, аялы мен үчүн, балдары үчүн, там курдуруп берип балдарымды бекер окуттуруп жатканына миң мертебе раазымын!— деген эле Сейдимкан жеңе.

## *А. И. ВЛАСОВ*

## ТОКТОГУЛДУН КЫЗ ОЮНДА ЫРДАГАНЫ

Мен Кетмен-Төбөгө 1911-жылы жөө келгемин. Ошол убакыттан тартып Токтогулду жакшы билчүмүн. Ал убактарда көп мергенчилик кылчу элем. Тоого кийик уулап барганда Мазар-Сайга нары өтүп да, бери өтүп да дайыма түнөй турганмын.

Ошондо Токтогулдуку менен Кулукеникине кончу элем, олжомдон таштап кетчүмүн. Токтогул да поселокко келгенде биздикине кончу. Орусча жакшы билчү, бирок тили бир аз так эмес эле.

Биздин улуу кызыбыз Еленаны күйөөгө бергенде Токтогул менен Кулуке Сапаров экөө тойго келишкен. Кулуке экөөбүз дос болчубуз. Ал комузду кыйын чертчү эле, анан жеткен тамашакөй эле. Ошол тойдогу кыз оюнда Кулуке ар түркүн чертип, ар кайсыны туурап бизди күлдүргөн. А Токтогул болсо комузу менен орусча күү черткен. Адегенде бийлей турган күүдөн чертти эле, болжолу «Барыня» болсо керек. Мындан башка да бир тобун черткен. Анан Сибирь жөнүндө ырдап черте баштады. Сүргүнгө айдалгандар жөнүндө көп ыр биле турган, айдоодо жүргөнүн да көп айтчу. Көрсө, манаптар аны ак жеринен кармап берген экен. Кыз оюндун аягында Токтогул кайра дагы бийлей турган күү чертип, бааарыбыз бийлегенбиз, кошулуп ырдаган да элек.

Токтогул кээде мени менен бир төшөккө да жатып алчу. Орустарга ушунчалык байыр алып калган киши эле. Ал кезде кыргыздардын көпчүлүгү бизден коркчу эле да. Жардам бергендиги үчүн ал орустарды дайыма мактап ырдачу. Булар туурасында Черноткач абышка да жакшы билет.

Кээде: майрамдардабы же базардабы — эл чогулган жерде Токтогул орустардын бий-күүлөрүн чертип киргенде, кыздар жыргап эле бийлеп калар эле.

Басмачылар кол салган учурларда дагы Токтогул

биз тарапта болгон. Бизде 50 мылтык, ар кимибизде бирден келтек бар болчу. Ошону менен биз кызыл гвардиянын келишине чейин поселок менен Нарындын көпүрөсүн кармап турдук. Андагы келген гвардиянын командири Демченко деген эле. А киши басмачылар талап же өлтүрүп кетпесин деп Токтогулду поселокко көчүрүп келген. Токтогул болсо гвардеец жоокерлердин көңүлдөрүн ача турган. Эмне тууралуу ырдоо жөнүндө начальниктер ага кеңеш берчү эле.

Токтогулду кыргыздар, айрыкча букаралар, абдан жакшы көрүшчү. Пахта айдала баштаганда Токтогул агрономдор менен жер ченөөчтөргө тилмеч болгон. Ал кыргыздарга пахтаны кантип айдашты, мунун кирешеси канчалык болорун айтып берчү. Арыкты кайсы жерден чабышты көрсөтүп бергиле деп өзү абышкаларды да ыкка келтирээр эле. Мына ушулар жөнүндө Николай Ладушев деген агроном жакшы билет.

Токтогул тууралу бул райондо небактан бери турган орустардын баары билет. Коргол ырчыны, эл, Токтогулдун ырларын айтканы үчүн жакшы көрөт.

## *ВИКТОР ВИНОГРАДОВ*

*(Музыка изилдөөчү)*

Токтогул Сатылганов комуз үчүн «Орусча кайырма» деген күү чыгарган жана өзү аткарган, албетте, бул акындын орус музыкасы менен жакшы тааныш болуп, аны абдан урматтоонун натыйжасынан улам жаралган. Бул күүдө орус элементтери образдын лирикалык ачык-айрым мүнөзү катары жалпыланган түрдө көрүнөт, бирок ошону менен бирге комузда өтө сейрек колдонулуучу, ал эми балалайка үчүн өтө мүнөздүү үч үндүү жүрүштөр да угулуп турат.

XIX кылымдагы жана XX кылымдын башталышындагы кыргыз музыкасынын чыгаан чеберлеринин ысмын, бир жагынан чыгармачылыгын эл эсинен чыгарбай сактап келди... Алардын өткөрө таанымал өкүлү, таланты жана чыгармачыл багыты XIX кылымдын акыр жагында эле толук калыптанган Токтогул Сатылганов болгон.

Элдик искусствонун түпкү кайнарынан өнүп-өсүп чыккан жана кайра анын өзүнө эбегейсиз таасир эткен бул улуу акындын музыкалык бай мурасы, жеке инсандыгы

менен таанышпай туруп, кыргыздардын элдик чыгармачылыгы жөнүндө кең-кесири маалымат алыш мүмкүн эмес.

...Токтогул сүргүндөн качыш үчүн үч сапар аракет жасап, бирок кайра кармашып, сүргүндүн мөөнөтүн узартышкан. Бирок акыры орустун саясий күнөөкөрлөрүнүн, сүргүндөштөрүнүн жардамын пайдаланып, максатына жетет — ойдогудай качып чыгып, өз Мекенине, Кыргызстанга кайтып келет да, курдаштарынын арасында тоо аркалап, куугунчулардан жашырынып жүрөт. Бирок ал өз элинин жана өз керт башынын тагдырына моюн сунуп, муңкүрөп калган жок. Токтогулдун доошу менен комузу кайра шаңшыды. Эми анын ырлары мурдакыдан да кыйла социалдык өткүрлүккө ээ болду, искусствонун туюнтуу мүмкүнчүлүктөрү кеңейди. Ал Россиядагы бардык элдердин кызыкчылыктары бир экендиги, ажырагыс күчү, алардын азат болор мезгили жакын экендиги жөнүндө жар салган. Анын комуз үчүн чыгарган обондору менен ырлары интонацияларга каныгып, бөтөнчө ыраттуулукка ээ болгон. Анткени, Токтогул сүргүндө жүргөн кезинде башка элдердин обон, ырлары менен таанышуу аркылуу өзүнүн музыкалык түшүнүгүн бир топ кеңейтүүгө мүмкүндүк түзүлгөн.

Акын Улуу Октябрь социалисттик революциясын зор кубаныч менен тосуп алды. Ал коммунисттик партия менен Совет бийлигинин бардык башталыштарынын, идеяларынын эргиген насаатчысы болгон. Акындын революциядан кийинки чыгармачылыгында В. И. Лениндин образы басымдуу орун ээлейт. Акын ага өз ырларын арнайт:

Мусапырды кубантып
Муңдууларга жол ачты.
Көп жылдар аккан тыйылбай
Көздүн жашын кургатты.
Жетигиң Ленин куткарды
Жезиттин жаккан отунан.
Жетилип кедей, кутулдуң
Желмогуздун оозунан.

Токтогулдун акындык жана музыкалык мурасы жыйналган, басмадан чыгарылган. Анын чыгармачылыгына чоң изилдөөлөр арналган, чыгармаларынын мыкты үлгүлөрү мектеп хрестоматияларына кирген. Анын обондору үй-бүлө чөйрөсүндө, мектепте, клубда, эстрада

концерттери менен опера театрында жаңырат. Токтогулдун өмүр жолу, чыгармачылыгы ар түркүн жанрдагы чыгармаларды жаратыш үчүн жазуучу, драматургдарды, кинорежиссерлор менен акындарды, художниктер менен скульпторлорду, композиторлорду шыктандырган. Бирок булардын баары тең Токтогулду толук камтыган дегендикке жатпайт. ...Токтогул окуй да, жаза да алган эмес. Туткунга алынганга чейин ал Кыргызстандан чыгып, эч жакка барган эмес, билимдүү адамдар менен пикир алышкан эмес. Жеке байкоолорунун алкагы өз чөйрөсү менен чектелген. Ошондуктан эзүүчүлөр менен эзилүүчүлөрдүн кызыкчылыктары карама-каршы экенин аңдап билүүгө түрткү берчү турмуштагы кубулуштарды илгиртпей кармап, жалпылай билүү жөндөмдүүлүгү, көрөгөчтүгү ого бетер таң калтырып, таазим этүүгө мажбурлайт. Ал Совет бийлигинин шарттарында өтүп жаткан окуяларды туура баамдап түшүнүүгө жана баа берүүгө элди үндөгөн биринчи акындардан болгон.

Токтогул арноо, мактоо, кордоо, насыят ырларын чыгарып ырдаган, айтыштарга, алым сабак ырларына катышкан. Ал төкмөлүк-речитативдик сыяктуу типтүү акындык манераны өтө чеберчилик менен пайдаланган. Ошентсе да ал башка акындардан айырмаланып, көлөмдүү лирикалык ырларды, обондуу миниатюраларды чын ыкластан берилүү менен чыгарып ырдаган.

...Токтогулду кыргыздын элдик атактуу башка музыканттары менен салыштырып келип, Затаевич анда «алардыкына караганда даана фразалар менен таасын формалар, ошондой эле обондук жаңылыгы, ар түркүндүгү басымдуураак келип, жалпы кайталоолор аз экенин» белгилеген. Мына ушул пикирлерден, Токтогулдун досторун жана окуучуларынын мүнөздөмөлөрүнөн, өзүнүн репертуарынан улуу акындын темпераментүү, максатчыл, эрктүү сүрөткерлик образы келип чыгат.

Токтогулдун музыкалык таланты өтө көп кырдуу: андагы бул касиет өз чыгармачылыгы аркылуу элдин көркөмдүккө болгон муктаждыгына жараша үн кошууга, жаңы мазмунду ийкемдүү, ачык-айрым формада тартуулашка умтулуудан улам иштелип чыккан.

Адатта ырчылар менен музыканттар жекече шыкжөндөмүнө жараша айырмаланып турушат: бирөөлөрү сатиралык, юморлук жанрга тап коюшса, айрымдары эстрадалык жанрга, а башкалары олуттуу, академиялык репертуардын артынан түшөт ж. б.

Бул жагынан Токтогул универсал болгон жана анын ар бир окуучусу тигил же бул касиетин мурастап алып, өрчүтүшкөн.

Эски салттарды азыркы күндүн өктөм милдеттерине ыңгайлаштырууга тынымсыз умтулуу Токтогул үчүн өтө мүнөздүү. Бардык акындар сыяктуу эле ал да салттуу эпикалык поэмаларды аткарган, бирок алардын ичинен хандар менен байлар алдына кулдук урбагандарын тандап алган. Элге кеңири маалым «Кедейкан» дастанында ал анын демократчыл мазмунуна басым жасаган. «Осмон, Субан» аттуу койчулардын лирикалык ыры акындын аткаруусунда жаңы социалдык көкөйкести мазмун менен байыган. Анын ырлары менен пьесаларында (көбүнчө программалык) салтка туура келген канаттуулар, жырткычтар басымдуу учурайт. Бирок Токтогул бул музыкалык тамсилдерге орчун коомдук маани-мазмун кийирген: жылаан менен жырткычтар аркылуу байлардын, жөлөксүз, алсыз канаттуулар менен майда жаныбарлар аркылуу кедейлерди туюнткан.

Токтогулдун чыгармачылыгы азыркы күндөгү кыргыз фольклоруна түрткү берчү таасир тийгизди. Эл арасында акындын ырларына көптөгөн обондор жана арноо ырлар чыгарылды.

Токтогул — кыргыз элинин маданият тарыхындагы көөнөрбөс барагы. Анын көркөм мурасы жашай берет, толкундатат жана шыктандырат.

## *АЛЕКСАНДР ЗАТАЕВИЧ*

*(Музыка изилдөөчү)*

Сыртынан караганда бул жапалдаш бойлуу, кичинекей көздөрүнөн мээрим төгүлгөн, жылтыраган буудай жүзүн майда бырыш баскан, сакалы куудай агарган нускалуу чал. Ал калтырбай жанына ала жүрчү комузун калың боз чапанынын этегине кымырып, эч байкатпай жүрөт, менимче, комуздун мойнуна боо тагып, куруна байлап алса керек. Ал комузун абдан берилип көп чертет.

Чертүү ыкмаларына караганда аны элдик куудул, ашкан тамашакөй деп сыпаттоого болор эле. Чертип жаткан комузу менен түркүн көз боочулук кыймылды (башынан алыс ойнотуп, алды-артына айлантып ж. б.) кандайдыр олуттуу түр менен эмес (мисалы, Муратаа-

лы өңдөнүп), эч кыйналбай-кысталбай эле шайыр карыялык түр менен аткарат, аткарганда да ал өзүнүн куудулдугун ойго келбес чеберликке жеткирет: көрпө тебетейин аңтарып, анын төбөсүн жалпайта басып, ошол түрүндө тасырайта кырылган башына киет да комузун черте баштайт, анан баш терисинин кыймылы аркылуу күүнүн ыргагына бап келтирип, тебетейин бирде кабагына түшүрүп, бирде артты көздөй кырданта ойнотуп отурат.

Бирок Токтогулду болгон-толгону эле куудулдук, тамашакөйлүк деп эсептөө жеткен адилетсиздик болор эле, (менимче, кыргыз угуучуларынын энөө бөлүгү акындын мына ушинтип ойногонуна ынтызар, ошондуктан өнөрпоз өзү да ошого ылайык шайыр-шаттуулуктун ушул касиетин өнүктүрөт өңдөнөт). Чын-чынында бул сакадай чалдын баарыдан мурда олуттуу номерлериндеги ойго келбес кызыктуу музыкалык коштоолорунда жана айрым пьесаларын чоң эргүү, берилүү менен аткарган — муну мен баса көрсөтөм — учурларында талашсыз айгинеленген, нукура жана тубаса таланттуулугунда шек жок.

Ошону менен бирге бул анжыяндык чебердин салыштырмалуу чакан репертуарындагы (мисалы, Муратаалыныкына караганда эки эсе кичине репертуарындагы) бардык пьесалар Муратаалы менен Кара Молдо сыяктуу караколдук комузчулардын пьесаларына караганда бөтөнчө обондун, ыргактын, ошондой эле башкача формалардын өзгөчө белгилерине ээ экендигин да белгилей кетиш керек.

Дегинкисинде, аталган караколдук чеберлердин репертуарларынын теңдешсиз мыкты жактарын эч танбай туруп, Токтогулдун репертуарында алардыкына караганда даана жана чалкыган фразалар менен таасын формалар, обондук жаңылыгы, ар түркүндүгү басымдуураак келип, жалпы кайталоолор аз экендигин да моюнга алыш керек. Кала берсе анын бүткүл репертуары өр таяп калган курагына жараша өткөн доордун кайрыктарына ашкере умтулууну айкындап турат. Анын мыкты пьесалары («Тогуз кайрык», «Шыңгырама», «Кыз ойготоор» ж. б.) элдик той-тамашалардын сүрөтүн көз алдыга келтирет, ал эми жекече аткарма мүнөзүндөгү майда күүлөрү («Аккан суу», «Жаныш-Байыш») болсо чыныгы карапайым элдик дегенге жакындашат.

Албетте, мунун баары Токтогул берген маалыматтардын маанисин абдан жогорулатат.

«Тогуз-кайрык» — адатта өзүнүн бир топ күүлөрүн ойноор алдындагы Токтогулдун киришме пьесасы десе болот. Ал аны метрономикалуу бир кылка темпте аткарат, бирок механикалык түрдө эмес, тескерисинче күргүштөгөн эркин демдин коштоосунда, жаштык демөөр жана юмор менен аткарат.

Эгер Токтогулдун репертуарында «Тогуз кайрык» киришме пьеса болуп эсептелсе, анда менимче, өзү өзгөчө маани берген «Кербез» ошол эле репертуардагы карт музыканттын музыкалык чеберчилигин жыйынтыктап корутундулаган айбаттуу финал катары роль аткарат. Акыры финалга жакындап, ыр ырдала баштаганга чейин шашпай, салмактуу кайрык-добуштар менен кандайдыр купуя программадагы теманы баяндаган бул пьесанын соңуна не деген салтанат, не деген ышкы менен чыкканын көрүп отуруунун өзү эле майрам.

Тилекке каршы, мага бул ырдын сөздөрүн жаздырып алууга, же куру дегенде которуп бергенге киши табылган жок. Деген менен ырдын акыркы эң сонун фразасында Токтогулдун ысмынын айтылышы эле бул чыгарманын маани-маңызын, мүнөзүн ачып көрсөтөт жана өзү тарткан сүрөтүнө чебердин койгон кол тамгасы катары көрүнөт.

## ВИКТОР ВИТКОВИЧ

*(Жазуучу)*

Токтогулдун комузу адамча сүйлөгөндөй, тили бардай эле деген тири укмуштуу уламыштар айтылат: комуздун кылдарына акындын манжалары тийгенде айрым бир сөздөрдү даана ажыратып эшитүүгө болор эле деп айтышат. Дагы Токтогулдун комузу тууралуу: эгер аны соккон желдин огуна илип койсоң адам колу тийбесе да өзүнчө доош салып турар эле дешет.

Кыскасы, кичинекей Токонун ой-кыялынын, акыл-эсинин калыптанышына өз элинин каада-салты, Тянь-Шандын табияты алтын бешик катары кызмат өтөгөн. Токтогулдун акындык талантынын өсүп-өрчүшүнө энеси Бурманын олуттуу таасири тийген. Бул тууралуу энесине кайрылган бир ырында акын өзү минтип айткан: «Алты аркар жылдыз батканча, алты айланып

эмизген. Анык акын Токтогул, кимдин уулу дегизген. Жетиген жылдыз батканча, жети айланып эмизген. Жергелүү журтка сайраган, кимдин уулу дегизген».

Тунгуч большевикчил комиссар Кетмен-Төбө өрөөнүнө келип, анан Токтогул алардын алдына чыгып, Ленин тууралуу ырын ырдаган. 1919-жылдын жазындагы күн азыр кыргыз совет элдик поэзияснын көз жарган күнү деп эсептешет. «Салпактап учкан кулаалы, таптаган куштан жеңилди. Ноктодон башын куткарды, тозокто жаткан элимди. Куп ырахмат айтабыз куттуктап асыл Ленинди!..» Киндик каны тамган айылына коммунисттер апкелген чындыкка Токтогул чын дилинен, өмүр бою ак кызматын арнады.

1930-жылы Токтогул менен жүздөшүп, өз оозунан ырларын угуу бактысына туш болдум. Ошол учурда анын өз оозунан эки ырдын сөзмө-сөз котормосун жазып алдым. Бирок мени анын комузда кол ойнотушу ашкере таң калтырды: бул бир эле учурда музыка да, театралдык оюн да, цирк өнөрү да болучу. Токтогул маанилүү бир сыр тууралуу телмирип сурап жаткандай үч кыл аспабына өбөктөп, манжалары кылга тийип өткөндө ага комуз жооп кайрып жаткандай болду.

Токтогул комузга кай жери менен — манжалары, алаканы, чыканагы же ийни менен тийбесин, эргүүнүн күүсү менен комузду кай тарабынан — колтугунан, ийининен, аркасынан — алып өтпөсүн, анын комуз менен чын ыкластан сырдашуусу көз ирмемге да токтолгон жок. Бул эмне, комуз тамашасыбы? Балким Токтогул мына ушундай таңкаларлык оюндары менен да даңазалуу болучу.

Тилекке каршы, Кетмен-Төбө өрөөнүнө барганга чейин Токтогулдун ысмы мага эч нерсе туюнткан жок, анан ырчынын үйүнө капыстан түшүп калдым жана аныкында көп турганым жок. Ошондон жети жыл өткөндөн кийин Токтогулдун шакирттери — Атай Огонбаевдин, Калык Акиевдин комузда кол ойноткон чеберчилигин, алардын «музыкалык тамашаларын» Фрунзе шаарынан угуп-көргөн соң ошондо Мазар-Сайда (Токтогулдун туулган айлы) кур дегенде саналуу күндөр өткөрбөй, не деген керемет нерселерден куру кол калганымды түшүндүм.

## *ЛЕВ ПАСЫНКОВ*

*(Адабиятчы)*

1916-жылы Жамбыл Жабаев 70 жашка чыкты. Улуу акындын лирикалык, турмуштук, сатиралык ырлары жана анын бүткүл өмүр жолу Россия мейкинине Октябрдан кийин гана маалым болду.

1916-жылы Токтогул Сатылганов 52 жашка чыккан, ошол кезде анын ысмы да кыргыздардан башка эч кимге белгисиз эле. Отуз төрт жаштагы Токтогул саясий ырлары үчүн сот жообуна тартылып, өлүм жазасына буйрулган, бирок өлүм жазасы кийин Сибирге сүргүнгө айдоо менен алмашылган. Кырк алты жашында ал сүргүндөн качып чыккан. 1933-жылы Алексей Максимович Горький Токтогулдун өмүр баяны, эшен-калпалар менен байларга каршы тайманбай ырдаган ырлары жөнүндө укканда, Токтогул сүргүндө жүргөндө карагай кыйган балта менен кыргыз комузун чаап, анын доошунун коштоосунда кыргыз менен орустардын келечектеги бир туугандыгын даңазалап ырдаганын укканда Алексей Максимович көзүнө жаш алган. Муштумдарын түйүп, өз сыймыгы менен кубанып, көз жашын жашырбай ыйлаган. Мына ушул учурда ал дагы бир бороон кабарчысынан кабардар болгон.

## *ШАБДАНКУЛ КАЗЫБЕКОВ*

### ТОКТОГУЛДУ КӨРГӨНМҮН

Мен мындан 34 жыл мурда, 13 жашар бала кезимде, чаткалдык Сарыбай деген адамдын эшигинде батырак болуп, анын коюн багып жүрүүчү элем. Чаткалда ошол кезде басмачылар көп эле. Ал басмачыларды жок кылыш үчүн, Талас жана Түштүк тараптан уюшулган партизандар басмачыларга каршы согушкан. Ошондо чаткалдык эмгекчи эл тоо-таштын арасында качып жүрүп, үч айдан ашык убактан кийин арып-азып Таласка качып барышкан. Мен дагы ошолордун арасында барып калганмын. Таласта Кара-Буура деген сайдын оозундагы Бейшеке айылдык советинде, көк ала төңтөрт деген урукта, мен жүргөн байдын туугандары бар экен. Ошол жерде 2 ай чамасында жашагандан кийин, бир күнү

Дадабай Айдаралиев дегендикине Токтогул ырчы келиптир деген кабар тез эле тарап кетти.

Токтогул ырчыны көргөндөр да, көрбөгөндөр да көрөбүз дешип баруугa камынышты. Улуу акынды мурда көрүп, ыры менен комузун уккан адамдар: «Токтогулдай ырчы жок. Током ырдап, комузун чертип, колун ойнотуп отурганын көргөндө, көңүлүң тоюп, көкүрөк чериң арылат. Токтогул бай-манаптарды, бий-болуштарды мактабайт, кайта алардын залимдигин, таш-боор ырайымсыздыгын, элдин канын соруп, эмгегинин эсебинен жашап жатканын жана ууру менен ушакчыны, кошоматчы менен жалкоолорду, мактанчак-көйрөңдөрдү турган эле жерден сынга алып ырдап, аларды элдин арасында катуу уятка калтырат экен. Ал эми «Насыят», «Үлгү» деген ырлары кандай сонун! Токтогулдун Шиберге айдалып кеткени, камактан келгени жөнүндө, баласынын өлгөнү жөнүндө ырдаганын укканда ыйлабай тура албайсың!» — дешип Сатыш, Бакир, Кыдыр деген карыя дыйкандар сөз кылып жатышты.

Аңгыча кеч да кирди. Мен өзүм курдуу жаш балдар менен кошулуп жөнөп, Токтогул келди деген Дадабайдын айлына барсак — айылга эл сыйбайт. Куюшкандаштырып байланган ат да көп. Токтогул келди деген кабарды уккан айылдан кары кемпир-чал, уландар менен кыздар калбай эле келишкендей сезилди.

Тогуз канат үйдүн ичи толгон адам. Үй ичинен орун тийбегендиктен, үйдүн айланасындагы туурдукту өйдө түрүп салып, шыкаалагандардан да жол тийбейт. Токтогул болсо шаңшып ырдап жатат. Мен дагы теңгедей жерди тешип алып, ошол жерден тиктеп турдум. Ошентип улуу акынды биринчи жолу көрдүм, көзүмдү айырбастан тиктеп тура бердим. Токтогул орто бойлуу, ак саргыл келген, чокчо сакал киши экен. Төрдүн төбөсүнөн орун алып, бутун малдаш уруп олтуруптур. Үстүнө кийгени кайыма көк чыт чапан, башында — ак суп менен тыштаган, төбөсү чокчогоюраак келген кара көрпө тебетей. Белине ак кур курчанган, бутуна кайыш кепич-маасы кийген. Ак суптан узун жака көйнөк, ыштан кийген. Чоң чапанынын ичинен да пахталуу, жаңы, кыска, кара камзол кийиптир.

Колундагы кызыл өрүктөн жасалган үч кылдуу комуздун кулагын күүгө келтире толгоп алып, эл талап кылган ырларды ырдап, күүлөрдү чертип жатты. Токтогул ырдап жатканда: «Бали, айланайын Током! Булбул Током! Кайран кыргыз элинин булбулу!» деген сөз-

дөрдөн башка бир да дабыш угулбай, элдин баары кунт коюп олтуруу менен, Токтогулдан көзүн айырбай, акындын оозунан куюлган ыр, күүлөрүн угуп жатышты.

Ошондо менин Токтогулдун ырларынан уккандарымдан эсимде калгандары: «Насыят», «Майчач», «Балам жок», «Дүнүйө», Сибирде айдалгандагы жана келгендеги ырлары. Күүлөрүнөн — «Келгендеги кербезим», «Токтогулдун тогуз кайрык» ж. б. толуп жаткан ырлар менен күүлөр. Ошол түнү Током таң аппак атканча ырдады, тамактанып, чай ичкенден башка убакта бир да тынбады.

Таң кулан өбөк болгондон кийин, элден үй ээси Дадабай «Током эс алсын»,— деп уруксат сурады. «Токомдун ыры менен күүлөрүн күнү-түнү он күн укса да, эч ким танбайт, балдар. Эми Током эс алсын»,— деди. Келген элдин бардыгы бир оздон улуу акындын ырлары менен күүлөрүнө ыраазы болгондуктарын билдиришип алкыш айтышты.

...Токтогул кеткенден кийин, «Майчач» деген ырын мал кайтарып жүргөн балдардан үйрөнүп алып, мен да ошол ырды кээде ырдап жүрөр элем.

Ал ыры мындай эле:

Үйгөн таштан эл көчөт,
Үч арал дайра суу кечет.
Күлүйпа, Гүлжар — эки ашык
Салыйпа, күйгүзгөн дартың
кимге өтөт?

Капка таштан эл көчөт,
Канча арал дайра суу кечет.
Күлүйпа, Гүлжар — эки ашык,
Салыйпа, күйгүзгөн дартың
кимге өтөт?
Карача каймал жетелеп,
Какталаадан өтөсүң.
Кара көз Майчач экенсиң!
Какшатып кайда кетесиң?

Боточо каймал жетелеп,
Боз талаадан өтөсүң.
Бото көз Майчач экенсиң!
Боздотуп кайда кетесиң?

Мен бул ырды кийин Аксы тарапта (азыркы Жаңы-Жол районунда Чоң-Ак-Жол кыштагында) турган Арыков деген адамдан да Токтогулдун ыры дегенин 1942-жылы уктум.

*14-июнь, 1957-жыл. Караван району,*
*Караван кыштагы.*

## *ДАҢКАНАЙ ЭСЕНГЕЛДИЕВ*

## ТОКТОГУЛДУ БАЛА КЕЗИМДЕН БИЛЕМИН

Мен Токтогулду бала кезимден тартып билүүчүмүн. Анткени Токомун Турум деген эжесин эштик Осмоналы деген алган эле. Ага каралап Током биздин айылга көп келчү.

Эшке барып калганда өзүнүн балалыгы жөнүндө сөз кыла турган. Эште алма, өрүк, жаңгак абдан көп болот. Балдар алма тоголотуп ойнойт. Аны көргөн Током ууртунан күлүп сөз кылып калар эле: «Кичинебизде мына бу Мекиш, Капал болуп ойноор элек. Эңиштен алманы тоголоткондо, тээтиги жерге барып түшчү эле. Алманы чийге сайып ыргытканда менин алмам Мекиштикинен ашып кетер эле». Мекишти түртүп коюп: «Ошондо эле арымың жок урган элең, менин алмам алда кайда кетчү. Чөптү жулуп алып, томолоктоп топ кылып, кайра тосуп алып ойночубуз. Ошондо менин тобум бекене Мекиштин башынан ашып кетип, Капалдын төшүнө тийчү. Ошондо эле ушундай урган болчусуң»,— деп комуз чертип жаткан колу менен Мекишти түртүп калар эле. Анда эл дуу күлүп жиберчү. Эш тоолуу келип, мергендер көп боло турган. Өзү менен бирге жүргөн курбуларынан Мекиш, Капал, Берик, Абайылда, Эшберди деген мерген болуптур. Аларга карата мындай деп ырдаган:

«Эште жүргөн Эшмерген[1]
Капал, Мекиш — беш мерген[2].
«Эчкилери бооз» — деп
Булар текелерин көп терген.

---

[1] Эшмерген — Эшберди дегенди айтып жатат.
[2] Беш мерген — жогоруда айтылган беш мерген болучу.

Кыркырактын[1] текесин
Кырып аткан мергеним.
Сампоростун[2] текесин
Санап аткан мергеним.
Жети ата Сарттар, Саяктан
Силерге учурашып келгеним,

деп, мергендерге карата ырдаганы эсимде калыптыр...
Эштин жемиштерин сүрөттөп Током минтип ырдап калар эле.

Алмасы аттын башындай,
Жаңгагы сайдын ташындай.
Кайыңы көктү тиреген,
Кайберен ташка түнөгөн,
. . . . . . . . .

Кийин Капал мерген өлгөндө атайы Эшке барып, бирге жүргөн курбусу Капалды эске алып:

Кыргак ташта бек баскан
Кылыч мүйүз теке аткан.
Жалпак ташты бек баскан,
Жалпак мүйүз теке аткан.
Кара-Тыт менен Эшиң[3] бар,
Кадырды билер эсиң бар.
Эштин жолу жогору,
Өлгүчө эсен бололу.
Бекерчи болсоң бери кел,
Олтуруп эрмек бололу.
Кыз-Коргон, Сейтек[4] жер мында,
Кыямат кеткен курбулаш,
Кыйналсаң, кайтып кел мында.
Ак-Шагыл, Сейтек жер мында,
Акырет кеткен курбулаш,
Азапты тартсаң, кел мында —

деп ырдап, Капалдын Шербет деген кемпиринин көңүлүн жубатып, элдин көңүлүн ачты.
Током кийин да биздин айылга келип, ар түрдүү ырлардан аткарып берер эле.

---

[1] Кыркырак — Токтобектеги зоонун аты.
[2] Сампорос — Эштеги зоонун аты.
[3] Эш — жердин аты.
[4] Сейтек — жердин аты.

Мен өз ыктыярым менен 1918-жылдан 1925-жылга чейин армияда болдум. Менин эмгегимди баалап 1923-жылы Кызыл Туу ордени менен сыйландым. Ошол орденимди куттуктап, Токомдун ырдаган ырынан бир азы эсимде калыптыр:

Оңолор заман оңолор,
Оң колуң катка жорголор,
Аман Палбан, Жакыпбек,
Баяс, Көр-Шерматтарың
Астыңа келип корголор.
Басмачыны башка аттың
Башын жерге жазданттың.
Султанбекти сулаттың,
Сумсардан барып кулаттың
Кара-Коргон — кабааны
Калкаладың, кайраным,
Басмачынын кыйласын
Талкаладың, кайраным,
Чаткесер менен Чатекти
Басып өттүң, кайраным,
Басмачыга барам деп,
Шашып өттүң кайраным.

* * *

Айылдан чыктың аттанып,
Эл журтуңдан бата алып.
Аскер болдуң, кайраным,
Заркандан барып ат алып,
Намангандан кат алып.
Арзымат менен Ботобек —
Аларды уктук жеңди деп.
Бузурман-Сай, Сары-Камыш
Бурулуп ага келди деп,
Аман Палбан корбашы
Аны кармап берди деп:
Урматтадым, Даңканай,
Алган орденіңди белгилеп,—

Аскерден келгенден кийин өз элимде кедей тобунда, анан сельсоветтин председатели болуп иштеп жүрдүм.
1926-жылдан кийин Токомду көргөнүм жок.

*21-июнь, 1957-жыл.*

## *СРАЖИДТИН БУРХАНОВ*

# ТОКТОГУЛ — ИНТЕРНАЦИОНАЛИСТ

Мен Токтогулду 1928-жылдан билемин. 1924-жылдан тартып Октябрь районунда иштеп жүрүп ошол жердеги Болот Жыртаков аркылуу Токтогулдун кабарын уккам. 1928-жылдан баштап аны менен дайыма байланышта болдум.

Токтогул таза киши эле. Ал ичкилик иччү эмес, насыбай чеге турган, бирок кишилердин алдында эмес, адамдарга көргөзбөй чеге турган. Насыбай чеккиси келсе, ырды токтотуп коюп: «Балдар, менин үзүрүм бар, эшикке чыгып келейин, уруксат бергиле»,— деп айтар эле да, сыртка чыгып, насыбай чегип кайта келип: «Балдар эми кайсыны айтып берейин?» — деп сурай турган. Ким эмнени сурайт экен, ошону айтып берчү. Ал кезде биз каторгага айдалганын, кайтып келгенин, Эшмамбет менен учурашканын, Беш камандарга карата ырдаганын сураар элек. Ырыскулбектин балдарын абдан жек көрүп, алар жөнүндө абдан көп ырдачу.

Токтогул жалаң гана кыргызча эмес, орусча, татарча, өзбекче, казакча да ырдай турган. Орусча таза сүйлөбөсө да, өз оюн айтып түшүндүрчү эле.

Татарча бир гана күүнү эмес, бир нече күүлөрдү ыр менен айтчу. Мисалы, «Урал күйү», «Макаржа» (Ярмарка), «Каз канаты» жана башкалар. Токтогул бул күүлөрдү Александровский централында жаткан убакта Мустафа деген татар жигиттен үйрөндүм дечү эле. Ал киши бир үйөздүн молдосун өлтүрүп, түрмөгө түшкөнүн айтчу.

Токтогул өзбектин «Яр-яр», «Фаргана» жана башка күүлөрүн аткарар эле. «Яр-яр» жаштыкка арналса, «Фаргана» деген күүсү табияттын көрүнүшүн сүрөттөгөнү эсимде.

Токтогул алдына дайыма жакшы ат мине турган. Токтогулдун башка акын, ырчылардан айырмаланган өзгөчөлүгү — ал дүйнөгө кызыгып, анын артынан түшпөгөн, башка акындардй бирөөлөрдү ыгы жок мактай берчү эмес. Токтогул дайыма өзүн сыпаа тутуп, көпчүлүк ичинде мактанууну адат кылбаган. Ал жөнөкөй ырдаган, ар кимдин мүнөзүн, жүрүм-турумун анын бетине карабай айтчу: Кимде кемчилик бар, ага тике айтар эле. Ошон үчүн кайсы бирөөлөр андан чочуй турган.

Токтогул өзү намаз окуучу эле, бирок молдолорду

өтө жек көрө турган. «Булар бизге үйрөтөт, бирок өзүлөрүнүн кылгандары — бузуктук» — дээр эле.

1931-жылдын апрель айларында Беш-Таш тараптан Байышбай, Кушубак болуш, Чычкандан Кудаяр бий, Сакен дегендер, Коңур-Өгүздөн Каратал, Кара-Кол тараптан Токтоназар бийлер баштаган басмачылар чыгып калды. Токтогул бул учурда басмачыларга каршы элди алып чыгууда чоң жардам берди.

*Муз-Төр посёлогу, 26-июнь, 1957-жыл.*

## БӨРҮ КЕНЕНСАРИН

## КАПЫСЫНАН ЖОЛУГУУ

Жайдын толук кези. Мээ кайнаган ысык. Анда Фрунзенин көчөлөрүндө асфальт эмес, таш төшөлгөнү да аз болучу. Атчан киши желдирип кетсе, көчөнүн аркы бети көрүнбөй кала турган. Бул 1928-жылдын июль айынын күндөрүнүн бири эле.

Мончодон чыгып, суусагандыкты чай менен басуу үчүн ал кездеги жекече самоорчулардын бирине кирдик. Биз киргенде, чайкананын төр жагында көрпөчөсүн үч бүктөп алдына салынган, сакалы менен муруту аппак, бетинен нуру балкыган карыя комуз чертип отурган экен. Биз жолдошум экөөбүз — самоорчуга чай, нан, набат заказ кылып, комуз черткен аксакалга жакыныраак барып олтурдук.

Карыя комузунун кулагын кармалап, күүсү жанбаса да, кайсы күүнү чертейин дегендей кыңгыратып барып, «Токтогулдун тогуз кайрык» деген күүнү черте баштады. Менин комузга анча-мынча шыгым болгондуктан жана ошол карыя чертип жаткан «Тогуз кайрыктын» башкы бир-эки кайруусун өзүм да черте билгендиктен:

— Аксакал, бул «Токтогулдун тогуз кайрыгыбы?» — деп сурап калдым.

— Ооба,— деп коюп, күүнү черте берди. Аягына чейин күтүп туруп:

— Сиз ким болосуз? — деген суроону дагы бердим. Чүкөдөй болгон чалды анчалык таназарыма алган жокмун.

— Мен Токтогулмун,— деди карыя, комузду бураган сыяктанып кыңгырлатып жатып.

Менин өмүрүмдө көп эле капысынан болгон окуялар, учурашуулар болгондур, бирок бул сыяктуу чагылгандай таасир кылган жолугушуу болгон эмес. Ал кезде мен Токтогулду толук билип, анын Шиберге айдалганын, ырчылыгын жана комузчулугун Калык Акиевден, комузчу Кулмамбет Турсунбаевден толук укканмын.

Мына ушулардын баарын угуп, билип жүргөн киши, Токтогулду көз алдына кандайча келтире тургандыгы белгилүү. Мен эң кеминде Ополдун тоосундай көрүп жүргөн Током, чүкөдөй болуп чайканада олтурса, кандай таасир кылаары да ачык.

Белимчи аялдардай: ыя! — деп чочуп кетип, алдымдагы патнысты Токомун алдына жылдырып, чайды сунуп, анан эки колдоп көрүштүм.

— Кайдан келдиңиз, качан, эмнеге келдиңиз эле? — деген суроолорду жабалактаттым.

— Келгенибизге төрт күн болду, улуктар чакырткан экен. Күүнү жазып алат дешет,— деп менин суроолорума жай, салкын жооп берип отурду. Кебетеси менин мүнөзүмдү анчалык жактырбагандай болду окшойт.

Чай ичилип бүткөндөн кийин:

— Токо, эгерде мүмкүнчүлүгүңүз болсо биздикине жүрүңүз? — дедим.

— Менин жанымда Жолой ырчы деген жолдошум бар эле. Анан биздин аттарыбыз да бар,— деди Током.

Аңгыча Жолой да кирип келди. Кыл кыяк жана гармон тарткан, жаш наамачылардын бири экен.

Аттарын самоорчуга дайындап, Токомду жолдошу менен алып кеттим. Кара Молдо менен Муратаалы аксакалды чакырып келдим. 3—4 күн биздикинде мейман болуп жатты. Комуз чертип, ырдап да берди.

Токтогулдун алдында Кара Молдо менен Муратаалы карыя, менин түшүнүгүм боюнча, лаачын көргөн таандай болуп калышты. Муратаалыга комуз черттирип, аяктагандан кийин: «Эски күүлөрдү калыбында чертkенге мындай киши табылбайт» — деди Током.

Кара Молдого бир топ күүлөрдү черттирип көрүп: «Залкар күүлөрдү бул сыяктуу эч ким черте албайт»,— деген бааны берди.

Мен:

— Токо, эми өзүңүз чертип бербейсизби? — деген өтүнүчтү олтургандардын өкүлү сыяктанып айттым.

Комузду колуна алып, көк чыт чапандын оң жеңин чечип белсенип коюп, «Тогуз кайрыктан» баштап, «Сары барпы», «Ботой», «Миң кыял», «Эрке сары», «Сагыз-

гандын сабраниясы» «Кербез», «Торгой», «Камбаркан» жана башка толуп жаткан күүлөрдү чертти. Шиберден келгенин, Эшмамбет менен учурашканын, дагы башка көп ырларын айтып берди. Албетте, булардын бардыгын адегенки эле күндө эмес, 3—4 күндүн ичинде чертип жана ырдап берген.

Ошондо көңүлүмдө жаккан төмөндөгү ырын өзүнө кайра айттырып жазып, ал түгүл жаттап алганмын.

«Курчаган калың элим, сен
Куткарат деп кишенден.
Кор кылбайт го эми деп
Кургуруң Токоң ишенген.
Толкунуң тоодой көпчүлүк
Толкусаң тоого күчүң тең.
Көп бириксе көл болот,
Көл каптаса сел болот,
Көзүмдөн кара жаш агып,
Көбүңө келдим корголоп,
Көбүңдөн жардам болбосо,
Күкүгүң Токоң кор болот».

Токтогул өзүнүн Шиберден жөө качып келе жатканын, одоно жасалган комуз менен жолдо орустун кыштактарындагы адамдарга ырдап, оокат сурап алганын, ысыкта келе жатып, буту кабарып, бир жерде баса албай отуруп калганын, орустардын кайрымдуу эл экенин, анын качып келе жаткандыгын билишсе да өкмөт адамдарына билдирбестен, оокат берип жөнөткөндүктөрүн өтө көңүлдүү түрдө айтып берди...

Бир күнү кыштактын чет жагындагы бир татынакай үйгө келип, комуз черте баштаганда терезеден 12—13 жаштагы кыз бала караганда, Током:

Идирасти баришна,
Уруксат кыл азыраак
Балалайка чалышка...

деп ырдаганда, нары жактан кыздын атасы келип, авалын сураган. Ал орус кыргызча анча-мынча тил билет экен, мурда Сыр-Дарыя областында кызмат кылган, кыргыздарга аралашкан киши экен. Ал Токтогулдун абалын сураганда, Током бардык сырын жашырбай айтып берген. Ал Токомду жакшылап меймандап кондуруп, акча менен кийим берип жөнөткөн.

Токтогулдун биздин үйдө черткен күүлөрүнөн мен

кийинки кезде кайсы бир күүлөрүн кезиктире элекмин, алар: «Сагызгандын сабраниясы» жана «Торгой» деген күүлөр эле. Биринчи күүнүн мазмунун Током мындай деп айткан:

— Кетмен-Төбөдө жыл жакшы болуп, мал кышта чыгашага учурабай, сагызгандарга тарп табылбай калгандыктан, бир чынар теректин бутактарына чогулушуп, сагызгандар «Тогуз Тородо жут болуптур, ошол жакка баралы»,— деген натыйжага келишип, Каракыр-Казыкты ашып жөнөгөнү — деп чертип, сагызгандардын шакылдагандарынан баштап, ашууга өөдө карай тик учуп, кайра ылдый көздөй тик түшкөндөрүн колун ойдолотуп өөдө көтөрүп, ылдый көздөй шукшурултуп түшүндүрүүчү эле.

«Эрке сары» деген күүсү — баласын эркелеткендеги эненин сүйүүсү эле, экинчиси — торгойдун сайраганын туурачу. Бул күүнү черткенде, Током топусун торгойдун таажысындай кылып чокчойтуп кийип алып чертчү эле, ошондо топусу бир желкесине барып, бир кабагына жакындап кыймылдап турчу.

Менин оюмча бул күүлөрдү Затеевичке да Током чертип бербеген окшойт. Анткени, ошол кезде күн өтө ысык болуп жана өзүн анчалык жакшы кадырлабай койгондуктан, Токтогул эптеп тезинен кетүүнү дурус көрүп, көп күүлөрүн чертпей калган окшойт. Болбосо анын күүлөрү өтө көп көрүндү эле...

*17-май, 1957-жыл. Фрунзе шаары.*

## *КУЛМЫРЗА КОЖОБЕКОВ*

## ТОКОМДОН КӨП КҮҮ ҮЙРӨНДҮМ

Мен 12 жашымда комуз кармадым. Черткенден эле комузду дурус өздөштүрдүм. Күндөрдүн биринде Током биздин айылга келип калды. Менин аты-жөнүмдү сурап, атам менен тааныш экенин айтты да, «Балам, менден өнөр алып кал, кийин кереги тиет»,— деди. Ал түгүл өзү менен кошо жүрүүнү сунуш кылды. Анда биз Айыктыктын ичиндеги Ак-Булак деген жерде болчубуз. Мен ал кишини ээрчип дароо кете алганым жок, себеби мен жаш элем. Кийин ара-торосунда Токомо бара коюп, күүлөрүн, акыл-насаатын көп угуп жүрдүм. «Балам, жа-

шык болбо, көпчүлүктүн алдында шайырдыкты көрсөтүү керек, эмнени билсең, тартынбай черт. Балам, түрдүү күүнүн аты болот, анын атын айтып чертсең, бирөөгө тай энчилеп бергендей болот, талаптуу жаштар атын да, өзүн да үйрөнүп алат. Ошондо гана көпчүлүккө атагың чыгат»,— дечү эле Током.

Өзү курдуулар менен отурганда мага мындай дечү: «Балам, түрдүү жерге кез болууң мүмкүн, кары адамдарга алардын өздөрүнүкүн, жаштарга дагы башка, келин-кыздарга дагы башка, ар кимдин өзүнө ылайык күүнү чертип бер» — дей турган.

Током үйүнө бала келсе да, чоң келсе да ордунан ыргып тура калып, орун көрсөтчү.

Мен үйүнө келип калсам, комузун ала коюп, белгилүү күүнү чертип, анан мага берип: «Чертчи, балам»,— дечү. «Бул басма күү, муну «келин-кыздардын күүсү» деп черт, темир комуздун күүсү деп кой»,— дечү эле. Ошентип, жалаң кыз-келиндердин күүлөрү деп эчен түркүн күү чертчү эле.

Куйкалап жесең,
Куйкум эт таттуу.
Кучактап жатсаң,
Ай тамак таттуу.
Сыйрып бир жесең,
Сыйрым эт таттуу.
Жыттап бир жатсаң
Ай тамак таттуу.

Күү менен обонду келтирип, кыңылдаган басыңкы үн менен ырдап, комуз менен тапатак келтирчү эле.

«Балам, көпчүлүктө муңдуу аял, муңдуу эркек болот»,— дээр эле Током. Анда мен: «Токо, ал эмнеңиз?» — десем, «Балам, жетим-жесир, же оокаты жетишпеген адамдар болот, алардын арманы болот, аларга мынабу күүнү черт»,— деп дагы бир муңдуу күүнү чертчү эле.

«Кыздын арманы болот, аны сыртка айта албайт. Комуз менен анын көңүлүн ачуу керек, эгер сурап калса, ооз менен айтуу керек» — дечү. «Токо, мен биле албайм да»,— десем, «Комуз өзү чакырат,— дечү. — Кыз сураса, «Кыздын арманы» деп айтып бер, себеби — кыз жакшы же жаман жерге барат, өз теңине барат же карыган чалга барат атасы малга сатат. Кыз арман кылууга мүмкүн. Ошого карата ырдап бериш керек» — деп төмөнкү ырды мага айтып берген:

Атакем, айдап-айдап мал жедиң,
Айбанга берем деп жүрдүң,
Айбандын жайын мен билип,
Ан үчүн оттой мен күйдүм.
Атаке, жайып-жайып мал жедиң,
Жыласка берем деп жүрдүң,
Жыластын жайын билген соң,
Ан үчүн оттой мен күйдүм.
Терип-терип мал жедиң,
Теңтушум таап бербедиң,
Ан үчүн кайгы мен жедим.
Беш саамайым өрүлүп,
Мага окшогон ботоңдун,
Санаасы жаман бөлүнүп,
Айбанга кантип барам деп.
Көзүмдүн жашы төгүлүп,
Саамай чачым өрүлүп,
Жаманга кантип барам деп.
Санаам эчен бөлүнүп,
Атаке, айдап малды жебей кал
Айбанга берем дебей кал,
Жыйнап малды жебей кал
Жыласка берем дебей кал.

Током андан нары дагы: «Кары адамдарга комуз чертип берип кубантып кетиш керек. «Насыятты» чертип берсең, «Токомдун күүсү экен»,— деп, алар кадиксиз түшүнөт»,— дечү.

Ошентип, Током комузду түрдүү жагынан чертип үйрөткөн эле.

Күүнүн башы — «Камбаркан»,— ушуну черт, бирок кайрыкта туруп алба, бөлүп-бөлүп кет. Андан кийин «Ырчылардын сокмо күүнү черт»,— деп, аларды чертип көрсөттү. Токомдун күүлөрүн үйрөнөм деп, үйүнө барып эки-үч түнөп да калчу элем. Ошентип жүрүп Токомдун күүлөрүнүн бир тобун үйрөнүп калдым.

Током «Кедейкан», «Курманбек», «Жаныш-Байыш», «Саринжи-Бөкөй», «Наркан», «Кожожаш» дегендерди толук айтчу.

Совет өкмөтү орногондон кийин Током шаңданып ырдай чыкты. «Саал жаш болсомчу» — деп кыңырылып калар эле...

## *МАМАЖУНУС ТОКТОНАЗАРОВ*

## ЖАКШЫЛЫККА ЖАКШЫЛЫК

Токтогул айдоодон келгенде мен 18 жашка чыгып калгам. Акын сүргүндөн келгенде сарттар менен багыш уруулары ага жардам уюштуррушту. Кийим-кече, төшөнчү-орун, ал гана эмес уук-кереге, кийиз жыйнап үй тигип да беришти. Алдына ат мингизишти.

Ал кезде калың төлөп аял алчу эмес беле — эл мал чогултуп жиберип, ушул Сейдимканды алып барып, өргөөсүн көтөрүп Сасык-Жийдеге кондурушту. Бул жардам акынды эл канчалык сүйгөндүгүн ачык-айкын көрсөтөт.

Токтогул манаптардан чочуп, көп убакытка чейин бекинип жүрдү.

Эл Токтогулду аябай сүйгөн. Токтогул ага жоол кылып, аларды ыр менен сыйлаар эле. Күн-түн дебей ырдап, комузун чертип, угуучулардын көңүлүн ача турган. Сибирден келгенден кийин майда ырлардан тартып, «Кедейкан», «Кожожаш», «Жаныш-Байыш», «Курманбек» жомокторун ырдап берип жүрдү.

Токтогул өнөрпоз эле. Ал комузун ар түркүн улуттун тилинде сүйлөтөөр эле. Током Сибирден келгенден кийин татар ырларын да ырдап берүүчү. Ал ырларды Кетмен-Төбөдөгү татарлар кол кыяк менен ырдап жүргөндүгүн азыр да угууга болот. Ошол Током ырдаган татар элинин ырынын бир үзүндүсү төмөнкүдөй эле:

Нары жагың алма агач,
Бери жагың алма агач,
Күндиз уйнап не пайда,
Түн куйнында болмагач?

Бул ырды Током бармагы менен сөөмөйүнүн учу аркылуу келтирчү эле. Казакча да кадимкидей ырдап, кадимкидей күү чертчү. Мына ушулардын бардыгын Сибирде жүргөндө, андан качып келе жатканда үйрөндүбү деп ойлойм, анткени аларды Сибирден келгенден кийин гана ырдап, чертип калганын эл айтчу эле.

Кыштын узун түндөрүндө бир жерге чогулуп алып, Токомдун өнөрүн көрүп, ырын укчубуз. Ал киши тартынчу эмес, таң атканча ырдап, комузун черте берчү. Бир дагы адам тажабай, кайра угууга кызыга турган. Токомдун күүлөрү бир түндө ада боло алчу эмес. Ал эми ырлары болсо түгөнчү эмес.

Током Сибирден келгенде качканын бизге айткан эмес эле, биз биротоло кутулуп келди деп жүрдүк. Үч жылдан кийин Үмөтаалы менен Мырзабек келип калышты. Ал киши «Мен Токтогул менен эле качып келет элем, Мырзабекке каралап туруп калдым»,— деп айтканда гана Токтогулдун качып келгенин билдик. Үмөтаалылар ала шалбырт маалында келишти, ошонун жайы өтүп, кышка тарткан кезинде аксылык Жуманаалы келип Токомду кармап кеткен. Жуманаалы ошол кезде болуш болчу. Алар Ырыскулбектин балдары менен байланыш эле. Токтобектик Калыбай деген (уруусу сатыкей) чыккынчылык кылып, Токтогулдун кайда экенин, кайда жүргөнүн Жуманаалыга айтып берген экен. Ал тегерегиндегилерге туйгузбай, түндө келип, Токомду алып кеткен.

Токтогул элдин сагынганын жазгандан кийин өйүзгү Байгазыда ырчы болуп жүргөн Эшмамбетке барууну ойлоп, Коңур-Өгүздү көздөй жөнөйт. Током Ырыскулбектин балдарынан кооп санап, азыркы Муз-Төр орношкон жер анда ээн талаа эле, ошондогу жалгыз таман жол менен өткөн экен. Эшмамбет менен Байгазы жана бир топ адамдар Бууракандын белинде куш салып жүрүшкөн экен. Эшмамбет Токтогул экенин атынан таанып, Байгазыга билдирет да андан суранып, Токтогулдун алдынан тосуп чыгат. Эшмамбет адегенде аттан түшө калып кучакташып көрүшкөндөн кийин, атына минет. Ошондо каз катар туруп алып, Эшмамбет Токомо карата суроо салып ырдаган экен.
Эшмамбет көрүшөрдөн мурун алыстан эле:

Кунандын оозун керген бейм,
Кудайым чындап берген бейм,
Куюгуп кетип жок болгон
Кургурум Током келген бейм?!
Аргымак оозун керген бейм,
Айдалып кетип жок болгон
Азилим Током келген бейм!?

деп ырдап, анан аттан түшө калып, кайра атка минишип, анан кошо айдалып кеткен адамдарды суроо кылып ырдайт:

Капалга кеттиң айдалып,
Калкыңды көрбөй зарланып.
Кыдыр алла жар болуп,

Кайта келип калыпсың,
Токо, карчыга куштай айланып.
Илгеркидей калың мал
Байда калды, Токтогул.
Үмөтаалы, бий Төрө
Кайда калды Токтогул?
. . . . . . . . .

Дагы башкаларды терип сурайт. Током баарына жооп берет да, Эшмамбеттин Таластагы колпочтон качып келгенинен өйдө, Топчубай өлгөндө ага барбай койгонунан өйдө ырдап, аны абдан уяткарган экен. Эшмамбет ээрчитип барып, көп күнү Токомду конок кылып жөнөтөт.

Жаңы өкмөт орногондо акын өкмөттү мактап, «Эми жыргал заман болду, кулдуктан кутулдуңар»,— деп жар салып ырдап жүрдү. Током менен көп эле жолугушуп, ээрчип жүрдүм. Анын адамгерчилиги, акындыгы эле...

1932-жылы казактар быякка оошуп келгенде, Токомо жардам берген Абдылда деген казак Кетмен-Төбөгө келип, өзүнө караштуу ага-инилери менен 3 үйлүү адам болуп келип, Кутчу-Суунун этегиндеги Кош-Дөбө деген жерде турушкан.

Током Абдылданын кабарын угуп, анын үйүнө барат да, чакырып келип бир козу союп конок кылат. «Мага аябай жакшылык кылдыңар эле»,— деп 5 пуд жүгөрү, 5 пуд буудай берген. Менин аялым ошол Абдылданын кичи кызы. Абдылданын дагы бир баласы бар, 64 жашта, «Камкалы» совхозунда (Көк-Терек району) турат.

## *ЖОЛДОШ ЖУКЕШЕВ*

## УЛУУ АКЫНДЫН ЭКИ ЫРЫ

Улуу акындын басып өткөн өмүр жолун элибиздин тарыхынын бир бөлүкчөсү деп карасак туура болор. Ал эми элибиздин тарыхын жакшы билүү — ар бирибиздин милдетибиз.

Мен бул азыноолак эскерме-аңгемемде залкар акындын белгисиз эки ыры жөнүндө сөз кылмакчымын. Бирок иштин жагдайын туура түшүнүү үчүн бир азга автордук чегинүү жасоого туура келет.

Менин туулуп өскөн жерим Кетмен-Төбө өрөөнү — акындын жергеси болгондуктан, Током жөнүндө улуу адамдардан көп эле сөздөрдү, пикирлерди угуп келгем. Ал түгүл, сегиз жашар бала кезимде улуу акынды өз көзүм менен көрүп калгамын. Эмесе сөз кезегин ошол жакка бурайын.

Апамдын төркүн тарабы болгон Каманбай уруусунда Аалы деген киши бар эле. Ал Токтогул экөө жашташ, теңтуш болгондуктан өз ара алыш-бериш, достук мамиледе жүрүшкөн. Ошол жылы апам ыштык түтөтүп, чанач ыштаганы күнү бүгүнкүдөй эсимде. Биз жакада болчубуз. Апам чаначтарын ыштап болуп, бир күнү мени ээрчитип алып, Арым жайлоосун карай жол тартты. Анткени бирин-эки малы бар Каманбайлар Арымдын бөксө жайлоолорунда болушчу. Аалыныкы да ошол жерде эле. Биз бир-эки күн жүрүп, айран, сүт ичип боорубуз агарып, жыргап калдык. Бир күнү «Токтогул келди!» деген кабар баарыбызды Аалыныкына чогултту. Эл менен кошо апам экөөбүз да аралашып калдык. Аалынын төрүндө ак саргыл өңдүү, чарчы бойлуу, аксакал киши отурган экен. Төркүн каадасы кылып апамды да ашкана тарап жактагы төргө отургузушту. Мен апамдын оң тизесин баса отуруп, Током экөөнүн ортосунда болуп калдым.

Өзүмдүн балалык таңыркоом менен астыртан көз жүгүртүп карасам, Током башындагы көөнөрүп калган боз топусун бир аз желке тарабына ыктап кийгендиктен, ак кыроолонгон маңдай чачтары көрүнүп турду. Бир аз күлүңдөгөн жандуу көздөрүнөн кайгы аралаш мээрим төгүлгөнсүп, өңү азыңкы тартып, жаңы баш көтөргөн оорукчал адамды элестетип турду.

Келген эл бир сыйра Током менен кол алышып учурашкан соң, аксакалдардан башкалары үй ичине батпай, керегенин туурдугун түрүп, сыртта тегерек тартып отурушту. Бир сыйра кымыз ичилгенден кийин үй ээси Аалы Токомо кайрылды.

— Кана, Токо, өзүңдү самап сагынып келген каманбайлардын кары-жашынын көңүлүн бир аз сергитчи. Нускалуу сөздөрүңдү айтып, мукамдуу күүлөрүңдөн чертип кой.

— Жашыбыз жашташ, жаныбыз курдаш болуп өстүк эле. Аалы, адамды кар кылган оору болот экен. Көптөн бери төшөктө жатып, жан айласын кылдым. Бир аз баш көтөргөн соң, өзүңө окшогон тели-теңтуштарым менен учурашып келейинчи деп атайын атка мин-

дим. Бирок «эки оору бир келсе — ажалыңдын жеткени» дегендей, Сибирде жүрүп чалдыккан көкүрөк оору менен куяң оору алып тынат окшойт, баштагыдай алым жок. Ошондой болсо да бир аз эрмек болуп берейин. Антпесем «Катагандын Каманбай, бакырганы камандай» болуп, мени торой чалчу түрүңөр бар.

Током элди бир сыйра күлдүрүп алды. Анан «Миң кыялдан» баштап бир нече залкар күүлөрдөн чертип берди. Эл ыраазы болуп, Токомду алкап жатышты. Анан бир аз эс алган соң үй ээсине арнап төмөнкүдөй тамашалуу ырын ырдады:

Аалы деп атын койгондо
Аны шыйрагынан чойгон го.
Ошон үчүн бул шордуу
«Узун шыйрак» болгон го.
Аалынын жашы толгондо
Аксакал киши болгондо
Сакалын сыйлап Аалынын
Анын шыйрагы унут болгон го,
Теректей болгон Аалынын
Темене эмес акылы
Жетесинде бар экен
Жер болду анын жакыны.
Жер баккан киши тоюнат,
Тилебейт андан акыны.
Жүгөрү, таруу, арпага
Толтура болуп акыры,
Арымдын тегиз жеринен
Калбаптыр бир да такыры.
Баба дыйкан Аалы го
Айылдаш элдин жакыны.
Жарманы кенен ичпесең
Тойбойт го курсак акыры.
Аалыдай дыйкан болсоңор
Жер жебейт сенин акыны.
Жашымдан малай мен жүрүп,
Жедиргем далай акымы.
«Беш камандын» айынан
Көрдүм го далай запкыны.
Кедейдин зарын мен ырдап,
Элимдин болдум акыны.
Теңчилик болгон бул күндө
Карылык басты башымды.
Ден соолук менде жакшы эмес,
Алатко ажал акыры.

Басаңдап барат дабышым,
О журтум, жаштарга берсин
жашымы!

Токомун бул ыры мындан да узак вариантта ырдалгандыгын, кийин, мен эс тартканда, апам раматылык айтар эле. Анда жалаң эле Аалы эмес, жалпы эле адам баласынын тиричилигине байланыштуу нускалуу сөздөрдү айтып, заман оңолуп, мындан да жыргал турмуш келерине ишенимдүү үмүт менен ырдаган деп эскергени эсимде. Ошол нускалуу ырдын кыскача варианты апамдын көкүрөгүндө жат болуп калгандыктан, аны мен 1939-жылы ошол кезде үйрөнгөн латын тамгалары менен жазып алган экенмин. Ошол эскилиги жеткен кол жазмамды кечээ жакында кокусунан таап алып, төбөм көккө жеткендей сүйүнгөнүмдү жашыра албайм.

Токомун теңтушу болгон Арзы уулу Аалы жөнүндөгү эки урунттуу жагдайды да айта кетким келет.

Биринчиси, эмне себептен Током Аалыны «Узун шыйрак» деп атагандыгы жөнүндө. Арзы уулу Аалы колубуту тартайган узун бойлуу киши болгон. Ошондуктан аны айылдаштары «Узун шыйрак Аалы» деп да атап коюша турган. Ал тургай айылдагы келиндер да «Узун шыйрак аке» деп тергешкендери болгон. Ошол себептен Аалыны Током да «Узун шыйрак» деп тамашалаган.

Экинчиси, 1939-жылы белгилүү скульпторубуз Ольга Максимилиановна Мануйлова Токтогулдун замандаштары катарында Аалынын портретин гипстен жараткан болучу. Аалынын ошол портрети бүгүнкү күндө Кыргыз ССРинин тарых музейинин Токтогулга арналган бөлүгүндө коюлуп турат. Токтогулдун замандашы болгон Арзы уулу Аалы Улуу Ата мекендик согуш аяктагандан кийин дүйнөдөн кайткан.

Ошол Аалынын үйүндө ырдаган жылы күзүндө (сөз 1933-жыл жөнүндө болуп жатат), «Токтогул дүйнөдөн кайтты» деген суук кабар бизге да келди. Себеби менин чоң атам болгон Түнгатардын Үлпүке деген кызы Токомдун жакын туугандарына күйөөгө баргандыктан куда-сөөк катары катышып келишкен. Ошондуктан кабар келээри менен биздин ага-туугандарыбыз жөнөп калышты. Апам мени учкаштырып кошо ала кетти.

Биз баргандын эртеси акындын сөөгү коюлду. Акын менен коштошуу үчүн көп эл келиптир. Алардын арасында өзбектер, уйгурлар, татарлар, орустар да бар болучу. Эсимде, чокчо сакалчан, бир көзүн ак баскан,

дердейген мурун бир киши комузу менен ырга кошуп ыйлап турган болучу. Көрсө ал Коргоол ырчы экен. Чындыгында карапайым эл үчүн ак таңдай Токомдун кадыр-баркы ошончолук турбайбы. Бүгүн ойлоп көрсөм, Току жаратылышынан интернационналист адам болгон экен. Турмушунда көп улуттун өкүлдөрү менен бир тууганды, достук мамиледе болгон, акындын ошол касиетин жогору баалап, ар түркүн улуттун өкүлдөрү акыркы жолу коштошууга келгендиги бекеринен эместир.

Бала болсом да улуу акындын бейитине топурак салуу бактысы үлүшүмө туура келгендигине бир чети сыймыктанамын.

Ушул жерде Токомдун кайтыш болгон жылын тактап кете турган бир жагдай болуп турат. Себеби республикалык басма сөздөрдө Токтогулдун дүйнөдөн кайткан жылы 1933-жылдын март айы болуп жазылгандыгын окуп калдык. Бирок Токомдун кайтыш болгон жылы 1933-жылдын кеч күзү экендигин айткым келет. Анткени жаз менен күздүн айырмасы асман менен жердей эмеспи. Мисалы, март айында Кетмен-Төбө өрөөнүндө жер көгөрүп калган учур болот. Ал учурда дарактын сары жалбырактары күбүлүп түшүшү эч мүмкүн эмес.

Сөзүбүздү ырасташ үчүн Саткын Сасыкбаевдин «Сейдимкан апанын эскерүүсү» (Лж», 1988-жыл, 18-август) деген макаласынан кичинекей үзүндү келтирели:

«Дарактардын кургаган сары жалбырактары күбүлүп жерге түшүп, караган-шактар шуудурап учуп, күн ого бетер бүркөлүп, суук шамал улуп-уңшуй берет».

Бул кичине үзүндүдөн эле күз айынын белгилери толук баяндалып турбайбы?

Сейдимкан апаны деле тирүү кезинде көргөнбүз, сүйлөшкөнбүз. Токомдун кайтыш болгон айын күздүн күнкүгө таандык кылып айтаар эле.

Эмнеси болсо да Током Аалы жөнүндөгү акыркы ырын 1933-жылы жайында ырдагандыгына кепил боло алам. Ал эми ак таңдай Токомдун экинчи бир ыры колума кандайча тийип калгандыгын айтуудан мурда, ошол ырдын текстин окуп көрөлү:

Ак селдечен молдонун,
Дарегин айтып көрөйүн.
Дин менен дилдин ортосун,
Дидарлап чындап бөлөйүн.

Көп көрдүм эшен-калпаны,
Сөзүндө молдо сөрөйүн.
Акмалап ашта, тойлордо,
Алышат экен мөөрөйүн.
Кеп кылып бейиш, тозоктон
Учурат элдин үрөйүн.
Бул дүйнөнү жалган деп,
О дүйнөдөн кеп кылат.
Жаназа, доорон окуса
Акысын, бергин деп турат.
Күнөөсүн актап байлардын,
Кембагал келсе сез кылат.
Башына селде чалынып,
Колуна теспе кармаган,
Жалган сөзгө малынып,
Караңгы элди алдаган
Шарият сөзүн бурмалап,
Жакшылык ишке барбаган.
Кошомат кылып, бөйпөңдөп,
Бай-манапты жандаган
Молдолорду көп көрдүм,
Мойнуна күнөө албаган.
Айгак болуп молдолор
Бир кезде мени кармаган.
Айдатып Шибер кестирген
Ырыскулбектин «Беш каман».
Бирок молдонун баары бир эмес,
Молдо бар өзүм жактырган.
Ал сыяктуу молдону
Неликтен кудай аз кылган.
Аты-жөнүн айтканча,
Болбосун мени шаштырган.
Чынында андай молдолор,
Дарс окуп, билим жат кылган.
Саяпкер болуп турмушта,
Чобурду таптап ат кылган.
Алдамчы молдо болбостон,
Дамбылда ишин нак кылган.
Кат таанытып балдарга,
Билимин берип зарп кылган.
Жактырам Жукеш молдону
Өз эли сыйлап барк кылган.
Урматтап улуу, кичүүнү
Сыпаалык жагын салт кылган.
Эгин эгип, жер айдап,

Чарбагын жашыл бак кылган.
Мөмөсү бышып, жетилип,
Ийилип жерге шак сынган.
Багбандык жагын Жукештин
Бардыгы баалап жактырган.
Акыйкат жолун жолдогон,
Уруят ишин колдогон,
Түшүнүп «куран» маанисин
Туура эмес жагын оңдогон.
Чындыкты уктум көп жолу
Таасын Жукеш молдодон.
Элди алдаган молдолор
Айлансын Жукеш молдодон.
Кеңешти куруп Ленин
Кедейдин ишин оңдогон.
Эл үчүн кызмат кыла бер,
Элиң бар сени колдогон.
Түнгатар уулу Жукештей
Бар беле мурда молдодон?
Чынында жакшы иш кылат,
Кеңештин жолун жолдогон.
Окута бергин жаштарды
Мындай заман болбогон.
Дарс окуп сенден үйрөнүп,
Билимдүү чыксын оңдогон!

Бул ырды мен Тыналиев Сасыке деген агабыздан 1976-жылы жазып алган элем. Ал кишинин айтуусуна караганда Током бул ырын 1927-жылы ырдаган экен. Токомдун ал ырына төмөнкүдөй бир жагдай себеп болуптур.

Ошол жылдары Жалал-Абад кантондук партия комитетинин жооптуу катчысы болуп Төрөкул (атактуу жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун атасы) иштеп турган. Ал учурда Кетмен-Төбө өрөөнү ошол Жалал-Абад кантонуна караштуу болгон. Анда азыркыдай административдик бөлүнүштөр али түзүлө элек болчу. Кетмен-Төбө өрөөнү анда Арым болуштугу (волосту) деп айтышчу. Ошондо жер-суу реформасын өткөрүүгө байланыштуу Арым болуштугуна Төрөкул Айтматов келип, чоң жыйын өткөрүптүр. Жыйында эл агартуу иштери боюнча да маселе каралган экен. Ал убакта балдарды окута турган атайын билими бар мугалимдер дээрлик жокко эсе болгон. Ошондуктан Кеңеш өкмөтүнө, революциялык жаңы өзгөрүштөргө карата ак пейили менен мамиле

кылган айрым сабаттуу адамдарды (молдолорду) балдарды окутууга пайдаланууга туура келген. Ошондо Кетмен-Төбө өрөөнүндө биринчилерден болуп Түнгатар уулу Жукеш да өз ыктыяры менен кедей-кембагалдардын балдарын окута баштаган. Айтмакчы, Тыналиев Сасыке дагы өз учурунда ошол Жукеш молдодон окуп, сабатын жойгон адам болгон.

Ошол чоң жыйынга ак таңдай акын Токтогул да катышат. Ошондо жогорудагы Жукеш молдо жөнүндөгү ырын ырдаптыр. Тыналиев Сасыке аны көкүрөгүндө жаттап калып, кийин арап тамгасы менен кагазга түшүргөн.

Жукеш революциядан мурда эле Наманган шаарынан диндик медресени бүтүрүп чыккан. Ошол жылдары өзбектин революционер акыны Хамза Хакимзаде Ниязи менен таанышып, андан бир топ таалим алып калган болот. Кийин айлына келгенде молдолук кесипке кызыкпастан, айылдагы балдарды окутуп, өзүнчө мектеп уюштурган.

Тыналиев өтө сөзмөр, элдин тарыхын жакшы билген, адилеттүүлүктү атасындай көргөн, акпейил адам эле. Ал киши элүү жылдан ашык партиянын катарында болуп, 1985-жылы дүйнөдөн кайтты.

Кыргыз элинин алтын жаак, жез таңдай, демократ акыны Токтогулдун эки ырынын жаралуу баяны ушундай.

Элибиздин кайталангыс улуу акыны өзүнүн жаракалуу жана жаркын өмүрүндө эшен, калпа, молдолорду ашкерелеп ырдаган учуру көп эле болгондугу белгилүү. Бирок Жукеш молдо жөнүндөгү ырында адаттагыдай эле дин ээлерин ашкере айыптап келип, жаңы заманда жаңылыкка каршы жаа тартпастан, аны колдоп, жаш муундарга жакшы тарбия берүүгө өз эмгегин арнаган молдолорду колдоп чыккандыгы ачык байкалат.

Ушул жагынан алып караганда Токомдун бул ыры бүгүнкү кайра куруу, жаңылануу учурундагы жалпы билим берүү тармагында эмгектенип жаткан эл агартуу кызматкерлерине чакырык менен кайрылгандай сезилет.

## *ТУУГАНБАЙ АБДИЕВ*

# ЭЛДИН ЭСКЕРҮҮЛӨРҮНӨН

1988-жылы 26-апрелде драматург Бексултан Жакиев мени чакырып калды. Барсам, «Өзүң Кетмен-Төбөлүк ырчысың, Токтогулду көргөн, билген адамдардан калды бекен, эл аралап издештирип көрбөйсүңбү? Жазуучулар Союзу менен Театр ишмерлер союзунун атынан жиберели» — деди.

— Быйыл Токомдун көзү өткөнүнө 55 жылга толуптур, ошондогу 15 жаштагылар азыр 70 жашка чыгат экен, 70 эмес 80-90догулар деле жүрбөйбү. Током негизинен Кетмен-Төбө, Аксы, Талас, Жалал-Абад аймагында көбүрөөк жүргөн экен. Жиберсеңер барып келейин,— деп 3-майдан 13-майга чейин жолдомо алып жөнөдүм.

Өзүм баштатан бери жакшы билген, куйма кулак, көп жылдар бою партиялык жана советтик кызматтарда иштеген, 1928-жылдан бери КПССтин мүчөсү, 1900-жылы туулган Токтогулдун замандашы Малгараев Эсенгулга бардым. Ноокастап, табы жок жатканына карабастан төмөнкүлөрдү айтып берди.

## МАЛГАРАЕВ ЭСЕНКУЛДУН ЭСКЕРҮҮСҮ

Мен Токтогулду биринчи жолу 13 жашымда ат чаап жүргөн чагымда көрдүм. Ошондон баштап маареке, тойлордо көрүп жүрдүм. Кийин кызмат ишиме байланыштуу аралашып бирге да жүрдүм. Током 1933-жылы 20-мартта катуу оорудан кийин каза болду.

— Эми ошол аралыктарда көрүп, угуп же аңгемелешкен учурларыңыздан кеп курап берсеңиз,— дедим.

— Болуптур, алымдын жетишинче эске түшүрүп көрөйүн. 1916-жылы Төрөгелди деген аш берип, Керимбайдын Жайдак деген күлүгү чыгып келди. Током аттын ээсин да, таптаган саяпкерин да, чапкан баланы да мактаган жок, жалаң эле аттын сын-сыпатын көпкө ырдады.

— Шумдугуң курган Токтогул мал менен кадимки адамдай сырдашат окшойт, болбосо анын ичиндеги сырын кантип билет? Же мунун бир айтып берүүчүсү болуш керек, тобоо!— деп бир аксакал бакылдады.

1926-жылы райондук комсомол ячейкасынын биринчи секретары болуп иштеп калдым, ошондон тарта Токомо тез-тез аралаш жүрө баштадым, өзүм да тамаша, ырга жакын элем.

1927-жылы Кадыров Касым деген райкомдун төрагасы, мен жана райондук үч кызматкер болуп Токтогулдун Саз-Жийдедеги (китепте Сасык-Жийде деп жүрбөйбү) үйүнө бардык. Козуну Кадыров Касым өзү алып барып сойдурду да: — Айланайын Токо, атайы эңсеп аңгемеңизди угалы деп алдыңызга келдик, аялуу болбосо, эт бышым эрмек болуп берсеңиз, биздин тилегибиз ушул,— дегенде, Током:

— Эски убакта ким көрүптүр мындайды, эмики замандын улуктары ушинтип өзү келет турбайбы, эсиңерге сактап уккула, Токоң сүйлөйбү же ырдайбы, эмесе убадалашып эт бышым эмес, эки күнгө чейин эч жакка жылбайлы,— деп куюлуштуруп сүйлөп, купшуңдап күлдүрдү.

Жаңы заман, жаштык кези, жабыр тарткан өмүрү тууралуу сурап калдык. Ошондогу Токомдун айткандары: — Наманген уездинин Авлетим найыбы «ийикчи эшендин көтөрүлүшүнө катышып, орус ак падышачылыгына акарат айткансың»,— деген жалаа менен Жоон-Сөгөт деген жерден байлатып кетишти. Апам кызыл чоктун чоңунун чылбырына жармашып — баламдын күнөөсү эмне, жазыгы эл аралап, алардын көңүлүн ачкандыгыбы? — деп чыркырады эле: — Ошол элдин ичин аралап, бузуп жүргөн, эми балаң түрмөдө чирип өлөт,— деп төбө талаштыра чаап жиберди.

— Айбан! Эгер андай болсо элди бузган апам эмес, мына менмин, мени чап! Апама кол тийгизбе доңуз! — деп бакырдым.

— Сенин энчиң башка-а! Шашпа-а! — деп ызырынат мага. Эки колум артыма байлануу, эки бутумду үзөңгүгө чырмап, атка тырыштыра таңып салган. Алтымыш козуга алганыма алты ай боло элек Актуяк деген жакшы атымды жайдактап, «бул опустун малы» — деп кермеге байлап коюшту. Ошентип айдалып барып, Наманган түрмөсүндө жатып калдым. Айыптууларды улам айдап келип, үстүбүзгө кошуп, алты айдан кийин 25 жылга кесилип Сибирге айдалдык. «Аа, эми бүттүк, кайрылгыс сапар, кайтпас жол, түрмөдө чирип өлөт деген ушул экен да». Кыскасы жалпыбыздын оюбуз ошондой болду. Биз көргөн азапты тозокко түшкөн адам да көрбөсө керек.

Эсиң ооп, көзүң караңгылаганына карабай аттын омуроосу менен урдуруп айдашат. Кайран Кыдыраалы балбан бутун тарта албай олтуруп калды, аңгычакты полицей жон талаштыра камчы менен тартып-тартып

жиберди, эмне баспайсың дегендей кылып. Көйнөк айрылып, камчы тийген эти жондонуп кызарып чыга түштү. Кыдыраалы балбан:

— Ушул кордуктан көрө бирөөңдү ала жатайын,— деп, алиги чапкан полицейди колдон алып, булкуп жыгып, кекиртегин мыкчый кармап жулуп алды. Полицей корр дегенге гана араң жарады, Кыдыраалыны атып салышты. Ошого өчөшүп бизди тындырбай алты күнү чөл менен айдап жүрүп олтурушту. Жан таттуу экен, курт, кумурска, чегиртке, койчу тамактан өтчү, өзүбүз билген жаныбарлардын баарын терип жеп олтурдук. Үмөтаалы төрө гана ичерге таза суу табылып калса ичип, «өлсөм да ыйманым менен өлөйүн» — деп башка наар татпай жүрүп отуруп, алтынчы күнгө караганда өлүп калды. Жетинчи күнгө жеткенде деңиздин жээгине жеткирип, параходко салды... Андан өткөндөн кийин поюзу менен алып барып, Москөөнүн түрмөсүнө камады. Андан кийин Иркут, Забайкал түрмөлөрүндө ит көрбөгөн кордукту көрдүк.

Биз: — Токо ошол абактагы башыңыздан өткөргөн окуялардан айтып бериңиз,— деп өтүндүк.

— Ээ, аларды кудурет экинчи башка салбасын. Түрмөдөн бирөө качты дегенче, бизди полиция тепкилеп жатып калат, аны тааныган, тааныбаганыбыз менен иши жок. Башка жаманчылык түшкөндө адам пендеси боорлошуп калат экен. Саткындар да болду. Орус элинин жолдоштукка бекемдиги артыкчылык кылат. Канча таяк жеп, эсим ооп, кен казып жүргөнүмдө, кабыргама таш тийип, алсыз, тилсиз жатканымда дагы оозума суу тамызган орус агайындар болду. Далай дос күттүм, дос эмей эле тууган болуп кеттик кийин. Түрмөдөн качырган да ошолор эле, артыкча Семен досумдун эмгеги зор болду...

Кен казганга жарабай калганымдан кийин төрөнүн атын бактырды. Орустун олчойгон төрөсү, аракты көп ичет, каардуу. Отурганда кемпири экөө бир чанага араң батышат. Эки күн мурун шашкеде кемпири экөө кайдадыр кетип жаткан учурунда — көнүч (кошос) алып келдик,— деп чес берип бакылдады. Төрө колун көтөрүп коюп жөнөп кетти. Орто жаштагы ыстарчын менин аткара турган иштерим менен тааныштырды. Кечинде төрө тили булдуруктап мас келди. Төрөнүн төрт кызы бар экен, атасын өпкүлөшүп үйүнө алып кирип кетишти. Ошентип иштеп жүрөм, иш ара эс ала калганда карагайдан балта менен сомдоп, ичин оюп, капкагын ка-

мыр менен чаптап, кыдырекей жээгине кайың мык уруп, балалайканын зымынан кыл тагып комуз жасап алдым. Чертсем үн чыкты. Сүйүнгөнүмдөн көзүмдөн жаш кылгырды. Болду эми катуу чертпейин деп эки жакты акмалап, комуздун үнүн акырын чыгарып черимди жазып алгандай болдум. ...Атаңдын көрү куу дүйнө, ак калпак кыргыз элимдин алаканга салынган ардактуу акыны элем, минтип алты атам көрбөгөн абактыда, аттын аягында чыла тазалап жүрөм, ушинтип жүрүп алты ооз кабарсыз өлүп каламбы...

Өзүм жалгыз баламын,
Өлсөм кайда каламын.
Кандай бир күндө калды экен,
Кагылам, апам, авалың
Томсоруп карап жүргөндүр
Топчубай жалгыз караным.
Айланып көрөр күн барбы
Алган жар, бала жамалын.
Обдулуп элге жетсем,— дейм,
Ойлонуп таппайм амалын.
Өмүрдү кайгы, муң чалды
Өрттөнсүн ушул заманың
Эмгегим, шорум арылып
Элиме качан барамын
Апамдын алып колунан,
Ардагым чыгып жолуман,
Анан мен өлсөм мейли эле
Арманым чыгып оюман,

— деп ырдап атам.

Сакалым ылдый куюлган жашымды токтото албай санаага чыланып олтуруп, төрөнүн кыздарынын жанына келгенин байкабай калган экенмин, мени карап алышып «бедный», «бедный» деп турушкан экен. Мен кыздарга тээ алыста карыган апам, жаш балам, жарым, эл журтум калганын, жалаа менен айдалып келгеними айттым. Бул кыргыздын «комуз» деген аспабы, силерге чертип бресем болобу деп уруксат сурандым. Алар жандили менен «пожалуста», «давай» деп калышты. Мен болгон өнөрүмдү аябайын, булардын көңүлүн тапсам экен деп черттим. Анан ошондогу черткенин бизге туурап берди. Комуздун күүсү да бузулбайт. Токомдун борсойгон курсагы бар болчу, ичин карай тартса таптакыр эле жок болуп калат, кайра «бөлт» деп, ыргып

кетет. Башынын куйкасын кыймылдатса топусу бирде чекесине, бирде желкесине, бирде сол жагына, бирде оң жагына жылып жүрөт. Же түшүп кетпейт. Биз дагы боорубуз катканча күлүп, оозубуз ачылып таң калганбыз.

## ОРУНБОРДО (ОРЕНБУРГДА)

Качып жүрүп, жолдо канча азапты көрүп Орунборго келишет, жанында Айдаралы деген бар экен, кийин «Айдаралы сибирчи» аталып калган.— Чоң кыштакка келип, бир чоң короого кирдик — дечү эле. Короого кирсек чачын артка кайра тарап, тарак менен кыстарып койгон бойго жеткен кыз бастырманын түркүгүнө жөлөнүп турат. Сөз айтсам капа болобу деп балалайкамды алып:

Орустун кызы барышна
Уяламын жаныңа
Уруксатсыз барышка.
Мүмкүн бекен кичине
Балалайка чалышка.
Мусапырбыз келаткан
Ырайым кылар бекенсиң
Бир күнү конуп калышка.

Кыз чуркаган бойдон үйүнө кирип кетти. Балакет баскыр шылдыңдады деп бир балээ кылбаса экен деп коркуп турганыбызда үйдөн жашы алтымыштардагы, сакалын кырдырган, семиз, нооча киши татар тилинде «кайерден келатасыңар» — деп сурап калды. Кыргыз элинин Кетмен-Төбө деген жеринен элек, башка иш түшүп, Сибир жакка түрмөгө түшүп, эми келатабыз,— дедим.

— Аа... Баягы 60 кишинин ичинде экенсиңер да,— дегенде коркуп кеттим.

— Коркпой айта бер. Мен алты жыл Оштун дооматтыгында найып болуп иштеп турдум (азыркы жибек зоотунда). Улгайып калгандыктан быйыл улуксат алып көчүп келдим. Келгиле, үйгө келгиле,— деди. Үйгө кирдик. Чай берди.

— Кыргыздын туурап жеген үйрүмө этине алты жыл жүрүп көндүм эле, силер да сагынгандырсыңар, короодон бир кой алып келип сойгула, мен да силер менен кошулуп жейин,— деди.

Койду Айдаралыга сойдуруп, чоң бир казан ичтүү можуга салдырып коюп мени ырдатты. Өткөн-кеткенден көпкө ырдадым. Бир маалда малайы эрип кетип — сен ям бечора, мен ям бечора, мен ушулардай бай болсом, ушул топума толтура акча берсем эчтеме болбос элем — деп, топусуна 20 тыйын салып астыма коюп, эшикке чыгып кетти.

Үйдүн ээси бизди аябай мээримдүү меймандап жылуу жаткырып, эртең менен ак бөлкөдөн бир мешокко толтура салып, шашкеде узатты.— Тетиги кара жол, ошого салгыла, поюз жолду жээктеп жүрсөңөр кармалып каласыңар араба жол менен четтеп жүргүлө,— деп узатып калды.

## КАЗАК ЖЕРГЕСИНДЕ

Ошентип, «жол азабы, көр азабы» болуп нечен окуяларга туш келип жүрүп, Меркеге жакын бир чөлгө келдик. Чөлдүн ысыгын айтпа, казактар өйдөлөп көчүп кетишиптир. Айдаралы суусап, турбай калды.— Ушунча Российден аман келип, эл-журтка жакындаганда өлүп калабызбы,— деп эсим ооп олтурсам, жогору жактан бир уй мөөрөп коктуга кирди. Сууну уй табат дечү эле деп артынан барсам, аштоосун алып кете элек экен, кудуктан тарткан суудан канганча жутуп, идиш жогунан топум менен сузуп алып Айдаралыга чуркадым. Ал күнү ошол жерге жатып калдык, ссуга пааналап. Эртеси күнү Меркенин Кум деген жерине жете келдик, көчкөн элдин артынан. Адегенде түрүбүздү көрүп шектеништи. Биз мусаапырлык жайыбызды айткандан кийин ишеништи окшойт, үйгө киргизишти. Керегеде домбура илинип турган экен, ала коюп комуздун буроосуна күүлөп, көргөн күн, тарткан азап, болгон окуяларды чубуртуп ырдап кирдим. Кеч бешимде жеттик эле, түн ортосуна чейин тамаша куруп, сүйлөшүп октурдук. Үй ээси: — Эндеше конактар эс алсын — деп, келгендерди таратты. Айдаралы экөөбүздүн жылаңаяк бутубузду карап туруп дагы бир кара улак союп жиберди да — алдагы аяктарың аяк эмес эле төөнүн төсүндөй шор (чор) боп капты, энди аяктарыңды тийгизип төсөккө эки жакты бастанып жатындар,— деп чанач кылып, туюк сойгон улактын терисин ысыгы менен бутубузга ороп салды. Биздин жаныбыз жер тартып, көшүлүп көзүбүз жумулган турат. Үй ээси: — Улактын эти шай кайнамда бысады гой, кишкине йуктамай турыңдар —

деп уктатпай, аңгемелешип аттык. Эт бышты. Бизди жаткан калыбыздан тургузбай эт менен сорпого тойгузуп, үстүбүздү жылуулап жаткырып койду. Башка чапкандай эле уктаптырбыз. Ойгонсок күн чыгып калыптыр. Бутубузга ороп койгон улактын терисин алгандан кийин таманыбыз эле ысыйт. Дагы эки күн жаттык. Экинчи күнү кечинде тамандын капталына чейинки бир кабат териси гөлөштөй эле коңторулуп түшүп калды. Ошентип андан аркы сапарыбызды уладык.

## ТОКТОГУЛ МЕНЕН ЭШМАМБЕТТИН УЧУРАШУУСУ

Эсенкул карыяга суроом:

— Токтогул менен Эшмамбеттин Бууракандын белиндеги учурашуусу кандайча болгон?

Карыя сөзүн улады.

— Ооба. Токтогул күзгө маал Нарын дайрасы тартылган учурда Жазы-Кечүүдөн өтүп, сарыбагыш Тобокел деген досунукуна жатат. Эртеси Саргатадагы Кулубай молдонун атасы Чакырбайдыкына жетип конот. Ал жерден Байгазы жаңы эле болуш болуп, Эшмамбет ага ырчы болуп жүргөнүн угат.— Айдоого кете элегинде Байгазыны маарекелерде көрүп жүрчүмүн,— дечү Токтогул.

Дөлөнбайдын айлы деген кедейирээк айыл бар эле, сагызган изи кар жаап койгон. Өгүзүнө өбөктөй минип, кой жайып жүргөн койчудан:— Тетиги кумдамага куш салып жүргөн кимдер?— дегенде;— Ал Байгазы болуш, Тогуз-Тородон туйгун алып келген экен, ошого коён куудуруп салдырып жүрөт,— дейт.

— Алардын арасында Эшмамбет барбы?

— Узун, чоң кара сакал, толмочу Эшмамбет.

Эшмамбет Таластагы колпоч элинен тентип келген жетим эле. «Ак-Бардак» деген ыры бар болчу, анчамынча кыз оюндарда ырдай коюп жүрчү. Күрөк дегендин коюн бакчу. Кийин Үч-Терек жакка өтүп кетип, чоңколордон кыз алып, тургулук болуп калат. Азыркы элдин айтымында акындыгы жетилип турган чагы экен. Бууракандын белин карай бастырып жөнөдүм. Ойлодум, адегенде ырдабайын, Эшмамбет бир деме десе, анан өзүнө жараша көрөйүн, деп боосу курдагы комузумду артыма кетирген сырткы чапандын этегин жайылта бастырдым. Эшмамбет тааный коюп эле:

Кунандын оозун керген бейм,
Кудайым чындап берген бейм.
Куюгуп элден арашкан,
Кургурум Током келген бейм,

— деп мага учурашып ырдай баштады. Анан мен минтип ырдадым,— деп, китепте жазылып калбадыбы, ошолорун ырдачу.— Экөөбүз ырдап бүткөндөн кийин гана келип учурашышты мени менен,— дечү эле Токтогул.

## АК ТУЯК

Эсенкул карыяга дагы суроо бердим:

— Токтогулдун Ак туяк деген аты тууралуу, ал жөнүндө ырын сизден жана Коргол акындан жазып алып киргизишкен. Ошол болгон окуясын баяндап берсеңиз.

— Кийинки жылы Аксыдагы Алибек датканын Сулайманкул, Шайдылда деген манап балдары чоң той берет. Токтогулдун айдоого кетерден алты ай мурун 60 козуга сатып алган Ак туяк асый чыкма аты опустун шылтоосу менен Шайдылданын колунда калат. Анткени Токомду Авлетимдеги найыптын тапшыруусу боюнча Жуманаалы болуш карматып кеткен. Жуманаалы менен Керимбайдын куда-сөөктүк байланышы болгон. Атты Шайдылда минип жүрөт дегенди угуп Токтогул Кайназар деген белдүү тууганына:— Менин Ак туягымды Шайдылда минип жүрүптүр. Ат меники деп талашканга «түрмөдөн бошонду» деген документ кагазым жок. Сен Эшмамбетке кабарчы жиберип алдырып бер, экөөлөп ырдасак, эл-журт эмеспи, калыстыкка койсок алып берер,— деп маслет салат. Кайназар макул болуп Эшмамбетти Коңур-Өгүздөн чакыртып берет. Анан экөө Жоон-Сөгөт, Түндүк деген ашууларды ашып Аксыга барат. Той башталып торпок союп, ичеги-карынын алып таштап, улак тартуу башталат. Ак туякка самаркан ээр токуп, бир улакчы жигитине чаптырат. Улакчы Ак туяк менен додону качырып кирип, улакты эңип алып, жалга жапма уруп, эки бутту ашырып өөдөгө чыгып, кайра ылдый качырганда алдына ат чыкпайт. Удаасы менен эки жолу таштагандан кийин ээрин алып, жайдактап, жаңгактын көлөкөсүнө байлап койсо Ак туяк чуу чыккан жакты чакчайып карап, ойноктоп турат,— дейт.

Токтогул ошондо: «Аттиң! Жартыга бүтүп, бүтүнгө буюрсун,— деген ушул да, 60 козуга алып, алты ай минбей, минтип Шайдылданыкы болуп турат»,— деп жашыйт. Током Эшмамбетке — Кана эми экөөбүз ырдаар чак келди, элге салып болсо да Ак туякты алалы,— дейт. Ошондо Эшмамбет:

Баш бургун, Шаке сөзүмө,
Башкача артык көрүнөт.
Баарыга маалым Ак туяк
Байкасаң Токоң көзүнө,—

деп жанагы китепке чыккан ырды ырдашат. Шайдылданын үч катыны бар экен, ортончусунан туулган 6 жашар эркек баласын Алибек датка өзү атка өңөрүп, чапанын желбегей жамынып дөбөдө турган экен. Элдер улакты таштап эле дүрбөгөн бойдон жабылып Шайдылданы курчап калышат. Алибек датка: — Бу биздин аксылыктар улак дегенде өлгөн эл эле, аны таштап эмнеге Шайдылданы тегеректеп калды? — дейт жигитине.

— Датка, Ак туяк түбү Токтогулдун аты экен, ырчылар ошону сурап ырдап атышат. Болуш башка ат берейин деди ага болбой эле Ак туякты сурап ырдашып атат,— дейт жигити. Алибек датка: — А жиндиңди өлөр жерден кармаган экен. Токтогул бир тайга кулап түшмөк беле, дагы угуп келчи,— деп жиберди жигитин. Ал кайра келип Шайдылда болуш Ак туяктын ордуна үч катынымдын бирин алсын деп жатат,— дейт. Алибек датка аябай ачууланып: — Кайран эмгегим. Өз күчү менен болуш болгонсуган жинди. Кумга сийген турбаймынбы. Бар, жиндиңе! Ак туягын берсин, антпесе Токтогул болушуңдун шермендесин чыгарып элге жайып жиберет. Бир бээнин тезеги үчүн абийиринен ажырап калат,— дейт. Жигит келип: — Болуш, Датка атам капа болуп атат, Токтогулга буйрубаган бир тай Шайдылдага буюруйт бекен, берсин деп атат,— дегенде,

Шайдылда:

— Токтогул ал атыңды, ал да атаңа аш бер,— деп атын моюнга чаап, бастырып кеткен дейт.

## АЛИКЕЕВ ЖОЛДОШТУН ЭСКЕРҮҮСҮ

— Сиздин Токтогул менен тууганчылыгыңыз кандай?

Жолдоштун жообу:

— Сатылгандан Токтогул, Ороз.

Ороздон — Алике, Аликеден — мен. Токтогулдан — Бабажан. Токтогул менен Алике кыштоону бирге кыштап, бөксө жайлоону бирге жайлашчу. Токтогулдун Эш деген жалгыз бир тууганы өлүп калып, Бурма апам Аликенин бир тууган иниси Майынбетти багып алган. Ал да өлүп калган. Андан азыр бир кыз бар.

Током эки жакка көп кетчү, бардык түйшүк эле атамдын мойнунда калчу. Ырдап таап келген малын туугандарына бөлүп берчү. Өзү мал күтчү эмес. Бизди Атаян уулу деп коёт. Кээ бир туугандары Токомдун бөлүп берген малына таарынчу, «мага начары тийип калды» деп. Атам Токомо:

— Айтпайсызбы, жарыктык. Сиз ошончо эле булардын милдетин алдыңыз беле. Малы аз келгенсип алып келген жем, чөптү да бөлүп бересиз,— деп капаланса:— Э, мейли, тууганспп атышпайбы, эмки болгонунда дурусураак берип коём дечү. Ачууланып туугандарынын көңүлүн калтырганын көргөн жокпуз.

## БЕКТАШ ӨМҮРАЛИЕВДИН ЭСКЕРҮҮСҮ

Токомдун кызы Гүлсара менден эки жаш кичүү эле. Азыр ойлосом 1933-жыл экен, мен он бир жашта элем, экөөбүз ойноп аттык эле, ал мени бир чаап алып качып жөнөдү. Үйүнө кире качты. (Аябай шок болчу.) Мен артынан кууп кирип, ата-энесин көрүп Токомдун жанына олтура калдым, ал Сейдимкандын колтугуна кирип бүжүйүп, мени карап калды. Током менен Сейдимкан кандайдыр кер-мур айтышып аткандай.

— Тапкан-ташынгандарыңды алып келип, жакшылыгы тийген, тийбеген деле туугандарыңа бөлүп берип атасың, деги бирдеме жыйсаң боло, көзүбүз өтүп кетсе балдар кантип оокат кылат?— деп Сейдимкан наарazыланып калды. Током: «Мен өлсөм да, өлүгүм багат силерди» десе, Сейдимкан:— Сенин тирүүңдө багып, өлгөнүң калыптырбы — дейт. Током кайра ага акыл, насыят сыяктуу сөздөрдү айткандай болду. Мен олтурбайын деп эшикке чыгып кеттим.

* * *

1932-жылы ондо элем. Ылдый келе жатсам Током учурап калды, атчан экен:

— Эй сен кимдин баласысың?

— Өмүраалынын баласымын.

— Мен Токтогул ырчымын, сен атаңа барып «ата мен Токтогул ырчыны чакырып келатам» — деп айта аласыңбы?

— Айта алам.

— Анда атаңа ошентип айт,— деп атчан артыман ээрчип алды.

Атамды көрөрү менен Током салам айтып, оозун жыйгынча, мен аптыгып кетип эле: — Ата, Токомду үйгө чакырып келатам,— деп ийдим. Атам күлүп жаткан: — Кагылайын Токо, балам сизди чакырганга жараганына төбөм көк тиреп калбадыбы. Анжиян, аркага кетет экенсиз, ошентип жүрүп эле биздин колго тийбейт экенсиз. Сизди балам чакырып, кудай айдап бизге жеткирбедиби,— деп эле Токомду аттан түшүрүп калды. Током да күлүп: — Балаңдын баштыгы бөксө болгону менен басканы чыйрак. Пейли кенен, пендеге жугумдуу адам болот, ушунун убайын көр Өмүраалым, балаң чакырбаса үйүңө киргизбей коймок белең,— деп үй жакка басты. Кечинде айыл-апа түгөл жыйылды. Эл Кедейканды суранды. Эсимде калганы Азимкан бир баласын суудан өткөрүп бараткаңда берки өйүздө калган баласын карышкыр көтөрө качканын айтканда ыйлабаган адам калган жок. Мурундарын шуулдатып өзгөчө аялдар аябай ыйлашты. Ырын токтото коюп эле короо кайтарган келин-кыздардын ойну тууралуу сөзү менен араластыра ырдап, тили тантык эрке кыздын сүйлөгөнүн туурап боорду катырды. Ошентип бир ыйлатып, бир күлдүрүп олтуруп, таң атырды. Чоң кишилер менен уктабай балдар да олтурдук.

Элдин алкаганын айтпа. Айланайын Токо адамдан өзгөчө жаралган пендесиз, ылайым эки дүйнөдө өлбөңүз,— деп алкап тарашты. Атам Токтогулга «Бабажаныңа бир тай энчилеп...» дегенде эле калганын айттырбай:

Өмүралы, тай берсең да албаймын
Анын
Жем-чөбүн кантип камдаймын.
Отуз боо беде бересиң
Ошонуңдан калбаймын,

— дегенде эл дуу күлүп жиберди. Атамдын Асанбек, Калдарбек деген жээндери бар эле, кечинде эки өгүзгө сылай жүктөтүп жеткирип берди.

## ТОЯЛИЕВ ЖУМААЛЫНЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

1930-жылы ШКМда (школа крестянской молодежи) окуп жүргөндө Токтогулду көрдүм. Мугалимдердин жетекчилиги менен окуучулар оюн коюшту. Токтогулду атайын ШКМга чакыртышкан экен, жаңы закон, жаңы тартип, жаштар жөнүндө ырдады.

## ОРОЗАЛИЕВ ЖОЛДОШТУН ЭСКЕРҮҮСҮ

Тестиер болуп калган чагым. Караганды-Конушта элек. Кымыз чыгып калган. Током, Кулуке дагы бир топ атчан келатып, биздикине кайрылып калды. Атам Токомду атынан колтуктап түшүрдү. Мен атамдын тизесине келип олтура калдым эле, Токомдун:

Орозаалынын сарысы
Ойноп турган дарысы

дегени оюмда калыптыр. Аңгыча бир кесе кымызды жутуп ийип, комузун колуна ала коюп, «кайра куй, кайра куй» деп комузун чертсе комузу да «кайра куй, кайра куй» дейт. Кыраан каткы күлкү. Дагы кесеге куюп келди кымыздан. «Талкан чал», «Талкан чал» десе комузу дагы «талкан чал», «талкан чал» деп таптак сайрайт. Андан бетер күлкү. Током Далимкан деген иштүү аялга чапан тиктирем деп келаткан экен.— Жок, бүгүн биздикинде болосуз,— деп Кошаалы, Орозаалы дегендер жибербей алып калып, аябай ырдатышты. Ошондо Токомдун комузу жөнүндө бирөө:— Жарыктык, комузуңуз керегеде илинип турса деле, күүгө келип турат окшойт. Мунун сыры эмнеде?— деп сурап калды.

— Ээ, жел тийгенде комуздан үн чыгат, а күүгө келип сайрап ийгенин көрө элекмин. Бирок Өтө-Кечүүгө барсам, Өрүктү-Колоттун күңгөйүнүн таттуу дан өрүгү болсо, бүрү түшкөндө кыйсам, кышы менен кыкка көөмп, жайлоого кетерде сомдоп, кумга көөмп койсом, күзүндө чапсам. Тогорок (бака терек) теректен капкактап, кара козунун ичегисинен таксам, анан не «Токтогул», «Токтогул» дебесин,— деп комузун чертсе комуздан дагы «Токтогул,» «Токтогул» деген үн чыгат. Эсимде калганы ушулар.

## КОЧКОРОВ ИЛИПТИН ЭСКЕРҮҮСҮ

1932-жылы Током «мен болсо картайдым, баламдын тоюн көзүм барда берейин» деп айыл-апа тууганларын чакырып той өткөрдү. Током бир аз ырдагандан кийин эле, Кулуке калтырбаш деген ырчы бар эле, Токомо жакын тууган болчу, дайыма өгүз минип жүрчү, ырчылар менен айтышса аттын үстүнөн оодара тартып, жерде болсо баса калып төпөштөп ийчү экен. Бир тобу коркуп айтышчу эмес экен. Ошол Кулуке Токомо карап: — Сен машайык болуп кетсең да бул тоюнда мен ырдайм,— деп калды. Бирөө «Эй, Кулуке, кичине коё турчу, Токомдун ырын угуп алалы десе, Кулуке: «Эмне, өзүнүн тоюнда өзү ырдайбы? «Эй, Токтогул, эй, шыбырчы, кайсыл жер болсо эле сен ырдай бересиңби! Бүгүнкү кезек меники» деп, корулдаган үнү менен балдыр-шалдыр ырдап, элди күлдүрүп атты. Корулдап, дарылдап уят-сыйыттарын деле аралаштырып кирди. Током күлкүчү киши эле, өзү да күлүп.— Ой, Калтырбаш, балдарды кашыңдан качырбай, жөн ырда десе: — Уккусу келип араң олтурат аларың, калп эле качымыш болушат,— дейт. Током: — Бул кудай урган болбойт эми,— деп туруп кетти.

## ОТОР УУЛУ ТАЙЧЫКТЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

*(Тайчыктын өз оозунан Мырзабек Базылов 1984-жылы жазып алган)*

1912-жылы Төр-Жайлоодо боркелик Райымбектин ашы болду. Ашка Анжыян, Талас, Нарын, Көлдөн бери чакырылып, манаптардын бардыгы келет. 300дөн ашык үй тигилип, аш көпкө созулат. Жалаң эле Кетмен-Төбө, Аксыдан отузга жакын өнөрпоз барат. Аштын жарчысы атактуу акын Балыктын уулу Найманбай болот. Ар бир манап өзүнүн балбанын, акынын, комузчусун ээрчите келет. Дыйканбайдын ырчысы (аты, унутуп калдым) Ырыскулбектин тукумун, өзгөчө Дыйканбай манапты көкөлөтүп мактап ырдап кирет. Дыйканбай манап: — Бу сенин менден башка мактаар адамың жокпу,— деп кабак үйрүйт. Анда бир аттуу-баштуу көрүнгөн бирөө: — Кайнар булак кайнай берет да Дыйкан, ырчынын айтканына эмнеге теригесиз, ал да жарашкан кишиге жарашат. Жарашканда Сарбагыштан Шабданга, солтодон

Байтикке, Бугудан Чыныбайга, Саяктан, даткам, өзүңө жарашат, анын эмнесине тырчыйсыз, сок сого бер, ырчым,— дейт.

Түнкү олтурушта акындар уктаган жок, ар үйдө тамашалар болуп жатты. Ашты Байтик менен Байзак башкарып жүрдү. Найманбайдын үнү абдан бийик экен, Райымбектин жети атасынан бери мактап, жыйында жар чакырып жүрдү. Аксакалдардын айтууна караганда Найманды жарчылыкка Түркмөн менен Мырзабек манап сүрөп койдурган экен.

Найманбай:

Уулуң урум айтканда
Улукка аш берип жатканда,
Унчукпай койчу мен эмес,
Укпай койчу эл эмес.
Мырзабек, Түркмөн эки дөө мени,
Кызматына чапканда.

Төрөлөр тоюн тартканда
Төрөгө аш берип жатканда.
Тыңшабай койчу эл эмес,
Төкпөй койчу мен эмес.
Көкүмбай, Курман атайы
Кызматына чапканда.
Аштын менмин жарчысы
Айылга жарлык салчусу.
Айтканыма бергенди
Айгырга жүктөп алчусу,

деп эле катар турган ырчылар тарапты карай бастырып, Токтогулга тийише баштайт:

Саяктан чыккан Токтогул,
Санатым айтам токтой тур.
Сарттардан чыккан Токтогул,
Самсаалаган томаяк,
Санжырам айтам токтой тур.
Менин атым сурасаң,
Балыктын уулу Найманбай.
Абайлап тыңшап олтурсаң,
Ар сөзүм көзгө сайгандай.
Менин жайым сурасаң,
Чоң Байтиктей байым бар.
Карындап каткан майым бар.

Мен бүгүн,
Сайрай турган жайым бар.
Сары өзөн Чүйдүн боюнда,
Үч жүздөн ашык коюм бар.
Томаяк ырчы Токтогул.
Сени,
Тоорушуп жыкчу оюм бар.
Кырктан ашык жылкым бар,
Жолугушка сен менен
Башынан берки шертим бар.

Эл дуулдап басылды. Токтогул:

Сен Солтодон чыккан Наймансың
Салт билбес начар жайдансың.
Байтиктин ашын аңдыган,
Шалпаң кулак тайгансың.
Башканын сенде иши эмне,
Байтигиңе керексиң.
Башка ырчыга жулунган,
Байлоодогу дөбөтсүң.
Малыңды санап Найманбай
Мактаныч кылып атасың.
Ажалың жетип, күн бүтсө,
Арга жок кайда качасың?
Сен өлгөндө малыңды
Кариктик кылып балдарың
Кара ашына сойбосо
Молдолор бербес батасын.
Кайран малдан айрылып
Кантип сен,
Караңгы көрдө жатасың.

Эл дуулдап күлдү. Байзак жана башкалары мурчуюп турушту. Ызага ууккан Найманбай кайра баштады:

Эмесе, айтам жарыя,
Угуп тургун, калайык,
Таап алсын Токтогул,
Табышмак ырга салалык.
Долонону башынан,
Тоңкулдаткан ким болот?
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган ким болот?
Тумшугу жок куш салып,

Турнаны алган ким болот?
Эбин таап жыгачты
Эпетеп алган ким болот?
Жалгыз жыгач ичинен,
Жайнап алган ким болот?
Жаккан оту жок туруп,
Кайнап алган ким болот?

Токтогул:

Долононун башында,
Токулдаткан токмокчу.
Кара сууну кайнатып,
Каймак алган эмгекчи.
Тумшугу жок куш салып
Турна алган тузакчы.
Туура сөздү айтпаган.
Тумшуксуз сендей ушакчы.
Эбин таап жыгачтан,
Ийип алган элекчи.
Жалгыз жыгач ичинен,
Жарып алган челекчи.
Жаккан оту жок туруп,
Кайнап алган кыбачы,
Табышмагың калдыбы,
Жайкандаган жел өпкө
Жана болсо сурачы?!

Ушул жооптон кийин Найманбайды бирөөсү атын суулуктан алып жетелеп кетти, кызы өзүлөрү жактан болсо керек. Токтогул баштаган шайырлар эл арасында ого бетер тамаша куруп атышты.

## УУЛМАН МУРАТАЛИЕВАНЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

*(Бул эскерүүнү Мырзабек Базылов, Уулмандын өз оозунан жазып алган.)*

1919-жылы басмачылар келип, айылды талап, кийимди тытып, өзүмдү кордоп кетишти. Буга себеп боюм сөлөк (өскүлөң) кыз элем, эркек балдар менен аралаш өсүп, жамактап ырдап жүрчүмүн. Басмачылардын ырчысын айтыштырганынан жеңип койдум. Анан алар ызасына чыдабай мени ошентип кордоп кетишкенден кийин минтип зар какшадым.

Ала тоо турат муңайым
Армандуу кылдың кудайым.
Абийирим ачты басмачы,
Айласын кандай кылайын.
Желдеттер колум толгоду,
Жалынсам дагы болбоду.
Кызыл кан кылып денемди
Кыз кезде минтип кордоду.
Айланам коргон тоо болду,
Азабым аска зоо болду.
Арачалар киши жок,
Алышканым жоо болду.

Жаман аттуу болуп калдым, эми мени эр албайтко деген ойдо калдым. Багыштардын айлында кулагы дүлөй, көзү чалыр, бирок анча-мынча мал-мүлкү бар, жашы өтүп бараткан бир адам, мен жөнүндөгү каңыртты укканбы, айтор, астыртан куда түшүп жазга чыгарбай алып кетти.

Айлыбыз бир болгондуктан алигини аргасыздан эр тутуп олтуруп калдым. Ошол жылы Турдаалы, Батыраалы, Ныязаалы, Шабдан, Борбу дегендерди басмачылар зордуктап кармап кеткен. Айлыбыздын тигил адамдарын, коргонго камап алып атмак болушат, бирок суу кечкенде мылтыктары ок дарысы менен сууга тийген экен, атылбай калат. Аман Палбан, Турдуматтын баш кесерлери Шалпылдакта туткундарды өлөрчө сабап кордоп жатканда, ырчысы минтип ырдайт:

Кармашканды жайладың,
Каршы келсе төртүнчү,
Кара эшек кылып айдадың.
Алышканың жайладың,
Алдыңа келсе төртүнчү,
Ак эшек кылып айдадың.
Азаматсың Палбаным,
Атышам деген кызылдын.
Артына колун байладың.

Ошол жылы жайында Кара-Сууда Жанайдын ашы болуп калды. Он сегиз болуштан эл келди дешти. Женелерибиз Жанайдын кызы эле, кошулуп мен да барып калдым. Катар-катар аппак боз үйлөр тигилген. Ырчы-комузчулардын баардыгы ошол жерде экен. Кабарымды уккан Током мени чакыртып алды. Ал жаңы заман жаралып, эркиндик келгендиги тууралуу ырдап олтур-

ду. Мага кайрылып: Сени жамап ырдайт дейт, капа ырдап койчу, бул ырчылар да уксак деп эңсеп жатышат,— деди. Ошончо ырчылардын арасында кандай аял заты ырдамак, сүрдөп, унчукпадым. Насыят айтты, ага да унчукпадым, нымтырайм. Өзү кайра комузун алып:

Алтын кемер түймөңдү
Чечпейсиңби, Уулман.
Азыркы жаңы заманга,
Өтпөйсүңбү, Уулман.
Акыл ойдон ашык сөз
Төкпөйсүңбү, Уулман.

Күмүш кемер түймөңдү
Чечпейсиңби, Уулман.
Гүлдөгөн жаңы заманга
Өтпөйсүңбү, Уулман.
Күтүп турат калың эл
Төкпөйсүңбү, Уулман.
Уяң болбо эмитен
Уяңдык акыр кемиткен.
Урматка элиң жеткирет
Укмуштай экен периштең.

Ошол убакта биздикилер басмачылардын уюгун билип калып, капысынан басып, бирок алардын корбашысы болуп качып кетишет да, колго түшкөн туткундарды куткарып калышат.

Басмачынын колго түшкөндөрүн айдап келишет. Алиги ырчысын Ныязаалы таанып калат. Бээ саап жүрсөм Ныязаалы мени чакырып: — Баягы басмачынын ырчысын мен сабайын десем эл ажыратып койду, сен анын айыбын ачып, элге шерменде кыл,— деди ачууланып. Мен комуз алганда эле ал ырчы менин кордолгонумду, кор болгонумду айтып шерменде атады. Мен кезегинде:

Артынан жоонун качкансың,
Аюудан жаман сапсаңсың.
Ныязаалы акеме,
Эки жума жаткансың
Тууганымсың, досум деп
Тузун далай таткансың.
Жакшылык кылбай акыры
Жамандык ишке саткансың.

Аман Палбан, Турдумат,
Аларга нээт арткансың.
Жүзүкара каракчы,
Кызылдарды жамандап,
Эшекке теңеп айткансың,

— деп, колдон келишинче кордодум, кошулуп жүргөн жолдоштору анын куйту экенин билгенден кийин башын жара чаап салышты. Кан шорголоогон бойдон атка минип качты. Током ошол жөнүндө уккан экен:

Саналуу болбо эмитен,
Санаалар жанды кемиткен.
Жалпы элиң сыйга жеткирет,
Жаркылдап турат периштең,

— деп ырдап жиберди. Токомдун асыл сөздөрүнө көңүлүм эргип кетип:

Ай чыккан жаңы ободон,
Тагынган сөйкөм колодон.
Алты айдан бери карата
Кутулбай жүрөм жалаадан.
Алганым жайсыз болгон соң
Арылбай жүрөм санаадан.

Камыгып батып санаага,
Качкым келет талаага.
Кайран өмүр, гүлдөй жан,
Кор болобу арада.

Күн чыккан жаңы ободон,
Күтүнгөн сөйкөм колодон.
Күн өткөн сайын саргайып,
Кутулбай жүрөм жалаадан
Күйөрүм жайсыз болгон соң
Күйөмүн түпсүз санаадан.
Кара тоо башы бор болду,
Кара жибек тор болду.
Калың багыш элимден
Каада күтүп тийгеним,
Жедиргелик кер болду.
Кандай айла кылайын
Кайран жаным кор болду
Караны кийсем чыраштап,

Калкымда жүрсөм буластап.
Кадыркеч болсом сүйгөнгө
Каран түн артын жыластап.
Каалагандай бир турсам
Кара боюм ырастап.
Кызылды кийсем чыраштап,
Кыздардай болуп буластап.
Кыялкеч болсом сүйгөнгө
Кыйналган күндү жыластап.
Кылчакташып бир жүрсөм,
Кымча бел боюм ырастап.

Агын суунун аралы,
Агала тоонун маралы.
Маңдайы тайкы экенмин,
Маралдай болгон жаралуу.
Кордукту көргөн биздейди
Колдосо жаңы заманы.
Ачыгын айтсам, Токо ава,
Азапта жаным камалуу.

Мен комузду Токомо сундум. Эл дуулдап: — Алганы жараппай жүргөн экен бечаранын дешти. Ошондо мен он төрт жаштагы келин болчумун.

Токтобой, Уулман, сайрай тур,
Тоо гүлүндөй жайнай тур.
Топ жыйындын ичинде
Торгой тилиң кайрай тур.
Булбулум, Уулман, сайрай тур,
Буулуккан тилиң кайрай тур.
Бугунду айдап ичиңен,
Буралган гүлдөй жайнай тур.
Келин атка конупсуң,
Кенен ырчы болупсуң.
Тамга-Терек жериңден
Чебер ырчы болупсуң
Жаратылыш элине
Берген ырчы болупсуң.
Жаак, тилиң чарчабай,
Керген ырчы болупсуң.
Жадатпаган элиңе
Эрмек ырчы болупсуң.
Айтканда тилин сермеген,
Акынсың сен да эл менен.

Ак куштай сөзгө алгыр бол
Айланып таап жем жеген.
Көкөлөп учуп дембе-дем,
Көрүнсө жемин сермеген.
Көк туйгундай экенсиң,
Көрүнөсүң эл менен.
Көмөктөш элиң кедейлер,
Көп тилектеш сен менен.
Асмандап учкан буудайык,
Атты эми таңың кылайып.
Акылсыз неме кейптенип,
Арманың айтпа муңайып.
Арманың укчу заман бар
Ачыгын ырдоо ылайык.
Көкөлөп учкан буудайык,
Көрүнду таңың кылайып.
Көп эле жашык адамча
Көлдөтпө жашың муңайып.
Ушул жашың барында,
Умтулуп ырдоо ылайык.

Мына эми сен жаркыраган замандын адамысың. Кааласаң ырчылардын катарына чакыртып алам,— деди Током.

Кийинки жылы чоң маареке болуп, мени чакыртып алды Током. Эл аябай көп келди. Манаптар булкунтуп буудан минишип, кулпунтуп булгунду кийишип азем менен тоодон түшүп келишти.

Током ак боз ат минип, жар чакырып ырдап жүрдү. Ошол кезде Кетмен-Төбөдө ырчылардын көптүгүн айтпа. Комузчуларын кошкондо отузга жакын бар эле. Кызыл аскерлердин чоңу Аксыдагы Осмонбек манаптын баласы Арыстанаалы дешти эл. Аскерлеринин тартипке көнгөнүн айтпа. Энелер да он ай көтөрүп, омурткасын сыздатып баккан балдарын өз буйругуна мынчалык көндүрө албайтко. Ушундай адамдары бар кеңеш өкмөтү душмандарын кантип жеңбесин деп ойлодум. Кызыл аскерлер элди курчап турду. Чамасы жаңжал чыгып кетеби деген ойдо болушса керек. Тактайдан жасалган сереге Арыстанаалы баш болгон орус, кыргыз, өзбек ж. б. улуттагы адамдар чыгып олтурушту. Током басмачылардын элге көргөзгөн кордугун айтып, азап көргөндөрдүн ичинде менин атымды да кошуп ырдап кетти. Мени сереге чакырышты, аябай сүрдөдүм. Муунум калтырайт. Током мага карата ырдады:

Ана, кордукту көргөн кызыңар,
Көргөн күнүн айт десең
Көзүнүн жашы сызылар,
Андыктан ырга кошо албай
Аргысыздан кысынар.
Уулмандын көргөн кордугун
Уксаңар көөнүң бузулар.
Көөдөнүндө көп сөз бар,
Көкөлөтүп учурар.
Азаптан жашка жуулган,
Айтып бер өзүң, Уулман,
Басмачылар, бузуктар
Басынып элден куулган.
Аскериң турат кашыңда,
Ар кайсы элдик уулдан.
Орунду берди ардактап
Сага
Ортодо сере туурдан.

Токомо ыр менен жооп бере албай көргөн кордугумду сөз менен айтып келип, анан ырдап жибердим.

Кызыл аскер бүгүн мен,
Кубат алдым түрүңдөн.
Басташа албай басмачы,
Баарысы азыр жүгүнгөн.
Катарында турушат,
Кайран элдер бүлүнгөн.
Жайнап гүлдөр маалында
Жалбырагым күбүлгөн.
Кайгым турар билинип,
Каргылданган үнүмдөн.
Карайлаган басмачы,
Каргыш угуп тилимден.
Жүзү курсун деп айтам
Жүрөгүмдөн тилинген.
Акыйкатка туш болдум,
Айланайын күнүмдөн.
Азапты көрдүк турмуштан
Азыр,
Адилет заман тургузган,
Таанымал болуп чекеге
Тагынган кызыл жылдыздан,
Арыстанаалы башкарып,
Алышкан жоосун жайлады.

Аскерин курап кыргыздан,
Калкына жыргал тилеген.
Калың жоону жиреген,
Кан соргучтар оолукса
Кардына канжар тиреген.
Жети атар мылтык асынган,
Желдетти тике качырган.
Желмогуздай шүмшүктөр,
Жекеге чыкпай басынган.
Жетилген кызыл аскерлер,
Жеңиштин таңын атырган.
Кордукту көргөн мен элем,
Короодо малга тең элем.
Кара жаак авам Токтогул
Кайратың айткан сен элең.
Катын да болсом, эркектер,
Эми катарыңа теңелем.
Айтышта намыс бербеген,
Атырып түндү термеген.
Актандай акын Токомо
Адам да жоктур эрибеген.
Катындан ырчы чыкса деп,
Каалаган ушул жергеден.
Катын да болсом тилектеш
Каралдым калкым сен менен
Кайрымдуу кеңеш өкмөттүн
Кайратынан шерденем.
Караңгы күндөн арылдык,
Катынга теңдик бербеген.
Келишти кызыл аскерлер
Кеңешип курган ордодон.
Калкалап басмачылардан
Калың элин коргогон.
Карасак кызыл аскерлер
Калкымдын азыр канаты.
Канаттууга кактырбай
Кайтарууда санаасы.
Атам Манас чоросу,
Айланайын аскерлер
Арыстанаалы командир,
Азыркынын Манасы.

Эл сүрөп атат, кара буум чыкканча ырдадым. Током менин ырымды дароо эле улап кетти:

Мынабу
Карап турган чоң манап,
Караталды карачы.
Катындан ырчы чыкканга
Кайгырып турат санаасы,
Бул
Байгазы деген чоң манап,
Башынан чыккан зор манап
Катындан ырчы чыкканга
Караган сайын таң калат.
Ээ,
Кара сакал Кайназар,
Уулман
Карындаш болот билип ал.
Капа болбо көп эле
Кайын да болсо тилин ал.
Байкуш кедей батырак,
Байкагын сөздү азыраак.
Жаңы заман күнүндү
Жакшылап кара асырап.
Бардык кедей-кембагал
Бай-манап сага тең дешет.
Теминбегин, манаптар,
Теңдик күчү эми өсөт.

Эл дуулдап сүрөдү. Кызыл желек желбиреп, сакалчан кашка баш адамдын чоң сүрөтүн серинин артындагы чоң теректин бооруна илишти. Адегенде орус адам сүйлөп, аны Арстанаалы кыргызчалап айтып берди.

— Эзилген элди эркиндикке чыгарган замандын жетекчиси, улуу төңкөрүштү уюштурган ушул адам, аты Ленин! Эми бийликти эл түзүп, эл өзү башкарат. Бай, кедей болбой, баары бирдей жашайт.

Ошондогу элдин толкундаганын айтпа. Ошол жыйында ата-бабасынан бери бийликте келген Керимбайды болуштуктан түшүрдү.

## СҮЙӨРКУЛОВ АЙТМЫРЗАНЫН ЭСКЕРҮҮСҮ

Током комузун көбүнчө мага сомдотуп, күлгө же кумга көөмп коюп, күзгө маал чапчу. Адегенде өрүктү жарып, кыкка көмчү сомдоордон мурун. Балыкты деген өрүктүү жер болот. Бир жолу Атантай дегенден төрт өрүктү алдырып келип таштады. Мен сомдоп койдум, тору кашка атына өңөрүп алып кетти. Бир жолу

«Токо, мага дагы бир комуз чаап бербейсизби, эстелик кылып алып жүрөйүн. Ошого карап өзүм да чаап үйрөнүп алайын десем», «Болуптур, жасап берем»,— деди. Кийин Ак-Таш деген жерге барып аралаш конуп калдык, Током Сейит деген кайын журтуна аралаш конду. Атамбек деген менин бөлөм бар эле. — Током мага комуз чаап берем деди эле, ошону алып келели,— десем макул болуп кошо барды. Биз барсак Сейдимкан (аялы) кир жууп аткан экен. — Үйгө кире бергиле, мен азыр бүтүп барамын,— деди. Токоң сыркоолоп атат дегенинен кирсек ал киши ойгонуп кетти. Мен баягы айткан комузду алайын деп келдим дедим. Атамбектин таятасы чоң комузчу эле. — Кана, сен чертип көрчү деп суранып калды Током Атамбектен. — Сиздин «Кандай аял тууду экен Лениндей уулду» деген ырыңызды комуз менен ырдап берейин,— деди. Атамбек чертип ырдады, бирок тамагы (үнү) бузулуп калган эле. Током мени угуп:

— Күүнүн башын бир чертип, аягын бир чертип сен арбыта албайсың,— деди. Мен, сиз комуз жасап берем дегенсиз, ошону алгандан кийин жакшылап үйрөнөм, анан комузду да өзүм чаап алчу болом,— десем Током:

— Мына алты комуз турат, аягыңкысы бала комуз, сага ылайык. Комуз чапсаң Кулукенин жан аягындай кылып чаппа. Сары устанын комузу тайлык комуз, Эшимбектин комузу койлук комуз, Кулукенин комузу улактык, козу болсо да көбүрөөк болот. Комуздун мына бул көчүк жагы кененирээк болуш керек, ошондо көөдөнүнөн сүйлөбөй көчүк жагынан сүйлөйт. Көөдөнүн тарыраак кылыш керек,— деди. Мен Токомдун комузун абдан берилип карап көрдүм. Бардыгы Током айткандай экен.

— Ушул комузду сага берейин, ичин оюп аласыңбы? — деди.

— Муну мен Нуркулга ойдуруп алам,— дедим.

— Берем ушул комузду кайниме десе, Сейдимкан эже:

— Эмне, бул комузду Айтмырзага берген атасыңбы? — деп калды.

— Бирди берейин, дайыма комуздарымды сомдоп берип турчу эле.

— Сен эми аз күндө Таласка барам деп турасың, өзүңө кереги тиет, Айтмырзанын ыры менен күүсү бир жакка өтүп кетип баратыптырбы, күздө же жазда чаап берерсиң,— дегенде, Током:

— Мейли анда, ушул комузду сага күздө берем,— деди.

Ошентип комузду мага бербей калды. Күзүндө маңдай жактагы Сарбагыштагы таякелериме өтүп кеттим. Кийинки жылы жазга жуук «Токтогул өлдү» деп угуп калдык. Батага барганда Сейдимкан эжеге айттым,— баягыда Токомдун комузун бердирбей койдуңуз эле, эми бирөө-жарымы калса бербейсизби? — десем: «Калган жалгыз комузун Кулукенин Абдиси алып кетти»,— деп койду. Ошентип Токомун чапкан комузунан ала албай калдым,— бирок ошол формага салып кийин өзүм чаап жүрөм.

## ТОКТОГУЛДУН ЖАНГАРА БАЙГА БАРГАНЫ

*(Сүйөркулов Айтмырзанын экинчи эскерүүсү)*

Өйүздө (Үч-Терек жакта) Токомдун Асанбек деген жээни бар эле. Он чакты адамы менен Токомун үйүнө жазгы үзүмчүлүктө келип калат. Сейдимкан, Токомо: — Эми канттик, соёлук десек баары эле бооз, анын үстүнө арык — деп маслет салат. Анда Током:

— Мен Жангара байга барайын, аны эритип ырдай алсам Токтогулмун, эгер аны эрите албасам Токтогул эмесмин,— дейт. Анткени, Жангара деген чоң бай ырчы, комузчуларды «буларың бирдеме өндүрүш үчүн эле сөөк кажылаган итке окшоп, кажынып, каңкылдап ырдай беришет» — деп жаман көрчү экен. Токтогул байдын үйүнө кеткен кыя жолдон баштап ырдап барып, эшигинин алдына атын туура тартып туруп калат. Анын дин-шариятты жакшы көргөндүгүн билген Токтогул тозок, бейишти көзүнө элестетип — «ажат ачканың ажыга барганың менен барабар, малдын кайыр сакабатын бербесең тиги дүйнөгө барганда өзүңдү бөйөн-чаян болуп чагат»,— деп коркутуп ырдайт. Ошентип эки дүйнөнү көзүнө элестетип жүрөгүн түшүрүп ырдап атса Жангара отту көсөп-көсөп, чачып, кайра тезек калайт да: кой болбой калды, Токтогулду аттан түшүрүп, киргиз деп баласын жиберет. Эшиктен Током киргенден кийин: — Бу сен курандын ичиндегилерди ырдайт экенсиң, өзүң окубасаң буларды кантип үйрөнүп алгансың? — десе: — Кудай таала мени Токтогул кылып жаратканда, ушул айткандын баарын башымдын ичине, ичимдин ичине кошо жараткан, антпесе ырдаймынбы — дейт Токтогул.

Жангара баласына: — Башыркан, короого кир дагы бир козу алып чык, Токо, менин өрүшүмөн малым арык болбойт, мынабу козу он эки кишиндин үстүнө дагы он эки киши болсо да жетет. Током «меймандардын алдына сала турган ала кийиз жок» — деп ырдайт. Ичинен «бул карик байды дагы түшүрөйүн» дейт экен.

— Ой, Бүбайда, алдагы төрт бүктөм ала кийизден бирди алып чык.

Токтогул ала кийизди ээрге жаба салып, козуну өңөрүп жөнөй бергенде:

— Токтогул бир эле олтурган жеринен бир козу, бир ала кийиз алып кетти, дүнүйөсүн каякка батырар экен,— деп отун улам көсөп, бир өчүрүп, бир күйгүзөт дейт Жангара.

## ТОКТОГУЛДУН БАЛАСЫН УГУЗУУ

Токтогул келерге жакын апасы түш көрөт. «Балам тирүү, түшүмдө бирге тамак ичип олтуруптурбуз, балам келет»,— деп жол карап, эчкисин кайтарып жүрчү экен.

Токомду Ширгели деген баштаган Таластык туугандар «Беш таштын белин ашырып» коштоп келишет. Таласка баратышкан Тегечим, Карагул дегендер жолдон учурап калышып, кайра тартышат Током менен, Жолдон учурагандар улам кошулуп келе беришет. Ошол учурда Токомдун апасы кырк шырык чапанын кийип, эчки кайтарып жүргөн болот. Болуштун коргонунун желкесинде туруп топ атчандардын ичинен баласын ат бастырганынан тааныйт. Анткени, Током аттын мойну жакка камчы силкип бастырчу экен. «Айланайын кудай! Айланайын кудай!» дегенден башка оозуна сөз кирбей калат. Током карай салып чаап жөнөп, «апаа!» деп аттан кулап түшүп эле апасы экөө кучакташып, колу карышып калат, ыйлабаган пенде жок. Током апасын көтөрүп атка мингизейин десе «минбейм» деп өксөп ыйлайт. Ажыкандын Эдил дегени курч киши эле — Э, көзүндү урайын көр десе, угузбайсыңбы батырак.— деп Корголду сөгүп жиберет. Коргол айтчу эле,— эне баланын учурашканын көрүп, тамагым буулуп калды, анан Токтогулдан сүрдөп кеттим,— деп. Бул окуяны Коргол айтып берген,— дейт Айтмырза аксакал.

## ТОКТОГУЛДУН ПИШПЕККЕ БАРГАНЫ

*(Отунчу уулу Жангазынын айтканы)*

Токтогул 1928-жылы Жолой менен Абдрасулду ээрчитип, Фрунзеге кетти. Үчөө сүрөткө да түшүптүр, топучан кыяк кармап турганы Жолой, көрпө тебетей, байкасам чапанчаны Абдрасул. Токомдор жол алыстык кылып кечигип барышат...

«Бир тамга кирип барсам, комуздарын дубалга жөлөп коюшуп, ээлери жок экен» — дечү. Током кыркалекей турган комуздардын кылдарын кыңгыратып чыгат. Ошолордун ичинен бир комузду кайра-кайра кыңгыратып туруп алат. Аңгычакты бир адам ичкери жактан чыга калып: — Сиз кайдан келдиңиз? — дегенде,— Кетмен-Төбөнүн бир жаман чалын чакырткан экенсиңер, жол алыстык кылып кечигип калдык. Барчу жерибизди таба албай, басып жүрөбүз шамалдай» — деп куюлуштуруп сүйлөй баштаганда алиги адам: — А, сиз Токтогулсузбу? — дейт.

— Ошол Токтогул деген менмин, тоо арасынан келдим дегенде, алиги адам тааныштырууга убада берет. Жанагы комуздун ээси Токтомамбет (Кара Молдо) Ороз уулу болуп чыгат. Кара Молдону черттирип да, ырдатып да угуп, «А, иним ыр бизде, күү силерде турбайбы» — дептир Током.

Кийин Кара Молдо концерт менен биздин айылга келгенде ушул сөздү айтып берсем: — Ошол чынчылдыгы үчүн Токомо кудай берип аткан турбайбы, мен «Сынган бугу», «Кара өзгөйдү» кайрысам, мелтиреп угуп олтуруп: — Бул күүлөр биз жакта да чертилет, бирок мынчалык узак кайрылбайт,— деген. Анан дагы ырдап берүүмдү өтүндү, добушум анчалык болбосо да а кишинин көңүлүн кыйбай «Кыз Дарыйкадан» азыраак айтып бердим. Анан жанагы сиз айткан сөздү сүйлөдү эле.

## ТӨР-ЖАЙЛООДОГУ АШТАГЫ АЙТЫШ

*(Коргол Досу уулунун айтуусу)*

Райымбек дегенге аш берип, Кетмен-Төбө, Аксыдагы ырчы-комузчунун баары барганбыз. Башында Токтогул, Эшмамбет баштап атчан катар туруп бир сыйра

ырдаганча эле бир саат болуп калат (бир сааты канча, белгисиз).

Керимбай болуш бастырып бараткан экен, мени чакырып,— Эй, бу «жаман ит эшикке үйүр»,— башка да эл бар, тетиги боз үй нарындык Осоке бийдики, Кашымкан деген он алты жаштагы катыны бар экен, бар, ошону ырда, бизден алып олтуруп деле мүйүзүңөр чыккан жок,— деп бастырып кетти ыңгыранып.

Барса барып көрөйүнчү деп, Осоке бийдикин карай бастырдым. Токтогул менен Эшмамбет мени байкап турганын билип калдым. Үйүндө экөөнөн башка ким болмок эле деген ой менен аттан түшүп, комузга үнүмдү кошуп, ырдайын деп күүлөнө баштаганымда Кашымкан эшикти ачып, мени көрө салып эле үйгө кире качты. Мен аны көргөндө кыйшык көзүм менен түз көзүм андан өтүп кетсе керек «эшикте бир киши мени карап, көзүн аңтарылтып атат» деген үнүн угуп калдым. Акырын жабык баштан шыкааласам Кашымкан Осоке бийдин бир тизесине секирип олтуруп, сакалын уйпалап кудум атасына эркелеген кыздай ойноп олтурат. Үйдүн сыртынан ырдай баштадым.

Ак кайың кара тал болду,
Ак марал колдо мал болду.
Алтымыш ашып Осоке,
Алганың Кашымкан болду.

Куланөөк аткан таң болду,
Куюндап арты чаң болду.
Куудай сакал агында,
Куушуп ойноп жанында
Курдашың Кашымкан болду.

Кара ойдун ичи кар болду,
Кашаттын асты жар болду.
Карылык каршы жетерде
Кайран жаның кетерде,
Каран кал дүйнө курусун,
Кашымкан сага пар болду.

Током менен Эшмамбет окчунураак атчан турушат эле. Током баштап калды:

**Токтогул:**

Балам, Коргол билбейсиң
Баш аламан сүйлөйсүң.
Пери кыздай буралган,
Береги
Кашымканды ким дейсиң?

**Эшмамбет:**

Иним Коргол, билбейсиң,
Илбээриңки сүйлөйсүң.
Илбээсиндей келбети
Береги Кашымканды ким дейсиң?!

**Токтогул:**

«Алам — деп жемин жайланган,
Осоке
Ак шумкар көктө айланган,
Аргасыз, качар жагы жок
Кашымкан,
Ак кептер буту байланган.

**Эшмамбет:**

Көргөндө жемин айланган,
Осоке
Көңүлү тынып жайланган.
«Көр дүйнө» деген курусун,
Кашымкан
Көгүчкөн буту байланган.

**Токтогул:**

Казанда суудай кайнаган,
Карасаң туюк айланаң.
Капаста калган кекилик,
Кашымкан,
Какылдап тынбай сайраган.

**Эшмамбет:**

Кайгыртып ичтен кайнаган,
Кайран күн келбейт кайрадан.
Кашымкан
Капаста калган бөдөнө
Карагат көзү жайнаган

**Токтогул:**

Кымызга кеткен текериң
Кыйыткан кепти сезерсиң.
Кымызсың кермек Кашымкан,
Кыйналып жүрүп өтөрсүң.

**Эшмамбет:**

Саамалга кошкон шекерсиң,
Санаада сөздү сезерсиң.
Саамалың кермек Кашымкан,
Саргайып жүрүп өтөрсүң.

Током менен Эшмамбеттин жанына Кулуке кирип келип:

Экөөң айтышканда нетесиң
Кашымкан
Адырга бүткөн жекенсиң,
Ырдап турган ырчынын,
Катыны болор бекенсиң,

— деп ийди. Током: «Э, кудай урган, э, баарын бүлдүргөн кудай урган,» — деп наалып атын моюнга чаап кайра тарта бастырды. Ошол мезгилде Кетмен-Төбөдө «аллооакбар, Кулукедей ырчы бол» деген макал тарап кеткен. Эшмамбет Кулукеге карата:

Эл оозунда айтылып,
Макал бодуң Кулуке,
Эки ээги кыркылган
Сакал болду Кулуке,

— дегенде Кулуке Эшмамбетке:

О, эл оозунда айтылган,
Макалыңды урайын,
Ээгиңде саксайган
Сакалыңды урайын.
Эл оозунда айтылган,
Сөзүңдү урдум, Эшмамбет,
Эткел аюу баштанган
Өзүңдү урдум, Эшмамбет.
Эбир-жебир айтылган,
Кебиңди урдум, Эшмамбет,
Ээгиңде эки бо
Чөбүңдү урдум, Эшмамбет.

Током: — О кууратан калтыр баш, ушул да ырбы, ушундай да ыр болобу,— деп ачууланып калды.
Анда Кулуке:

Эмнеге сөзүм укпайсың,
Эшмамбетке ыктайсың.
Биртке бүткөн жаның бар,
Бир муштумдан чыкпайсың.
Ачуум менен бир койсом,
Алты күнү уктайсың.
Алты жыл Шыбыр барганда

Алда кудай дегенсиң,
Апта күн ачка калганда
Аюунун этин жегенсиң.
Тогуз жылда кутулуп,
Тобо кудай дегенсиң,
Тогуз күн ачка калганда
Доңуздун этин жегенсиң.
Ээн талаада келатып
Эгеме шүгүр дегенсиң.
Эки күн ачка калганда
Эшектин этин жегенсиң.
Айткан Током бокту жейт
Ак шыбакты токту жейт,

— деп ачууланып алыптыр.

Аңгычакты нары жактан кара кашка аргымак минген, кара көрпө тебетей кийген адам, жандап келе жаткандарынын улам бирине кайрылып бакылдап сүйлөп келе жатат. Кудай ур, Байзак дегени болсо «бийдин үйүнүн жанында эмне үчүн тополоң салып атасыңар» — деп көгөнгө байлатып, жигиттерине урдуруп ийбесин деген ой менен Шадыкан экөөбүз ат тушамыш болуп олтура калдык. Бирок алиги манап дегенибиз бизди карай минтип ырдап кирди:

Оо, түн катар саяк журт экен,
Булардын,
Түтүнү сайын ырчы экен.
Түтүндөн киши өткөрбөй,
Түрүлүп үрүп турчу экен.
Түтүнгө менден башка ырчы жок
Түбү эле Жумгал тынч экен.
Асты эле саяк журт экен,
Булардын
Айылы сайын ырчы экен.
Айылдан киши өткөрбөй
Абылдап үрүп турчу экен.
Айлыңда, менден башка ырчы
жок,
Асты эле Жумгал тынч экен.
Осоке бийдин боз үйүн,
Ороп алган турбайбы.
Отуздайы биригип,
Тороп алган турбайбы.
Кишисинен ырчы көп,
Ким көрүптүр мындайды.

Бабыр, бабыр, бабырлар
Бабыраган жабырлар.
Жатакчынын итиндей
Жабылышкан дабырлар.
Аялдарын ээрчитип,
Айылдашып дагы ырдар.
Жабалактап келгенин
Көрбөйсүңбү, Осоке.
Жааклаштырбай буларды
Бөлбөйсүңбү, Осоке.
Жалгыз-жарым сөөк болсо,
Бербейсиңби, Осоке,

Ырдап аткан кадимки Куйручук экен. Токтогул тырчыгансып турат. Эшмамбет обдулду эле Током тыйып койгондой болду. Менин да жиним келип турду баарыбызды итке теңеп ырдаганына. Кулуке букасын минип булкунтуп, ээ-жаа бербей жулкунуп:

Казандагы кырмычык,
Казып жедиң тырмышып,
Калктын баарын ит дейсиң
Каңкылдаган Куйручук.
Энең кырган кырмычык,
Эңип жедиң тырмышып.
Элдин баарын ит дейсиң
Энеңди... Куйручук.
Апаң кырган кырмычык
Аңдып жедиң тырмышып.
Акундарды ит дебе,
Аңылдаган Куйручук.
Дөөдүрөгөн Куйручук,
Дөөгүрсүнүп сүйлөдүң.
Дөбө жакты аңдыган,
Дөбөт болуп жүрбөгүн.
Каңкылдаган Куйручук,
Какшык айтып сүйлөдүң.
Кашат жакты аңдыган.
Канчык болуп жүрбөгүн

— дейт. Бызгын уят сөз менен шалпып ийди. Күлбөгөн жан жок. Куйручук качып жүрөт, Кулуке букасын теминип, демитип кубалап алды. Куйручук: — Токо, мунуңду кой де, мунуң ырчы эле эмес, мээси башына чыраган акмак экен, Токо, кой де. Осоке бий, буга бир

ат бербесең болбойт, Током Кулукени: — Болду эми, Калтырбаш дегенде: — Анан ушунуку туурабы, кара баштуу адамды итке теңейт, айланайын Токо, кичине коё турсаң, эки бутун бир гөлөшүнө тыгат элем,— деп Кулуке ачууланып алыптыр башын калтылдатып. Токтогул менен Куйручук бир чети дос, экинчиси катуу ойногон азилкечтер экен.

## КОРГОЛДУН ЭКИНЧИ ЭСКЕРҮҮСҮ

Токтогул, Ныязаалы, Кулуке, мен болуп жол жүрүп бара жатып, Заркентте дар ойнотуп, тамаша куруп жаткандарга туш келдик. Бети-башын чамбылала боёгон маскарапостору элди күлдүрүп жүрөт. Берки четте өзбек, кыргыз болуп байге сайып, балбан күрөштүрүп атышат. Буту буура санданган, алагаркөз, үстүндө алеки бейкасам чапандын эки өңүрүн эки капталга «шилеп» салган, төшүндө төрт байпактын жүнү бар жоон өзбек күрөшкө чыккан эле кыргызды көтөрүп уруп атат. Анын тарабындагылардын сүрөөсү күчөп, кыргыздар тарабын аския-шылдыңга алып, күлкүгө тебелетип жиберишти. Кулуке калтырбаштын ачуусу келип: — Атаңдын оозун урайын чөп көчүк кыргыздар, балбандары убадалашып алгансып баары катары менен жыгылат келе, Токо, насыбайыңдан, күрөшкө мен түшөм,— деп калды. Током чакчасын берип: — Ой, калтырбаш, тетигил балбан сени оңдурабы, чычыркайыңды чыгара чаппайбы дегенде, Кулуке:

— Мен өлсөм кунумду куубай эле кой, Шыбырчы,— деп насыбайдан алаканына толтуруп, ээгине уруп жиберип эле, чепкенин чечип: ыргытып, букадай жер чапчып, өкүрүп балбанды карай жөнөдү. Өзбек балбандын көзү чанагынан чыгып, элеңдеп, сактана баштады. Кулуке улам ыкыс берип эки-үч мертебе тегерене тооруп, бир кезде чап эле жабышты. Кулуке асанын көзүнө байкатпай насыбайды бүркүп жиберген экен, ал көзүн жанталаша колу менен басып атканда, буттан алып көтөрүп уруп, башынан аттап кетти. Кыргыздар Кулукени көтөрүп кетти, бирок эл жааттташып чатак башталды. Биринчиден, алардын күрөш салтында чалма жок, экинчиден, эмне үчүн баштан аттайт,— деп, үчүнчүдөн, көзүнө насыбай бүрктү? — дешип, кыргыздар болсо: көзүн өзү кайтарып албайбы,— дешип моюн беришпейт. Кыскасы, эки эл тартышып калды. Биз ал жерден Кулукеге карабай жөнөдүк. Ныязаалы:

— Ой, Кулукени таштап коёбузбу?

Током:

— Э Кулукени кудай албайт, эки элди чабыштырган ойну менен жерге кирсин, ал жетип келет, жүр кеттик.

Биз узагандан кийин букасын адырандатып, баарыбызды жалпы жонубуздан сөгүп, Кулуке келатат, башын калтылдатып.

— Ой, токтогула, жетсем өлөсүңөр! — дейт, сөгүнүп. Ал жете келгенден кийин Током өнөрүң менен кара жерге кир, баарыбызды уят кылдың — деп тилдеп ийди.

Жүрүп олтуруп, Кызыл-Жардын этегине жете келдик.

— Күн кечтеп калды, макул десе, тетигил үйгө баш баанектеп жатып калалы деп жалгыз түтүн үйгө кайрылып, салам айттык.

Үйдүн ээси; — Айланайындар, силерди кудай айдап жеткирбедиби,— деп түшүрүп, суусап калышкандыр чалаптан алып чык, калганын да көрө жатарбыз,— деди бапырандап. Үйдүн ээсинин аты Жакып, аялынын аты Жийде экен. Чалапты он бир, он экилердеги кыз сунуп калды, баарыбыз ичтик, Кулукеге сунду эле, анын башы калтылдап атса «ичпейм деп аткан турбайбы» — деп кичинекей кыз сунган аягын кайра тартып алды эле. — Келе чалапты, ичем эле, кичинемде аттан жыгылганда чыкыйым менен тийип ушинтип башым калтылдап калган,— деп ичип ийди. Жайланышкандан кийин Током: — Жакыбым, жака-белинде айыл жок, жалгыз түтүн жатакчы болоюн деген экенсиз. — Токо, кайдан антейин, жалгыз эркек, жалгыз кыз, ошонун жалгыз эркегинен айрылып жалдырап олтурган байкушпуз. Он жашында ойрон болуп калды, аты Зарлык эле. Кыркын берип анан кыр ашалы деп олтурганбыз. Аялы өзүнөн көп жаш кичүүдөй, бечара бышактап ыйлап олтурат. «Жаранын оозун чукуп алганга» ыңгайсыздана түшкөн Током комузун алып:

Туяк калар бекен деп,
Зарлаганда көргөнүң.
Мазардан, мазар кыдырып,
Тандаганда көргөнүң.
Жаратканың тилекти
Жалгаганда көргөнүн,
Жалп дей түшкөн турбайбы
Жалгап берген эрмегиң.

Жалындап күйүп турасың,
Жанбай калып эмгегиң.
Жалгызынан айрылып,
Мен да
Жабыркаган пендемин.
Айласы жок иш экен,
Аргасыздан көнгөмүн.

Жыттасаң кумар канарың,
Жылтырап күйгөн панарың,
Алдыңан тосуп жүгүрүп,
Аталап атың аларың.
Атанын изин өчүрбөй
Артыңда калчу караның.
Кайраты ашык эр болсо
Кармашта камчы чабарың.
Өзгүң менен бир бүткөн,
Өзүңө жакшы санаарың.
Айтылып калчу урааның,
Аталап сыйлап турарың
Кош айтышсаң дүйнөдөн
Кокуйлап ыйлап турарың.
Ары жок ажал сермептир
Ашырбай ондон курагын.
Кайрылбайт эми каралдың
Кара жер кылган турагын.
Азыр да уучуң кур эмес,
Аманын кыздын сурагын.
Жанытып айтсам кеп менен,
Жалгандан кимдер кетпеген.
Авалтан ажал зор экен,
Ааламды каптап тепсеген.
Ал тургай алптын алпы да
Ажалга алы жетпеген.
Алары келип калганда
Ар кимди көргө кептеген.
Дүрмөтү тийсе баары бир
Дүйнөдөн кимдер көчпөгөн,
Ошентип
Каарына алса шум ажал,
Карегиң барбы өчпөгөн.
Тарттырган кайгы көңүлдө,
Таарынба өлүм жөнүндө
Тапканын кетет жетелеп,
Тараза болбойт өлүмдө.

Баарыбыз мына кайгырдык
Баланды угуп тѳрүндѳ.
Жаткан жери жай болсун,
Топурагы май болсун,
Тынч уктасын кѳрүндѳ.
Кызыңдын тиле ѳмүрүн
Кур койбос дагы теңирим.
Жалгасын кудай этегин
Жаш экен ѳмүр шеригиң.
Кападан адам кайгырат,
Кайгырса күчтѳн айрылат.
Ан сайын улам кемитип
Акылдан, күчтѳн тайдырат.

Баарыбыз жашып олтурдук. — Бу кууратан кудай колунан келип тургандан кийин, ушуларды боздотпой ондон жыйырма баланы кармата бербейби,— деп Кулуке ачууланып алыптыр.

## «СОКУ БАШ МЕРГЕН»

*(Токтогулдун чыгармасы)*

Токтогулдун дастан, терме, санаттарынын арасында элди күлдүрѳ турган тамашалуу чыгармалары да кѳп эле. Алардын бири «Соку баш мерген». Азан чакырып койгон аты башка экен, бирок башы коондой сүйрү болгондуктан аялы «Соку баш мерген» деп терген, ошол атка кондуруп ийиптир.

Кѳл жээгинде жашап, ѳрдѳк, каз атып күн кѳргѳн мерген, бардык паренделерди үркүтүп качырып алып, оокаты начарлай баштайт. Чиедей балдары бар. Ошентип ѳп-чап жашап турган күндѳрдүн биринде кѳлгѳ бир ак куу келип конуп калат. Байкуш мерген милтеси түгѳнүп калып, ак кууну кѳргѳндѳ шашылып жалгыз жуурканын айрып кебезин чубап, милте түтѳтүп, ийри мылтыгы менен ѳңүп жѳнѳйт.

Айланайын кудайым,
Акбаранды сунайын.
Анык ак куу сен болсоң,
Атып мойнуң жулайын.

Кагылайын кудайым,
Кара мылтык сунайын.
Казыр сени буюрса,

Кармап мойнуң жулайын.
Иллалай, иллалай

— деп бөкчөңдөп барып, өңүткө жеткенде, машааны басып калат. (Мылтыгы ийри болгондуктан, мисалы ак кууну атыш үчүн ошонун катарындагы нерсеге болжоп шыкаалайт экен). Мылтыктын «тарс» деген үнүнөн кийин ак куунун канаты чабылып эле жатып калат. Мергендин албарс эмчек аялы сүйүнгөнүнөн:

Атып эле салды дейт,
Жатып эле калды дейт.
Иллалай, иллалай, иллалай, иллалай.

— деп жүгүрүп жөнөйт. Эки эмчеги ийнинен артыла түшүп, секирип-секирип көлдүн жээгине жетип барып, эми кармайын дегенде, ак куу эсин жыйып, нараак сүзүп барып, анан учуп кетет. Мергендин аялынын тили да тантык экен, күйөсүнө жини келип, «көзгө» дегенин так айта албай, «тим эле көшкө атай мейген туйбайсуңбу» деп, жини келип туруп калат. Аңгычакты жээктеги камыштын түбүндө жаткан эки жумурткасын көрүп алып, «эки эле мындайы калыптый» — деп, мергенге эки муштумун көргөзөт дейт...

## МАЗМУНУ


| | |
|---|---|
| Сөз башы | 3 |
| Тоголок Молдо | 15 |
| Калык Акиев | 20 |
| Алымкул Үсөнбаев | 68 |
| Кара Молдо | 126 |
| Абдыкалык Чоробаев | 128 |
| Шекербек Шеркулов | 131 |
| Апыралы Боталиев | 143 |
| Молдогазы Токобаев | 147 |
| Темиркул Үметалиев | 151 |
| Саткын Сасыкбаев | 157 |
| А. И. Власов | 177 |
| Виктор Виноградов | 178 |
| Александр Затаевич | 181 |
| Виктор Виткович | 183 |
| Лев Пасынков | 185 |
| Шабданкул Казыбеков | 185 |
| Даңканай Эсенгелдиев | 188 |
| Сражидтин Бурханов | 191 |
| Бөрү Кененсарин | 192 |
| Кулмырза Кожобеков | 195 |
| Мамажунус Токтоназаров | 198 |
| Жолдош Жукешев | 200 |
| Тууганбай Абдиев | 208 |

Литературно-художественное издание

ВОСПОМИНАНИЯ СОВРЕМЕННИКОВ
О ТОКТОГУЛЕ

*Для детей старшего школьного возраста*

Составитель Тургунбаев С.

Издательство «Адабият»

На киргизском языке

Көркөм адабий китеп

ТОКТОГУЛДУН ЗАМАНДАШТАРЫНЫН
ЭСКЕРМЕЛЕРИ

*Өспүрүмдөр үчүн*

Түзгөн Тургунбаев С.

Редактору С. Шатманов
Сүрөтчүсү У. Осмоев
Сүрөт редактору А. Момуналиев
Техн. редактору А. Бейшенов
Корректору Т. Жолдошев

ИБ № 142

Терүүгө 17. 03. 89. берилди. Басууга 27. 10. 89. кол коюлду. Д—02625. Басмаканалык № 2 кагаз. «Мектеп» ариби, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 84×108¹/₃₂. 7,5 физ. басма табак. 13,02 шарттуу басма табак, 14,0 учеттук табак. 13,34 боёк түшүрүү. Тиражы 10.000. Заказ № 58. Баасы 70 т.

«Адабият» басмасы,
720737, ГСП, Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети, Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, Жигули көчөсү, 102.

Т 51 Токтогулдун замандаштарынын эскермелери: Өспүрүмдөр үчүн /Түз. С. Тургунбаев; Редкол.: Б. Жакиев (башкы ред. ж. б.) — Ф.: Адабият, 1990. —248 б.

ISBN 5-660-00126-2

Бул китеп кыргыз элинин улуу акыны Токтогул Сатылгановдун туулган күнүнүн 125 жылдык ак тоюна арналат. Жыйнакка Тоголок Молдо, К. Акиев, А. Үсөнбаев баш болгон улуу акындын замандаштарынын эскермелери топтолду.

В книге собраны воспоминания современников великого акына: Тоголок Молдо, К. Акиева, А. Үсөнбаева и др. Книга посвящается к 125-летию со дня рождения Токтогула Сатылганова великого акына киргизского народа.

Т $\frac{4803300500—173}{М 455 (11)—89}$ 139.89 ББК 84 Кп 7

70 т.

25,20
0,13